# УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУУСУ



*Ойгон жана өзүңдүн айланаңдагы дүйнөңдү өзгөрт*

ЛИЗА БИВЕР

**Кымбаттуулар,**

**Кудай Өзүнүн кыздарын максатка, амбицияга жана кайраттуулукка ээ болууга чакырган. Көптөрүбүз көлөкөдө уктап жатып көп убакыт короттук. Бүгүн Кудай бизди ойгонууга, турууга жана дүйнөнү өзгөртүүгө чакырып жатат. Силер айланаңардагы дүйнөгө чыгармачылык жана стратегиялык жактан таасир көрсөтүү үчүн жаралгансыңар.**

***"Ургаачы арстандардын ойгонуусу"*** **– бул силер ушул саат үчүн төрөлгөндүгүңөр жөнүндө Теңирдин шыктандыруу менен айтылган сөзү. Бул кабардын ичинде Кудай айтып жаткан нерселер мени бекемдеп, жашоомдун бардык тармагына чакырык таштады. Мен дүйнө жүзүндөгү сансыз эже-сиңдилерден Кудай бул аян аркылуу алардын жүрөгүнө сүйлөп жана алар күчкө толуп, анан аң-сезимдүүлүк менен кызматка киришип жаткандарын уктум.**

**Силер жана башка лидерлерге арналган бул китеп аркылуу менин сүйүүмдү жана колдоомду алгыла. Бул китепти жана башка онлайн ресурстарды өзүңөр билгендериңердин баары менен бөлүшүүдөн тартынбагыла. Мен ишенем,** ***"Ургаачы арстандардын ойгонуусу"*** **силерге кантип караңгылыкты жок кылууну, үмүтсүздөрдү куткарууну жана Кудайдын Падышачылыгын бул жерге алып келүү үчүн бирге көтөрүлүүнү үйрөтөт.**

**Кымбаттуулар, бул кабар менин сүйүүмдү, лидерлигимди, кызматымды жана берешендигимди биротоло өзгөрттү. Бул барактардан Кудайдын жүрөгүндө эмне бар экенин табуу менен, силердин да өзгөрүшүңөрдү тилейм. Бул кабар силерге жана силер рухий жактан кам көргөн адамдарга кандай таасир эткенин угууга кубаныч менен даярмын.**

**Чын жүрөктөн силердин,**



Лиза Бивериңер
LisaBevere@ymail.com

MessengerX

Messenger INTERNATIONAL

# УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУУСУ

# УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУУСУ ПИКИРЛЕР

*“Ургаачы арстандардын ойгонуусу”* Кудай ар бир аялга берген кереметтүү күчтү жана сулуулукту көрүүгө мүмкүндүк берет. Бул китеп ичиңердеги ургаачы арстандын жүрөгүн ойготуп, күнүмдүк иштериңерден жогору турууга жана Кудайга жаңы ынталуулук менен кызмат кылууга шыктандырат.

– JOYCE MEYER
белгилүү жазуучу жана Ыйык Китепти окутуучу.

Лиза Бивер катуу чындыктарды жар салып гана тим болбостон, өзү да ургаачы арстандын жашоосундай жашайт. Ал арналган машайакчы, ишенимдүү аял, коркпогон эне, кайраттуу оратор жана мыкты жазуучу. *“Ургаачы арстандарды ойгонуусу”* силерди Кудайдын жердеги Падышачылыгын орнотууда Кудай белгилеген ролуңарды аткарууга түрткү берет. Бул биз окуган эң шыктандыруучу китептердин бири.

– JAMES жана BETTY ROBISON
*LIFE Today* программасынын алып баруучулары.

*“Ургаачы арстандардын ойгонуусу”* силерге Кудай салып койгон улуулуктун үрөнүн жандандырууга жардам берет. Лизанын башкаларды шыктандырууга болгон чечкиндүүлүгү силерге өз баалуулугуңарды, максатыңарды жана айланаңардагы дүйнө менен бөлүшө турган укмуштуудай белектерди ачууга жардам берет.

– VICTORIA OSTEEN, Lakewood жыйынынын кайтаруучусу,
Houston, TX.

*“Ургаачы арстандардын ойгонуусу”* китебинде Лиза Бивер сергек машайакчы аялдардын ар бир тармакка — жеке жашоосуна, жыйынга, дүйнөгө таасирин тийгизип, кошо турган салымдарын ынанымдуу сүрөттөйт. Китеп окурмандарды ар кандай тоскоолдуктарды жеңүүгө жана алардын жашоосу үчүн Кудайдын ой–ниетин ишке ашырууга шыктандырат.

– STOVALL WEEMS
Жексонвиллдеги Celebration
Жыйынынын улук кайтаруучусу, Jacksonville, FL.

Лиза Бивер бардык аялдарды ойгонууга жана Кудай аларга берген күчтү кабыл алууга чакырык таштайт. Жашооңордун кайсы мезгилинде болбосун, *“Ургаачы арстандардын ойгонуусу”* силерге күчүңөрдү, кайратыңарды жана Кудай силер үчүн пландаштырган жолду көрүүгө мүмкүндүк берет.

– ED YOUNG Fellowship жыйынынын кайтаруучусу жана
“Сен! Сенин кадыр-баркыңдын тереңдигине саякат”
китептеринин автору.

Лизанын китеби аялдар үчүн Кудайдын шыктандыруусу менен жазылган сөз. Басынуудан силкинүүгө, силерди байлаган нерселерден арылууга, Кудайдын ырайымын кабыл алып, Анын бардык буйруктарын аткарууга убакыт келди.

– SHARON DAUGHERTY
Victory Christian Center борборунун
улук кайтаруучусу Tulsa, OK.

Кудайдын кемесиндеги кесиптеш катары Лиза Бивер аялзатына тиешелүү өзгөчөлүктөргө сүйүү, үмүт, кубаныч жана назиктик гана эмес, кайраттуулук, күч жана ишенимдүүлүк да кирерин эскертет. Бул китеп Кудайдын биздин кыялдарыбызды биз өзүбүз көргөнгө чейин эле көрөрүн эскертет. Ал силерди өз тагдырыңар үчүн ойгонууга жана Кудайдын Падышачылыгын бүт жер жүзүнө жайылтууга шыктандырат.

– BRIAN жана BOBBIE HOUSTON, “Hillsong”, жыйынынын
улук кайтаруучулары Australia.

*«Ургаачы арстандардын ойгонуусу»* биз Лиза аркылуу аялдарды коркпостон, күч–кубаттуу болууга жана бекемдикте көтөрүлүүгө чакырган Кудайдын жүрөгүн сезе алабыз! “Ийиниңерден” көз чаптырып, салттын арасына жашынганды токтоткула. Теңир силерди Өзүнүн Падышачылыгында «ушундай убакытка» орнотуусуна мүмкүнчүлүк бергиле. Биз мындан ары күтө албайбыз: өтө көп нерсе коркунуч алдында турат.

– RON жана KATIE LUCE,
Teen Mania Ministries тин негиздөөчүлөрү.

Жер бетиндеги ар бир аял Кудайдан шыктандырылган, ойгонууга, ордунан турууга жана абалды өзгөртүүгө чакырык болгон бул кабарды окушу керек! Лиза биз аялдар катары, эгерде өз ара пикир келишпестиктерди четке кагып, адамзаттын муктаждыктарына жооп

берүү үчүн биргелешип иш алып бара турган болсок, көптү жасай аларыбызды эскертет.

– NANCY ALCORN ,
Mercy Ministriesтин негиздөөчүсү жана жетекчиси.

Оп тартып алган жана шыктандырган китеп болгон – *“Ургаачы арстандардын ойгонуусу”* китеби силерге силерди Кудай ким кылып жараткан болсо, ошол адам болууга чакырат.

– MARGARET FEINBERG, “The Sacred Echo” жана “Scouting the Divine”деген китептердин автору.

Лиза Бевирдин сыйынуусу бул китепти окуп жатканда ичиңерде коркпогон, кооз жана жапайы бир нерсе ойгонушун камтыйт. «Ургаачы арстандардын ойгонуусу» өз атына татыктуу, анткени, Лиза бул дүйнөнү жакшырткан адам болуп саналат.

– DINO RIZZO,
Healing Place жыйынынын улук кайтаруучусу.

Ар бир аял өзүнүн тарыхый миссиясы үчүн чындап ойгонсо, эмне болорун элестеткенде, сенде кайрадан үмүт жанат. Бул китепти окуп, ичиңдеги арстанды ойгот!

– CHARLOTTE GAMBILL, Cherish Women Ministries тин негиздөөчүсү жана жетекчиси, ошондой эле, Улуу Британиядагы Abundant Life жыйынынын улук кайтаруучуларынын бири.

*“Ургаачы арстандардын ойгонуусу”* алсыз адамдар үчүн эмес. Бул аялдарды өз моюндарына дүйнөнүн азабын артып, жарадар болгондорго, кыйналгандарга Ыйсанын айыктыруучу күчүн алып келүүгө жең түрүп, кол сунууга карата болгон чакырык. Эгер силер жок нерсенин артынан кууп чарчасаңар жана өзүңөрдүн жашооңорду бар нерсеңер менен бөлүшүүгө арноого даяр болсоңор, анда бул китеп силер үчүн.

– MARILYN SKINNER, Watoto Child Care Ministries тин негиздөөчүсү.

Лизанын ургаачы арстан жөнүндө айтканы маанилүү жана өз убагында айтылган. Бүткүл жер жүзүндө биз Кудайдын эр жүрөк, сулуу аялдарынын өсүп келе жаткан муундарын көрүп жатабыз. Ал гана эмес, Ыйык Рухтун күчү жана жыйындын ыйык жайынын айыгышы менен күчү жана ишеними калыбына келген сыймыктуу арстандарды

көрүүдөбүз. Бийликти сүйгөн эмес, өз баркын билген, ошого жараша жашаган мээримдүү, камкор аял. Корккон, жашынган жан эмес, жүрөгүндө жаңы ырлары бар, Машайактагы ар тараптуу эркиндиктин ыры бар аял. Мындай эр жүрөк жеңүүчү – ойгонуп келе жаткан ургаачы арстан. Бул кызыктуу китеп бүгүнкү күндөгү көйгөйлөргө жооп болгусу келген ар бир аял үчүн. Лиза Жүйүттүн Улуу Арстанына – чыныгы Асланга – Ыйса Машаякка көз чаптырып жатканда, силер өзүңөрдүн ички «күрүлдөөңөрдү» табасыңар деп үмүттөнөм.

– CHRIS PRINGLE, C3 жыйынынын улук кайтаруучусу.

"Ургаачы арстандардын ойгонуусу" Лиза Бивердин Кудай берген рухий принциптерди жарыктандыруу жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт, ал аялдар ким болуп жаралган болсо, ошондой коркпогон жана сулуу арстандар болуп көтөрүлгөн дүйнөнү сүрөттөйт.

–CHRISTINE CAINE, Equip & Empower Ministries тин
жетекчиси жана The A21 Campaign дин негиздөөчүсү.

Лиза Бивер *«Ургаачы арстандардын ойгонуусу»* китебинде биздин көңүлүбүздү аялдардын табигый коркпогондугуна, коргонуучу инстинкттерине буруп, өз тагдыры жана өзү сүйгөндөрдүн тагдыры үчүн күрөштө аялдардын күчүн көрсөтөт. Лиза силерди Кудайдын ырайымынын күчү менен алга жылууга, көңүл калууга жана талкаланган кыялдарга түшпөөгө, тескерисинче, бийликти колго алып, кайраттуулукту өөрчүтүп, дүйнөгө таасир этүүгө үйрөтөт деп ишенем.

– BISHOP COURTNEY MCBATH,
Calvary Revival жыйынынын улук кайтаруучусу,
Norfolk, VA.

# УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУУСУ

*Ойгон жана өзүңдүн айланаңдагы дүйнөңдү өзгөрт*

ЛИЗА БИВЕР

**Lioness Arising by Lisa Bevere, Kyrgyz**
© 2023 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as Lioness Arising

Additional resources in Kyrgyz by John and Lisa Bevere are available for free download and video streaming at: **MessengerX.com** and on the **MessengerX** App.
To contact the author: LisaBevere@ymail.com

Tis book is a gif from Messenger International and is NOT FOR SALE

**«Ургаачы арстандардын ойгонуусу» Лиза Бивер, кыргыз тилинде**
Автордук укук © 2023 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде «Lioness Arising» деген аталышта жарыяланган.

Бекер жүктөп алуу жана агым үчүн **MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда Джон менен Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча булактары бар.
Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: LisaBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун белеги жана САТУУГА БОЛБОЙТ

App Store бул АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган Apple Inc компаниясынын соода белгиси.
Google Play жана Google Play логотиби Google LLCтин соода белгилери.

*Өзүлөрүндө коркпогон, кооз жана кандайдыр бир жапайы нерсенин ойгонгонун сезген бардык эже, сиңдилериме – арстан айымдарга арналат.*

*Сен кереметсиң!*
*Сен ушул убакыт үчүн төрөлгөнсүң.*
*Өзүңдүн күчүңдөн, суроолоруңдан, билимиңден коркпо.*
*Ойгон, ордуңдан тур жана өзүң үчүн жаралган нерселердин бардыгын, өзүңдү ачууга батын.*

# МАЗМУНУ


1. УРГААЧЫ АРСТАНДЫ ОЙГОТ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
2. БЕЛГИСИЗ КҮЧ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
3. СЕРГЕК БОЛГОНДОР ЖАНА КОРКУНУЧТУУЛАР . . . . . . . . . . 51
4. КОРКУУ ЖАНА ТАҢ КАЛУУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 73
5. КЫЗМАТ ҮЧҮН КҮЧ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 95
6. БИЗДИН МИССИЯБЫЗ БИР . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 109
7. УЧУРАШУУ ЖАНА КАМКОРДУК КӨРҮҮ . . . . . . . . . . . . . . . 135
8. УРГААЧЫ АРСТАНДАР СТРАТЕГИЯЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮШӨТ ЖАНА ИШ–АРАКЕТ КЫЛЫШАТ . . . . . . . . . 153
9. УРГААЧЫ АРСТАНДАР ЖАРЫКТА ЖАШАП, БИРОК, КАРАҢГЫДА АҢЧЫЛЫК КЫЛЫШАТ . . . . . . . . . . . . . . . . 179
10. АРСТАН МЕНЕН СЕЙИЛДӨӨ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 219
11. ШЫБЫРАГАНДАН КҮРҮЛДӨГӨНГӨ . . . . . . . . . . . . . . . . . 237

# 1

# УРГААЧЫ АРСТАНДЫ ОЙГОТ

Жаратылыш рух менен бирге бизди боштондукка чыгаруу үчүн жаратылган.

RALPH WALDO EMERSON

Бул 1994–жыл болчу, менин жашоомдогу кадимки кечтердин бири. Үйүмдү тартипке келтирүүгө болгон аракетимден кийин, мен каалагандан кечирээк төшөккө жаттым. Мен үч уулдуу, кош бойлуу эне болгондуктан, ал кезде катуу уктап калгам. Көзүмдү жумар замат уйкуга кетем, ошол бойдон сааттын коңгуроосунан, балдардын ызы–чуусунан же бөлмөмө кирген жаркыраган күндүн нурунан гана ойгончумун. Бирок, ошол түнү терең уйкуга кетип, анан өзөгүм титиреп, таң атканча эле ойгондум.

Ушул таңкы сааттарда мен түшүнүктүү жана адаттан тыш түш көрдүм. Жалпысынан алганда, бул нерсени түш деп атоо менен, мен чиймелер жана көлөкө түрүндө көрүнгөн нерсени айтып жатам. Мен көп түш көрөм, бирок, бул көрүнүш башкача болчу. Баары чыныгы турмушта болуп жаткандай эле. Менин алдымда башкача өлчөмдөн алынган бир көрүнүш бар болчу. Мен андан ары биздин Жер менен баспай калганымды сездим. Мен Асман

Падышачылыгынын бир жеринде, жаркыраган, бирок анчалык көз уялтпаган жарык жерде турдум.

Жарык агымдары бардык жерде болуп, бар тараптан агып жатты. Туман да, көлөкө да жок, бир гана Кудайдын нуру бар болчу. Бул жарык, бай түстөр менен каныккан ушунчалык бай көлөкөлөрдү камтыган жарык эле, мен аларды сүрөттөп да бере албайм. Жарым тондор бири–биринин үстүнө катмарланып, көп өлчөмдүү эле. Эмнегедир менин эсимде баарынан да көбүрөөк сирень жана көк түстөр (бирок, биздикинен айырмаланып турат) калды. Каякты караба, анын аягы да, чети да жок болчу, бирок түстүү фон алтын ургаачы арстан отурган каймак түстөгү керемет таштан турган бийик платформаны көрсөтүп турат.

Ал, албетте, өз тукумунун кооздугу болгон – улуу, күчтүү жана кемчилдиксиз эле. Ургаачы арстан кыймылдаган жок, бирок мен анын тирүү экенинен эч кандай шек санабадым – мен көргөн кыймылда жүргөн жер бетиндеги бардык жаныбарлардан да өткөн тирүү эле. Башы көтөрүлгөн, бирок чыңалган эмес, анын алдыңкы буттары алдына сунулган. Түктөрүнөн жана көзүнөн алтын куюлуп турду. Анын жылмакай, кара–күрөң терисинин астынан мен анын тартылып турган булчуңдарынын ар бир ийри сызыгын көрүп турдум. Бул кереметтүү кыймылсыз арстан биздин дүйнөдөгү ар бир арстандан алда канча чымыр, сулуу жана күчтүү болчу. Кудайдын бейнесин карап турам деген ой мени кызыктырды.

Кооз аянтчанын алды жагында XXIII деген сан чегилген.

Бул арстандын жанында өзүмдү кичинекей, арзыбаган бирөө сезип жана бул жерде болушумдун өзү да кызыктай сезилди. Денемден ажырап, боюмда бар экенимди эстебей калгандай болдум. Мен ал жерде көрүү, түшүнүү, кылдаттык менен байкоо жүргүзүү жана муну менен жаңы нерсени үйрөнүү үчүн экенимди билчүмүн. Мен бул көрүнүштүн маңызын түшүнүшүм керек болчу. Арстан менен жалгыз калганыма карабай, менде эч кандай толкундануу, коркуу сезими болгон жок. Көргөндөрүмө таң калдым, ошондон улам менин рухум жалындап, болуп

жаткан окуяларга аралашып кетти. Айланамдагы нерселердин баарын мүмкүн болушунча өзүмө сиңирип жаттым. Анан мен арстандын көзүнө карадым. Ошол эле маалда артымдан: *«Бул уулдун төрөлүшү менен ичиңдеги арстанды ойготосуң»* деген үндү уктум.

Улуу жана кереметтүү, чачыраган алтын нурда баары аяктады. Кийин эсимде калганы таңдын атканы жана менин толук ойгонгонум. Менин бардык сезимдерим, коркуудан эмес, баштан өткөргөндөрүмдөн улам жылаңачтанып калган эле. Мен азыр эле эмнелерге күбө болдум? Бир нече убакыт өткөндөн кийин, мен биздин дүйнө – ошол реалдуу, түбөлүктүү жана кемчиликсиз асман дүйнөсүнүн убакытка байланыштуу, көмүскө же жарым–жартылай ачылышы экенин түшүндүм.

## УРГААЧЫ АРСТАНДАЙ БОЛУП, ТУРГУН

Таң алдындагы буурулда, жүрөгүм тез–тез согуп, бүт денем титиреп, уйкудан ойгонуп, мен күнүмдүк түйшүктөр менен оңой эле өткөрүп жибере турган нерсени ачып берүү үчүн, Кудай мага ургаачы арстандын көрүнүшүн жибергенин сездим. Бирок, ушул жерден Ал менин көңүлүмдү толугу менен буруп алды. Мен аны жан дүйнөмдүн ар бир бөлүгү менен уктум. Жаңы эле көргөн ачык түстөр дүйнөсүнүн айкын контрасты алдында менин бөлмөм мага көңүлсүз жана бош көрүндү.

Жердин таңкы үндөрү тиги дүйнөдөгү катуу үнгө салыштырмалуу даана эмес болуп угулду. Бул көрүнүштүн акыркы мүнөттөрүн өктөрүп жиберүүдөн коркуп, кыймылдабастан катып калдым. Мен көзүмдү жумдум. Ооба, баары мурдагыдай эле: ургаачы арстан, платформа, жазуу, түстүү панорама жана үн.

Бир аздан кийин жүрөгүм тынчыды, эс алып, көзүмдү ачтым. Перрондогу жазууга кызыгып, төшөктөн турбай, Ыйык Китепке колумду сундум. Мен кандайдыр бир бөлүмгө же аятка кандайдыр бир байланышы барбы деп кызыктым?

Эгер ошондой болсо, «Сандар» китебинин 23–бөлүмүндө эмне деп жазылган? Китепти барактап отуруп, котормочунун наамын көрүп, бул үзүндү Биламдын пайгамбарлыгы экенин билгенде жүрөгүм катып калды. Мен анын чыныгы, бирок ач көз пайгамбар экенин билчүмүн. Мен 19–аятка келгенге чейин дээрлик эч нерсе сезбей, окууну уланттым:

> Калп айткыдай, Кудай адам эмес, өзгөрүлүп кеткидей,
> Кудай адам баласы эмес. Ал айтканын аткарбай
> коймок беле? Ал дегенин кылбай коймок беле?
> Мына, мен бата бере баштадым, анткени Ал Өзү
> бата берип жатат, ошондуктан мен муну өзгөртө
> албайм. Жакыптын башына мүшкүл түшөрү көрүнбөйт,
> Ысрайылдын башына бактысыздык келери билинбейт.
> Кудай, анын Теңири аны менен, Ысрайылдан падыша
> сурнайынын үнү чыгат. Аларды Мисирден Кудай алып
> чыккан, алардын күчү буйволдун күчүндөй. Жакыпка
> эч кандай көз байлоочулук таасир этпейт, Ысрайылга
> сыйкыр тийбейт. Өз учурунда Жакып тууралуу,
> Ысрайыл тууралуу: "Карагылачы, Кудай кандай
> укмуштарды жаратты!" деп айтышат.
>
> – Сандар 23:19–23.

Бул сөздөр Кудайдын ишенимдүүлүгү жөнүндө көп айтат. Анын убадалары бекем жана кебелбесс. Анын батасы өзгөрүлбөс. Кудайдын ишенимдүүлүгү аркылуу Ысрайылда сыйкырчылыктын же каргыштын ыплас жана бузуку таасиринен эркин жана коопсуз келечекке үмүт бар болчу. Мунун баары мага мурунтан эле билген нерсени эске салды, бирок кийинки аят мени таң калтырды.

> *"Бул эл ургаачы арстандай комдонуп, эркек*
> *арстандай турду;* Эми ал олжосун басып жемейинче,
> жайлаганынын канына канмайынча жатпайт».
>
> – Сандар 23:24, курсив автордон.

Коркконум менен жука кагазга басылган бул ачуу сөздөрдү кайра окудум: *“...ургаачы арстандай комдонуп, эркек арстандай болуп туруп...”*. Чындыгында эле, менин көз алдымда мындай көрүнүш пайда болду: чөптөн көтөрүлгөн ургаачы арстан менен эркек арстан. Анан алар ордунан турганда, бул сүрөт тынч сүрөттөн электрлештирилген сүрөткө айланды. Бардык тирүү жандыктар арстандардын абалын өзгөрткөнүн сезишти, ошондуктан, аларды кылдаттык менен карап турушту. Алтын арстандар эми уктабай калышты: керилип, аба жутуп, өз аймагын карашып, кыймылга даяр турушту. Балким, алар ачка болгондур же өз аймагынын белгиленген чектерин бузган душмандын бар экенине тынчсызданышкандыр, демек, бул жерде ким кожоюн экенин көрсөтүүгө убакыт келди.

Арстандар ордунан турушкандан баштап, алар кыймылын токтотмоюнча чыңалуу басаңдаган жок. Арстандар чыңалган бойдон калышса, анда калган башка жаныбарлардын баары арстандар олжосун кармап, тоймоюнча эс ала алышмак эмес.

Алардын ойгонушу менен, мен алардын күчүн өз рухумда да сездим. Ал эми, эркек арстандын же ургаачы арстандын эс алгандан кийин ордунан туруп, кыймылдап баратканын көргөндө кимдер гана таң калбайт? Аны жетиштүү түрдө көрүү мүмкүн эмес эле. Бирок, бул мен үчүн эмнени билдирген? Бул жапайы алтын күчтүн мага кандай тиешеси болушу мүмкүн?

Көрүнүш кызыгуумду жаратып, ошол эле учурда мени четке кагып койду. Мен арстандардын мышыктай болуп күнгө жуунуп жатканын көргөндү жакшы көрчүмүн, бирок, аң уулоо жана өлтүрүү жөнүндөгү көрүнүштөрү үрөй учурарлык, атүгүл жийиркеничтүү эле. *National Geographic* же *Wild Kingdom* деген көрсөтүүлөрдү көргөндө чоң мышыктар антилопаларды же зебраларды жеп жатканда көзүмдү жумуп алчумун.

Ушул ойлор эсиме түшкөндө, кечээги түнкү аяндагы: “Ушул уулдун төрөлүшү менен ичиңдеги арстанды ойготосуң” деген сөздөр эсиме түштү. Бул эмнени билдириши мүмкүн? Күчтүү,

коркпогон ургаачы арстан менен төшөгүндө жаткан чоң, кош бойлуу аялдын ортосундагы байланышты көргөн жокмун. Мени ургаачы арстан дегени күлкүллүү болчу. Мен соя азыктарын жеген, канкор жырткыч эмес, катуу вегетарианчы элем. Өзүмдүн көзөмөлүмдөн чыккан нерселердин бардыгынан коркуп кеттим; адамдар менен жолукканда көбүнчө өзүмдү ишенимсиз сезчүмүн. Өзгөчө күчтүү, өзүнө ишенген аялдардан коркчумун.

Кош бойлуулук мен үчүн токтоп калуумдун шылтоосу болуп калды. Боюма бүтөөрүнө бир нече ай калганда ысык сыйынууларымдын биринде бардык каршылыктарымды четке кагып, Кудайга: «Макул! Мен Сеникимин. Жашоомдо Сенин каалооң аткарылсын! Эмне десең, ошону кылам. Кааласаң, аялдарга да кайрылам» дедим. Ал кезде мен аларга эмне деп айтарымды билбейт да болчумун.

Бирок, кош бойлуу болгондон кийин, мен бардык убадаларым азыр жокко чыгарылат деп ойлогом. Кудайдын тапшырмасы жана менин макулдугум Ыбрайымдын уулу Ыскакты курмандыкка чалууга даярдыгы сыяктуу, кандайдыр бир сыноо деп чечтим. Балким, мен даяр болгонум үчүн бонустук упайларды алышым мүмкүн, бирок, мага эч качан убадамды аткарууга туура келбейт.

Бирок, бул көрүнүштөн кийин мен кош бойлуулукка чейинки макулдугум дагы деле күчүндө экенин түшүндүм.

Уул жөнүндөгү сөз эмнени билдирет?

Кош бойлуу кезимде кыздуу болом деп ойлогом. Жолуккандардын баары эле кыздуу болорумду айтышчу. Эч ким эркек балалуу болуу мүмкүндүгү жөнүндө айткан эмес. Жалгыз мен гана дагы уулдуу болом деп тымызын үмүттөнгөм.

Өз кулагыма ишенбей, башымды чайкадым. *Эгерде* ушунун ичинен кайсы бири чын болсо жана мен кандайдыр бир арстанга айланып калышым керек болсо, анда дагы башка бирөө да келе жаткан өзгөрүүнү сөзсүз байкамак да. Бул көрүнүш чындыгында дагы бир олуттуу ырастоону талап кылды.

## ЫРАСТООНУ ИЗДӨӨДӨ

Арадан бир нече жума өтүп, шаарыбызга мен абдан сыйлаган Жакшы Кабарчы аял келди. Бул менин мүмкүнчүлүгүм болчу! Ал мени жана дагы бир кош бойлуу курбум менен кошо түшкү тамактанууга чакырды. Менин досум ийгиликтүү ишкер айым болчу, ал радикалдуу ишеними менен, Азиянын аймагын Жакшы Кабарды насааттоо менен солкулдаткан. *Балким, ургаачы арстандын аяны ал үчүн болгондур?..* Мен бул маселени түшкү тамакта кокусунан козгоп, анын реакциясын көрүүнү чечтим.

Биздин түшкү тамак Флоридадагы *Winter Park* паркында кооз, күнөстүү күнү болду. Үчөөбүз шаарды бир аз кыдырып чыккандан кийин, акырында дүкөндөрдү кыдырып жүргөн маалда досторума ургаачы арстанды кантип айтсам болот деп ойлонуп, столго отурдум. Кийин тамактанып отурганда мага мүмкүнчүлүк болду.

Курбум кыз күтүп жатканын айтты, евангелист да аны кайталап, балким менин да кызым болот деп кубанды.

- Эгер бул дагы бир эркек бала болсочу? – деп сурадым.

Ал менин мындай мүмкүнчүлүктү мойнума алганыма таң калып, муну менин үч уулум бар экендиги жана Джонго ага кам көрүп турган кыз керек экени менен далилдеди. Мына ошондо мен ургаачы арстан жана уул тууралуу түшүмдөгү жарыяны айтып берүүнү чечтим.

Мен мунун кандайдыр бир мааниси бар–жогун билбей турдум. Чынында, мен андай эмес экенин билем. Анын үстүнө, мен өзүм да мунун баарына ынангандан алыс болчумун. Мен аян чын экенин билчүмүн, бирок тынчсызданганымдан улам, ургаачы арстандын образы менен болгон байланышымды баалабай койдум. Өзүмдүн башыман өткөргөнүмдү айтууга аракет кылып сүйлөй бердим, бирок, мен өзүм кыйналып турган кезде кантип башкалар мени түшүнөт деп күтмөк элем? Менин байланышсыз сөздөрүм алардын көңүлү чөккөн жүздөрүнөн

көрүнүп турду. Алардын түшүнүгүн таппай жатканымды түшүнүп, кескин түрдө токтоп калдым.

Натыйжада, узак ыңгайсыз тыныгуу болду, анын жүрүшүндө евангелист мени күмөндүү карап, сурады:

– Сен болжол менен кайсы күнү төрөйсүң?

– Октябрдын онунда, — деп жооп бердим, акылга сыярлык бир нерсени айта алганыма жеңилдеп да калдым.

Ал артка чалкалап, башын чайкап, ишенимдүү түрдө айтты:

- Жок, жок, сен ага чейин арстан болуп калышың мүмкүн эмес.

«Макулмун!» деп кыйкыргым келди, бирок өзүмдү ыңгайсыз сезип, башымды ийкедим. Бир чети жеңилдеп калсам, бир чети бир аз ызаланып, ыңгайсызданып, жада калса, бир аз шылдыңдалгандай сездим өзүмдү.

Ошол убакка чейин арстан боло албайсың деп, ал мага эмнени айткысы келди? Болгону жаз мезгили эле, октябрга чейин дагы беш айдан ашык убакыт бар эле! Кантсе да, бул арстанга айлануу канчага созулушу мүмкүн? Деги эле, эмне үчүн мен өз көрүнүшүмдү бөлүштүм? Мен чындап эле боюмда эркек бала барбы–жокпу, күтүүм керек болчу.

Менин ыңгайсызданганымды сезген аял минтип түшүндүрдү:

- Сенде Кудай иштеп бериши керек болгон дагы көп нерселер бар... Бул октябрга чейин бүтүшү мүмкүн эмес.
- Ооба, мына эми түшүнүктүү. Бул аялдын түз сүйлөгөнү жакпаса да, анын оюна кошулдум. Сүйлөшүүнү токтотуп, өз ойлорум мени менен калышына жол бергенимде, баарлашуубуз акырындык менен мурунку, кадимки ритмине кайтып келди. Ал мага болгону, мендеги мындай эле көзгө көрүнүп турган нерсени үн чыгарып айтып койду.
- Мен жашоомдун көп тармагындагы шектенүүлөр жана ишенбөөчүлүктөр менен кыйналчумун. Ооба, күйөөм Джон мага дайыма: «Лиза, сенин ой жүгүртүүң менен жашоо ушунчалык кыйын болсо керек, ушунчалык

тынчсыздануу жана коркуу сени каптап турат» деп айтчу. Ал туура айтты. Анан да ал нерсе барган сайын кыйындап эле баратты. Мен узаккак чейинки калыбына келтирүү долбоору болуудан тажадым.

## БАШКА ЭЧ КАНДАЙ ШЫЛТООНУН КЕРЕГИ ЖОК

Көп жылдар бою мен шылтоо издеп жүрөм. Мен рак оорусунан аман калган, өткөн жашоосу жакшы болбогон, эптеп эле мектепке чейинки курактагы балдарына чыдагысы келген үй кожойкеси болчумун. Кудайдын мен үчүн чоң планы болушу мүмкүнбү? Менде күчтүү, ал тургай, коркпогон бир нерсе ойгонушу мүмкүнбү? Балким, кайраттуу болуш мага ылайыктуудур. Кантсе да, мен жаш кезимде тобокелчиликти сүйбөдүм беле? Кыялымда келечектеги жумушумду киши өлтүргүчтөн космонавтка чейин өзгөртүп жүргөн кезим болгон.

Ооба, мен пастордун аялынын жана назик машайакчынын образына ылайык жашоого аракет кылып жүрүп, жоготкон кайратымды аз да болсо кайра алгым келди. Мен күч жана сулуулукту кийүү үчүн, бир аз чоюлууга даяр болчумун. Мени алсыз жана ооругандай кабыл алуулардан тажадым. Өткөн күндөрүмдөгү азаптарды кайра баштан өткөрүүдөн тажадым. Мен сыноого даяр болчумун. Мен күйөөмдүн кумарлуу жана күчтүү машайакчы экенин жактырчумун, бирок анын артына жашынуудан да тажадым. Ар дайым майда–чүйдө нерселерди ойлогондон чарчадым. Жасалмалуулуктан тажадым. Балким, арстандын көрүнүшү мага керек болгондур!

Назик жана этият болуунун ордуна, мен бир аз болсо да, коркпогон жана сөзсүз максатка умтулган болууга даяр болчумун.

Ошол күнү түшкү тамактан кийин, машиненин рулун адаттагыдан катуураак кармап айдап алып үйгө бара жаттым. Мен салыштырмалуу коопсуз болгон “хондада” арстан болуу кандай экенин сынап көрүүнү чечтим. Машайакчылык

музыканын акыркы альбомдорунун бирине бийлеп жатып, унаамдын капталдагы айнектерин ылдый жылдырдым да, саамайымды кондиционер эмес, шамалдын желинин учурушуна мүмкүнчүлүк бердим. Эми азыр мунун баары баланын кылыгындай сезилет (анан да ургаачы арстандын жалы жок да). Көз айнегимдин мышык сымал линзасынан мен капталдагы арткы күзгүдөн тармал, сызыкталган чачтарды көрдүм... *Коё турсаң, чын эле мен ал тармалдардан жапайы арстандын алтын түсүн көрүп турамбы?*

*Октябрга чейин болбоймбу? Ха! Мен өзүмдү көрсөтөм али! Арстан – бул менмин!*

Эмнегедир, түшкү тамактануу маалында менин жасалма сөздөрүмдөн, досумдун ачык айткан сөздөрүнөн жана башка байланышпаган көз ирмемдерден турган бул чынжыр кызыктуу окуялардын башаты болуп калды. Мага бирөө колкап ыргытып жибергендей болду, чакырык кабыл алынды.

Уулум Арден Кристофердин төрөлүшү менен (анын аты «жалындуу, чечкиндүү, майланган» дегенди билдирет) менин ичимде бир нерсе өзгөрдү. Дагы балалуу болуунун көп түйшүктөрүнө карабастан, мен кыз болгонго бардык көңүлүмдү бурдум. Көрдүңөрбү, башка апалардай эле менин да Кудай менен болгон мамилем созулуп–алыстап кеткен. Күнүмдүк түйшүктөрдөн кыжаалат болуп кете жаздадым. Мага өтө маанилүү болуп көрүнгөн жана барган сайын көбөйүп бара жаткан иштерге ушунчалык көз каранды болуп, ким экенимди унутуп да калдым. Күмөн саноолорго толуп кеттим. Менин жашоом тайыз, өзүмчүл, обочолонгон, аянычтуу, коопсуз жана натыйжасыз болуп баратты. Атымды, кимге турмушка чыкканымды, балдарымдын ким экенин эстедим, бирок жубай катары, эне катары жоопкерчилигим, үй жумуштары менин Кудайдын кызы экенимди унуттуруп коюп жатты.

Муну түшүнгөндөн кийин, Кудай акырын чыккан үн менен мени күчтүү деп жарыялап, башка ат менен чакырды. Башкалардын баары үчүн менин ишим менен байланышкан

атым бар болчу. Мен балдарыма эне, күйөөмө аял, жыйындагылар үчүн пастордун аялы элем, бирок Эң Жогорку Кудай үчүн мен жөн эле *кызы* элем. Мен жөн гана Ага таандык болууга басым жасаганымда, ал жактан агып чыккан бардык нерселер, жашоонун күчү менин күнүмдү толтура баштады жана жан дүйнөмдө тынчтык пайда болду. Менин жүрөгүм кеңейди.

Арден төрөлгөндөн кийин мен өзүмдүн комплекстеримдин көлөкөсүнөн, коркуудан, ийгиликсиздиктеримден, комфорт зонасынан чыгып, башкаларга жардам бере баштадым. Арденди эмчектен эмизип жатканда, мен *"Мен өз жашоомду көзөмөлдөбөйм жана ошол мага жагат!"* деп аталган биринчи китебимди жаздым. Бул китепти жазуу мен үчүн жаңы дүйнөнү ачты. Капысынан эле мен бүтүндөй улутумдун аялдарына чын ыкластан колумду сундум. Алардын азабына, чаңкоосуна жана дени сак мамилеге болгон муктаждыгына жооп кылып, китеп жазууну уланттым.

Убакыт өтүп, күнөстүү, ысык жана нымдуу Флоридадагы үйүбүздөн күнөстүү, муздак жана кургак Колорадодогу башка үйгө көчүп келдик. Колорадого көчүп баруу биздин үй–бүлөбүздү үйдө көбүрөөк убакыт өткөрүүгө жана бир тегерек столдун айланасында чогулууга үндөдү. Мындан тышкары, биз жашоо образыбызды көп жагынан өзгөртүүгө аргасыз болдук. Кийинки он жылдыкта мен бир нече жолу арстан деп аталдым (байкарлык көп деле эмес), мен корккон, уялчаак үй мышыгы болбой калганыма ыраазы болуп жылмайып койдум. Мага менин жеке трансформациям дээрлик аяктап, арстандын окуясы бүтүп калгандай сезилди. Бирок, мен жаңылып калдым.

## ЛИЗА, БУЛ САГА ТИЕШЕЛҮҮ ЭМЕС!

2007–жылы күзүндө ургаачы арстан мага кайра келип калды. Мен укмуштуудай болгон Жаңы Зеландиядагы аялдар конференциясында насаат айткан көптөгөн коноктордун бири болгом. Бул иш–чарага ушунчалык көп адамдар келгендиктен,

аны уюштурган жыйын бардыгын кабыл алуу үчүн, катары менен эки конференция өткөрүүгө аргасыз болду.

Биринчи конференция жыйындын имаратында, экинчиси *Auckland arena*да өттү. Биз биринчи конференцияны аяктап, экинчи конференцияны өткөрүү үчүн аренада болчубуз. Жолугушуу башталды. Баяндамачылар компетенттүү, боорукер жана Сөздүн ишенимдүү кызматчылары болушкан. Бирок, эмнегедир белгисиз себептерден улам, түшкү тыныгуу учурунда мен толкунданып кеттим. Ал жетишээрлик даярданбаганым үчүн эмес, анткени, биринчи конференцияда айтканымды эле кайталашым керек болчу. Бирок, мен бир аз каршылыктарды байкап, насаат айтаарымдан мурун сыйынуунун зарылдыгын сездим. Мен бул нерсе башка баяндамачылардан, уюштуруучу жыйындан, өз алдынча тандоо жасаган делегаттардан эмес экендигин билчүмүн. Баарыбыздын жүрөгүбүз бир болгондуктан, баарыбыз аялдарга сыйынууга, насаат айтууга жана кубаттоого даяр болчубуз. Бирок, атмосферада башка дагы бир нерсе бар эле. Балким, Кудай менин көңүлүмдү буруууга аракет кылгандыр. Мен жалгыз болуп, баарын чечишим керек болчу. Ошондуктан, Окленддеги булуңду караган мейманканадагы бөлмөмө кайтып келдим.

Мен колумду булуң тарапка сунуп, бөлмөнү айланып басып, Кудайдан жетекчиликти жана түшүнүүнү сурап сыйынып, жаңырып жаткан ырга кошулуп ырдап жүрдүм: «Биз ар дайым жеңиште кубанабыз!» Жүрөгүмдү даярдоо үчүн, Кудайга менин жашоомдо жасаган бардык жакшылыктары үчүн ыраазычылык айта баштадым. Анын алдында *«Аялдардын камкордугунун күчү»* аттуу жаңы китебимдин кол жазмасына акыркы даярдыктарды көрүп бүттүм. Ошондуктан, жазуу жана редакциялоо иштери аяктаганына Кудайга шүгүр кылдым. Мен үчүн китеп жазуу төрөт сыяктуу эле, ошол себептен тилегеним мындай болду: *«Кудайга шүгүр! Бүттү! Мен жакында дагы колума калем алгым келбейт!»*

Бир маалда Кудай менин рухума сүйлөп жатканын сездим*:*

*«Сенин ушундай маанайда болгонуң абдан кейиштүү... анткени Мен сенин кайра жаза баштašыңды каалайм».*

Эмне? Мен Кудайга *керекминби?*

Теңир сөзүн мындай деп улантты: *«Мен сага Асмандан түз стратегия берем. Сен аны Менин Сөзүмдөн табасың. Стратегияны толугу менен түшүнө албайсың, ошондуктан, мен аны акырындык менен сага ачып берем. Кыздарым чогулганда, силер көрүнүштү толугу менен көрүшүңөр үчүн, Мен сага айткандарды жазып жана эсиңе түйүп алышың керек. Эгер сен өзүңдүн дитиңди салбасаң, көрүнүш бүтпөй калат.»*

*Бир маалда капысынан кайра алдымдан ургаачы арстан чыкты.*

*Анын күч–кубатына, токтобогон сулуулугуна ой жүгүртүп, Кудайдын:* «Уулуң төрөлгөндө ургаачы арстанды ойготосуң дедим эле. Мен бул ургаачы арстан сен деп айткан эмесмин» *дегенин уктум.*

*Мен күтүлбөгөн жерден ой жүгүртүүм канчалык чектелген, келесоодой жана адамдык экенин түшүндүм. Үн сөзүн улантты: «*Ыйса– – Жүйүт уруусунун Арстаны жана Анын колуктусу ургаачы арстанды ойгото турган убагы келди. Ургаачы арстандардын сапаттарын жана жашоо образын изилде*».*

*Анан биринчи принципти уктум*:

Ургаачы арстандар чогуу аңчылык кылышат*.*

Мен таң калдым. Мен уккан нерсе библиялык беле? Мунун баары эмнени билдириши мүмкүн? Машайакчы аялдар алардын аялдык касиетинде күч, эмизүү жөндөмдүүлүгүндө баалуулук бар деген ойго жаңыдан гана көнүп баратышканда, эми Кудай мага аларды арстан деп айтууну буйруп жатат. Бири экинчисине кантип туура келет?

*«Балким, Кудай кыздарынын ичинде коркпогон жана жапайы нерсени ойготкусу келип жаткандыр?»* деп ойлодум.

Сандар китебинин 23–бөлүмү кайрадан менин алдымда

пайда болду жана анда мен машайакчы–аялдарды көтөрүлүүгө чакырган чакырыкты көрдүм. Дал ошол учурда мен ургаачы арстандардын жашоосун изилдеп, алар менен Кудайдын кыздарынын ортосундагы окшоштуктарды табуу чечимин кабыл алдым. Акыркы эки жылды мен ургаачы арстандарды изилдөө, байкоо жана сүрөттөө менен өткөрдүм. Башында мен аялдар менен ургаачы арстандардын ортосундагы окшоштуктарды түз мааниде гана табууга ниеттенген элем – Кудай мага берген аян жөнүндө айтпай эле, – бирок, убакыттын өтүшү менен бул көрүнүш меники эле болуп калбашы керек экендигин түшүндүм. Ургаачы арстанды мага мен кандайдыр бир артыкчылыктуу адам болгонум үчүн гана көрсөткөн жок. Ошондой эле, мен бул көрүнүштү баштан өткөргөн жокмун, анткени мен пайгамбар аялмын. Аны мага көрсөтүшүнүн себеби, Кудай качандыр бир кезде мен аны эл алдында жарыялай аларымды билгендиктен улам эле.

“Сен ургаачы арстанды ойготосуң” деген сөздү уккан сайын – анын аялдарга тийгизген таасирин чындап көрдүм. Кээде бул реакция тынч болчу, бирок алардын ичинде көз жашы менен булак ачылып калгандай, көрүнчү. Кээде сулуу болуу, коркпогондугу алар үчүн кадимки эле көрүнүш экенин түшүнгөндөй, аян менен жаңы эле дем алгандан улам, деми кысылып калчу. Мен таасир укмуштуудай оң болду деп ойлойм, анткени Кудайдын ар бир кызында козу да, арстан да жашырылган болчу. Эми бул арстандын да ойгонуу убагы келди.

Ургаачы арстанды ойлогондо жүзүм жылмайып кетет. Ийнимди түздөп, турушумду оңдойм. Ургаачы арстан, башка жандыктарга караганда да, менин өзүмдү аял катары сезүүмө мүмкүнчүлүк берет, анткени анын күчү шек туудурбайт. Ошондой эле, менин оюмча, эркек кишини да өзүнүн эркектиги менен сыймыктануусуна дал келчү арстандан башка бир дагы жандык жоктой сезилет. Арстан бардык жаныбарлардын падышасы, андыктан, ханыша ким экени талашсыз.

## БАЙКА... ЖАНА ҮЙРӨН

Биздин дүйнө таанымыбызды жаңылоо үчүн Кудай биздин көңүлүбүздү дүйнөнүн курулушунун жөнөкөйлүгүнө биринчи жолу буруп жаткан жок. Мисалы, Ыйса гүлдөрдү карап, Кудай бизди кийиндирерин жана аларга караганда бизге көбүрөөк кам көрөрүн билүүгө кеңеш берет (Матай 6:28; Лука 12:27). Так ошол сыяктуу эле, асман Кудайдын даңкын жар салып, Анын адилеттүүлүгүн ачып берет (Забур 18:2; 49:6 карагыла).

> Асман Анын адилдигин жар салат, бардык элдер Анын даңкын көрүп жатышат.
>
> – Забур 96:6

Жаратылыштын жапайы, коркпогон сулуулугу – бул бизди жараткан Кудайга көз чаптырууга, бизге мүмкүнчүлүк берген терезе сыяктуу. Биз бул терезени ачып, Кудайдын өчпөс, чексиз сулуулугунун бизде асмандагы толкунданууну ойготушуна мүмкүнчүлүк беришибиз керек. Качан биз Анын жаратууларынын кереметтерине ачык караганыбызда, ал бизде Кудайга болгон чаңкоону ойготот. Биздин рух биз көргөн нерсеге жооп берет. Жаратылыш: «Кандайдыр бир чоңураак нерсе бар! Көргөнүңөрдөн да, уккандарыңардан да чоңураак. Адамдардын табиятынан да жогору. Ыйык жайда өлбөс Кудай отурат»,– дейт.

Ыйса Машаяк жер жарала электе эле союлган козу болуп келген, бирок, Аян китебинде Аны бизге Арстан катары ачып берет.

> Ошондо аксакалдардын бири мага мындай деди: «Ыйлаба, мына, Жүйүт уруусунан, Дөөттүн тукумунан чыккан Арстан жеңип чыкты. Мына Ошол жети мөөрдү алып таштап, китепти ача алат»:
>
> – Аян 5:5

Ал бир эле мезгилде биздин Арстаныбыз да, Козубуз да. Кызык, эки карама–каршы көрүнүштөрдүн айкалышы мүмкүнбү? Аян китебинде Жүйүт Арстаны «жети мөөрдү алып таштай алат» деп айтылат. Бул китептин автору Жакан бүткүл асманды, жерди, ал тургай жер астын тинтип жүрүп, жети мөөрдү алып таштап, акырындап келечекти ача баштоого татыктуу эч кимди таба албаганда ыйлап жиберди. Ошондо Жакандын жанындагы аксакал аны жакшылап кароого үндөдү, анткени, биздин Козуда Арстандын көрүнүшү бар болчу. Ал гана мөөрлөрдү алып таштоого татыктуу.

> ЖАРАТЫЛЫШ РУХ МЕНЕН БИРГЕ БИЗДИ БОШТОНДУККА ЧЫГАРУУ ҮЧҮН ЖАРАТЫЛГАН.
>
> — RALPH WALDO EMERSON

Жыртуу жана тытуу – чындыгында катаал кесип. Мен ошол замат ийбадатканадагы калың көшөгө экиге бөлүнгөнүн (Марк 15:38ди карагыла), болгондо да өйдөдөн ылдыйга чейин бөлүнгөнүн эстедим. Мага бул жагат, анткени Кудай ар дайым бизди Андан ажырата турган же тоскоолдук кыла турган нерселерди тытып салат. Кудайдын сырдуу китеби Аянда асман түрмөгүнөн мөөрлөрдүн алынып салынышы бүт жерди кыймылга келтиргени тууралуу айтылат.

Азыр да Кудай биздин ар бирибизге Өзүнүн бир бөлүгүн ачып берүүнү эңсеп жатканын сезем. Эгер андай болбосо, эгерде ал ар бирибиз үчүн аянды камтыбаса, анда эмне үчүн Ал дүйнөнүн акыры жөнүндөгү бул улуу окуяны жазат эле? Мен ишенем, Ал бизди үмүтсүздүккө жана көз жашка чакырбайт, тескерисинче, көзүбүздү көтөрүп, бардык нерсени чыныгы жарыкта көрүүгө чакырат. Асмандагы аяндар жана даанышмандыктар жерибизде жаңырып турат.

Асмандагы Атабыздын Өз жаратканына жүрөгүбүздү ачууну тапшырганы кандай сонун. Ар бир өсүмдүк, ар бир жаныбар, пейзаждын ар бир бөлүгү сүйлөп тургансыйт: “Тур да, кандай болуп жаралган болсоң, ошондой бол” деп жаткансыйт. Аюбдун айтымында, жаратылыш бизди үйрөтө алат.

Жер үстүндөгү айбандарга караганда, бизге көбүрөөк үйрөткөн, асмандагы куштарга караганда, бизге көбүрөөк акыл–эс берген Теңир кайда?” (Аюб 35:11).

Кудайдын сүйүүсүнүн улуулугун жана Теңир бизге Өзүнүн акылмандыгын жеткирүүгө даяр экенин сөз менен айтып жеткирүү мүмкүн эмес. Бирок, бул бизди таң калтырбашы керек. Анткени, Ал Жаратуучу:

> Анткени токойдогу жаныбарлардын баары Меники,
> тоодогу миңдеген мал да Меники. Тоодогу бардык
> куштарды билем, талаадагы жаныбарлар Менин
> алдымда. Эгерде Мен ачка болсом да, сага
> айтмак эмесмин, анткени бүткүл аалам жана анда
> жашагандардын баары Меники.
>
> – Забур 49:10–12

Биз өзүбүздү жер бетиндеги бардык макулуктардан жогору коёбуз, бирок Кудай алардын бардыгын атынан билет. Чындап эле Ал Өзүнүн жаратууларына такыр маани бербейт деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн, Ал бүт жаратууларды Өзү үчүн жараткан. Табият бизге Анын Жаратканы жөнүндө көп нерсени ачып бере алат, эгерде биз аны уксак. Накыл сөздөр китеби бизге мындай деп эскертет: «Жалкоо, кумурскаларды кара, алардын иш–аракетин көр, анан акылыңа кел» (Накыл сөздөр 6:6).

*Мен Кудай азыр бизден ушундай нерсени талап кылып жатат деп ишенем*. Ал *бизден арстанды карап*, *андан үйрөнүүбүздү сурайт*. Ал *бизди:* «Кыздар*,* ургаачы арстанды карагыла*,* жакшылап карагыла*,* ага дыкаттык менен карагылачы*. А*л силердин майтарылбас мүнөзүңөрдү, коркпогон сулуулугуңарды, басаңдабас күчүңөрдү ойготсун, ошондо силер Мен чакыргандай кайраттуу айымдардан болосуңар.*»*

Арстандын күчү жана кайраты аялдарда кантип ачылат? Анан аялдар кантип арстандай көтөрүлө алышат? Ар бирибиз ар кандай реакцияга ээ болобуз, бирок арстандын сапаттарына көз жүгүртүп көрүү, силерге ачылыш болушу мүмкүн. Кийинки

бөлүмдөрдө арстандын африкалык күн астында тынч уйкудан ойгонушунун себептерин карайбыз:

Ал күчүн толуктоо үчүн көтөрүлөт.
Ал башкалар менен учурашып жана аларга кам көрүү
үчүн ордунан турат.
Ал аңчылык кылуу үчүн ордунан турат.
Ал башка ургаачы арстандарды колдоо
үчүн ордунан турат.
Ал жаштарды коргоо үчүн турат.
Ал топко коркунуч туудурган душманга
каршы туруу үчүн турат.
Ал өзүнүн падышасы менен чогуу басуу үчүн ордунан
турат.

Мен эми арстанга Эң Жогорку Кудайдын ар бир кызына күч–кубат берип, аларды кайраттуулук менен толтуруп, анын дүйнөсүн өзгөртүүгө болгон көрүнүш катары карай баштадым. Ал эми сенин ичиңде жашынган арстан барбы? Сен бул китепти окуп бүткүчөктү, бул суроого жооп аласың жана бул жооп менен бирге ичиңде кандайдыр бир күчтүү, кооз жана жапайы бир нерсе ойгонсун деп сыйынам.

2

# БЕЛГИСИЗ КҮЧ

Эгер качандыр бир убакта дүйнөнүн аялдары адамзаттын жыргалчылыгы үчүн чогулса, анда ал, бул дүйнө буга чейин эч качан көрбөгөн күч болот.

MATTHEW ARNOLD, 19–КЫЛЫМДАГЫ АНГЛИС АКЫНЫ ЖАНА ФИЛОСОФУ

Балким, биз так ушул убакыт үчүн ойгонуп калгандырбыз? Мен бул чогулган күчтүн жарчыларына күбө болуу сыймыгына ээ болдум. Башка жарым шардагы алыскы өлкөдө, Европада, жада калса, өзүмдүн мекеним Америкада да, мен толук кандуу кыймылга айланган алгачкы жемиштерди көрдүм. Бул кыймыл да алгачкы кадамдарынан баштап эле, кыздар тез эле чоңоюп, жетилип аял болгон сыяктуу, ал да тез эле жетилип, өнүгүп кетет. Эпиграфтагы сөздөр жан дүйнөңдүн түпкүрүндө дагы эле аң–сезимге туура келбегендей, бүтпөгөн нерсени ойготтубу? Мен бул билдирүүнү биринчи жолу окуганда аябай таң калгам, сөздүн чыны, дем алуум токтоп калгандай болгон.

Менимче, менин физикалык реакциям биздин ишке ашпаган мүмкүнчүлүктөрүбүздүн көптүгүнө болгон реакция болду. Силер бул китептин аталышынан эле, силердеги жапайы, акылман жана кереметтүү нерсени ойготкум келгенин билесиңер. Мен силерди башкалардын жыргалчылыгы үчүн, аялдардын

биригүү идеясы жөнүндө ой жүгүртүүгө чакырам. Керек болсо, бул билдирүүнү кайра окуп чыккыла, анткени, ага салынган үмүт, албетте, көз жүгүртүп эле коюуга караганда көбүрөөккө татыктуу; бул чындык толук көңүл бурууга татыктуу.

> ЭРТЕҢКИ «ЧОҢ» КӨЙГӨЙЛӨРДҮН ЧЕЧИЛИШИ, БАЛДАРЫБЫЗДЫН БҮГҮН КАНТИП ӨСҮП ЖАТКАНЫНАН КӨБҮРӨӨК КӨЗ КАРАНДЫ БОЛОТ.
>
> –MARGARET MEAD

Мэтью Арнольддун сөздөрү теориядан, саясий риторикадан же үмүт берүүчү божомолдон көбүрөөк болушу мүмкүнбү деп өзүңөргө суроо берип көрүүгө тобокел кылып көрө аласыңарбы? Анын акылман сөзү алдын ала айтуу, сунуштоо, жада калса пайгамбарчылык болушу мүмкүнбү? Ал ошондо да келечекке көз чаптырып, биздин замандын кыздарын көрүп, биригүүгө үндөдү беле? Андай биримдик өз доорунда мүмкүн эмес экенин билип, бизде да болот деп үмүттөндү беле? Ал бүгүнкү күндө кандай чоң муктаждык болорун түшүндү беле? Келечекте ал сен экөөбүздү байкадыбы?

Мен ишенем, бул суроолорго эң туура жооптор ар бир аялдын тереңинен табылат жана ал сөз менен эмес, жашоонун алар тандаган түрү менен эң жакшы чагылдырылат. Бул аялдардын жообуна катышуу жөндөмүбүз ушул убакыт аралыгында кандай жашап жатканыбыздан көрүнүп турат. Биздин мындан аркы чечимдерибиз келечекте уул–кыздарыбыздын биз сыяктуу туура тандоо кылышы үчүн, кандай тарбия берерибизден айкын болот.

Биздин замандын аялдары көптөгөн карама–каршы жана чектөөчү маданий жана диний көз караштардан жана аялдарга карата терс көз караштардан өйдө көтөрүлө алабы? Океандын аркы өйүзүндөгү эр жүрөк эже–сиңдилерибиз сырттан дем–күч болбосо дагы, алдыга кете алышабы? Биз – батыштыктар пайдасыз, алаксыткан нерселерден баш тартып, көңүлүбүздү маанилүү нерселерге бура алабызбы?

Биздин салымыбыз маанилүү эмес жана бул түрткү Кудайдан эмес деген карама–каршы үндөр менен өкүмдөрдү кысымга ала алабызбы? Биз жашап жаткан замандын стратегиялык маанисин түшүнүп, катарлардан өз ордубузду алуу үчүн доктриналык айырмачылыктарды жана пикирлерди четке кага алабызбы? Жүрөктөрдү, колдорду бириктиргенибизде жаш айырмачылык тоскоол болбойбу? Ишенимде бириге алабызбы? Бул биргеликтеги ишеним чындыгында эле биздин эмнеге ишенгенибизди көрсөтөбү?

Бул биримдик аргасыз болобу же турмуштагы зарылдык болобу? Бул биргеликтеги ишеним иш жүзүндө көрүнүп, бизди кандайдыр бир мезгилдеги жаркын, каршы чыгууга болбой турган жана маанилүү бир нерсенин башкаруучусу катары ачып көрсөтө алабы?

Биздин жалпы ишибиз биз үмүт кылууга батынган нерсени ачык чагылдыра алабы жана ал биз чын жүрөктөн ишенген нерсебиздин жандуу далили болуп калабы? Бул ишеним өзүмчүлдүк менен алууга гана эмес, берүүгө да умтула алабы? Мен так ушундай болушун тилейм, анткени, ошондо гана биздин жеке чектерибиз кеңейип, башкалардын жашоосуна таасир эте алабыз.

Ооба, мен азыр сурап, үмүт кылып жатканым кичинекей гана кеңейтүү экенин түшүнөм, бирок, ансыз биз алдыга жылбайбыз. Азыр турган жерди гана карап отуруу аздык кылат. Эгерде биз бүткүл дүйнөгө жайылгыбыз келсе, бардык багыттарды карашыбыз керек.

19–кылымга көз чаптырсак, ал кезде аялдардын укугу дээрлик болбогонун көрөбүз. Азыр айланабызга көз чаптырып, биздин үнүбүздүн маанилүүлүгүн түшүнөбүз. Алдыга көз чаптырып, биз сөзүбүздү жана жашообузду келечекке мурас болуп калгыдай кылып куруубуз керек экенин түшүнөбүз.

Көз карашыңарды кеңейтип, жашооңордун көп тармагына таасир эте баштоого убакыт келди. Булчуңдар чыңалууну же басымды сезгенде сунуу эффективдүү болуп калат. Чоюлуу

ийкемдүүлүктү жогорулатып, жаракат алуунун алдын алат.

Мен силерди ургаачы арстан менен тааныштырганда жашооңорду бир аз «чоюлтуп» алам деп ишенем. Мен анын өзүңдү, аялдык касиетиңди, сулуулугуңду, күчүңдү, тагдырыңды, үй–бүлөңү, дүйнөңү жана Кудай жөнүндө түшүнүгүңдү кеңейтишин каалайм. Арстан айымдар, силерге мындай чакырык таштоого уруксаат бергилечи: силер эркектер, достор жана үй–бүлөңөр менен кантип баарлашасыңар? Секирээрден мурун созулушу–чоюлушу керек экенин атүгүл, арстан да билет.

Биз жеке жашообуздагы кыйынчылыктар жана бул дүйнөнүн муктаждыктарына бирдей деңгээлде турабыз. Ошондой эле, бул эбегейсиз аймакты камтуу үчүн, бир эле учурда ушул экөөнү тең камтыганга бизге аян–ачылыш керек.

## АЛ КҮЧТӨ ЭРКИН ЖАНА БИЙЛИКТЕ ТЫНЧ

Улантуудан мурун, аян көргөнүмдөн кийин оюмда пайда болгон бир суроону талкуулагым келет. Мен: «Ыйык Жазуунун жогорудагы үзүндүсүндө Кудайдын элин сүрөттөгөн эркин арстан эмне үчүн мынчалык кыйратуучу ырайымсыздыкка барды” деп ойлогом. Кийинчерээк мен бул аян жөнүндө, менде ойгонгон (жана ойгонууну улантып жаткан) көрүнүш жана бардык ойлор жөнүндө бир нече жолу ой жүгүрткөм. Мына, мен кандай жыйынтыкка келдим. Кудай мага арстанды мен ага пассивдүү же коркуп мамиле кылышым үчүн көрсөткөн жок. Анын образы менин чектелүү, коркунучка толгон мүнөзүмдү ачып, жокко чыгарды. Бул арстан Кудай менин көзүмдү чоңураак сүрөттү көрүү үчүн ачкан курал болуп калды жана менин баса турган чектеримди кеңейтти.

Мен саякаттап жүргөндө көптөгөн кереметтүү айкелдерди көрдүм. Кореяда Пенгагенде, Римде, Лондондо жана Парижде бул өлкөлөрдүн көз каранды эместигине, көрсөткөн эрдиктеринин урматына, жеткен жеңиштеринин урматына тургузулган эң сонун эстеликтер бар. Мен бул искусство

чыгармаларын алардын татаалдыгына, өчпөс сулуулугуна суктанып, сүрөткө тарттым.

Бирок, менин көргөн көрүнүшүмдөгү арстан айкел эмес — ал аян эле.

Ачылыштар өз ичине ынандыруу жана шок элементтерин камтыйт. Мен анын маңдайында кош бойлуу, пижамачан, денем титиреп турганымда, арстан мени таң калтырып, жемеледи. Арстан бир да жолу кыймылдабаса да, менден тирүүрөөк экен. Анын сулуулугунун, күчтүүлүгүнүн айдыңында карап, мен канча нерсени жоготконумду түшүндүм.

Коркуу күчүмдү, жашоомду жана сулуулугумду уурдап кетти. Мен чыныгы өзүмдү жоготуп алдым жана натыйжада, Кудай мен үчүн пландаган нерселердин көбү ишке ашпай калды.

Мен ысрайылдыктардын өздөрүн чегиртке, ал эми, Канаандын тургундарын дөө катары көргөнүн эстейм. Бирок, Сандар китеби 23–бөлүмдөн биз Канаан эли ысрайылдыктарга ойгонгон арстандай караганын билебиз.

Өзүбүздү арстан эже–сиңдибизге салыштырганда элестетүү менен чындыктын ортосундагы карама–каршылык пайда болот. Биз ага окшош боло алабызбы? Биз качандыр бир убакта өз күчүбүздө эркин, өз бийлигибиздеги тынч аял боло алабызбы? Бизге өзүбүздүн сулуулугубузду алып жүрүү ыңгайлуу болобу?

Биз өзүбүз үчүн күчтүү жана ошол эле учурда убактылуу эс алып жаткан арстандын образын кабыл алышыбыз керек.

Убакыт келет – жана арстан көтөрүлүп турат. Демек, силер өзүңөрдүн ким экениңерди түшүнүүгө убакыт келди. Силкинүүгө, көтөрүлүүгө, кыймылдоого жана ойгонууга убакыт келди.

Мен «күчтө эркин жана бийликте тынч» деген сөз айкашы Кудайдагы аялды абдан ачык жана так сүрөттөп жатканын байкадым. Урматтууларым, мен силерге өз күчүңөрдө эркин, өз бийлигиңерде тынч болууга уруксат берем.

Көбүнчө *“күчтө эркин жана бийликте тынч” болуу* сыяктуу

түшүнүктөрдүн айкалышы убакыттын өтүшү менен келет.

Экөөндө тең күч бар экенин көргөндө, алар жуурулуша биригишет. Биз адилдикте тынчтангандай эле, күчтү түшүнүүдө да сооронуч бар. Биз тынчсызданууну токтотткондо тынчтык табабыз.

> «Өз ордуңарда калсаңар жана тынчсызданбасаңар, куткарылмаксыңар. *Силердин күчүңөр тынчтыкта жана таянууда»*
>
> – Ышайа 30:15, *курсив автордон.*

Мына, биз үчүн жооп! Жакшыраак түшүндүрүүнү элестетүү да кыйын. Тынч бол, Кудайга таян, ошондо күч–кубатка толосуң. Биздин чыныгы күчүбүз бардыгын өз алдынча жасоону токтотткондо ачылат. Кудай силерден күч–кубатты аябайт; Ал аны берет.

Мен арстан досубуздан айырмаланып, өз күчүнөн коркуп калышкан аялдарды көп жолуктурдум. Аларда суралбаган (күтүүсүз) идеялар, суроолор же кумарлар ойгонгондо, коркуп кетишет. Бийликтен коркуш керек; аны кабыл алуу керек. Жаңылбагыла, момундук алсыздыкка барабар эмес. Бул чектелген күч же көзөмөлдөнүүчү күч.

Муса жоош жана момун деп аталат, бирок ага карабастан, ал өз элинин улуу лидери жана кыймылдаткыч күчү болгон. Силер андан үлгү ала аласыңар. Мен анын ар бир сөзүн тастыктагандын Өзүнө жолугуп калгандыктан, ошондой болду бекен деп ойлодум.

Жакшылык менен жамандык жөнүндөгү чектелген аң–сезим биздин адамдык кооптуулугубузду жеңип жана Кудайдан жооп сурап жалбарат. Жакшы иштерди Кудайсыз кылуу менен, биз өзүбүздү чектеп коёбуз. Адамзаттын учурдагы көйгөйлөрү укмуштуудай зор жана ошондуктан, чексиз жооптор керек.

Мусага окшоп, титиреп жаткан жагыбызга бейпилдик берүү үчүн, бизге Кудайдын жакшылыктары ачылышы

керек. Ошондуктан, кымбаттуум, сен бул боорукердиктин ачылышынын бир бөлүгү боло аласың жана ушул себептен башка эже–сиңдилер менен биригип, Кудайдын жакшылыгы биз аркылуу көрүнүп турган ушундай план түзө аласың деп ишенүүгө батына аласыңбы?

## ЖАКШЫЛЫК КЫЛУУЧУ ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮ

Мен атайылап «жакшылык» же «коопсуз» деген сөздөрдү «жакшы» деген түшүнүккө киргизбейм. Акыры, бул күчкө байланыштуу да. Анын үстүнө, мен *жакшылыктын* күч деп сыпатталганын уктум.

> Ким жакшы аял таба алат? Анын баасы асыл берметтерден да жогору. Ага күйөөсүнүн жүрөгү ишенет, күйөөсү кирешесиз калбайт.
>
> — Накыл сөздөр 31:10:11.

Бойдок кыздар, бул аят силерди кыя өтүп кетет деп ойлобогула, Ыйса силердин Күйөөңөр экенин унутпагыла. Кеп бул аят кимге тиешелүү экенинде эмес: ал баарыбызга тиешелүү.

Суроо туулат: бул милдетти бизге ишенип тапшырса болобу? Айланабыздагылардын жашоосун байыта алабызбы? Биз бир эле учурда жөндөмдүү жана изгиликтүү боло алабызбы? Же Ал биздин топ–топко бөлүнгөнүбүздү көрөбү: кээ бирлери жөндөмдүү, кээ бирлери изгиликтүү? Бирисиз экинчисинин болуусу жетишсиз. Бизге жөндөмдүү, изгиликтүү аялдардын асыл коому керек. Анда биз эмнебиз менен жакшы болушубуз керек? Жооп абдан жөнөкөй: биз эмне талап кылынса, ошону кыла ала турган кыздардан болушубуз керек.

Акыркы он жылдын ичинде мен башкаларга эмнеге жөндөмдүү экенин түшүнүүгө жардам берген көптөгөн сонун айымдар менен тааныштым. Адамзаттын муктаждыктары улам барган сайын актуалдуу болуп бараткандыктан, аялдардын

белгилүү бир жөндөмдөрүн аң–сезимдүү түрдө өнүктүрүп, билим берүү иштерин ушул муктаждыктарды канааттандырууга багытташат.

Алар өздөрүнүн, балким, чектелген түшүнүү позициясынан тиешелүү суроолорду берүүгө жетерлик эле акылдуу. Алар ким болуштары керек болсо, ошол болуу үчүн, өздөрүнө зарыл болгон сапаттарды өнүктүрүүнү үйрөнүшкөн.

Ал таланттуу жана чыйрак–акылдуу; кайраттуу, бирок ошондой эле, урматтай билген; достук үчүн ачык, бирок, өзүн–өзү камсыз кыла алган; заманбап, бирок, келечекке умтулган; боорукер, бирок, чечкиндүү; баарын чын жүрөктөн караган, бирок жөнөкөй эмес; күчтүү, бирок ошондой эле жумшак; жөнөкөй, бирок стратегиялык көз караштары бар аялдар.

Эгерде биздин пландарыбыз жана долбоорлорубуз жерди өзгөртпөсө, дүйнөнү жана баарыбызды жакшы жакка өзгөртө албаса, анда алар өлүк теория. Долбоорлор ишке кириши керек. Аларга үн, кол жана буттарды бергенде гана алар ишке ашат.

> КАГАЗГА МАСШТАБДУУ ДОЛБООРЛОРДУ ЧИЙҮҮ ЖЕТИШСИЗДИК КЫЛАТ. МЕН ӨЗ ИДЕЯЛАРЫМДЫ ЖЕРГЕ ЧИЙИШИМ КЕРЕК.
>
> – EMILE PEREIRE

Биздин дүйнө көптөгөн кыймылдаткыч күчтөрдүн калтырган издерин билет. Кылымдар бою биздин жерди бороон–чапкын, цунами, муссон сыяктуу табигый күчтөр солкулдатып келген. Жер титирөөдөн жердин мантиясы экиге бөлүнүп, анын кыртышы солкулдап кеткен. Куралдуу күчтөр асыл максаттар үчүн жана ошондой эле, жийиркеничтүү максаттар үчүн тартылышты. Куралдуу күчтөр салгылашуу талаасында жолугушуп жана өзүлөрүнүн артынан кыйроонун изин калтырышкан.

Ал эми, өз күчү менен басууга, коркутууга, жок кылууга умтулбаган кыймылдаткыч күч жөнүндө эмне айтууга болот? Бул кыймылдаткыч күчтүн катышуучулары стратегиялык ролдорду

аткарышмак, кээ бирлери көрүнүп, башкалары көрүнбөйт, бирок баары бирдей маанилүү. Бул кыймылдаткыч күч бир эле мезгилде ниети боюнча өзүн кабыл ала албаган, умтулуусу боюнча жөнөкөй болсочу? Ал кандай көрүнмөк жана үнү кандай чыкмак? Александр Македонский мындай деген:

> Мени башында кой турган арстандардын армиясы коркутпайт. Мени арстан башчылык кылган койлордон турган армия чоочутат.

Кандай керемет көрүнүш! Биз Арстан жетектеген койлордун армиясыбыз. Биз корккон койлордой согушпашыбыз керек, анткени Арстанды ээрчип баратпайбызбы. Шакирттикте момун, күрөштө айыгышкан айбаттуу. Ошентип, назиктик жана күч өз ара аракеттенишет. Адамзаттын табигый өнүгүшүн, тарыхын изилдеп көрсөк, мындай схеманы көрөбүз: бийликке көтөрүлүү, күчтүн бузулушу, бийликти жоготуу жана ичинен кыйроо.

Бирок, башка вариант болсочу? Эгерде калыптанбаган жана ачыкка чыгарылбаган кыймылдаткыч күч болсочу?

Мен азыр бул китепти басып чыгара тургандан бир топ чоң шрифт менен терип жатам, анткени, мен үчүн кичинекей нерсени жакындан көрүү барган сайын кыйын болуп баратат. Бирок, менин алыстагы чоң нерсени көрүүм абдан жакшырды.

Мен алыстан эки карама–каршы сүрөттү көрүп турам: чоң кайгы жана улуу жеңиш. Мен эл арасынан бардык жерде терең, жарыгы жок басынууну көрдүм, бирок, даңктуу ойгонууну да көрдүм. Мен дүйнөдөгү шумдуктай бир күнөөлөрдүн жана адилетсиздиктердин Кудайдын жарыгы жана Анын талашсыз адилеттүүлүгү менен жолугуусу аркылуу дүйнөдөгү коркунучтуу күнөөлөр жана ар кандай адилетсиздиктер ачыкка чыгып, жеңип жатканын көрүп турам.

Мен Анын кыздарынын секирээр алдында бой керип, түздөлүп жатканын көрүп турам. Мунун баарын мен биздин келечегибизден көрүп турам. Жогоруда айтылгандар сен үчүн

күтүлбөстүк эмес экенине ишенем. Мен да сага окшоп буларды гезиттен окуганым үчүн көрүп жаткан жокмун. Менде рухий көздөрүм бар болгондугу үчүн, аларды көрөм.

Бирок, мен көрүп эле койгон жокмун... Мен угам. Мен алыскы да, жакынкы да ыйларды уккам. Мен бир кезде айласы кеткен адамдардын, караңгылыктын абагында камалган, ички көйгөйлөрүн уккам. Күн сайын алардын үнүн басып, андан да ары барып, балдарынын ыйын басууга умтулган муунтуу, басынтууга каршы күрөш жүрүп жатат. Айласы кеткен бул энелердин жалгыз үмүтү – балдарынын жакшы келечеги. Бир жаш эне сегиз жаштагы кызын алып кетүүнү суранып бизге жалбарды, анткени, ал кардарларды тейлеген учурда кыз керебеттин астына жашынууга аргасыз болгон. Мен бул баланы сактап калган Жеймс менен Бетти Робисондун *Life Outreach* кызматы үчүн Кудайга ыраазычылык билдирем, бирок, апасы коркуныч жана үмүтсүздүккө толгон бойдон сойкуканада кала берди.

## ШАМАЛДЫН СӨЗҮ

Көбүнчө мен уккандарыма таң калам.

Эмнеге? Анткени*, укпай* жана көрбөй калуу жеңилирээк. Көпчүлүк бул тынчсыздандырган үндөрдөн же көрүнүштөрдөн баш тартып, тез эле көңүлүн башка нерсеге бурушканы таң калыштуу эмес. Дал ушул себептен туризм сексуалдык кулчулук менен бирге өнүгүп жатат. Мен Таиланддагы чет элдиктердин көргөндөрүн жөн эле көңүл ачуу катары эсептешкенин көрдүм. Мен сүйлөшкөн америкалык бизнесмендердин бири анын бузукулугу Таиланддын экономикасын бекемдеп жатат деп эсептегенин айтты.

> Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!
>
> – Матай 11:15.

Адам Уулу Ыйса Асманга көтөрүлүп, Кудайдын Уулу катары Өзүнүн татыктуу ордун ээлегенде, кабар өзгөргөн жок. Аян

китебинде Ал, угуу үчүн жетишерлик деңгээлде шамдагай адамдарга болгон зарылчылык жана муктаждык жөнүндө дагы бир жолу айтат.

> Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун...
>
> – Аян 2:7.

Биз Анын суроосуна жооп беришибиз керек: биздин кулагыбыз ачыкпы? Андан да: кулагыбыздын ачык болушун каалайбызбы? Кымбаттууларым, биз баарыбыз угуу гана эмес, укканга баш ийүү процессинде турабыз. Мен ойгонуп аткан убагымда, сага да суроо бергим келет: «А сен бул үндү угуп жатасыңбы?»

Тилекке каршы, биз керемет керебетинде оонап, жаздыкка чөгүп, аны ойгото турган бардык үндү басууга аракет кылган–уйкусураган келинге окшоп жатабыз деп корком. Туруп, толук ойгонушубуз үчүн, заманыбыздын коңгуроосу канчалык катуу болушу керек?!

Жаралуу дүйнөбүздү тешип өткөндөй болгон ачуу кыйкырыктан тышкары, бизге кайрылган дагы бир үн бар. Бирок, бул кыйкырык эмес. Ызы–чуу арасында бул үндү угуу үчүн, аябай аракет кылуу керек. Бул — Ыйык Рухтун тынч, кыймылсыз үнү. Бул үн биз ага реакция кыла баштаганда күчөйт.

Мага «Шамалдын сөздөрү» деген сөз жагат. Кудай Өз Сөзүн шамалдарга берди. Ыйык Рух, өмүр жана күч–кубат алып келгенин шыбыраган, шамал жана аба агымына салыштырылат. Биз шамалды көрө албайбыз, бирок анын көрүнүштөрүн көрөбүз. Шамалда силердин дүйнөңөргө дем киргизүүчү же тескеринче бир нерсени жок кылуучу күч бар. Анын күчү кемелерди кыймылга келтирет же оңой эле жээкке ыргытат. Шамалдын күчү деңизди солкулдатып, тоолорду талкалайт. Алдыга жылууну жайлаткан бет алдыдан соккон шамалдар жана алдыга жылууга жардам берген шамалдар да бар. Шамал кээде

тез, кээде жай болуп, жер бетинде тынымсыз айланып турат. Ал Кудайдын шыбырын бир жерден экинчи жерге жеткирет.

Көп учурда бизди курчап турган жалган ызы–чуунун кийлигишүүсү Шамалдын–Рухтун Сөздөрүн кунт коюп угуу жөндөмүбүздү алсыратат.

Биздин угуу жөндөмүбүздүн дагы бир тоскоолдугу бар. Бул – мурун уккан нерселерге көнүп калганыбыз. Биз бир нерсени кайра–кайра укканыбызда, ал үндү өчүрүп, ага жооп бербей калабыз.

Эгерде биз тигил же бул адамдын айткандарынын баарын билебиз деп ойлосок, анда кунт коюп укпайбыз. Бир нече жыл мурун мен Ыйык Жазууну окуп жатып, өзүмдөн муну байкадым. Мен Ыйык Китептин кээ бир котормолорун ушунчалык жакшы билгендиктен, аларды окуганда андан кийин эмне жазылганын билчүмүн. Балким, бул сизде да болгондур. Бул менин Кудай Сөзүнө болгон баладай таң калыштуу көз карашымды жоготту. Кайдыгерлигиме каршы туруу үчүн, мен «*The Message*» деп да аталган Ыйык Китепке тереңдеп кирише баштадым.

Эмне үчүн? Мен кайра таң калгым келди. Ушул себептен улам, силер да таң калууну башыңардан өткөрүшүңөр үчүн, мен «*The Message*» китебинен көптөгөн үзүндүлөрдү келтирип жатам. Мен Ыйык Китепти алмаштырбайм, жөн гана заманбап тилди жана кошумча маалыматтарды кошуп жатам. Ошондой эле, Ыйык Китептин өзүңөргө жаккан котормосун изилдөөдөн тартынбагыла.

Мен муну жасаганымдын себеби, силердей эле уккум келгендиктен улам. Кулагыбыз ачык болгондо, ага үнүбүздү кошуп койгондон башка эч нерсе кыла албайбыз.

> Оозуңду сүйлөй албай тургандар үчүн, жетимдерди коргош үчүн ач. Оозуңду акыйкаттык үчүн, алсыздар менен жарды–жалчылардын иши үчүн ач.
>
> – Накыл сөздөр 31:8–9.

Бул аяттарда Сулаймандын энеси Батшеба өзүнүн падыша уулуна адилетсиздиктин жүгү басып калгандар үчүн өзүнүн улуу үнүн көтөрүүнү буйруйт. Бул жакшы аялдар жөнүндөгү аяттарда да айтылган (Накыл сөздөр 31:10–31ди кара). Биз, Сулаймандын энеси сыяктуу, үнү басылгандарды коргоо үчүн, биздин дүйнөнүн эркектерин үндөй алабызбы? Биз Кудайыбыздын алдында падышалар жана ыйык кызмат кылуучулар болдук. Ошондуктан, башкалар унчукпаса дагы, биз оозубузду ачышыбыз керек.

Мен чоң эне катарыуул-кыздарымдын мурасы чындап маанилүү экенине ынангым келет. Барган сайын дүйнөлүк изилдөөлөр гендердик теңчилик дүйнө жүзү боюнча жакырчылыкты жана ал тургай, терроризмди токтото ала тургандай жоголгон звено экендигин бир добуштан белгилешет. 2001–жылы Дүйнөлүк банк *«Укуктардагы, ресурстардагы жана* тандоодогу теңдик аркылуу гендердик мамилелерди өнүктүрүү» темасында маанилүү изилдөө жүргүзгөн, анда гендердик теңчиликти илгерилетүү дүйнөнүн муктаждыктары менен күрөшүү үчүн зарыл деп ырастаган. «Кыздардын билимине жумшалган инвестиция өнүгүп келе жаткан дүйнөдөгү эң чоң кайтарымдуу инвестиция болуп саналат, – деп жазган ошол кездеги Дүйнөлүк банктын башкы экономисти Лоуренс Саммерс. «Маселе алардын бул инвестицияны бере алабы же жокпу дегенинде эмес, маселе алардын колунан мындан да көбүрөөк кыздарга билим бербөө келеби?” дегенде. Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы да изилдөө жүргүзүп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: “Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү экономиканын жакшырышына алып келет”.

Азыркы терроризм коопсуздук кызматкерлерин жыныс боюнча өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө түрттү. Мына, алар эмнени табышты.

Көптөгөн мусулман террористтик топторунун пайда болушунун себеби анчалык деле Куранга байланыштуу эмес,

ислам өлкөлөрүнүн экономикасында жана коомунда аялдардын катышуусунун жетишсиздигинде деп эсептешет... Кээ бир аскер адамдарынын айтымында, кыздардын укуктарынын кеңейиши, террористтерди таасиринен ажырата алат.

Бул актуалдуу, терең жана кеңири изилдөөлөргө көп күч жумшалды. Адамдардын акылмандыгы биздин көңүлүбүздү Кудайдын башынан бери айтып келе жатканына бурганына таң калам. Дүйнөлүк көйгөйлөр пайда боло электе эле, дүйнөлүк жооп бар болчу: аял.

> Анан Кудай–Теңир мындай деди: «Адамга жалгыз болуу жакшы эмес, ага ылайык жардамчыны жараталы.
>
> – Башталыш 2:1.

Эркектин жалгыз болгону жакшы эмес эле. Азыр, дал ошол кездегидей, аялдардын жашоо тең салмактуулугуна катышуусу көбөйүп, эркектерге, аялдарга, балдарга жана баарыбыз жашап жаткан дүйнөгө жакшылыктарды алып келүүдө. Жабык жашоо «жакшы эмес» нерсени өзүнө тартат. Адамдар бири–бири менен байланышуу үчүн жаратылган. Бирок, өсүп келе жаткан бардык эркектердин альянстары мүмкүн болуучу катастрофага негиз түзүүдө. Башталыш китебинен жана заманбап изилдөөлөрдөн эркек адамдар түзгөн маданияттар көп жагынан зыяндуу деген тыянак чыгарсак болот.

Сен баш ийүү үчүн гана жаратылган эмессиң; сен тең мураскорсуң. Аял – бул Кудайдын жообу. Аялдардын үнүн бириктирүү балдардын билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатат, экономиканы стимулдайт жана терроризм коркунучун азайтарын далилдеди.

Бирок, аялдардын бул жообу эмнени билдирет?

Өзүмдүн аялдык маңызымды ачып баалаганымда, мен экинчи даражадагы идея эмес экенимди түшүндүм. Бирөөнүн кызы, жубайы жана апасы катары мен жооп болуп эсептелем.

Эгер мен жооп болсом, анда мени курчап турган эже–сиңдилер да жооп деп ойлогонубуз туура болот. Биз Кудайдын алдында экинчи даражадагы жарандар эмеспиз. Сизде, кымбаттуум, адамзаттын көйгөйлөрүн чечүү үчүн жандуу, дем алуу мүмкүнчүлүгү бар.

Мен саякаттап, жаш жана улгайган аялдардын жашоосундагы бул жөнөкөй чындыкты жар салганымда, аларда сөз менен айтып жеткирүү кыйын болгон реакцияларды пайда кылат. Аялдар менин насаатымды жүрөктөрүндөгү жалындоо сезими менен гана угушпастан, аны үн чыгарып жар салып, ишенишет. «Мен жоопмун.»

Алар үчүн бул көз ирмем бир эле учурда аян да, тартылуу да болуп саналат. Алардын көздөрүнүн фокусу өзгөрүп, Кудай аларда ар дайым көргөн аялдык сапаттарын көрө башташат… толуктоочу зат катары.

Бирок, бул түшүнүү башталышы гана.

Биз аялдар экономикага биргелешип таасир тийгизгенден да артыкбыз. Анан да, чечим кабыл алуу жөндөмүбүз менен жаңы суроолор пайда болот. Биз аялдар адамзаттын досу болгон укуктардын жаңы жоболорун жазабыз. Биз аялдар менен балдарды өз кызыкчылыгында колдонгон эмес, кубаныч менен кабыл алган дүйнөнү пландоо үчүн чогулабыз.

Асмандагы кыз жөнүндө билгендерим бул:

Ал сулуу, акылдуу жана жөндөмдүү.

Анын жашоосу обочолонгонго караганда, көбүрөөк байланышкан.

Кудай аны жакшы көрөт, ал эми, шайтан аны жек көрөт.

Ал дүйнө жүзүнүн бардык тарабында ачыкпы же жашыруунбу кысымга алынып турат.

Эгерде анын колдоосу жана стратегиясы болгондо, ал коомдо кандай болмок, деген суроо туулат?

## ТОКТОТУЛБАС НЕРСЕНИ ОЙГОТ

Life Outreachтын өнөктөшү катары мен Түштүк–Чыгыш Азияга жана Индияга адамдардын жүрөгүн козгой тургандай ынандырарлык окуяларды чогултуу үчүн, саякаттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болдум. Мен Камбоджа, Таиланд жана Мумбайды кыдырып жүрүп жакырчылыктын азабын жана сексуалдык кулчулуктун ырайымсыздыгын көрдүм. Мен ошондой эле, адамдар марттык менен жооп берип, уюмдар кызматташа баштаганда, үмүт жана калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн да көрдүм.

Бүткүл дүйнөдө кызматташууга жана аракетке карата абдан катуу муктаждык бар. Украинада болчумун жана мен курбу кызым менен ресторанда эртең мененки тамак ичип жаткан кезде, сүйкүмдүү жаш кыз кирип келди. Бул өзгөчө бир нерсе эмес болчу, анткени, Украина сулуу аялдары менен атактуу, бирок, бул кыз алтымыш жашка чукулдап калган эркектин жанында болчу. Ал ачык кийимдерди жана өтө бийик такалуу бут кийимдерди кийген жана он сегиз жаштан ашпагандай көрүнгөн. Аларды биздин столдун жанындагы столго отургузушту. Мен карыган киши эртең мененки тамагын ичип, жанындагы кызы болсо кара кофе ичип, терезени тиктеп отурганын көрдүм. Бардын артындагы жаш жигит бирдемелерди шыбырады да, күлүп жиберип, кыз тарапты көрсөттү. Көп өтпөй, алардын столуна беркиден да эки эсе улуу дагы бир киши отурду. Мен ыйлагым келип кетти. Кыз ушунчалык жалгыз жана ушунчалык ойго баткандай көрүндү. Ал кыз баасы кымбат “чакырык боюнча келген кыз” экени көрүнүп турду, бирок, биздин көзүбүзгө талапка ылайык кийинген, сүйүүгө муктаж, анын тагдырын жутуп коюуга даяр болгон, эки кумарлуу эркектин ортосуна отургузулуп коюлган кыз көрүндү.

Сексуалдык кулчулукта жүргөн эже–сиңдилерибиз менен жеке өзүм сүйлөшкөм. Ооба, алар биздин эже–сиңдилерибиз! Алар сойку болууну тандашкан эмес; алар жабыр тарткандар

жана өмүр үчүн эр жүрөк күрөшүүчүлөр.

Индиядагы узак, нымдуу күндөрдүн биринде мен *Life Outreach* уюму тарабынан кичинекей батирде чогултулган жаш кыздардын жана улгайган аялдардын мага айтып берген жараланган жүрөктөрү жөнүндөгү окуяларын уктум. Ар кимиси өз окуясын өз жолу менен айтып берди – кээ бири көзүнө жаш алып, айрымдары эч кандай эмоциясыз айтып беришти.

Мен алардын өмүр таржымалдарын эмне үчүн уккум келгени жөнүндө ойлонушканына ишенем. Мен аларга боорум ачыдыбы? Мен аларды айыптадымбы? Мен аларды түшүнө алдымбы? Мен аларга жооп таба аламбы?

Бул эр жүрөк аялдардын бири (мен аны Сэма деп атап коёюн) өзүнүн кыялдарга толгон жана апасынан көңүлү калган, Непалдагы кичинекей айылдан келген кичинекей кыз болгонун эстеди. Бир жолу алардын талашып–тартышканын уккан таякеси Сэманы четке алып чыкты. Ал аны Мумбайга алып барууну сунуштады, ал жактан билим алууга жана кыялдарын ишке ашырууга көбүрөөк мүмкүнчүлүк түзүлөөрүн айтты.

Мындай сунуштан баш тартуу мүмкүн эмес эле.

Таңга маал Сэма таякеси менен чакан айылынан чыгып кетишти. Ал Непалдан Индияга барыш үчүн, узак жана кооптуу жолду басып өткөн. Мумбайга келгенде, таякеси аны эскилиги жеткен мотелдин бөлмөсүнө эс алганы таштап кеткен. Кыз уктап жатканда таякеси аны сатып жиберет. Аң–таң болгон Сэма чоочун адамдардын курчоосунда ойгонду. Ал үчүн таякесине төлөгөн акчаны иштеп кайтара турган убагы келди. Кызды жергиликтүү сойкуканага жөнөтүп, караңгы бөлмөгө камап коюшту. Ал андан ары эмне болорун билген эмес. Ал жергиликтүү тилди да билчү эмес. Эшик ачылып, тейлөөнү күтүп жаткан кардар кирип келди. Кыз каршылык көрсөтө баштаганда, аны зордуктап бүткөнчө төрт аял кармап турушкан. Ал учурда Сэма он үч жашта болчу.

Убакыт өттү. Сэма тил үйрөнүп, карызынан кутулду жана ошол убакыттын ичинде шыктуу ишкер айымга айланды.

Бара турган жери жана аргасы жок болгондуктан, кызматын жогорулатып, сойкукананын башчысы болуп калды. Ал жаш кыздарды сатып алып, кайра сатып жана анын буйругу менен аларды кармап турушкан. Сэма зордук–зомбулукту уюштурууну жетектеп, өспүрүмдөрдү алар моюн сунмайынча сабап турууну буйруган.

Сэманын айткандарын угуп, булардын бири да чын экенине ишене албадым. Ал сойкукананын ээси болбой калган; ал орто жаштагы токтоо аял эле. Кимдир бирөө аны менен Кудайдын сүйүүсү жөнүндө бөлүшүп, ал машаякчы болуп калган. Качууга мүмкүнчүлүк болгондо, Сэма сойкукананы калтырууга батынган. Эми ал качандыр бир кезде өзүнө баш ийүүгө мажбурлаган кыздарга окшогон өспүрүмдөрдү сактап калуу үчүн, талыкпай эмгектенүүдө.

Сүйлөшкөнүбүздө Сэма кантип сойкукананын кожойкеси болууну чечкенин түшүнүүгө аракет кылдым. Ошол коркуп турган он үч жаштагы кыз кандай болгонун ал кантип эле унутуп калды экен? Мен андан: «Сэма, сен жаш кыздарды уурдап келип, зордуктап, сабап жатышканын кантип карап тура алдың?» деп сурадым.

Ал үшкүрүнүп, башын ары–бери чайкап, мындай деди: “Биз эмне кылышыбыз керек болсо, ошону кылдык... аман калуу үчүн”.

Көптөр үчүн аман калуу – аларда калган жалгыз гана нерсе.

Мен четке кагылуу тоосуна келип калгандай эле болдум. Мен бул ыплас, ушунчалык жапыз жана шалбыраган алачыктары болгон көчөлөрдү аралап басып өттүм жана алардын дубалдарынын артына жашынгандардын үмүтү үзүлгөндүгү таң калыштуу эмес. Жашыруун кийинип алып сойкуканаларга кирип көрдүм. Батышта мен зериккен аялдардын жашоодо эч кандай максатсыз, аракетсиздигин көрдүм. Алар ким экенин унутуп калгандыктан, ысырап болгон акчаларды көрдүм. Мен өз көзүм менен көйгөйлөрдү көрдүм жана айлам жок, бирок, жоопторду да көрөм деп үмүттөнөм.

Төмөндө толкунданткан жана шыктандырган “Асмандын жартысы” деп аталган китептин чакырыктары сүрөтөлгөн:

> Тарыхый өнүгүү аялдарды жүктүү жандыктардан жана секс оюнчуктарынан жетилген инсандарга айлантты. Экономиканын артыкчылыгынын аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдөгү пайдасы ушунчалык зор болгондуктан, алар элдерди ушул багытта кадам таштоого ынандырат. Жакынкы келечекте сексуалдык кулчулук, “үй бүлөлүк ар–намыс үчүн” өлтүрүү, газ куралын колдонуу бутту таңуу сыяктуу эле кадимки көрүнүш катары болуп калат. Бул өзгөрүүлөр канча убакытка созулат жана алар бүткүчө сойкуканага канча кыз уурдалат жана ар бирибиз бул тарыхый кыймылдын бир бөлүгү болобузбу же жөн эле байкоочу болобузбу деген суроо туулат.

Бул суроо ар бирибиз үчүн.

Мен силерди ушул ачылышка киришүүңөр үчүн жазып жатам жана менин сөздөрүм силердин ичиңерде катылган, каршы чыккыс нерсени ойготушу үчүн, чын жүрөктөн сыйынып жатам. Ургаачы арстандын күчү менен тик туруп, кайда барсаңар да Кудайдын кереметин алып жүрөсүңөр деп ишенем. Ошондо биз биргелешип, биздин дүйнө буга чейин эч качан көрбөгөн кыймылдаткыч күч болобуз.

Арстан эже–сиңдилерим, окуганды уланткыла жана ойгонгула!

3

# СЕРГЕК БОЛГОНДОР ЖАНА КОРКУНУЧТУУЛАР

“Жоош” аялдар тарыхты сейрек өзгөртөт.

LAUREL THATCHER ULRICH

Ургаачы арстандар жөнүндө көбүрөөк билүүгө аракет кылып, мен китептерди жана макалаларды окуй баштадым, DVD, илимий–популярдуу тасмаларды, жада калса, YouTubeтан клиптерин көрө баштадым, алардын ар кандай кырдаалдарда жана жашоонун ар кандай мезгилдериндеги кылган адаттарын байкадым. Мен бир жолу африкалык сафариге барганыма карабастан, менин америкалык түшүнүгүм арстандар жөнүндө бир топ чектелүү болчу. Азыр да мен өзүмдү ургаачы арстандарды изилдөө боюнча адис деп эсептебейм, тескерисинче, болгону табигый суктануучумун.

Илимий–популярдуу тасмалардын биринде арстан менен эки ургаачы арстандын Түштүк Африкадагы жаңы аймактарга көчкөнү тууралуу баяндалган. Үй–бүлө башчысы болгон арстан, ушул эки ургаачы арстандын жардамы менен жаңы жерлерге өзүнүн үстөмдүгүн ийгиликтүү орнотту. Бул үчөө биргелешип, Түштүк Африканын кеңири аймагын башкара башташты.

Арстандардын үй–бүлөсүнүн кыймылын жана анын өнүгүү динамикасын байкоо үчүн, бул арстанга электрондук жака (ошейник) тагылган. Эки жыл өткөндөн кийин, бул жаныбарларды байкоонун зарылчылыгы жок болгондуктан, жакасын алып салууга убакыт келген. Мындан тышкары жака (ошейник) арстандын жалынын бардык даңкы менен өсүшүнө тоскоол болуп, арстандын жалынын калың болушу үчүн аны алып салууга туура келген. (Арстандар жалынын чоңдугу боюнча атаандашынын «даражасын» визуалдык түрдө аныкташат, ошол эле учурда аны менен согушуу же бул аймакта өзүнүн артыкчылыгын далилдөө жөнүндө чечим кабыл алышат. Эгерде атаандаштын жалы өтө чоң болсо, анда арстан катыла албайт, аткени анын оозу атаандашынын мойнун тиштей албайт.)

Илимпоздор эки жыл мурун мойнуна моюнтурук таккан арстан эми мурдагыдай жаш, баш ийген жана коркок болбой калды. Эми ал жырткычтардын күчтүү падышасы болчу. Арстандардын жардамы менен жаңы жерлерге ийгиликтүү жайгашып, алардын коопсуздугуна кол салгандардан намысын коргоп, ишенимдүү коргоочу экенин кайра–кайра далилдеди. Эми аны кармоо анчалык деле оңой болгон жок, анткени, ал жапайы, коркпогон, эркин жашоонун эрежелерин үйрөнүп калган эле. Арстандын мойнундагы моюнтурукту чечиш үчүн, кароолчулар аны уктатууга аргасыз болушкан. Бул үчүн алар жырткычтын жайгашкан жерин аныктап, коопсуз аралыктан уктатуучу дарысы бар жебе менен атып салышкан. Биринчи атуу анын тынчтыгын гана бузду; ал бир аз селт этип, кереметтүү алтын көз карашын алар тарапка бурду. Алар дагы атышты. Арстан бир аз солкулдап, акырын жерге түштү. Рейнджерлер ишке киришти; алардын машинасы бадалдарды аралап, өңгүл–дөңгүл жолдо секирип, жатып калган жаныбарды көздөй бет алды. Акыры массивдүү сары дене жаткан жерге жакындашты.

Алар арстандын моюнтуругун чечиш үчүн “джиптен” секирип түшүүгө даяр болушкан, бирок, ошол учурда ким пайда болду деп ойлойсуңар? Биздин арстандын биринчи ургаачы арстаны

– ал алардын бардык пландарын талкалады. Жаныбардын айлана–чөйрөгө аралашып сиңип кетүү жөндөмдүүлүгүнөн улам, рейнджерлер анын өзү алардын көз алдында көрүнүүнү чечкенге чейин байкашкан эмес. Ал эми, ургаачы арстандын бар экенин билбегендик, ургаачы арстан да адамдардын бар экендигин билбегендик дегенди билдирбейт. Арстандын жеңилип калганын көрүп, ургаачы арстан ордунан туруп, элдин көз алдында жашынган жерин таштап кетти. Ал коркпостон бул рейнджерлердин тобуна өзүн көрсөттү. Ургаачы арстан, кыймылсыз арстан менен баарына даяр турган адамдардын ортосунда ары–бери басып, күрүлдөп, коркутуп–үркүтүп жүрдү. Анын кулагы локаторлордой кыймылдап, чачы тикесинен тик турду – бүткүл турган турпаты менен ургаачы арстан өзүнүн бактысыз экенин адамдарга көрсөтүп жатты.

Тынчтандыруучу дарынын таасири бүтө электе арстанга жетип, жакасын чечүү үчүн рейджерлердин убактысы өтө аз болгон. Бирок, ургаачы арстандын анын жанында болушу муну мүмкүн эмес кылып жатты. Адамдардын карамагында транквилизатордун бир гана дозасы калган. Ага жетүү үчүн, алар аны уктатуу керек болчу! Снайпер мылтыгын көтөрүп, абайлап, бутага алды. Уктатуучу дары салынган жебе арстандын денесине сайылды, каардуу жаныбар адамдарга карай чуркап жөнөдү, бирок дароо кулап, уктатуучу дары салынган жебени денеси менен жерге баса түштү. Рейнджерлер тобу кыймылсыз арстанга жакындаганда, абада чыңалуу байкалды. Ургаачы арстан сыяктуу эле арстан кыймылдай албай жатты, бирок, эс–учун жоготкон эмес, көздөрү менен адамдардын ар бир кыймылын кунт коюп карап турду.

Шыбырап сүйлөп, рейнджерлердин бири арстанга артынан келип, курч бычак менен моюнтургун кесип, жаныбардын денесинен уктатуучу дары салынган эки жебени тең алып салды. Андан соң рейнджерлер арстандан тез эле алыстап, ургаачы арстанды карап чыгышты. Бул чоң мышыктардын бири же экөө тең эсине келе электе, биз ал жерден тез кетишибиз

керек болчу. Ургаачы арстан капталынан жаткандыктан, сүт бездеринин айланасындагы терисинин желиндеп кеткени анын бооз экенинен кабар берип турган. Этияттык жана кылдаттык менен анын тулкусун көтөрүп, жебени шарт сууруп алышты.

Бул арада арстан күркүрөп баштап, ордунан турууга аракет кылып жатты, бирок, дагы эле бутуна турууга алы жок болчу. Рейнджерлер арстандардар тарапка кылчайбастан, кайра машинага шашып жөнөштү. «Джиптин» мотору от алып, алар жеңил дем алуу менен жолго чыгышты. Алып баруучу өзүнүн үнүнөн мурда чыккан чыңалуу ноталарын алып салып: «Сергек" арстандарга жакын болуудан өткөн коркунучтуу нерсе жок!»– деди.

## УЙКУЛУУ МАШАЯКЧЫЛАР

“Коркунучтуу” жана “сергек” деген сөздөрдүн айкалышы көңүлүмдү бурду. Эгерде биз арстандар сыяктуу коркунучтуу жана сергек болсок, эмне болмок? Ошондо гана биз көптөгөн адамдарды туткунда кармап турган караңгылыктын күчтөрүнө коркунуч туудурушубуз мүмкүн.

Урматтууларым, мен баарыбыз душманыбыздын бизден укмуштуудай коркуп жатканын түшүнүшүбүздү суранам, ошондуктан, ал бизди кармап калуу үчүн, колунан келгендин баарын жасайт. Сергек жана тирүү болсок, бизди кармап, кишендете турганчалык жакындай албасын билет. Бизге кол салуу үчүн, ал бизди уктатуусу керек, ошондо Кудай бизди чакырган нерсени кылбай калабыз. Бирок, биз ойгонуп, турушубуз керек жана менин аянымдагы ургаачы арстандай болуп, бул дүйнөнүн душманына каршы ачык–айкын туруштук кылуу үчүн, ким экенибизди эстешибиз керек.

## КҮНДӨН–КҮНГӨ ТЫНЧТАНДЫРГАНДАР

Убакыттын эсебин жоготуп, Кудайды унутуп,
жолдо уктап кала тургандай күнүмдүк жумуштарга,
жоопкерчиликтерге алданып, чарчабайсыңар деп

> ишендирем. Түн бүтөөрүнө жана таң атаарына аз калды. Ойгонгула жана Кудай кылып жаткан нерсеге даяр болгула! Теңир биз ишенген учурдан баштап Өзүнүн куткаруу ишинин акыркы чийимдерин жасап жатат. Биз бир мүнөт да уттуруп коё албайбыз, баалуу күндөрдү майда–чүйдө нерселерге жана өзүбүздүн каалоолорубузду аткарууга, уйкусурап, көңүлү чөккөн абалда, талашып–тартышып, көзүбүзгө урунган нерселердин баарына алаксып, ойлонбой убаккытты текке кетиргенге акыбыз жок. Төшөктөн туруп, кийингиле! Акыркы мүнөттү күтүп, убактыңарды текке кетирбегиле жана иши жок, жөн эле отурбагыла! Машаяк менен тыгыз байланышта болуп, кайраттуу жана даяр болгула (Римдиктер 13:11–14тү кара)!

Бул эскертүүнүн төмөнкү пункттарына көңүл бургула: күнүмдүк иштер жана жоопкерчиликтер менен алек болуп өзүңөрдү чарчатпагыла. Алар убактыңарды уурдап же силерди уйкуга азгырып коюшу мүмкүн. Ыйык Жазуунун бул үзүндүсү бизди сергек болуп жана Кудай кылып жаткан нерсеге даяр болууга чакырат. Эгер сен сергек болсоң жана Кудай кылып жаткан нерсеге даяр болсоң, эмне кылуу керектигин билесиң! Өмүрүбүздү текке кетирген заманыбыз бүттү. Чогулуп, сергек болууга убакыт келди. Ойготкуч саат көптөн бери шыңгырап жатат!

Курбума акыркы жолу телефон чалганымда жакшы силкүү чайкоо керек экенин дагы бир жолу түшүндүм. Ал мага күйөөсү экөө атактуу раввин менен бирге түштөнүшкөнүн айтып берди. Ал америкалык жүйүттөрдүн оор абалына абдан кайгырып, аларга жүрөгүндөгүсүн төктү. Бул раввин биздин өлкөнүн бардык жериндеги синагогаларда жана конференцияларда, Америкада жашаган жүйүттөрдү америкалык машайакчылар менен бирге көтөрүлүп, өздөрүнүн күчүн жана таасирин түшүнүшү үчүн сыйынууга үндөйт. Ал алардын өзүлөрү үчүн өзүлөрү туруштары үчүн – аларды машайакчылар колдошобу,

аларга жана бизге каршы көтөрүлгөн антисемиттик маанайды токтотуу үчүн, биздин өлкөдө жүйүттөрдүн өтө аздыгынан тынчсызданып жатат.

Арабызда өтө көбүбүз көңүлү чөккөн, тынчтанып калгангандар же андан да жаманы, дүйнөдө чындап эмне болуп жатканына такыр түшүнүгүсү келбегендербиз. Балким, мунун себеби, биз өтө көптөн бери тынчтандыруучу, чындыктан четтеп калган, кээ бир гана жок болуп бараткан адамдарды сактап калууга үгүттөгөн Жакшы Кабарды укканыбыздандыр? Балким, аракеттин жана руханий көнүгүүлөрдүн жоктугу бизди уйкусураган, летаргиялык абалга алып келгендир? Балким, диний басымдар же күнөөгө болгон чыдамкайлык мамиле биздин кыймылыбызды жайлатып, болуп жаткан окуяларга карата болгон мамилелерибизди, сезимдерибизди мокотуп салгандыр? Ойгонуп, «сергек жана коркунучтуу» болуп калышыбыз үчүн, Кудай бизди силкилдетип жатышы мүмкүнбү? Эгер ошондой болсо, мындай окуя биринчи жолу болуп жаткан жок.

Ысрайыл уулдары чөлдө керек болгондон да көбүрөөк тентип жүрүштү. Чоң короо койдой болуп, максатсыз айланып жүрүштү. Кээде жолдон адашып, арызданышкан; кээде тил алчаактык менен күндүз булутту ээрчип, түнкүсүн от мамынын астына конушчу. Алар кээде кайтаруучу Мусанын тилин алып, кээде ага каршы чыгышты. Бирок, алар убада кылынган жерге чектеш Маап түздүктөрүнө чатырларын тигишкенде, алардын келгенин баары көрүштү. Айланадагы бардык элдер алардын пайда болгонун билишчү. Согушка машыкпаган, ээн талаада жүргөн элдин кошууну ал жердин тургундарына күчтүү жоокерлердин жыйыны болуп көрүнгөн.

Алар эми эзилген кулдардын тобу эмес болчу. Ысрайылдыктар кайрадан өздөрүнүн падышалык тукуму жөнүндө Кудайдан аян алышты («Ысрайыл» — «Кудайдын ханзадасы» дегенди билдирет). Көп жылдар бою чөлдө тентип жүргөндөн кийин, алар отурукташкан жашоого даярдана башташты. Бирок, азыр да Кудайдын балдары жергиликтүү

падышаларга, Билам пайгамбарга жана жүйүттөрдү курчап турган душман элдерге ачык жана айкын болуп турган нерсени түшүнүшкөн жок. Алар мындан ары селсаяктар эмес, Кудайдын тандалган кызматчылары жана жоокерлери болушкан.

Өкүнүчтүүсү, өздөрүнүн чынында ким экенин түшүнбөгөндүктөн, курчап турган душман элдерге туура мамиле жасабагандыктан, Кудайдын балдары өз көз карашын жана максатын жоготушкан. Алар мурунку ыйык сабырдуулугун таштап, өтө чоң ката кетиришти. Убадаланган жерге кирердин алдында алар акылсыздык менен бир нече ыплас союздарды түзүшкөн. Бүгүнкү күндө алардын каталары биз үчүн эскертүү: эгер ойгонгондо ким экенибизди унутуп калсак, биз чоң коркунучтабыз.

Жөнөкөй сөз менен айтканда, чөлдө эл бузулду. Ысрайылдыктар өздөрүнүн кошуунуна Билам пайгамбар жиберген Маап кыздары менен ойноштук кылып бузула баштады (Сандар 25:1–2; 31:16; Аян 2:14 кара). Аялдар жүйүттөрдү өздөрүнүн бутпарастык ырым–жырымдарынын сексуалдык оргияларына катышууга чакырышкан. Мунун натыйжасы кыйратуучу болду: Кудайдын эли кандайдыр бир убакытка адашууга дуушар болгон. Баары аяктагандан мурда жугуштуу оору, ынталуу ыйык кызматчы, күчтүү душман – мидиандыктар болгон. Кудай Мусага элди санап чыгууну буюрду, ошондон кийин эл кайрадан калыптанды.

Ошентсе да, Ысрайылдын душмандары аларды жеңе алышкан жок. Ысрайылдыктар тил алчаак болгондо, жеңишке жетишкен. Бирок, алар Кудайдын осуяттарынан четтеп кетишкенде, аларды токтоосуз жаза күтүп турган. Алар тобо кылышты жана Кудай аларга Өзүнүн каарын төгүүнү токтотту, бирок, ал убакыт ичинде жыйырма төрт миң адам Кудайдын каарынан өлүп калышкан.

Бул окуядан кандай сабак алса болот? Эгерде биздин душманыбыз бизди — тынч, туруктуу жана ийкемдүү абалда уктата албаса, — ал бизди булганууга, бузуку жана ыплас

табынууга азгырат. Уйкусураган машаякчылар кандай болушат? Алардын ишеними төмөнкү ынандырууларда чагылдырылган:

- «Дүйнө төмөн карай кулап бара жатат... Булардын баарынан кутулуу үчүн, Кудай жакында бизди Бейишке алып кетет деп ишенем».
- «Эмне үчүн жолдошум экөөбүз башка жубайлардын интимдик көрүнүштөрү менен үйрөтүүчү видеону көрбөшүбүз керек?»
- «Мен коркуп жатам! Андыктан, көзүмдү жумам (эсинөө), эми көзүм жумулгандан кийин, мен бир аз уктап алайын.»
- «Кудай менин адам экенимди билет жана менин жубайым канааттандырбаган сексуалдык муктаждыктарым бар. Мен муну кылбашым керек экенин билем, бирок, Кудай мени эчак эле кечирген...»
- «Мен бул президент үчүн добуш берген эмесмин. Мен ал үчүн сыйынбайм».
- «Сексуалдык кулчулук жана адам сатуу – бул чоң трагедия. Бирок, бул башка өлкөлөрдөгү көйгөй, туурабы?»
- «Бул адамдардын баары Гаитидеги жана Чилидеги жер титирөөдө каза тапканы кандай өкүнүчтүү. Атактуу адамдар бул элдерге жардам берүү үчүн, акча берип жатканы керемет эмеспи?»

Кээде ким экенибизди унутуп калганбыз үчүн коркуп, ыйлагым келет. Биз өзүбүзгө таандык эмеспиз, биз Кудайга таандыкпыз. Биз Ал үчүн жана Анын максаттары үчүн тандалган ыйык адамдарбыз. Биз жөн гана Кудайдын бар экенине анча ишенбеген, күнөөгө баткан, чачылган, жетим калган качкындардын бир тобу эмеспиз. Биз Машаяктын бирдиктүү Денесибиз жана Анын Денеси катары биз триумф, жеңиш, жышаан жана кереметтер үчүн жаралганбыз. Бул тууралуу эже–сиңдилерибиздин баары эле биле бербегени өкүнүчтүү!

## СЕН – КӨЙГӨЙ ЭМЕССИҢ, ЖООПСУҢ

Бул кыймылдаткыч күч тууралуу мен 2005–жылы “Аялдай болуп күрөш” китебинде жазгам. Анын негизги оюу «кызым, сен көйгөй эмес, жоопсуң» дегенинде камтылган.«Ургаачы арстандардын ойгонуусу» китебин жазууну аяктап жатып, «Жарым асман» аттуу актуалдуу жана кызыктуу китептин үстүнөн ой жүгүртүп жаттым, алардын авторлору да: «Аялдар көйгөй эмес, алар – чечим» деп айтышат. Бул китепти журналисттердин Пулитцер сыйлыгынын лауреаты Николас Д. Кристоф жана Шерил Вудунн жазган. Анын максаты – аялдар менен эркектердин тең укуктарынын курч көйгөйүнө коомчулуктун көңүлүн ойготуу жана буруу, аялдардын билим тармагында жана экономикалык чөйрөдөгү ролу жөнүндө маалымдоо. Бактыга жараша, бул китеп актерлор, активисттер жана массалык маалымат каражаттарынын арасында катуу реакция жаратты.

Мен бул суроону кайрадан көтөрүп жатам, анткени, жыйын гендердик теңсиздик өңдүү маселелерде жол көрсөтпөгөнү мени кейитет. Бул көрүнүш мындай, кеменин бардык мүчөлөрү катуу бороон–чапкынга каршы болгон кайраттуулугу менен туруштук берүүгө аракет кылып жатышканда, биз кеменин трюмунда тынч гана уктап жаткан Байыркы Келишимдин пайгамбары Жунус пайгамбарга окшошуп кетебиз. Дүйнөбүздүн тең салмактуулугун бузуп жаткан ачык адилетсиздикти чечүүнү Кудайдан издегендердин арасында биз ар дайым биринчи болушубуз керек. Бирок, Жунустан айырмаланып, биз жалгыз кемени океандын толкундары ар тарапка ыргыткан бороондун бир жолку учурун гана башыбыздан өткөрүп жаткан жокпуз. Биздин учурда жер бетине табигый бороон–чапкындар келип, финансылык кризистер дүйнөлүк экономиканы туруксуздаштырып, бүткүл дүйнө дүрбөлөңгө түшүп жатат. Адилетсиздик бүт дүйнөнү титиретип, калчылдатып жатат. Тынчсыздануунун жана коркунучтун күчөгөн абалында дүйнө машайакчыларга «Кандайча ушундай болушу мүмкүн?» деген

суроо менен кайрылат. Кул болгондор, жарадар болгондор, адашкандар бизге суроо менен келишет: Кудайга жалынып–жалбарып, кеч боло электе кийлигишүүсүн суранышыбыз керек болгон учурда кантип уктайбыз? Бирок, жыйындагы адамдардын көбүнчөсү жагдайлар аларды уктатып же маанисиз талаш–тартыштарга алып баруусуна жол берет.

Жунус пайгамбардын убагында, пайгамбарды тил албастыгынан ойготуп жана адилетсиз жолдо бараткан Нинеби элин эсине салуу үчүн, Кудай бороон жиберди. Кудай адамдарды эч качан кыйынчылыкта калтырбайт, бирок, Жунус бул байыркы шаарга келе жаткан кыйроонун алдын алууну каалаган эмес. Пайгамбар кеменин трюмуна жашынып, Кудай буйруган жерден карама–каршы тарапка сүзүп кетти. Жунус уктап калганда, Кудай ушунчалык катуу бороон жиберди, качкын сүзүп бараткан кеме чачырап кете жаздады. Жунус эмне үчүн качып кеткен? Ал татыксыз деп эсептеген адамдарды куткаргысы келген эмес. Жунустун өзү да, шаар да куткарылгандан кийин Кудай менен болгон маегине көңүл бурсаңар:

> Жунус буга абдан капа болуп, аябай туталанды. Ал Теңирге сыйынып, мындай деди: “О Теңир! Мен өз өлкөмдө экенде эле ушундай болот деп айтпадым беле? Ошон үчүн мен Таршышка качып кеткем, анткени Сенин жакшы, боорукер, абдан чыдамдуу, абдан ырайымдуу Кудай экениңди жана алаамат үчүн өкүнөрүңдү билгем!”
>
> – Жунус 4:1–2, *Message*дин котормосу

Жунус, Кудай шаарды соттоп, жазалашын каалаган, ал эми, Теңир Өзүнүн ырайымын жана сүйүүсүн төгүүнү каалады. Жунус эли көп болгон шаар талкалануу коркунучу алдында турганына кайдыгер карап, бирок, ал күн нурунан жашынган дарактын куурап калганына капа болду.

> Кудай Жунустан: «Чыны менен эле сен бул өсүмдүк үчүн ушунчалык капа болдуңбу?» – деп сурады. «Ооба, мен аябай капа болдум», – деди ал.
>
> Ошондо Теңир мындай деди: «Сен өзүң мээнет кылып өстүрбөгөн, бир түндө өсүп, бир түндө соолуп калган өсүмдүк үчүн өкүнүп жатасың. Анан Мен кантип оң колун сол колунан ажырата албаган жүз жыйырма миңден ашык адамы, көп сандаган малы бар улуу шаар Нинебини аябайын?»
>
> – Жунус 4:9–11.

Эй! Биз да ушул сыяктуу эле Кудай үчүн эмне маанилүү экендигинин түшүнүгүн жоготуп жаткан жокпузбу? Балким, биз Кудай үчүн баалуу нерсеге караганда, өзүбүздүн сооронучубузга жана коопсуздугубузга көбүрөөк маани берип жаткандырбыз? Асмандагы Улуу Кудайды келе жаткан кыйроо таптакыр сүйүнтпөйт. Ал туура эмес жолдор менен жүргөндөрдүн баарын куткарууну каалайт! Кудай сактагысы келген бир да адамдын үмүтүн үзбөйлү. Силер Кудайга ичиңердеги ургаачы арстанды ойготуусуна мүмкүнчүлүк берип, башкаларды айыптабай, алардын өмүрүн талкалаганды каалаган жамандыкка туруштук берсин деп сыйынам.

Кудайдын чакырыгына баш ийүүгө убакыт келди. Ал бизге Жакшы Кабарды бүт жер жүзүнө таратууну тапшырган. Бири–бириңерди сүйгүлө деп буйруган. Жесирлерди, жетимдерди, селсаяктарды, кедейлерди бизге аманат кылды. Азыр да Ал өзүнүн кыздарын, жаш–кары дебей, дүйнөнүн көйгөйлөрүнө–жооп болууга үндөйт. Ал биздеги айырмачылыктарды четке жылдырып коюп, Кудайдын ишин аткаруу үчүн, чогуу иштөөгө чакырат.

Кээ бирибиз бири–бирибизге боорукер болуунун үстүндө дагы эле иштеп жатабыз. Башкалары жоготууларын жоктоо менен алек. Өтө көп адамдар Машаяктын Денесинин башка бөлүктөрүн күнөөлөп, акылсыз доктриналык айырмачылыктар үчүн күрөшөт.

Сүйүктүүлөрүм, мен бизди ойготууга карата болгон чакырыктын баасы бизди Жунус сыяктуу деңизге ыргытышын же Ысрайыл эли сыяктуу чөлдө тентип жүрүшүбүздү каалабайм! Келгиле, бул дүйнөдө болуп жаткан жамандыктарга көзүбүздү ачып карайлы жана бул көрүнүштүн бизди ойготуусуна жол берели. Мен рухумда көтөрүлүп, жанып жана өз дүйнөсүн өзгөртүүгө даяр турган адамдарды көрүп турам.

## СИЛЕРДИН ЖЕКЕ ҮЛГҮҢӨР

Бул китепти жазуу процессинде менин редакторлорум мени силер ойгонгон аял эмне кыла аларын көрө алышыңар үчүн, уйкудан толук ойгонгон аялдарды мисал келтирүүгө үндөштү. Бирок, мен буга чейин биз көргөн мисалдар менен чектелип калгым келбейт, анткени “ойгонгондордун жана коркунучтуулардын” тарыхынын жазылышы уланып жатат. Мен сергек жана жамандыктын күчтөрүнө коркунуч туудурган машайакчы аялдардын кыймылы жеке, жамааттык түрдө кандай болорун буюрса дүйнө жүзү көрөт деп ишенем.

Кудай, машайакчы аялдардын арасында ойготуу процессин баштоо тапшырмасы менен мага эки жолу кайрылган. Толугу менен ойгонгондо кандай болорун билбейм, бирок, караңгылыкта коркунучтуу, жарыкта даңктуу болоруна ишенем. Бул жөнүндө ойлонуп, мен коркпогон жана жапайы ургаачы арстан менен машаякчы аялдын касиети дагы эле калыптануу процессинде деген жыйынтыкка келем.

Эмне кылуу керектигинин айтылганы адамдарга жагаарын да түшүндүм. Бирок, кантип жана эмне кылуу керектиги боюнча кадам сайын берилген кеңештер бизди Кудайдын көптөгөн белгисиз кереметтеринен ажыратып коюшу мүмкүн, ошондуктан менин кабарым «кантип» деген суроого жооп бербейт. Мен силер ойгонушуңарды – ичиңердеги ургаачы арстанды ойготууңарды жана өзүңөрдүн өзгөчөлүгүңөргө дем берип жашашыңарды каалайм. Ичиңердеги ургаачы арстан

ойгонгондо кандай болорун бир гана Кудай жана өзүңөр аныктай аласыңар.

Жакында мен биздин кеңсенин кызматкерлерине алар үчүн ургаачы арстан менен байланышкан сөздөрдү же сүрөттөөлөрдү айтып берүүсүн сурандым. Алардын жоопторунда «сымбатуулук» жана «назиктик», ошондой эле, «каардуулук» жана «эр жүрөктүүлүк» деген сөздөр камтылганы мени таң калтырган жок. Бул ойготуу эффектиси ушунчалык түрлүү жана кеңири болушу мүмкүн.

Мен Ыйык Жазууну изилдегенимде, Кудай көп учурда Өз адамдарына же пайгамбарларына так натыйжасын түшүндүрбөй туруп эле, ал жакка баргыла, муну кылгыла, тигини айткыла деп буйруганын байкадым. Мисалы, Элиша жесир аялга: «Барып, тегерегиңдеги бардык кошуналарыңдын бош идиштерин сурап кел, көп идиш чогулт, анан уулдарың менен үйгө кир да эшигиңди бекитип алып, ошол идиштердин баарына май куюп, ары алып коё бер» (2 Падышалар 4:3–4) деген. Бул сөздөр конкреттүү эмес. Жесир аялдын уулдарын карызын төлөбөгөнү үчүн кул кылып алам деп коркуткан маселени чечүүдө бул кандайча жардам берет? Бирок, жесир аял буйруганды аткарып, Кудайдын адамына кайтып келгенде, ал ага: «Бар, майды сатып, карыздарыңды төлөп бер. Калганына балдарың менен жан бак», — деди (2 Падышалар 4:7).

Биринчи кадамды таштай электе эле экинчи, үчүнчү жана төртүнчү кадамдарды билгибиз келгенибиз үчүн, жашообузда канчалык сонун ырыскыдан куру калып жатканыбыз кызык. Андыктан, бул китепке «окуп, сыйынып жана Анын алдына койгон идиштериңерди толтурушуна Кудайга мүмкүнчүлүк бергендей» мамиле кылгыла. Ургаачы арстандын Ал силерге дем берүү үчүн колдонгусу келген образын (анын өзгөчөлүктөрүн, формаларын, ички дүйнөсүн) мээңерге мөөрлөп коюшун Кудайдан сурангыла.

Өзүңөрдү ургаачы арстанга, Ыйсаны болсо арстанга салыштыруудан коркпогула! Бул Ыйсанын биздин Кайтаруучубуз

катары сүрөттөлүшүнө жана Өзүнүн козулары катары Анын бизге жасаган мамилесине карама–каршы келбейт. Биз түз маанисинде Анын койлорубузбу же Кудай биздин Аны ээрчип, Ага койлордой болуп ишенишибизди каалайбы? Ушу сыяктуу эле, Ыйса–биздин Күйөөбүз, биз болсо баарыбыз биригип Анын колуктусу болуп эсептелебиз. Бул аллегориялык образ. Ыйса–биздин Кайтаруучубуз, Падышабыз, Кудайыбыз, Адам, Күйөө, Бир тууган, Арстан, Козу болгон сыяктуу эле, Башталышы жана Аягы. Балким, Анын бизди Ал жөнүндөгү түшүнүгүбүздү кеңейтүүнү каалап жаткандыгына таң калдыңарбы? Бул китепке өзүңөрдүн жеке түшүнүгүңөр, күчүңөр жана таасириңер менен жооп беришиңерди каалайт элем.

## ОЙГОТУУ МИЛДЕТИ

Мен университетте окуп жүргөндө биздин кыз-келиндер жатаканасында уктоочу веранда бар болчу. Эмнеге “веранда” деп аталып калганын билбейм, анткени, ал имараттын сыртында жайгашкан эмес жана көчөдөн өзүнчө кире турган жери жок болчу. Бул экинчи кабаттагы, эки кабаттуу керебеттери бар, узун, караңгы бөлмө болчу. Кээ бир керебеттер дубалга тизилип, башкалары караңгылатылган терезелерге перпендикуляр тизилген эле.

Бир бөлмөдө көп адамдар жашагандыктан, ойготкуч саатты колдонууга тыюу салынган. Анын ордуна, мен үчүн эң сүйбөгөн, эң жагымсыз — башкаларды ойготуу милдетин аткарып, кезектешип кызмат өтөдүк. Эже–сиңдилер уктаар алдында аты жазылган таякчаларды алып, ойгонуу убактысын көрсөткөн атайын кутуларга салышкан. Бул кызматчыны ар бир эже–сиңдилердин кайда уктаганын билүүгө милдеттендирчү. Кызмат милдетин аткарып жаткан түнү ойготуу үчүн жооптуу адам ойготкучту колдонууга уруксат берилген өзүнчө бөлмөдө уктачу.

Менин кезегим келгенде, биринчи адамды ойготоордон мурда жуунуп алайын деп, ойготкучту жарым саат эрте

койчумун. Бул нөөмөтчүнүн бирден–бир артыкчылыгы болчу – биринчи болуп, кезексиз душка түшүү.

Ойгоно турган убакыт келгенде мен, кийинки эки–үч саатта кыздарды 15–30 мүнөт аралыкта ойготчумун. Кийинип, эртең мененки тамак ичүүгө аракет кылуу менен бирге, уктоочу жай – верандага кирип–чыгып турчумун. Кайра–кайра акырын верандага кирип, эшикти жаап, караңгыда сокурлардай кыймылдап, уктап жаткан эже–сиңдилерди кокусунан ойготуп албаш үчүн, керебеттерди кылдатык менен санап, алардын ортосунан абайлап өтчүмүн. Акыры керек адамды же адамдарды тапканда, мен аларды мээримдүүлүк, бирок өжөрлүк менен ойготчумун.

Нөөмөтчүгө чоң жоопкерчилик жүктөлгөн, анткени, ар бир эже–сиңдинин, ойготулуп же ойготулбаганы ошого көз каранды болчу. Алар сабакка жөнөш керек болчу, тесттерди жана контролдук иштерин тапшырышы керек болчу жана албетте, эч ким жигит менен жолугушууну калтыргысы келген эмес.

Бир жолу, менин нөөмөт убагымда мен өтө жумшак, тартынчаак, кээде өзүмөн улуу эжени ойготуудан корккондугум үчүн, баарынын көңүлүн калтырдым. Ал бир нерсе деп кобуранып жооп берип койсо, түшүндө сүйлөнүп жатканын билбей, аны ойгонду деп ойлопмун. Кийин, түшкү тамактануу учурунда ошол эже менин жоопкерчиликсиздигим өтө кымбатка түшкөнүн, сырткы келбети менен көрсөтүп мага сөгүш жарыялады. Силер дагы, мен дагы кайталагыбыз келбеген каталар бар. Ошондуктан, мен кээ бир эже–сиңдилерге ойгонуу үчүн жакшы силкилдетүү керектигин, кээ бирлерине жумшак тийип коюу гана керектигин, дагы бирөөлөрү атын шыбырап койсо эле, заматта ойгонорун түшүндүм. Кээ бир эже–сиңдилер мага ыраазычылыгын айтышса, кээ бирлери уйкусуроо менен наалып, мени кууп салышчу.

Эң жаманы, кыздар ойгонгонсуп, жада калса сага: “Макул, макул ойгондум” деп, сен кеткенден кийин кайра катуу уктап калганы болчу. Андай адам төшөктөн турганча, жанында

болушум керек деген сабак алдым.

Дагы бир коркунуч бар болчу: кокусунан туура эмес адамды ойготуп алуу. Колумдан келишинче акырын кыймылдап, этият болууга аракет кылсам да, кокустан үстүнкү керебеттеги же жанымдагы керебеттеги адамды да ойготуп алчумун. Ал ордунан туруп, коркуп кетти да, менин колумдан кармап, шыбырады: «Эй, мен ойгонуп кеттим! Сен менин атымды тизмеден чийип сал да, мага экинчи тийбе»–деп шыбырачу.

Мойнума алгандан уялам, бирок, алар мени ойготушканда мен өзүм да наалып, төшөктөн туруу кыйынга турчу. Дээрлик дайыма, мени кайра ойготууга туура келчү. Анан мен өзүм кызматта болгондуктан, эрежелерди жакшы билчүмүн. Эгер сени эки жолу ойготуп, төшөктөн турбай койсоң, анда үчүнчү жолу ойготуу болгон эмес. Ушундан улам, бул акыркы жолу экенин билип туруп, ойготууга болгон экинчи аракетке дагы олуттуураак мамиле жасачумун. Эже–сиңдилерим ойгонуп, жигердүү даярдана башташкандан кийин, мен алар үчүн жоопту болбой калчумун. Мен аларды кыймылга келтирдим, эми өзүмдү тартипке келтиришим керек болчу.

Биздин берешен Кудайыбыз менин студенттик жатаканамдын эрежелерин сактабайт. Ал бизди акыркы мүнөттөргө чейин ойготууга кубанычта болот, бирок, биз шашылыш жана маанилүүлүк сезимибизди жоготпошубуз керек. Мен азыр да кээ бир эже–сиңдилер тегеректеги башка уктап жаткан аялдардын коңгуроосуна жооп берип жатканын сезип турам.

## ЭРДИКТИ ОЙГОТУУ

Менин оюмча, азыр да, жашоомдун ушул мезгилинде да мен кайрадан ойготуучу кызматта болуп, башкаларды ойготуп жатканым күлкүлүү, бирок, азыр алдыда олуттуураак нерселер турат.

Кээде караңгыда керебеттердин арасында жүрүп, эже–сиңдилерди акырын ойготуп, алардын ойгонушун чыдамкайлык

менен күтүп, кээде – насип кылса – жөн гана атын шыбырап койсом эле алар ойгонуп ордунан турушкандай сезимде болом.

Мен башкаларды уйкудан ойготуу миссиясында жалгыз эмес экенимди билем, анткени, Кудайдын ар бир кызын ар кандай жолдор, ыкмалар же стимулдар менен ойготот. Мисалы, мага тобокелчиликтүү принциптерди жана кооз образдарды ачып берүү тапшырмасы берилген.

Толугу менен ойгонгондо эмне кылышты билишиңер үчүн, бул жеңилбес улуулуктун жана күчтүн ачылышы ичиңердеги эрдикти ойготушу үчүн сыйынам.

Дүйнө жүзү сага муктаж, сүйкүмдүү арстан эжем (сиңдим), дүйнө сенин жөн гана ойгонгонууңа эмес, сенин Кудай берген эрдикти көрсөтүүңө муктаж.

Машаякчы айым үчүн эр болуу эмнени билдирет? Кыйкырып, айкырып, тытып, тепкиленүү дегенди билдиреби? Мунун да өз убактысы бар. Эгер кимдир бирөө менин балдарымды же неберелеримди коркутуп–үркүтсө, менде да ошондой, балким, андан да жаман реакция жаралышы мүмкүн экенин билем. Баса, Кудай Ошуя китебиндеги ургаачы аюу менен ургаачы арстандын реакциясын мисал катары келтирип, аны Өзүнүн реакциясына салыштырат.

> Мен аларга мамалактарынан ажыраган ургаачы
> аюудай кол салам, алардын көөдөнүн жарып салам,
> Мен аларды ошол жерде ургаачы арстандай болуп жеп
> салам, аларды талаа жырткычтары тытып кетишет.
>
> – Ошуя 13:8.

Охоо! Бул аят, албетте, эрдик деген сөздүн каардуу, ырайымсыз тарабын көрсөтүп турат, бирок, бул күчтүү сөздө ырайымсыздыктан да көп нерсе камтылган. “Эрдик” деген сөздүн маанисин толуктаган башка сөздөр булар – «өжөр”, “күчтүү”, “кудуреттүү”, “кайнап турган”, “активдүү”, “жалындуу””, “агрессивдүү”. Ичимдеги кайнап жаткан сезимдерди тагыраак

жеткире турган башка сөз таба албайм. Албетте, ичимде дүркүрөгөн бир нерсе ойгонуп, бүт күчүн топтогон бороондой болуп, ого бетер айкындуулук жана күч–кубат алып келди.

Бул күч жашооңордо баш аламандыктарды жаратпайт, бирок көңүлүңөрдү буруугa жардам берет. Ачык көңүл буруу менен, мен мурда билбеген нерселерге көбүрөөк кызыга баштадым.

Бул ойгонуу учурларынын көбү мен үчүн дээрлик күтүүсүз болду. Мындай учур 2007–жылдын октябрынын аягында же ноябрдын башында болгон. Жууна турган бөлмөдө (башка кайсы жерден!), мен журнал окуп жаттым.

Журналдын беттерин барактап жатып, мен Таиланддагы коркунучтуу сексуалдык кулчулук жөнүндө алгачкы жолу билдим. Макаланы окуп бүтүп, окугандарымдын чын экенине ишене албай, кээ бир абзацтарды кайра окуп чыктым. Адамдар кантип ушунчалык таш боор болушат? Кантип эле ушунун баары болуп жатат, а мен дагы деле бул тууралуу эч нерсе билген эмесмин? Мен ыйлай баштадым (туура даараткaнада, башка кайда!), анан *сыйындум:* «Кудай, бул көйгөй боюнча мен кыла турган же айта турган бир нерсе болсо, анда мен даярмын». Мен ушул сыйынуу менен ойгонуп, жашоомдо бир нерселер боло баштады.

Бир нече жума өттү жана мага *Life Outreach* компаниясынан телефон чалышты: «Лиза, биз Таиланддагы адам сатуу жана сексуалдык кулчулук көйгөйүнө коомчулуктун көңүлүн буруу жана акча каражатын издөөгө бара турган команда чогултуп жатабыз. Сага ушул команда менен барууну сунуштайбыз». Үч айдан кийин *Life Outreach* уюмунун адам сатууга каршы биринчи долбоорунун алкагында Таиландга бардым.

Ошол күнү сыйынбай койсом эмне болмок? Ыйлап, башымды чайкап коюп, журналды барактоону уланта берсемчи? Мен анда косметологиядагы акыркы жетишкендиктер, жаңы мода тенденциялары, арыктоонун сырлары жөнүндө окуй баштамакмын. Эгерде мен сыйынуунун ордуна журналды окуй берсем, ошол күнү жатар алдында үнүмдү асманга көтөрмөк эместирмин. Ал эми, кийинки жолу бул көйгөй

жөнүндө укканда: «Ооба, мен ал жөнүндө уктум ... Мен аны бир журналдан окугам ... Бул абдан кайгылуу!» деп гана коймокмун.

Бирок, сен ойгонгондон кийин эч кандай реакция кылбай коё албайсың. Эки түшүнүктү чаташтырбагыла – ойгонуу жана капа болуу. Эгер силерди бир нерсе капа кылса, анда силер аны бир саамга сезе аласыңар, бирок, бир нерсеге болгон капаланган сезимдер журналды андан ары барактоону улантууга тоскоол боло албайт. Силер капа болушуңар мүмкүн, бирок ойгонбойсуңар. Бирок, силер толугу менен ойгонгондон кийин, дүйнөдөгү бир көйгөйдү толук түшүнгөндөн кийин, ага реакция кылбай коё албайсыңар. Ошон үчүн, кыздарды уурдап, сойкуканаларга сатып жиберишкенин окуганда, бул адамкерчиликсиздикке каршы Ал эмне кааласа, ошону кылам деп айтып, Кудайга жооп беришим керек болчу. Менин сыйынуум мүмкүнчүлүк пайда болгондо, аны колдон чыгарбоого жардам берди. Мага башка мүмкүнчүлүктөрдүн да кезигиши мүмкүн беле? Балким, бирок, мен муну өткөрүп жиберишим мүмкүн болчу.

## КУДАЙ СЕНИ ЧЕКТЕШ ҮЧҮН КУТКАРГАН ЭМЕС

Кудай Өзүн бизге чексиз Кудай катары, кийинчерээк бизди чектөө үчүн ачып берген эмес. Тескерисинче, Ал бизге Өзүнүн жүрөгүн салгысы келет. Менин курбум Кристин абдан жакшы айтты: «Кудай сени чектебеш үчүн куткарган!»

Кудай машайакчылар сыяктуу иш кылган адамдарды издебейт. Ал биздин машайакчылар болушубузду каалайт! «Машайакчы» деген сөз «майланган же Машайак сыяктуу» дегенди билдирет. Ыйса жөн гана «жакшы болуу» үчүн келген эмес; Ал «жакшылык кылуу» жана эзилгендерди бошотуу үчүн келген. Ал силерди эмне үчүн майлады?

> «Теңирдин Руху Менде, анткени Ал Мени жакырларга
> Жакшы Кабар таратууга дайындады. Мени
> жүрөгү жаралууларды айыктырууга, туткундарга

> боштондук жарыялоого, сокурлардын көзүн ачууга, кыйналгандарды эркиндикке чыгарууга, *Теңирдин ырайым кылуу жылын жарыя кылууга* жиберди».
>
> – Лука 4:18–19, *курсив автордон.*

Эгерде мунун баарын аткаруу үчүн Теңирдин Руху Ыйсада болсо жана биз бир Рухтан төрөлгөн болсок, анда биз да ошондой кылышыбыз керек: жакырларга Жакшы Кабарды таратып, азап чеккендерди бошотуп жана «жагымдуу юбилейлик жылды» жарыялашыбыз керек! Ар бир жыл аракет кылуу үчүн Кудай батасын берген жыл экенине ишенем жана ал дагы эле биздин Анын атынан иш–аракет кылышыбызды күтүп жатат.

Бул тапшырманы эске алганда, Кудайга эртеден кечке нан бышырып, адептүүлүккө үйрөнгөн "үйдө отурган" кыздар командасынын кереги жок. Нан бышыргандын эч кандай жаман жери жок, бирок биздин кыла турганыбыз ушул эле нерсе болсо, Кудай бизди тарыхтын жүрүшүн өзгөртүү үчүн колдонбойт.

> СОЗОЛОНГОН АЯЛДАР ТАРЫХТЫ СЕЙРЕК ЖАРАТЫШАТ.
>
> – LAUREL THATCHER ULRICH

Мен билем, бул цитата көбүңөргө чакырык жасашы мүмкүн. Мен аны биринчи окуганда ал мага чакырык жасаган. Бул жаман жүрүм–турумга буйрук эмес, бирок өзгөрүүлөр көп учурда биз кырдаалга каршы чыкканда келерин түшүнүүгө чакырат.

Өзүнүн «түштүк» маданиятынын жана автобус компаниясынын көз алдында автобустагы түстүү адамдар үчүн арткы орундуктарга өтүүдөн баш тартуу менен, Роза Паркс өзүн кемчиликсиз алып жүргөн жок. Бир аялдын өз ишенимине бекем кармануусу жана өз ордун таштабоосу бүткүл элдин расалык бөлүнүүгө болгон көз карашын өзгөрттү. Ошол учурда ал тарыхты жасап жатканын түшүнгөнүнө күмөнүм бар. Чечимдердин мотивдерин жана калтырган издерин ачууга убакыт гана кудуреттүү. Балким, Роза Кудай берген адамдык

кадыр–барктын кемсинтип, тепселене бергенинен жөн эле тажагандыр.

Дебора, Жаел, Тамар, Эстер, Батшеба, Абигейил, Рахап, жада калса Мариям жөнүндө эмне айтууга болот? (Бул библиялык гана мисалдар, бирок, алар дагы көп.)

Элди диктатордук башкаруучуга каршы чыгууга чакырып, эркектер менен бирге согушкан Дебора жоош кыз беле? Анын убагындагы жетекчилер андай деп эсептеген эмес. Бүтүндөй армия ага каршы көтөрүлсө да, бирок, жеңе алган жок. Кудайдын тандалган адамы Барак олку–солку болгондо, Дебора Кудайдын жетекчилигине бекем туруп, колунан келгендин баарын кылган.

Жаел жөнүндө эмне деп ойлойсуңар? Ал чатырдын устуну менен душманын өлтүрүшү керек беле? Ал уктап жатканда аны бийликке өткөрүп берсе болбойт беле? Балким, ошентсе болмок, бирок анткен эмес. Кудай анын тандоосун кабыл алып, анын кайраттуулугун бардык жерде жарыялоо үчүн, анын урматына ыр жазылган.

Тамарды да эстегиле. Эки жолу жесир калган аял сойку болуп кийинип, жесир калган кайнатасы патриарх Жүйүт менен жаткан. Анын бул аракети бардык жагынан таң калтырат. Кудай аны ушундай кылууга түрткү берген деп айтууга эч кандай негиз жок. Бул кадамды ал өзү тандап алган. Бирок, бул өжөр аялдын уулу Машаяктын асыл тукумуна кирген жана ал өзү болсо адил деп аталган.

Эстер падыша аны чакырганда гана ага кирүүгө болот деген буйругун аткарбай койгон. Артакшаштанын биринчи аялы каныша Башти тил албастыгынан улам падышанын үйүнөн куулган. Эстер муну баарынан жакшы билген! Бирок, бул эр жүрөк аялдын падышалык этикетти бузуусу еврей элин кыйроодон сактап калды.

Батшеба никедеги ишенимдүүлүктү бузган, бирок ал эң акылман Сулайман падышанын энеси болду. Рахап өзүнүн падышасын алдап, үйүндө душмандын чалгынчыларын

жашырган сойку болгон. Бирок, анын ишеними Жерихону кыйратуу учурунда анын үй–бүлөсүн гана сактап калбастан, аялдын уулу Дөөт падыша менен Ыйса Машаяктын асыл тукумуна кирип калган. Абигейил күйөөсүн алдаган. Бирок, муну менен ал үйүн сактап, болочок падыша Дөөттүн жүрөгүн багынткан.

Мариям «никесиз» баланы көтөрүп, Кудайдын Уулун төрөшү керек болчу. Эгер ал: «Турмушка чыкпаган жана боюнда бар – бул коркунучтуу көрүнөт! Адамдардын көзүнө татыктуу көрүнүшүм үчүн турмушка чыкканга чейин Кудай күтө алабы»– десе эмне болмок? Бул аялдардын тандоосун тарых гана актады. Алардын жүрөктөрү ойгонду жана жалындады.

Кооптуу жана сергек болуп туруп, буларга кандайча карайсың? Кандай тарыхты жаратасың? Уйкусунан ойгонуп, үй–бүлөсүн, коомду, дүйнөнү коргоо үчүн, турган коркпогон ургаачы арстандай боло аласыңбы? Сен ойгондуңбу? Так азыркы учурда жүрөгүңдө эмне күйүп жатат?

# 4

# КОРКУУ ЖАНА ТАҢ КАЛУУ

… мен таң каларлык жаратылгам. Сенин иштериң керемет...

ЗАБУР 139:14.

Арстандар күчтүү жана асыл болушат. Кыймылдары максаттуу, булчуңдары чыңалган, алар өздөрүнүн жана балдарынын жашоосу бүтүндөй алардын жөндөмдөрүнүн жана күчүнүн жалпылыгынан көз каранды экенин жакшы билишет. Басканда териси жылтырап турат. Бизден айырмаланып, терисинин бошоңбу же куйругу өтө узунбу, аларга баары бир. Алардын баары окшош экенине да маани беришпейт. Алар сырткы көрүнүшүнө абдан ыраазы.

Ургаачы арстандар укмуш!

Аларды жапайы жаратылышта байкап көргөндөн кийин, мен алар, чынында, бул жөнүндө билишет деген жыйынтыкка келдим. Эгерде адамдар менен арстандар баарлаша алышса, анда биз өзүбүзгө болгон сезимдерибиз менен арстандардын өздөрүн кандай кабыл алганынын ортосундагы карама–каршылыкты байкай алмакпыз. Келгиле, арстан менен болгон маекти элестетип көрөлү.

– Арстан, сен кереметсиң!

– Мен билем. Эмне кыла аларымды көрсөтүшүмдү каалайсыңбы?

– Ооба, – деп жооп беребиз, кызыгып.

– Менин чеңгелиме карачы, – дейт ал. – Көңүл бурсаң жакшылап.

Арстандын көтөргөн бутунан кантип тырмактарын бошотуп жатканын көрүп, таң калдык.

– Мен бул чеңгел менен балдарымды багыш үчүн бөкөндөрдү жыгып алам. Эми кара! – Тырмактарын артка катып койгондо, чеңгели кайрадан баркыттай жумшак болуп калат: – Таманым менен балдарым менен ойнойм, аларды күчтүү болууга үйрөтөм.

Эчак эле боёкторунда жарака кеткен тырмактарыбызды карап, башыбызды ийкеп макул болдук.

– Менин тишим кандай көрүндү сага? – деп кебин улантат арстан.

Анын курч тиштеринен коркуп, артка чегинебиз.

– Ушул тиштеримдин аркасында коргонуп, өлтүрүп, жей алам, бирок, ошол эле тиштерим менен балдарымды эч кандай зыян келтирбей бир жерден экинчи жерге көтөрүп кетем.

Биз бул кескин карама–каршылыкка баш ийкеп, жооп кайтарабыз.

Анан ушул жерде биздин арстаныбыз канааттануу менен үшкүрүнүп, сулуу экенин жыйынтыктап жатып:

– Мен абдан укмуштуудай жаратылганмын! – дейт.

Анан, чынында эле, биз: ал коркунучтуу жана таң каларлык экендигине макул болобуз.

Бирок, бир аз күтө тур... сен да так эле ошондойсуң.

> … мен таң каларлык жаратылгам. Сенин иштериң керемет…
>
> – Забур 139:14.

Мен силерди азыр арстандар жөнүндө билгендериңердин контекстинде ушуну үн чыгарып жарыялоого чакырам. Мага ишен, кымбаттуум, сен дагы айланаңдагы эркектер менен аялдар сыяктуу Кудайдын кереметтүү жаратылышысың. Болгону, бул кереметтүү нерсе биз энебиздин жатынынан чыкканда эле бизде токтоп калбасын өтө эле көбүбүз унутуп койгонбуз.

Сен жок дегенде арстан менен болгон биздин диалогубузга окшогондой баарлашуу менен акыркы жолу качан аял менен сүйлөштүң эле?

Кыязы, эки аялдын сүйлөшүүсү мындай болот:

– Сен кереметсиң!

– Рахмат, бирок, жалпысынан акыркы кош бойлуу кезимде алган ашыкча килограммымдан арыла элекмин.

Ар бирибиз жок дегенде бир жолу бала төрөгөнбүз (же башка аялдын төрөгөнүн көргөнбүз), өзүбүздүн кереметтүү жана таң каларлык жаратылганыбызды түшүнүшүбүз керек. Эмнегедир биз бул жөнүндө унутуп калганбыз, бирок, арстан унутпайт. Анын сулуулугу анын күчүндө экенин билет. Бул анын сырткы көрүнүшүндө эле эмес, анын денесинин мүмкүнчүлүктөрүндө. Анын жагымдуулугу талашсыз, анткени анын күчү шексиз. Ал өзүнүн денесинин кереметтүү жөндөмдөрүн билет жана андан ырахат алат. Арстандын ырахаты анын Жаратканына даңк алып келет. Ал күчтүү жана акылдуу, ал сыймыктанган жаш арстандарды алардай болууга үйрөтөт.

Күчтүн жана аракеттин сулуулугун эстеп калуу, биз үчүн абдан маанилүү. Мен азыр физикалык жактан келишимдүү болуу жөнүндө айтып жаткан жокмун. Мен физикалык жана рухий жактан аң–сезимдүү жана кыраакы болуу – көңүл бурулган – жана натыйжада, Кудайдын биз үчүн кандай гана тапшырмасы болбосун, даяр болуу жөнүндө айтып жатам. Ал эми, биз чыныгы арстан болгубуз келсе, күчтүү болушубуз керек. Жакында эле мен өзүбүздүн ичибиздеги күчтү баалабай коюу канчалык оңой экенин түшүндүм.

## ТУУРА ЭМЕС «ЖҮКТӨП АЛУУ»

Менин бир жумага созулган адашуум кантип башталганын айтып берейин. Австралиядагы кызматтан кийин аябай чарчаган болчумун. Беш жолугушуу аяктады, жекшемби күнү кечинде, күн аяктап бараткан. Мен конференцияны өткөрүү үчүн талыкпай иштеп жаткан лидерлик топ менен убакыт өткөрүүгө чакырылдым. Уйкунун жетишсиздиги, тамак–аштын көптүгү жана Кудайдын батасы сыяктуу бир нече факторлордун айкалышуусунан улам баарыбыз алаксып, кубанычыбыз койнубузга батпай турган эле.

Ушул жайбаракат абалда лидерлердин бири мени менен өзүнүн тыянактары жана ачылыштары менен бөлүштү: «Билесиңби, баары мени бир нерселерди байкаганга абдан жакшы деп айтышат. Бүгүн эртең менен жекшембидеги жыйында мен сенин кимге окшош экениңди чебердик менен аныктадым».

– Кимге? – деп сурадым.

Ал эч ойлонбостон дароо эле:

– Сен куюп койгондой Сара Коннорсуң.

Жаңы эле укканымды түшүнүүгө аракет кылганым, узак тыныгууга айланды.

– Күтө турсаң... ал блондинка эмеспи? – Мен ынанбагандыктан каршы чыктым.

– Ооба, ооба, бирок мен анын чачтарын айткан жокмун. – Ал башын чайкап, колун булгалады. – Мен анын бетинин формасы, фигурасы, анын... кантип айтсам болот... чымыр фигурасы жөнүндө айтып жатам, – деп түшүндүрдү ал, анын бетинин өзгөчөлүктөрүн абада чийип жана анын каарду фигурасын сүрөттөп.

*Ал чындап эле «чымыр фигура» жөнүндө айттыбы?*

Оо, бул сөз чыныгы дүйнө жөнүндө эмес, бир гана кино жөнүндө болчу, бирок ал менин бардык көңүлүмдү бурду. Анан да, салыштыруу абдан апыртылганына карабастан, эми

мен Сара Коннорго окшошкум келди! Мени ошол булчуңдуу аял катары элестеткен адамдын идеясын же образын кууп чыккым келбей, макул болуп баш ийкедим. Мен ойлорум менен жалгыз калып, Америка Кошмо Штаттарына кайтып келгенден кийин *«Терминатор»* тасмасындагы бул чымыр аялды көрүүнү чечтим.

Бир күн үйдө, мен медиагений уулум Алекке тапшырма бердим.

– Сара Коннор кандай көрүнөрүн мага таап бере аласыңбы? Мен аны көрүшүм керек. Адамдар менин ага окшош экенимди айтып атышат, – дедим.

Ал бир аз олку–солку болду, бирок андан кийин Сара Коннордун футболкачан, кичинекей тегерек көз айнекчен, колунда автоматы бар сүрөтүн тапты. Абдан ынанымдуу! Ал ырайымсыз, жарашыктуу, бекем көрүндү. Анын энелик сапаттары көз алдыма дароо түштү деп айта албайм. (Бул мен үчүн маанилүү болчу, анткени мен балдарды тарбиялоо жана эне болуу жөнүндө насаат айтып жүргөм.) Бирок, бир четинен карасак, энелик ар кандай кырдаалдарда ар башкача көрүнүшкө ээ эмеспи?

Маселе өзүңөрдүн уулуңарды өлтүргүч Роботтордон коргоо үчүн болуп жатканда – күчтүү болуудан, курал–жарак колдонууну билгенден, *«энеликтен»* өткөн эмне бар?

Алек да мен үчүн видеоклиптерди тандап койду. Бул 1980–жылкы популярдуу монтаж мени өзүмөн чыгарып салды го деп ойлойм! Бул Сара Коннордун мотоциклде бир колу менен куралды октоп же психиатриялык оорукананын бөлмөсүндө керебетке бутту илип коюп тартынмай кадрлары. Ошол учурда мен ал болуп калгансыдым!

Эгерде мен өзүмө: *“Лиза, сен* өмүрүңдө жок дегенде бир жолу тартынып көрдүң беле?” – деген жөнөкөй суроону берсем, мен бул жиндиликке чекит коё алмакмын.

Бирок, жок! Тескерисинче, мен өзүмдүн элестетүүмө жол бердим. Мен Сара Коннордун тартынып атканын көргөндө,

менин колдорум да ошондой күчтүү деп элестеттим жана бул менин ага окшоп эч кандай кыйынчылыксыз тартылуу жасай алам деген ишенимимди ойготту. Албетте, өзүмдүн элестетүүмдө мен ал сыяктуу “күчтүү” болуп калгам. Ал эми, физикалык абалымдын туу чокусунда болгон убагымда да, дене тарбия сабагынан мектепти бүтүрүү сынагында, жок дегенде бир жолу араң тартынганымды көз жаздымда калтырдым. (Мен астымда крокодилдерди элестеткендигим үчүн гана ал жакта асылып турчумун.)

Эмнегедир мен эки ийиним жаракат алганын таптакыр унутуп калдым – бири лыжа тээп, экинчиси жөнүндө айтууга мүмкүн болбогон окуядан.

Ойлонуп көрсөңөр, мен *бир да* жолу тартына албайт элем! Бирок, мунун баары маанилүү эмес эле! Ошол учурда мен ойлочумун: “Сара эмне кыла алса, мен да ошону жасай алам” деп. Эми мен ага окшошуп эле тим болбостон, өзүмдү ошого окшоп алып жүргүм келди. Эмне үчүн супер айымдын биринчи аракети ийгиликтүү болгон? Анын аракет кылуу убактысы келгенде, ал уулун коргоого, сактап калууга күчтүү жана даяр болгон. Охо! Мага жашоонун оор учурларын пайдаланып, күч топтогон аялдар жагат. Сара жана мен? А эмнеге болбосун, анткени биз эже–сиңдидей болуп калдык го!

Бүткул ушул адашуулар учурунда мен буга чейин эч качан жасабаган нерсени жасадым: мен Gold’s Gymга фитнес клубуна чалдым.

Мага укмуштуудай машыктыруучу жөнүндө айтып беришкени эсимде, мен анын атын сурадым. Фитнес клубдун катчысы мени ага байланыштырды.

Кубанганымдан улам, Роберттен бүгүн бош убактысы барбы деп сурадым. Бир нече жеке машыгуу сабактарын элестетип да койдум. Үч, балким төрт сабактан кийин, Сара экөөбүз эгиздей болуп калабыз. Ооба, эгиздей... чачтары ар кандай түстөгү, анткени, мен блондинка болбойм деп чечтим, бирок булчуңдуу, рельефтүү колдорубуз бири–бирибизге күзгүдөгүдөй болуп

чагылышы үчүн, иштөөгө даяр болчумун.

Роберт менин жөндөмүмдү баалоо үчүн, бир нече сааттан кийин мени менен жолугушууга макул болду.

Баалоо деген сөз мени эсиме келтириши керек болчу, бирок, андай болгон жок. Мен трубканы коюп, Алектен мага бир нече керектүү ырларды тандап берүүсүн сурандым. Ал даярдап бергенден кийин мен: «Мен спорт залга барам. Мени менен ким барат?» – дедим.

Эки уулум сунушту кабыл алып, спорт залга бардык. Бир күн мурун iPod'га жүктөлгөн музыка менен мен өзүмдү эң сонун сезип жаттым. Кийинки жолу мен футболка кием деп ойлойм, машыктыруучу мени Сара Коннор деп тааныйт!

Ушундай көтөрүңкү маанайда машыгуу залына макулдашылган сааттан бир аз эрте келип, келечектеги машыктыруучумду алыстан көрдүм. Ал жаңы камкорчусу менен таанышканда абдан ыраазы болот. Албетте, ал максатка жакындап калган адамды тарбиялаганынан жетинчи асманда болот.

Мен өзүм жок дегенде ушундай деп элестеттим!

Роберт окуучусу менен көнүгүү жасап жатып, мени жылынуу үчүн алыстан чуркоо тилкесин көрсөттү. Чуркоо тилкеси бурчта болчу жана машыктыруучумдун кардары мен куражтуу аял экенин көрдүм. Өзүм жөнүндө мурда элестеткен нерселердин баарын... Мен аны андан көрдүм!

Булчуңдуу гана эмес, бирок, күнгө күйгөн дагы. Ал өзүнүн камуфляж өңдүү майка жана шымы менен кезектеги Сарадай көрүндү. Ошол маалда биринчи жолу ичимдеги жаман ойлордун бири козголду. Спорт залдын жарыгында колдорумду жакшылап карасам, алардын саргайып, кубарып, ал тургай, бир аз жашыл болуп көрүнгөнүн байкадым.

Бирок, көз ирмем күтө тур! Мен коркунучка багынбайм!

Эгерде менин күн тартибим бошураак болсо, мен да күнгө күйгөн болмокмун. Бул чакырыкка жооп кылып, мен чуркоо жолунун ылдамдыгын бир нече тепкичке жогорулаттым. Менин

булчуңдуу денем ансыз деле күйгөн болчу, бирок, ал мына–мына көрүнмөк.

Бир–эки көнүгүү, бир нече мүнөт күн астында болуу – анан мен ошол аял болом! Акыр–аягында, Сара эмне клиниканын палатасында камакта жатып машыкканбы?

Мен көзүмдү башка жакка буруп, iPodду жандырдым да, эң ынтызарлык менен баса баштадым.

Көп өтпөй машыктыруучу келип, мени сооротуп жылмайып: «Дагы он беш мүнөт жүрө бер, анан жолугуп, тапшырмаларыбызды талкуулайбыз. Аңгыча, мен кардар менен машыгууну бүтүрөм» деди.

*Он беш мүнөт? Ал олуттуубу?* Бир жерден сегиз мүнөт жетиштүү деп окуганым эсиме түштү. Бирок, мен биринчи күнү эле машыктыруучумдун көңүлүн калтыргым келбей, жылмайып коюп, машыгууну уланттым.

Он беш мүнөттөн кийин мен тепкичтен түшүп, таразаны табуу үчүн аялдардын чечинүүчү бөлмөсүнө жөнөдүм. (Мен өзүмдү таразага тартканды унутуп калдым, бул маалымат менин машыктыруучума керек болушу мүмкүн.) Бул мен чындап эле бул булчуңдуу аялдан кыя өтүшүм керек дегенди түшүндүргөн. Мен анын жанынан өтүп бара жатканда, ал оор дем алып жатып, менден минтип сурады:

– Эй, сен да Роберт менен машыгасыңбы?

Мен башымды ийкеп, бөтөлкөмдөгү суудан бир ууртам ууртtадым.

– Ал жөн гана мени өлүмгө алып келди! – деп, араң дем алып, тренажердун үстүндө басуусун уланта берди. – Мен жүктөргө көнүп калдым, бирок, Роберт – бул таптакыр башка деңгээл. Мен токтоп калдым.

– Бирок, сен күчтүү жана чымыр эмессиңби ...

Ал мага жооп берүүгө күчү жетпегенсип, башын чайкады.

Роберт мага залдын башка бурчунан телефон чалып, кабинетине баруу үчүн кол булгалады. Мен машыгуу залына

мурдагыга караганда бир топ ишенимсизирээк жакындадым.

– Мен жөн гана өзүмдү таразага тартып көргүм келди, – деп кобурадым.

Бирок, аны азыр менин салмагым такыр кызыктырган жок. Роберт менин канчалык күчтүү экенимди билгиси келди.

– Өзүң менен сүлгү ала келдиңби? – деп сурады ал.

– Жок, – деп жооп бердим жана машыгуу учурунда сейрек тердеп жатканымды түшүндүрдүм. Эми ошол маекти эстеп, мен сейрек машыгам десем туурараак болорун түшүндүм.

## АРЫК ЧЫРАЙ ТОМПОК

Бул басынтуу процесси азыр так эсимде жок, бирок ошол окуяларды эсимде кайра жаратууга аракет кылам. Сыноом өзүнчө бөлмөдө өткөрүлөт деп жаңылыш ойлосом да, тренер мени түз эле залдын ортосуна чейин узатып койду.

Бош орун тапканда Роберт менден «онду» кылууну суранды.

Мен онго жакын отжимания экенин түшүндүм, бирок мен аларды кантип так аткарышымды билбей калдым.

– Сиз кыздар үчүн отургучтан отжимания деп жатасыз да ээ?

– Жок, кадимкидей эле отжимания, – деди ал ынтызарлык менен, планшети менен калемин мага коркута такап.

Мен полго жатып алып, он жолу алсыз, солкулдаган, олдоксон отжиманияларды жасадым.

Дал ошол маалда «Молодец, Лиза!» деген шыктандырган сыяктуу сөздүн же кандайдыр бир эс алып алуунун ордуна, ал дагы муну кошту:

– Эми жыйырма беш жолу кол чаап секирүү.

Мен түшүнбөй калдым. Кол чаап секирүү кыйын көнүгүү эмес экенин билчүмүн, бирок, аларды кантип жасаганым эсимде жок.

– Мен качан башымдан ашыра кол чабуум керек? – деп сурадым.

Роберт жооп берген жок.

Кол чаап секирүү менин түшүнүгүмдө кандай болсо, ошондой кылып жасай баштадым. Ыңгайсыз секирип жатып, спорт залдагы адамдардын баары акырындап мага көңүл бура баштаганын байкадым. Уулдарым да баштарын чайкап, мени карап күлүп жиберишти.

– Азыр эми полго жатып, дагы онду жаса, – деди Роберт.

Бир аз дем алып, убакытты утууга аракет кылып, сурадым:

– Отжиманиябы же секирүүбү же дагы бир нерсе дейсизби?

Отжимания, – деди ал кургак гана.

Мен жерге узунуман кериле жаттым, бирок, бул жолу мага андан да кыйын болду. Колум титиреп жатты. Денемди өйдө–ылдый көтөрө албай, кыйналып турганым кайгылуу көрүнүп турду.

Роберт комментарий айтты:

– Дагы жыйырма беш жолу кол чаап секирүү.

Бул жолу мен баарын туура кылгым келип, кайра сурадым:

Башымдан өйдө кол чабуу мененби?

Таң калганым, менин өзүмө үнүм чыңалгансып чыккандай сезилди.

– Бул маанилүү эмес... Алга! – деп буйруду ал.

Бирок, бул мен үчүн маанилүү болчу! Ал эми, бүт спорт залдын алдында апасынын секирүүсүнөн жана кол чабуусунан уялып, жерге кирип кетүүгө даяр болгон уулдарым үчүн маанилүү эле.

Бирок, бул менин азабымдын башталышы эле. Мени дагы бир өтө эл жык–жыйма жерге жиберди, ал жерде отурган абалда буттарымды көтөрүүгө туура келди. Бул жолу мен муну кантип жасоону билдим.

Мен симуляторго чыгып, көрсөтмөлөрдү күттүм.

– Бутту он беш жолу көтөрүү.

Фигурам суктанаарлык деп эсептеп, тиземди белге чейин көтөрдүм.

– Жок, андай эмес! – деп айтты Роберт. – Бутуң түз болушу керек... жана аларды ушул бийиктикке чейин көтөрүшүң керек.

(Ал колу менен белимден жогору турган бийиктикти көрсөттү.)

Колумдан келишинче буттарымды сермедим, бирок анын колуна жете албадым.

– Жогорураак, – деп кубаттады ал.

Бул тамаша болдубу? Он беш? Бир жолу да кыла албадым. Мен анын колуна бир–эки жолу жеткенге жетиштим – оо, балким нөл жолу! – бирок мага ал улам эле колун бийик көтөрө бергендей туюлат!

Менин оюмча, мунун артынан гантелдерди көтөрүү турган, бирок, менин эсимде бул тууралуу бүдөмүк жана так эмес нерселер калган.

Роберт гантелдерди тандап жатканда мен отургучка отурдум. Ал 1,5 килограммдык гантелди алып кайтты. Мен жылмайдым. Бул жолу мен аны күчүм менен таң калтырам.

– Роберт, мен адатта алты кг.дык гантельдерди көтөрөм, – деп түшүндүрдүм.

– Адегенде буларды көтөрүп көрөлү, – деди ал жооп катары.

Мен гантелдерди суу, калтыраган колдорум менен кармадым.

– Аларды ушинтип көтөр.

Мен билем дегендей баш ийкедим.

Мен аларды оңой көтөрдүм.

– Жок андай эмес. Ушундай болуш керек, – деп колумду бир аз башкача багыттады ал. – Аларды ушул абалда кармап, өйдө көтөрүү жана түшүрүү керек.

Бир нерсе туура эмес болду! Мен ал гантелдерди бир нече см.ден ашык көтөрө алган жокмун! Балким, отжимания күнөөлүүбү, анткени колум кыймылдабай калды. Мен дагы бир жолу аракет кылдым жана дагы эле колумду бир нече см.ден ашык көтөрө алган жокмун. Коркуп, Робертти карадым, бирок, ал эчак эле жеңилирээк гантелдерди издеп бурулуп кетиптир. Тагыраак айтканда, бул бөлмөдө болгон эң жеңилдер гана. Бул кантип мүмкүн болгон?

– Чынын айтсам, мен көбүнчө алты килограммдык гантелдерди... кээде жети кг.ды көтөрөм, – деп кобурадым.

– Сен туура эмес кылыпсың, – деп жыйынтыктады ал.

Менин азаптарым бүткөндөн кийин Роберт мени кайра кеңсесине чакырды. Көкүрөгүм титиреп, буттарым титиреп, Сара Коннор катары өзүмдүн оюм толугу менен жок болду!

Мен мында эч кандай сынактан өткөн жокмун.

Роберт сөздү капалуу баштады. Ал менден салмагымды сурады, анан сандарды жазды. Ал менин жаракатым барбы деп сурап, «фигура» графасында «унисекс» деп белгиледи. Оң тиземде жана сол ийиндеримде көйгөйлөр бар экенин түшүндүрдүм. Анкетада менин жаракаттарым жазылган. Анан ал мага *Nintendo* джойстикиндей бейкүнөө көрүнгөн колдук аппаратты – менин душманымды берди.

– Эки колуң менен аны маңдайыңда карма, – деди Роберт. – Ал денеңиз аркылуу электр тогун жиберет жана сиздин майыңыздын так пайызын аныктайт.

Ал баштоо баскычын басып, экранда сандар пайда болгонго чейин бир аз тыныгуу болду.

Натыйжа мени өзгөчө таң калтырган жок, бирок, Роберт денемдеги майдын канчалык жогору экенине таң калды.

– Балким, мен аппаратты туура эмес кармап алгандырмын, – дедим.

Процессти кайталадык, кандайдыр бир жол менен пайыз бир бирдикке көбөйдү.

– Балким, сынып калгандыр, же мен суусуз калгандырмын.

Мына ошол убакта уулум Алек кеңсеге кирип келди.

– Мен аракет кылып көрөйүнбү? –деп сурады ал.

Бум! Анын денесинин майы болгону 5,2% болгон.

– Анан сенде канча болду эле, апа? – деп сурады ал.

Жооп бербестен, мен аны кабинеттен чыгып кетүүгө ишарат кылдым.

Роберт башын чайкап, эки сүрөтү бар кагазды алып чыкты.

Бул **бифштекс**тин кесимине окшош экен. Бири арык, экинчиси андай эмес болчу. Мен экинчиси болдум.

– Силерди биз эркелетип «арык чырай томпок» деп атаган адамсыңар, – деди ал.

Бул үрөйүмдү учуруп, мен жигердүү жашоо образын алып жүргөнүмдү айтып, наразы боло баштадым, ал тургай өтө эле бош эмес адам экенимди айттым. Мен спорт залдагы офистеги пластик отургучка отуруп алып, мага жалкоо жана үйдө отурган деп жарлык тагылуусун каалабайм!

Роберт муну билип туруп, башын ийкеди.

– Силер активдүү болуп жана дайыма бутуңарда турганыңар үчүн, денеңерге керектүү энергияны кармап туруу үчүн протеин жетишсиз болушу мүмкүн. Ошентип, силердин денеңер майларды күйгүзбөй, керектүү энергияны алуу үчүн булчуңдарды күйгүзөт.

Менин таң калганымды байкап, ал сөзүн улады:

– Адамдар **бифштекс** жеген сыяктуу. Силер көбүнчө эмне кыласыңар? Майын кесип салып, анан этин жейсиңер. Дене менен да ошондой эле болот. Бул этти, тактап айтканда, булчуңдарды жейт; ал эми булчуңду жоготкондо күч жоголот. Аны кайра калыбына келтирүүнүн бир гана жолу – тынымсыз машыгуу.

Ал залдагы кээ бир менден бир топ семиз аялдарды көрсөтүп, алардын денесинин майы меникинен жогорураак болуп көрүнгөнү менен, тескерисинче, чындыгында туура экенин айтып, менин жараатыма туз септи. Ал ошондой эле, менин майымдын көбү (бул жерде мен толугу менен тынчсыздандым!) белде же жамбашта эмес, менин колумда топтолгондугун аныктады!

Мен эң булчуңдуу деп эсептеген дене бөлүктөрүм менин эң алсыз жерим болуп калганы кандай өкүнүчтүү!

Сара Коннор экөөбүздүн биргеликте керилип–чоюлганыбыз жөнүндөгү бардык ойлорум жок болуп кетти! Эми менде

чыныгы тандоо бар болчу. Мен булчуңдарымды күйгүзүп, ошону менен келечектеги потенциалымды жана күчүмдү майып кылгым келдиби? Мен «томпойгон арык» же «жасалма булчуң» деген наамга ыраазы боломбу же чындап эле күчтүү болууну чечемби? Ушунча шермендечиликти, уятты баштан өткөргөндөн кийин, мен күчтүү болуу чечимине келдим! Мен үчүн бул жөн эле кийим менен сулуу көрүнүү дегенди билдирбейт. Анткени, мен бул максатыма жетип, “арык чырай томпокаял” болуп калдым. Тескерисинче, бул алсыз жерлериңди аныктап, денеңдин эң аялуу жерлерин энергиянын жана күчтүн булагына айландырышың керек дегенди билдирген.

Мага арыкташ керек эмес, мен күч алышым керек болчу.

Менин салмагымдын анчалык болушу денемдин абалын жана ден соолугун аныктай албасын түшүндүм. Мен эмнеден жаралган элем? Сыноо учурунда, күчтүү силкилдетүүлөрдө чыдап турууга менин күчүм жетет беле? Тоолорго чуркабасам да, кыска аралыкка чуркай алмакмын. Бирок, кошумча аралык кошулса же кандайдыр бир каршылык болсо, анда мен жеңилип калмакмын. Эмнеге? Анткени, бул кошумча жүктү көтөрүүгө абдан эле алсыз элем.

Мен дененин ар кандай абалында бир аз гана салмакты көтөрө алчумун. Ошондуктан, Роберт мен үчүн адатка айланып калган денемдин абалын өзгөрткөндө, гантелди көтөрө албай калдым.

Качан алсыз жана эң аялуу булчуң топторуна күч келгенде, алар өтө аз колдонулгандыктан, менин күчүм мени уят кылып койду.

Менин кырдаалымда баары ушунчалык кескин өзгөргөндүктөн, азыр да, мен бул китепти жазып жатканда, машыгуу залына чуркоо каалоосу менен иш жүзүндө күрөшүшүм керек. Мен «алсыз» дегенди угуу үчүн эмес, булчуңдуу, күчтүү экенимди текшериш үчүн спорт залга барам.

Өзүм жөнүндө уккандарым мага жаккан жок. Бирок, чындыкты билүү жана анын жашоондо алсыз жактарын бекемдей тургандай иш алып баруусуна жол берүү кандай

сонун! Ал эми, азыр менин күчтүү болушум үчүн, алсыз жактарымды ачууну каалаган бир бөлүгүм бар.

Жашоомдун бул алсыз жерлерин мен өз алдымча аныктай албайм. Мага машыктыруучунун жардамы керек болот, демек, мен аз эмес акча төлөшүм керек жана бул абдан азаптуу болот.

## ЖЕҢИЛБЕС АДАМДАР

Бул жолугушуудан кийин мен айланада физикалык жактан эмес, рухий жактан мындай “арык толуктардын” канчасы бар экенин ойлоно баштадым. Сыртынан караганда, биз жакшынакай эле көрүнөбүз, бирок жашообузга бир аз жүктү кошконубуз абзел – жана биз аны көтөрө албайбыз. Биз жайбаракат, кадамыбыз өлчөнгөн, жылмакай жерде жүргөндө жакшыбыз. Бирок, жашоо – биз башкара ала турган чуркоочу жол (**беговая дорожка***)* эмес. Биз Кудай менен бара жатабыз жана мен эңкейиштин да, ылдамдыктын да күч алып жатканын сезип турам.

Эмне үчүн мен муну сиздер менен бөлүшүп жатам? Анткени, мен Машаяктын денеси дээрлик толугу менен өзгөрүүнүн туу чокусунда жана кыйшаюусуз жогору көтөрүлүп жатат деп ишенем. Бирок, мен муну ойлоп тапкан жокмун. Кудай мындай дейт:

> “Тур, Сион кызы! Өзүңдөгү топонду ташта, “шлактан” тазалан. Мен силерди жеңилбес адамдар кылам”.
>
> – Михей 4:13, *Message*дин котормосу.

Байкасаңар, Кудай «көзгө көрүнбөгөн» деп айтпады. Ал «жеңилбес» деди! Анын кыздары бул жерде кудуреттүү күчкө ээ болуш керек. Сиз көптөн бери өзүңүздү жеңилбес сезгенсизби?

Балким, бул кичинекей кыз болуп чуркап ойноп жүргөн кезиңерде болгондур. Сен качып кетем деп караңгыда жашынып жүрүү үчүн жаралган жоксуң. Сен жарык жана үмүт алып келүү үчүн жаралгансың. Сен Сиондун жеңилбес, бузулбас,

майтарылбас кызы болуп жаралгансың. Азыр да мен бул сөздөрдү угуп жатам: «Тур, Сион кызы, бутуңа тур! Кудай сени жеңилбес кылгысы келет».

Көпчүлүк учурда биз тазаланып, чабылып жатканда руханий күчкө ээ болобуз. Михей китебинин төртүнчү бөлүмү бул кысым кандай экенин түшүнүүгө жардам берет:

> Ошол жерде куткарыласың, ошол жерде Теңир сени душмандарыңдын колунан куткарат. «Ал булгансын, Сиондун кыйроосун көзүбүз көрсө экен» деген көптөгөн элдер азыр сага каршы чогулушту. Бирок алар Теңирдин ойлорун билишпейт, Анын кеңешин түшүнүшпөйт, анткени Теңир аларды кырмандагы боолордой кылып чогултту.
>
> – Михей 4:10:12.

Мен бул убаданы жакшы көрөм. Көңүлүң чөккөндө, душманың сени өлтүргөнү келе жаткандай сезилгенде, Кудай сени алтындай тазалап, иштеп жатат. Кудай Өз балдарын таза, баалуу жана туруктуу кылуу үчүн сыноолорду катализатор катары колдонот.

Массалык маалымат каражаттары же жеке адамдар Ыйсанын жолдоочуларын сындаганда, кээде алардын айткандарында кандайдыр бир чындык бар. Биз бул сынды конструктивдүү кабыл алып, андагы болгон чындыкты талдап чыгышыбыз керек. Эгер кимдир бирөө бизди орой, сынчыл, сүйө албайт десе, анда башкалардын пикирин четке каккандын ордуна, өзүбүзгө Кудайдын Сөзүнүн негизинде карап көрүшбүз керек. Өзүбүздү сынап, керек болсо кечирим сурашыбыз керек.

Бирок, мындан тышкары биздин душманыбыз шайтандын кемсинткен айыптоолору бар. Кээде анын чабуулдары ачыктан–ачык эле калп (мисалы, Теңирибизге акаарат келтиргенде). Башка учурларда, анын чабуулдары таза эле жамандык, мисалы, Кудайдын балдарынан Теңирден баш тартуусу талап кылынганы, антпесе, алар өлүм жазасына тартылышы (инквизициянын

убагын эстесеңер). Шайтандын мындай чабуулдарын талдоо мүмкүн эмес, бирок чындыкты тайманбастык менен жарыялоо жана Кудайдын ишенимдүүлүгү менен жеңүү керек. Мунун бир мисалын Аян китебинде көрөбүз:

> Алар аны Козунун каны менен, өздөрүнүн күбөлөндүрүүсү менен жеңишти. Алар өз өмүрлөрүн аяшкан эмес, өлүмгө баш байлашкан.
>
> – Аян 12:11.

Михей пайгамбардын Китебинен 4:13тү окуп жатып, мен Кудайдын: «Жетишет! Сен менин элимди жок кылдым деп ойлодуң, бирок андай кылган жоксуң. Тескерисинче, сен аларды даярдадың!» деп катуу айтканын уктум. Ысрайыл бизге үлгү. Ысрайылдыктар адашып кеткенде, душман аларга каршы күч менен көтөрүлдү, бирок, бул сыноо аларды тазалады. Ошол учурда, душман жеңишти чыдамсыздык менен күтүп жатканда, Кудай Өз элин жаңыртып, жеңишке жеткирди.

## ИШ МЕНЕН КӨЗҮ БАЙЛАНЫП КАЛГАНДАР

Анда, күчкө ээ болуу үчүн эмнеден башташыбыз керек? Биздин жалпы жана жеке рухий абалыбызга чынчыл баа берүүдөн баштайлы. «Томпойгон арык» деген сөз биздин Машыктыруучубуз Ыйсанын сөздөрүнө салыштырмалуу абдан таза угулат. Сиз Аян китебиндеги Анын баасын окудуңуз беле? Жети жыйындын экөө гана анын катуу сыноосунан өткөн. Бул жерде сынактан өтпөй калгандар үчүн бир нече эскертүүлөр:

> Мен сенин иштериңден көрүп турам; айланаңдагылардын баары сени энергиялуу жана ысык деп ойлошот, бирок сен өлүксүң, толугу менен өлүксүң. Тур, терең дем ал, балким сенде дагы деле жашоо бардыр. Бирок, сенин бош эместигиң үчүн Мен аны көрө албайм, анткени Кудайдын иши эч качан бүтпөйт. Сен айласыз абалдасың. Бир жолу сенин

колуңа берилген, кулагың уккан – Кабарды эсте, аны
кайра жандандыр жана Кудайга кайт.

– Михей 3:1:3, *Messageдин котормосу.*

Физикалык машыгуу булчуңдарымды күчтөндүрүүнүн ордуна алсыраткан сыяктуу, руханий иш менен алек болуу рухий күчтү өнүктүрбөйт. Ал бизди Кудайдын ишинен алаксытып, күчүбүздү алсыратат. Ыйса дагы жыйындын өнүгүшүнө баа берет:

Сенин иштериңди билем. Сен муздак да, ысык да
эмессиң. Атаганат, сен муздак же ысык болсоң эмне!
Сен ысык да, муздак да эмес, жылуу болгонуң үчүн,
Мен сени оозумдан бүркүп чыгарып салам. Анткени
сен: «Мен баймын, байып калдым, эч нерсеге муктаж
эмесмин», – деп айтып жатасың. Бирок сен өзүңдүн
бактысыз, аянычтуу, жакыр, сокур жана жылаңач
экендигиңди билбейсиң.

– Аян 3:15:17.

Бул эмне? Кудай тирүү адамдарды өлүк, ал эми бай адамдарды жакыр жана байкуш деп жатабы? Бул эки топтогу адамдар тең өзүлөрүн башкача көрүшкөн, бирок Ыйса алардын чыныгы абалын ачып берүү менен, аларды таң калтырган. Эмне үчүн биздин Жакшы Кайтаруучубуз ушунчалык... орой болгон? Бул суроого ал Өзү жооп берет:

Мен кимди сүйсөм, ошолорду ашкерелеп, жазалайм.
Ошондуктан тырышчаак бол жана тобо кыл.

– Аян 3:19.

Кудай биздин рухий абалыбыз боюнча биз менен чынчыл, анткени Ал бизди сүйөт. Ал бизди эң жогорку деңгээлде жашай алышыбыз үчүн машыктырат. Бул өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн, Ыйса нерселердин чыныгы абалын көрсөтүү менен, бизди таң калтырууга даяр. Бул эскертүүгө уялуу, күнөөлүү сезим же

айыптоо менен жооп бербеш керек. Тескерисинче, бутубузга туруп, артка бурулуп, бирок Кудайдын артынан күч үрөп чуркайлы.

## ТЕҢ САЛМАКТАНГАН ЖҮКТӨМ

Сол ийин менен тиземдин соо эмес экенин жогоруда айттым. Машыгуу учурунда мен мунун себебин түшүндүм: сапарга чыккан сайын сумкаларымды дээрлик дайыма сол ийиниме көтөрүп жүрчүмүн, жүк денемдин сол жарымына түшчү. Эс алуу сол ийин менен тиземдин айыгышына жардам берди, ал эми көнүгүү – сол капталымды бекемдеди. Сумкаларды жана компьютерди эки ийиним менен көтөрүп, денемди тең салмактуулукка келтирдим. Канчаларыбыз жүктү же салмактарды денебиздин бир тарабына гана көтөргөндүктөн, рухий жактан ооруп жатабыз? Бул Машаяктын Денесинде эки тарап катары эркектердин да, аялдардын да жүктү ийиндерине көтөрүүнүн зарылдыгын гана көрсөтпөстөн, ошондой эле, биз жеке адамдар катары да өзүбүздү — рух, жан жана дене катары кантип бекемдешибиз керек экендигин көрсөтүп турат. Эски сыныктарыбызды (травмаларыбызды) сылап–сыйпай бербей, Кудай менен жүрүүнүн убагы келди!

143–забурда Кудай Анын уулдары менен кыздарынын рухий мааниде кандай жүктү чогуу көтөрөрүн сонун кылып сүрөттөйт.

> Уулдарыбыз жаш чагында дүркүрөп өскөн өсүмдүктөй болсун, кыздарыбыз ак сарайлардагы чеберлик менен коолдолгон мамылардай болсун.
>
> – Забур 143:12.

Ыйык Китептин *«Жаңы тирүү котормосунда»* мындай деп айтылат*: «*Ылайым уулдарыбыз жаш кезинде *гүлдөп өсүүгө жетсин».* Элестетип көргүлөчү, бакубат уулдардын мууну, демек, алар жаш кезинен эле күчтүү болуп, гүлдөп, ал тургай, Кудайдын жакшылыктарына мактанышат. Бул биз көрүп көнүп

калган нерсеге кандай карама–каршы келет: өспүрүм курактагы жана жаштык курактагы эркектер өз күчүн жана жаштык энергиясын ойлонбой сарпташат.

Кыздары бул жерде мамыларга салыштырылат. «Мамы» деген сөздүн аныктамасын карап көрүп, анын эки негизги мааниси бар экенин байкадым: биринчиси *«колдоо»* системасын (мис, мамы, таяк, мачта, таяныч, тирөөч) сүрөттөйт; экинчиси «лидерди» көрсөтөт. Анан бул түшүнүк жогоруда айтылгандардын баарын өзүнө камтыйт.

Мен бул үзүндүдө Кудай Өзүнүн үйүнүн архитектуралык сүрөтүн тартып жатат деп ишенем. Биз аялдар жасалгалоодон башка да көбүрөөк нерсеге катышууга даярбызбы? Биз Кудайдын үйүнүн чатырын көтөрүүгө даярбызбы?

Бул суроолор бизди кайрадан машыгууга жана максатыбызга жетүү үчүн күчүбүздү бекемдөөгө жөнөтөт.

*Андыктан, жеңиш үчүн чуркагыла! Бардык жакшы спортчулар катуу машыгышат.* Алар мунун баарын өчүп, бүлбүлдөп бараткан алтын медаль үчүн жасашат. Силер болсо, муну түбөлүктүү алтындан сыйлык алуу үчүн жасайсыңар.

> Силерди билбейм, бирок мен маарага карай катуу
> чуркап баратам. Колумда болгондун баарын берем.
> Жалкоолонуп жашоо мен үчүн эмес! Мен дайыма
> күжүрмөн даярдыкта жана эң жакшы формадамын.
> Айланамдагылардын баарына туура жашоону үйрөтүп,
> өзүм мындай жашоодо жашабай, уйкусураган
> жашоодо жашаганга мен өзүмө жол бербейм.
>
> – 1 Кор 9:24–27, Messageдин котормосу.

## ЭСКИ ЧЕКТӨӨЛӨРДҮ КАЛТЫРУУ

Мен эч качан жакшы спортчу болгон эмесмин. Мектепте окуп жүргөндө сууда сүзүүнү, лазаньяны жана түнү бою кечелерде жүрүүнү жакшы көрчүмүн. Бирок, мен эч качан жеңиш үчүн мелдешкен эмесмин. Мен маарага жетүү үчүн сүздүм. Үчүнчү

же төртүнчү орунга деле канааттандым. Эң негизгиси – акыркы болуп калбоо. Сууда сүзүү боюнча мелдештерди аябай жек көргөндүктөн, ар бир ушундай мелдештин алдында ооруп калчумун. Эмнегедир өзүмдү колго алуу үчүн мен өзүмө: *«Бир мүнөт тырышчаактык менен сүзүп коюш керек. Ошондо баары бүтөт, анан сен досторуңа кайтып келесиң»* дечүмүн.

Тилекке каршы, мен өзүмдүн командама керек экенимди түшүнгөн эмесмин. Мен болгону өзүмдү – өз коркунучумду, күчүмдүн жетишсиздигин гана ойлогом. Командалаштарым да мага кам көрбөгөндүктөн, өзүмдү эч качан алдыга түрткөн эмесмин. Мен эч качан жеңишке умтулган эмесмин, ошондуктан жеңген жокмун. Команда үчүн баалуу оюнчу болгон эмесмин; мен алардын мойнуна жүктөлгөн жүк болчумун. Ошол кезди эстесем, утулгандан көрө жеңүүдөн көбүрөөк коркчумун, анткени, бир жолу жеңип алгандан кийин, дайыма жеңип турушум керек болчу, мен болсо анын баасын төлөгүм келбейт эле. Мен аябай корктум, эгер мен бардыгын жүз пайызга берип, дагы эле жаман жыйынтык көрсөтсөм, бул мага абдан катуу зыян келтирмек, ошондуктан, мен өзүмдү 70–80% гана берчүм, андан ашык эмес. Мен чындыгында эмне үчүн ошондо ушундай тандоо кылганымды билбейм, бирок, азыр мен үчүн апатия кабыл алынбай калганын так билем – өзгөчө руханий жактан. Качан мен ойгонгон кезде, жашоо жалгыз гана менин айланамда тегеренип турбашын түшүнгөнүмдө, мен өзүмдү түртүп, мурунку чектөөлөр менен күрөшүүгө аракет кыла баштадым.

Өзүңдөгү арстанды ойготуу үчүн, сен да ошондой кылышың керек. Күчүңдү өнүктүрүүгө болгон биринчи аракеттериңде ийгиликсиз болушуң мүмкүн, бирок, бул машыгуу процессинин бир бөлүгү гана. Мен кандайдыр бир трюкту биринчи жолу эле эң сонун аткара алган бир дагы адамды билбейм.

– 2 Петир 3:1,7 (Messageдин котормосу) мындай дейт:

Акылыңды толук сергек карма... Кудай даяр, Ал Өз сөзүн кайра айтууга, белги берүүгө даяр.

Көңүл бур, акылыңды даяр абалда кармоо – сенин жоопкерчилигиң. Күн сайын сенде тандоо бар: кунт коюп, максатка көңүл буруу, же чачылгансып, алаксып жүрө берүү. Мына ушул убакта биз согушка толук даяр болушубуз керек, анткени Теңирибиз даяр. Ал бул дүйнөдө туура эмес нерселердин баарын оңдоого даяр. Ал жалындап, жеңүүгө даяр. Улуу Кудайыбыз белги бергенде, сен арстандай күчтүү, шамдагай болуп, чабуулга даяр турасыңбы?

Ыйык Рух сенин күчүңдү Кудайдын Сөзүнүн жарыгында сынасын, сыноолор сени үйрөтсүн, анткени сен сыноолордон өткөндө жеңилбес болосуң. Кудайдын Сөзүнүн жүктөлүүсү, Ыйык Рухтун сабырдуулугу жана тарбиясы жашооңдун алсыз же бузулган жерлерин жандандырып, өнүктүрсүн. Фокусуңду сырткы көрүнүшүңдөн ички дүйнөңө, рухуңа бур. Анан да, өз күчүңдөн коркпо! Муну менен арстандай болуп, Кудайды даңкта. Бүт жер жүзү коркуу жана баш аламандыкка толгон учурда, асман менен жердин Кудайы, бардык жаралуулардын Жаратуучусу, сени Өзүнүн кереметтүү көркүн көрсөтүүгө чакырып жаткандыгын унутпа.

Сен буга ишенесиңби? Башкаларды таң калтырган нерсең барбы? Сенде сезимтал жүрөк барбы? Сен кең–кесири, так план түзө аласыңбы? Сен идеяларга же чыгармачылыкка толуп жатасыңбы? Сен энесиңби же мугалимсиңби? Семинар уюштура аласыңбы же бузулган үй–бүлөлөрдү бириктире аласыңбы? Башаламан бөлмөнү кооз нерсеге айланта аласыңбы? Же балким, сен толтурууну күтүп жаткан бош баракчасыңбы?

Өзүбүздү башкаларга күч–кубат берүүчү катары таанымайынча, эч кимибиз кыялдарыбызды ишке ашыра албайбыз. Сүйүктүү арстан эже–сиңдилерим, бизге силердин коркпогон күчүңөр керек! Ал чынында эле укмуш жана сулуу!

5

# КЫЗМАТ ҮЧҮН КҮЧ

Ар бирибиз жакыныбызга жакканды ойлойлу.
Ал үчүн жакшы болуусун, анын ишеniminin өсүүсүн көздөйлү.

РИМДИКТЕР 15:2.

Арстандардын жапайы дүйнөсүндө биз башка эч жерден көрө албаган укмуштуудай бейпилдик бар. Жырткыч мышыктарды жаңы аймактарга кантип киргизип, Африканын түштүк аймактарына кантип көчүрүшкөнү тууралуу илимий–популярдуу тасманы көргөндө, муну эстедим. Тасманын башында комментатор коруктун аймагы менен тааныштырганда жалпысынан арстандардын эки тобу бар экендиги тууралуу айтып берди. Биринчи топ эки жаш ургаачы арстандан жана бир жаш арстандан турган.

Бул үч жаныбар мурда коруктун кең аймагы менен чектешкен жана периметри боюнча убактылуу электр тосмосу менен курчалган, кичинекей, жабык тилкеде жашашчу. Коруктун күзөтчүлөрү тосмонун бир бөлүгүн алып салышып, арстандар үчүн кеңири, аларга белгисиз жана изилденбеген аймактын кире беришин ачып коюшкан. Капыстан болгон өзгөрүүдөн

чоочуган арстандар болуп жаткан окуяга кандай мамиле кыларын билбей калышты.

Мындай реакцияны күткөн күзөтчүлөр жаш арстандарды алардын алдында ачылган жаңы аймакты басып алууга түртүү стратегиясын иштеп чыгышты. Алар арстандарды бир нече күн тамактандырбай коюуну чечишти, анткени, алардын тамакка болгон каалоосу аларды кадимки жеринен жаңы үйүнө азгырсын дешти.

Мен бул коруктун кайтаруучулары чоң бөкөндүн этин жүк ташуучу унаасынан түшүрүп, «арстандын үйүнүн» сыртына, арстандар үчүн жаңы болгон жерлерге таштап кетишкенине кызыгуу менен карап турдум. Эмне болуп жатканын кунт коюп байкап турган жырткычтар баштарын көтөрүп, союлган бөкөндүн жытын искешти.

Жаш арстандар ачка болсо да, этиеттикти сактап турушту. Арстан коопсуз жеринен кетпей, африкалык бадалга кирип кетти. Ал карап турганда, тосмодогу тешикке эки арстан келип, бири–бири менен кагылышып кетишти да, анан ишенкиребей ары–бери басып жатышты. Жаныбарлар электр тосмосунун мурдагы чектерин калыбына келтирүүгө аракет кылгандай болду.

Алар абаны, жерди жыттап, кийинчерээк кайтып келип, тешиктин алдында кайра туруп калуу үчүн, тосмонун артына артка чегиништи. Ансыз деле эмне болгонун түшүнүүгө аракет кылышты окшойт, эмне үчүн алардын алдынан капысынан бул ачылыш чыгып калды? Балким, бул кандайдыр бир капкандыр?

Акырында арстандардын бири өз чечимин чыгарды. Ачкалык анын шектенүүсүн жеңди. Ал чечкиндүү түрдө сызыктан өтүп, бөкөндүн этине жакындады. Жарым жолго жеткенде ал эжесин жалт карады, аны өзүнө кошулууга жана тосмонун сыртына чыгууга чакыргандай болду. Экинчи арстан бир топко чейин кыймылдабай туруп, андан кийин эжесин кууп жетти. Экөө чогуу кыдырып, баары жайында экенине ынануу үчүн, бөкөндү жытташты. Бирок, арстан ордунан жылган жок. Ал

карап турганда арстандар эттин даамын татып көрүштү. Ал эми олжосу даамдуу, жаңы эле, бирок алар тамакка ынтылгандын ордуна абдан кызык бир нерсе кылышты. Арстандар жейренди мойнунан жана бутунан чеңгелдеп кармап алышып, арстан да алар менен тамактанышы үчүн, аны тосулган жерге чогуу сүйрөп кетишти.

Алардын кылык–жоругу мени ойлондурду. Шектенип турган арстанды ашка тартууга болгон алардын каалоосу мага унутулгус таасир калтырды. Мага алардын арстансыз тойлогусу келбегени жакты.

Аялдар эмне кыларын билген кези абдан сонун!

## ШЕКТЕНГЕНДЕРДИ ШЫКТАНДЫРУУ

Арстан эже–сиңдилердин ушундай үлгүсү бизди иш–аракет кылууга, мамиле кылууга, ушундай жооп берүүгө шыктандырышына жол берелиби? Кудай кыздары үчүн ачып берген жаңы аймактарда биз тапкан баталарыбызды башкалар менен бөлүшүүгө убакыт бөлгөн жана күч–аракет жумшаган аялдар боло алабызбы?

Ооба, мен түшүнөм, сен башкаларды күтүү үчүн кайтып келгенде, ал сенин кыймылыңды жайлатат, бирок бул башында гана. Качан сен аң–сезимдүүлүк менен боорукердикти, айкөлдүктү, акылмандыкты алып жүрө турган болсоң, акыры ал сөзсүз жеңишке алып келет. Кудай Өз балдарына жаңы жашоо жана эркиндик бергенде, кээ бирөөлөр аны кубаныч жана үмүт менен кабыл алышат, башкалары тартынышат, күтүүнү жана андан ары эмне болорун көрүүнү чечишет. Ал тургай, буга каршы чыккандар да бар.

Мен Кудайдын бардык кыздары көтөрүлүп, Атабыз биз үчүн даярдап койгон эркиндикке жана тагдырга кирсе деп үмүттөнөм жана ошону тилейм. Ким күчтүү, эркин, чындыкка бекем болсо, ошолор таяныч болуп, кийинки кадамга батына албагандарды алдыга жылдыруу керек.

Мага бул тууралуу Римдиктерге жазылган Катта айтылгандар жагат:

> Биз, ишеними күчтүүлөр, алсыздардын алсыз жагын көтөрүшүбүз керек. Өзүбүзгө жакканды эле ойлобой, ар бирибиз жакыныбызга жакканды ойлойлу. *Ал үчүн жакшы болуусун, анын ишениминин өсүүсүн көздөйлү.*
>
> – Римдиктер 15:1–2, курсив автордон.

Күчтүүлөр, жөндөмдүүлөр алсыздарга тик туруп, жардам бериши керек, тартынгандарга, өзүнө ишенбегендерге, чечкинсиздерге, коркокторго кол сунушу керек. Мен муну көргөндү жакшы көрөм. Алардын ичинде дагы бир нерсе бар экенин сезген жаш жана кары аялдар көп. Алар алдыга жылып, жаңы аймактарды ээлеп алууну каалашат. Алар жаңынын босогосунда турушат, Кудай аларды чакырган белгисиз жакка карашат, бирок күмөндөрүн жеңе алышпайт.

Жакында эле жолугушуудан кийин жаныма сулуу, ак ниет, жаш айым келди. Анын ичиндеги Кудайдын кыялы ушунчалык зор болгондуктан, биздин жолугушуубуздагы аз эле убакыттын ичинде жүрөгүндөгү бардык нерсени бөлүшүүгө үлгүрбөй калды. Ошондуктан, үйгө келгенде, ал мага өзүнүн бардык сезимдерин чагылдырган эпикалык поэмадай көлөмдөгү өтө кеңири электрондук кат жазып жөнөттү. (Кийинчерээк ал өзүн ыңгайсыз сезди, бирок бул үчүн тынчсыздануунун кереги жок.) Катты окуп, анын тынчсызлануусун түшүндүм. Анын башынан өткөн окуялар менин жашоом менен канчалык үндөш болгонуна таң калып, өсүштүн ушундай этаптарын башыман өткөргөнүмдө, мен ага бул тууралуу айтып бердим.

Көбүнчө бул көпүрөдөн бизден мурун башкалар өтүп, аман–эсен башка тарапка өтүп кеткенин билүү жетиштүү. Кээде күмөн санагандар башка бир эже–сиңдилердин көз карашы менен байланыш түзүшү керек.

Бул көрүнүш: «Эй эже! Мен бул жердемин, бул жерде коопсуз гана эмес... бул жерде сонун!»

## ИЙИНДЕГИ ДИНЧИЛ ЖҮКТҮ АЛЫП САЛУУ МЕНЕН

Көп учурда, аялдар чечкинсиздик менен токтолушат. Улам барган сайын көп эже–сиңдилер Кудай алар үчүн даярдап койгон эркиндикке кирип жатышса дагы, кээ бирлери дагы деле диндин жүгүнүн астында болуп жатышат.

Акыркы он жылда гана бир туугандардын алдында насаат айтууга аялдар көбүрөөк чакырыла баштады. Жыйындагы көптөгөн аялдарга бул эркиндикти кабыл алуу дагы эле кыйынга турат. Мен да жашоомдо ушундай кыйынчылыктарга туш болгом.

Мен Кудайдын кыздарынын алдында тайманбастык менен насаат айтчумун, бирок аудиторияма бир–эки эле эркек киши кошулуп кала турган болсо, толкундануу менен ысып кетчүмүн. Жаңылып калуудан коркуп, бир күнү эртең менен мени өзүнүн жыйынында насаат айтууга чакырган пастор жана менин коркпогон досторумдун бири бул коркуудан арылууга мага жардам бергенге чейин толкундандым.

– Эмне үчүн сен эркектердин алдында насаат айтып жатканда, өзүңдү аялдардын алдында кандай алып жүрсөң, ошондой алып жүрбөйсүң? – деген суроону беришти алар мага.

– Чынын айтсам, билбейм... – деп чын жүрөктөн жооп бердим.

– Себеби эмне экенин эртерээк түшүнө аласыңбы? Бизге сенин ушунчалык өзүңө ишене албагандыкты токтотушуң керек!

Алардын сөздөрү жүрөгүмдү козгоду. Мен жыйындын дени сак болушу үчүн эркектин да, аялдын да үнү болушу керек деп эсептейм. Менин күмөнүм, чындыгында, бул ишенимди жокко чыгарды! Мен күч менен үнүмдү көтөргөн жокмун. Тескерисинче, мен Ыйык Жазууну эмес, аял экенимди ойлоп, эркектердин алдында өзүмдү актагандай болдум. Бирок, мага муну өзгөртүүнү каалабагандыгым айтылгандан кийин, дароо бул катуулукту жарып кирдим.

Мен дагы эле аялдарга насаат айтууну жакшы көрөм, бирок,

менден эркектерге кызмат кылууну суранышса да, эми кечирим сурабайм. Тажрыйбама таянып буларды айтам, эгер эркек силердин сүйлөгөнүңөрдү суранып жатса, анда ал силердин эң жакшы сүйлөшүңөрдү каалайт. Ал эми, жаныңарда силерди көтөрүп, кубаттап, оңдоп, анан аракетке түрткү бергендер, чыныгы достор экенин билесиңер. Тилекке каршы, көбүнчө тескерисинче болот.

> Биз Кудайдын даамын татышыбыз үчүн Кудайдын Мыйзамын тамак–аш жана суусундук катары берүүнүн ордуна, алар аны сага жүк ташыган жаныбардай кылып, жүктөшүп, боо–боо эрежелерге айландырышат. Жүктүн салмагынан сенин мүдүрүлүп жатканыңды көрүп, ырахаттанып жаткандай көрүнөт жана сага жардам берүү үчүн, манжасын да кыймылдатып койбойт.
>
> – Матай 23:4, *Message*дин котормосу.

Ыйсанын убагында диний жетекчилер өздөрүнүн эрежелеринин оордугунан башкалардын ийилип жатканын көрүп сүйүнүшкөн. Эмне үчүн алар минтишкен деп ойлойсуңар? Менимче, алар ушул диний лидерлер түзгөн эрежелердин оордугун баштан өткөрүп жаткандардан өзүлөрүн жогору сезишкен. Бул аларга өздөрүн адил жана Кудайга жакын деп көрүүгө жардам берген.

Келтирилген үзүндүдөн абдан маанилүү жыйынтык чыгарууга болот. Кудайдын Мыйзамы жүк эмес, той болушу керек болчу. Тамак–аш күч берет, бирок мээнет чарчатат.

Биз Кудайдын жер бетиндеги өкүлү болууга чакырылганбыз; Ал кылгандын баары жана Ал сунуш кылгандын баары – бардык адам катыша ала турган той болушу керек. Биз башкаларга Кудайдын мол ырайымынан кызмат кылышыбыз керек. Ал үчүн, Кудайдын уул–кыздарына жүктөлгөн диний жүктөн кутулуубуз керек.

Балким, *сен мен бойдок эркек же аял болсом да кызмат*

*кылып, насаат айта аламынбы деп айтып жатасыңбы?* Ооба! Келгиле, керексиз жүктөрдү ыргыталы. Машаяктын Денесиндеги кызматчы болуу үчүн, үй–бүлөлүү болуу же үйлөнүү шарт эмес. Пабыл үйлөнгөн эмес. Келгиле, аялдарга чоңдор менен эмес, балдар менен гана иштөөнү ишенсе болот деген ойго түрткөн бул чемодандарды чечели. (Балдарыбызды ким окутуп жатканына көбүрөөк тынчсызданышыбыз керек эмеспи?) Кудайдын убадаларын аткарардан мурун, биз кемчиликсиз болушубуз керек деген бул калпты ачыкка чыгара алабызбы? Биздин эч кимибиз кемчиликсиз эмеспиз. Жасалма адилеттүүлүк жетишет эми! Келгиле, каталарыбызды мойнубузга алып, алардан сабак алып, Ыйсаны даңктап, мындан ары карай илгерилейли!

Адамдардын мойнуна негизсиз жүктөгөн диний оорчулукту жоюу үчүн, эркиндигибизди колдонууга даярбызбы? Кудай бизди жаңы бир нерсеге — жаңы аймактарга ээ болууга же бейтааныш жерлерди ээлеп алууга чакырганда, биз мүдүрүлүп, кулай баштайбыз. Акыркы он жылда жыйын көп жагынан жаңы деңгээлге көтөрүлдү, бул жакшы жаңылык, бирок эч ким каалаган бийиктикке жете элек. Антсе да, алар алдыга умтулуп, коркууларын жеңиши үчүн, Кудай иштеп жатат, мурда жабылган эшиктерди ачып, адамдардын жүрөгүндө ачкачылыкты ойготуп жатат.

Мен жакында бир аялдан электрондук кат алдым, ал үч–төрт жыл мурун ыйыкталган, майланган аял Кудайдын үйүндө өз сөзүн айта алат жана айтышы керек деп айтканымды уккан. Бул ой алгач ал эжени дүрбөлөңгө салды, анткени ал нерсе буга чейин уккандарынын баарына карама–каршы келет эле.

Ал менин сөздөрүмдөн тынчсызданып, толкунданып, насааттан чыгып кетти. Убакыттын өтүшү менен ал Сөздү изилдеп, сыйынып жатты жана Кудай анын жүрөгүнө бул чындыкты орнотуп, ага жаңы эшиктерди ача баштады. Ошол учурда ал менин насаатымдан кийин болуп жаткан ичиндеги күрөштүн Кудайдан экенин түшүндү. Бул ыңгайсыздык Кудай ага

бул маселе боюнча сүйлөп жатканынан улам болгон. Ошондогу мен айткан сөздөр бул аялдын жашоосуна үрөн болуп, эми гана алгачкы жемишин берип жатат.

Биз сүйүү менен чындыкты айтууга жана биздин жашообуз башкаларды бул сапарга катышууга чакыруу болушу үчүн чакырылганбыз. Уйкудан ойгонгондон кийин алсыз жана ачка бойдон калууга акыбыз жок.

Жезекиел 19:2де мындай суроо көтөрүлгөн: «Сенин энең эмне деген ургаачы арстан? Ал арстандардын арасында жатар эле...”

Бул саптарды биринчи жолу окуганда: *«Бул эмнени билдирет?»* деп ойлогом. Аян издеп, мен Жезекиелдин 19–бөлүмүнүн контексттерин карап чыктым. Бул жерде эки баласын күчтүү жана кудуреттүү арстандар болсун деп чоңойтуп жаткан арстан сүрөттөлөт. *«Мен арстандардын арасында арстан болгонду үйрөнгүм келет!»* деп ойлодум. Ким жашоосу жана чечимдери күчтүү болгон кыздарды жана уулдарды тарбиялоого күчү жеткен аял болгусу келбесин! Мени көптөгөн аялдар тосуп алганы үчүн сыймыктанамын, бирок мен бул жашоону чогуу өткөргөн эркектердин жашоосуна да баалуу салым кошкум келет. Мен *бардык* коркокторду, алсыздарды же кыйынчылыкка кабылгандардын баарын көтөргүм келет. Анан билесиңерби? Силер да кааласаңар болот. Кудай Өзүнүн кыздарынын кездемесине башкаларды көтөрүүнү каалаган жипти кошуп токуп койгон.

## АРГАСЫ КЕТКЕНДЕР ҮЧҮН ҮМҮТ

Кээде мүдүрүлгөн адамдарга жардамга колун сунгандык, аларга үмүт бергенге барабар болот. Life Outreach менен Камбоджага болгон акыркы сапарымда мен кечинде көчөлөрдү кыдырып, сойкулук менен алектенген кыздар менен баарлаштым. Бул «түнкү көпөлөктөрдүн» жанына барган сайын аларды кайтарышып, мени менен сүйлөшө турган болсо, аларды шылдыңдап коюшчу.

Мен бир кызга же кыздардын тобуна барган сайын баары бир сценарий боюнча, шылдыңдоо менен коштолуп жатты. Алар менин суроолоруma кыскача, бир муундуу сөздөр менен өз ара күлүп жооп беришти. Алар орто жаштагы ак түстүү америкалык аял эмне үчүн алар менен сүйлөшүүгө аракет кылып жатканын түшүнө алышкан эмес деп ишенем. Бирок, сөз улана берсе, алар эмнени кыялданып жатканын сурамакмын.

– Жашоодо эмнеге жетүүнү каалайсың? Эгер сен каалаган адам болуп, каалаганыңды жасай алсаң, ал эмне болмок?

Кыялданууга чакырылганда алардын мимикасы өзгөрдү жана алардын жашоосу азыркыдан дагы башкача –жакшыраак болуп калышы мүмкүн деп үмүттөнө башташты.

Кантип эле ушул түн ортосунда түш көрүүнү сунуштаган бирөө бар? Күтүлбөгөн жерден мени көздөй суроолор жаап баштады, мен аларга котормочум канчалык которо алса, ошончолук тез жооп берип жаттым.

– Мен чач жасалгалагым келет!

– А мен өзүмдүн ресторанымды каалайм.

– Соода борборунда ар кандай кооз буюмдарды сата турган күркөгө ээ болгум келет.

– Эл мени мындан ары басынтпаса, мен бардык жумушту жасаганга даярмын.

– Мен үй–бүлөмө жөнөтүү үчүн көп акча тапкым келет.

Кыздарды токтотууга мүмкүн эмес эле. Азгыруучу жүрүм–турумдан баш тартып, алар бир нече мүнөткө чындап эле жаш өспүрүм кезиндеги кыздардай болуп калышты. Бул кыздар капастарынын эшиги ачылса эмне кыларын билишкен! Алгачкы мүмкүнчүлүктө биз аларга «түрмөлөрүнөн» качууну сунуштадык, айрымдары биздин жардамыбызды кабыл алышты. Бирок, уят–сыйытты жеңе алгандар гана алдыга кете алышты. Күнөө жана уят бул кыздардын көбүн сутенерлер сыяктуу эле кулчулукта кармап турду.

Мындай айласыз абалда болуп, бир нерсени кыялдануу

аздык кылат. Көпчүлүк учурда алданган жана сынган адам анын алдында эшиктер кенен ачылып турганда да, ичиндеги камакта жашынып тура берет.

Ошондуктан, бул кыздарга сойкулуктун тузагынан чыгууну сунуштагандан тышкары, аларга Кудайдын жакшылыгын алып келдик. Биз аларды Ыйса менен тааныштырып, Ал алар тарапта экенин жана үмүтсүздөрдүн үмүтү жалгыз Ал экенин айттык.

Алар Аны жүрөгүнө жана жашоосуна киргизеби? Бул алардын чечими болчу. Сиз жана мен башка адамдар менен жанаша басып, аларды колдоп, алдыга умтулууга үндөй алабыз, бирок, албетте акыркы чечим алардын колунда.

## УРГААЧЫ АРСТАНДЫН ЧЫНДЫГЫ

Ушул бөлүмдүн башында мен айткан белгилүү илимий фильмдеги ургаачы арстандарга бир азга кайрылып көрөлү. Эмне үчүн алар башка варианттары болсо да, бөкөндүн этин арстанга сүйрөп барып чогуу тамактанышты? Арстан алардын майрамдык тамагына кошулушу үчүн, бул чоң “тамакты” кайра тосулган аймакка сүйрөп барганга чейин алар бир топ кыйналышты. Өз үлүшүн жеп жана арстан сыртка чыгууну чечсе, ага анын тиешелүү бөлүгүн калтырып коюу алда канча ыңгайлуу болмок. Же өздөрү тоё жеп, калдыктарын эркекке сунушташса да болмок. Бөкөндүн бардык этин эмес, анын бир бөлүгүн гана сүйрөп баруусу жеңил болмок. Алардын жүрүм–туруму жунгли мыйзамдары жөнүндөгү биздин түшүнүгүбүзгө карама–каршы келет. Жаныбарлар дүйнөсү аман калуу мыйзамы менен гана башкарылса, анда бул ургаачы арстандар эмне үчүн мынчалык жоомарт? Акыр–аягы ач арстан менен олжосун бөлүшүү өздөрү үчүн азыраак тамак калат дегенди билдирет.

Балким, бул арстандар биз унутуп калган бир нерсени билишкендир. Анан алар жаш жана жетиле элек болсо да, алардын келечеги жана балдарынын аман калышы түздөн–

түз арстан менен болгон мамилесинен көз каранды экенин инстинктивдүү сезишкендир. Келечекте жашоосунун жаңы этабы башталып, арстан үй–бүлөнүн башчысы болуп калган учурда, ал муну эстесин деп, ушундай иш кылууну чечишкендир. Алар бадалдардын арасында жашынып жүргөнүнө карабастан, ал бир күнү боло турган күчтүү арстанга таазим кылышкан. Кезеги келет – ал күчтүү, эч нерседен коркпогон арстанга айланат. Ал жаш кезинде, өзүнө тиешелүү нерсени талап кылып жана чечкиндүү боло албаган учурда, ургаачы арстандар ага тамак–аш алып келип бергенин эстейт. Арстан бул ургаачы арстандарга ишенип, алар менен өз жашоосун кура аларын билген күн келет. Бул ургаачы арстандардын инстинкттери бүт үйүрдү колдоого жана анын лидеринин аларга байланышына жетише алат.

Арабызда ким ушундай мамилени көрсөтө алат?

Же биз аман калуунун асыл мыйзамдарынын азыраагына баш ийип жатабызбы? Биздин мамилебиз ушундайбы: «Эй, артта калганыңар абдан өкүнүчтүү! Бизде бул жерде укмуштуудай окуялар болуп жатат! Кудай өз кыздарына чыныгы той даярдап жатат. А эгер бизге кошулууну каалабасаң, жашынган жериңде калып, өз билгениңдей жаша!»

Бир чындыкты эстеп калууга акылыбыз жетеби: *эгер сен азыр азыраак алсаң, анда бул келечекте азыраак нерсеге ээ болосуң дегенди билдирбейт.* Урмат мамилеси ар кимге жана бардык тилдерде түшүнүктүү.

*Бийлик бизге бир орун ээлеш үчүн эмес, кызмат кылыш үчүн берилген* (Римдиктер 15:2ни кара). Ар бир адам ушул принципти билип, аны карманса, дүйнөдөгү канча көйгөйлөрдүн алдын алса болмок экени кызыктуу. Биздин күчүбүз алсыздарга, коркокторго, чечкиндүү эместерге кызмат кылуу үчүн берилгенин билсек эмне болот эле? Баары жакшы болмок! Өмүрүбүздүн аягында баарыбыз Ыйсанын: «Жакшы, боорукер жана ишенимдүү кул» деген сөздөрүн укмакпыз деп ишенем.

## АРТЫКЧЫЛЫК МЕНЕН КЫЗМАТ КЫЛУУ ҮЧҮН, КӨТӨРҮЛ

*«Кызмат»* деген сөздүн маанисин ар кандай кабылдоого болот. Бул этиш да, зат атооч да болушу мүмкүн. Англисче «кызмат кылуу» этиши «оңдоо, текшерүү, тууралоо, сыноо» дегенди билдирет. Ыйса Өзүнүн курмандыгы аркылуу кереметтүү «кызмат кылып», бизди Ыйык Кудайдын алдында турууга татыктуу кылды. Биз өмүрүбүз үчүн берилген кызматты чагылдырып жашайбыз. Ал бизди калыбына келтириш үчүн «сынган». *Кызмат* деген сөз зат атооч катары «азем, ырым же ыйыктоочу аракет» дегенди билдирет. Кээде, жыйындагы кызмат кылуунун максаты – Кудайга жана бири–бирибизге кызмат кылууну үйрөнүү экенин унутуп калганыбыз мени коркутат. Өтө көп машаякчылар туура эмес күтүүлөр менен чогулат. Алар Кудайдын аларга кантип кызмат кылаарын угуу үчүн келишет. Келгиле, чогулуштарыбыздын ичинде жана ыйык жөрөлгөлөрүбүздүн сыртында мүдүрүлгөн адамдарга жетүү үчүн, биригели.

Эркиндиктин, жакшылыктын жана алдыбызда ачылып жаткан жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн убадасы менен, эч ким артта калбасына көңүл буруп, Кудай биз үчүн даярдаган нерселерде алдыга умтулалы. Мага бул тапшырма жагат:

> Бизди, лидерлерди, биз боло албаган нерсе деп ойлоонун кереги жок. Биз Машаяктын кожоюндары эмеспиз, кызматчыларыбыз. Коопсуздук кызматы сыяктуу Кудайдын ички сырларын баарынан коргоо үчүн эмес, аларга карай жол көрсөтүү үчүн дайындалганбыз. Жакшы кызматчы үчүн талаптар – ишенимдүүлүк жана ишенимдүү билим.
>
> – 1 Корунттуктар 4:1–2, *Message*дин котормосу.

Биз коопсуздук кызматкери эмес, жол көрсөтүүчү болушубуз керек. Биз башкалардын Кудайдын сырларын билүүсүнө тоскоол болбой, тескеринче аларды Кудайдын Падышачылыгына

чакырышыбыз керек. Биз билими чындыкка дал келген ишенимдүү жол көрсөтүүчүлөр болууга чакырылганбыз. Кудай ачкан эшиктерге кирээрден мурун токтойлу да, керек болсо, артта калгандарды ала кетүү үчүн кайра кайталы.

Эң Жогорку Кудайдын кыздары катары биз адамдарга марттык жана асыл мамиле кылышыбыз керек. Кудай берген өмүр бошотот, ал эми мыйзам жүгүн артат. Машаякчылыктагы «көзгө көз, тишке тиш» деген мамиледен кутулдуңар. Ошентсе да, Машайактын Денесинде жарым–жартылай «сокур» жана «тишсиз» ишенгендер дагы да өтө көп.

Сен күчтүү–күчтүү, коркпос, ысык, ишенимдүү, салмактуу, токтоо экениңди эч качан унутпа. Кудай Өзүнүн падышачылыгындагы балдарынын күчүн арстандардын жана ургаачы арстандардын күчү менен бир нече жолу салыштырган.

> Ал тизе бүктү, эркек арстандай, ургаачы арстандай
> жатат, аны ким тургуза алат?..
>
> – Сандар 24:9.

Эгер сен өзүңдүн ысык жана коркпогон мүнөзүңдү унутсаң, анда сенден коргоо жана жетекчилик күткөндөрдүн баары коркунучта калат. Машаяктын Денеси ойгонгон жана Кудай алардын алдында эбегейсиз аймактарды ачканын түшүнгөн асыл, күчтүү коргоочулардан турат.

Урматтуу эже–сиңдилер, арстан айымдар жана достор...

> Корунттуктар, силер менен ачык сүйлөштүк, силерге
> жүрөгүбүздү кенен ачтык. Биз силерди жүрөгүбүзгө
> батырдык, бирок силер бизди батыра албадыңар.
>
> Силерге балдарым катары кайрылып жатам, биз
> сыяктуу эле силер да бизге жүрөгүңөрдү кенен ачкыла
>
> – 2 Корунттуктар 6:11—13.

Бул сөздөрдү угуп жатасыңарбы? Биз Кудайдын бул ачык жапайы мейкиндигине чакырылганбыз. Силерге Асмандын

күчүн көрүү үчүн, Асманга барганды күтүүнүн кереги жок, аны ушул жер бетинде эле көрүүгө болот. Кудай силерди жашыруун жерге бекитүүнү көздөгөн жок.

Бирок, ургаачы арстандар ачкачылык сезими алардын коопсуз бойдон калуу каалоосун жеңмейинче, жашынган жерин таштап кетишкен жок. Ошо сыяктуу эле, биздин көрө албастыгыбыз же кандайдыр бир мааниге ээ болгон ачкачылыктын жоктугу, биздин жапайы жана белгисиз нерсеге кадам таштообузду чектеп, токтотушу мүмкүн. Өзүбүз, дүйнө жана Кудай жөнүндөгү элестетүүлөрүбүз бизге же күч берет же бизди кишендейт. "Бөлөк жердеги" дүйнөнү караңгы, жана коркунучтуу элестетсек, анда ал бизде коркуу сезимин пайда кылышы мүмкүн.

Көзүңдү ач жана сен кайда болсоң да, караңгылыкты жок кыла турган алтын чырак экениңди унутпа. *«Ичиңердеги Рух бул дүйнөдөгү рухтан чоң»* (1 Жакан 4:4). Сенин ичиңдеги рух бул дүйнөдө сен каршылык көрсөтө турган күчтөн алда канча ашып турат! Кудуреттүү Кудай сени тосмонун сыртына чыгууга чакырып жатат. Силер өлүмдөн өмүргө, бул дүйнөнүн камалган жерлеринен түбөлүктүүлүктүн кең мейкиндигине өтүшүңөр үчүн, Ал Өз Уулун айкаш жыгачта өлүүгө жиберди. Силер али биринчи демиңерди алганга чейин эле, Ал силерди кулчулуктан бошотуу үчүн, баарын жасап койгон. Анын Падышачылыгынын толук эркиндигинде Ага кошулушуңар үчүн, Ал Өзүн биздин кичинекей, күнөөкөр дүйнөбүз менен чектеп коюуну чечти.

Ал азыр ар бирибизди: «Сызыктан өтүп, Мага кел!» деп чакырып жатат.

# 6

# БИЗДИН МИССИЯБЫЗ БИР

Ар дайым аялды бошоткон сайын, биз эркекти бошотобуз.

MARGARET MEAD

Арстандар дүйнөсүндө жыныстык баш аламандык жок. Эркек арстандар ургаачы арстан болууга, ургаачы арстандар эркек арстан болууга аракет кылышпайт. Ар кайсы жыныстын өкүлдөрү бири–бирине окшош болууга аракет кылышпайт же үй–бүлөдө бири–биринин ролун ойношпойт. Экөө тең өзүн өз терисинде ыңгайлуу сезишет жана жынысынын уникалдуу күчтүү жактары менен сыймыктанышат. Эркек менен аялдын ролдорунан тышкары, үй–бүлөдө альфа эркек – же баш арстан, алфа ургаачы – же баш ургаачы арстан бар, бирок бул артыкчылык адатта тамактануу маалында гана көрсөтүлөт.

Арстандар мышыктар дүйнөсүндөгү, үй–бүлөсүндө жыныстык айырмачылыктар бар жалгыз өкүлдөрү болуп саналат. Жыныстык диморфизм – бул айырмачылыкты аныктоо үчүн колдонулган термин. Жөнөкөй сөз менен айтканда, арстандар жынысын аныктоого мүмкүн болгон бир нече белгиге ээ.

Эркек арстандын мойну менен мурдун курчап турган узун

жалы бар. Бул жал алдыңкы арстандын үй–бүлөдө ойногон өзгөчө ролун баса белгилеп, африкалык саваннадагы жырткычтардын падышасына коркунучтуу көрүнүш берет. Ургаачы арстандын жалынын жоктугу анын түсүндө кескин кубулуулардын болбошун камсыздайт, бул анын жемине тымызын кирип келгенде дээрлик көрүнбөй калууга жардам берет. Кошумча жүктү – жалды – көтөрүүнүн кереги жок болгондуктан, ал үйүрдөн артта калбайт жана узак көчүүлөрдө күчүн жоготпойт.

*Дени сак* арстандар менен ургаачы арстандар бири–бирине муктаж экенин билишет. Алар бири–бирисиз жашоо мүмкүн деп эч качан ойлошпойт. Алардын дүйнөсүндө биринин күчү, экинчисинин күчү сыяктуу маанилүү. Арстан коргойт; ургаачы арстан камсыз кылат. Бул маанилүү тең салмактуулук ден соолугу чың, күчтүү альфа эркектери өз жашоосун күчтүү ургаачы арстандарсыз курууга аракет кылбайт дегенди билдирет. Арстандар дүйнөсүндө эркектер ургаачы арстандардын көңүлүн алуу үчүн салгылашып, алардын аймагына кирүү үчүн күрөшүшөт. Эмнеге? Тектеш ургаачы арстандар жерди көзөмөлдөйт. Үйүрдү жетектеген эркек арстандардын биримдиги эки–үч жылда бир алмашып турат, ал эми, ургаачы арстандардын тобу өзгөрүүсүз калат.

Альфа–эркек эгер ал гүлдөгүсү (жөн эле бар болбостон) келсе, ургаачы арстандардын көз алдында өзүн күчтүү көрсөтүшү керектигин билет. Ал эми, анын тукуму үйүрдүн аймагын сактап калуусун кааласа, ал күчтүү, жөндөмдүү ургаачы арстандардын жардамына муктаж болот. Ал өзүн ага баш ийүүгө мажбурлоо үмүтү менен алсыз жана пассивдүү ургаачылар менен курчап албайт. Ал ургаачы арстандардын жөндөмдүү, чогуу иш алып бара билген тобун издейт.

Ал алардын колдоосун кубануу менен кабыл алат жана өзгөчө чыдамкайлыгын, наристелерди сактоого, аңчылыкка жана коргоого жөндөмдүүлүгүн далилдегендерин – ошону менен алардын аймагын коргоп, кеңейте ала тургандарын тандап алат. Ал күч–кубат көрсөткөндөрдү, алар бара–бара бүткүл үйүр үчүн

эң мыкты камсыздоочуларды жана анын урпактарын өстүрө турган энелерди издейт (Кеп эркек арстандар аябай камкор болгондугунда эмес; алар дегеле андай эмес). Дени сак, күчтүү ургаачы арстандар тукумдаштыруу процессине зор ынтызаарлык менен катышкандыгы – алардын кошумча артыкчылыгы болуп саналат, бул эркектерге алар менен жупташып, күчтүүрөөк тукумду жарыкка келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ургаачы арстан балдарын бардык керектүү нерселер менен камсыз кыла албайм же душмандардан коргой албайм деп корксо, жупташа албайт. Ошондуктан, ургаачылар алсыздарга эмес, күчтүү альфа эркектерге тартылышат. Башкы арстан же башкы арстандар (көбүнчө бир туугандар тобу) ургаачы арстандардын үйүргө көрсөткөн ырыскысынан, күчүнөн жана камкордугунан ырахат алуу укугуна ээ болушу керек. Алар бул сыймыкка башка арстан топторунан күчтүүлүгүн ачык көрсөтүү менен жетишишет.

Күчтүү арстандар алсызыраактарын кууп чыкканда тирешүү аяктайт. Кээде альфа арстан ага каршы чыгууга батынганды өлтүрөт. Алсызыраак арстан аман калса, ал үйүрдөн, аны менен бирге үйүрдүн аймагынан кууп чыгарылат. Бул биринчи аңчылык укугунан ажырайт дегенди билдирет. Ал же ургаачы арстандардын жаңы тобун издеп ары тентирейт, же калдык жана таштандыга ыраазы болот.

Ургаачы арстандар эркек арстандардын тирешүүсүн көрүүчүлөрдүн позициясынан карап турушат. Алар эң күчтүү арстандын балдарынын атасы болуп, үйүрдү душмандын чабуулунан коргошун каалашат. Күчтүү эркек жеңет деп, бир арстанды экинчисине тукурушуп, андан кийин гана жеңүүчүнүн өзүнүн жанына келишине уруксат берген учурлар да бар. Аймак үчүн күрөшүп, арстан өзүнүн гени көбүрөөк татыктуу экенин жана анын тукуму саваннадагы жашоонун катаал шартында аман калышы мүмкүн экенин далилдейт.

Арстан артыкчылыгы орногондон кийин сыйлык катары ургаачы арстандардын байланышына ээ болот. Ал үйүрдөгү

калган эркектердин бардыгын кетирип сала алат. Альфа–эркек алардын компаниясынан баш тартууга даяр, бирок, эч кандай шартта өзүнүн «кыздарынан» баш тартпайт. Алар көбөйүү үчүн керек болгондуктан гана антпейт. Алар аны тамак–аш жана жагымдуу чөйрө менен камсыз кылышат. Ургаачы арстандардын тобу канчалык күчтүү жана кереметтүү болсо, айбандардын улуу падышасы арстан да ошончолук күчтүү жана ишенимдүү.

Айланаңдагылар аларды коргоо үчүн колуңдан келгендин баарын жасай турганыңды билгенде, үстөмдүк кылуунун кереги жок. Арстандын күчүтүүлүгү ургаачы арстандардын да, алардын тукумунун да коопсуздугун билдирет. Өзүнүн таасирине ишенбегендер гана башкаларга күч менен үстөмдүк кылууга аракеттенишет.

Күчтүү арстан өз ордуна орношкондон кийин, ургаачы арстандарды кысымга алуунун, аларга өзүнүн күчүн көрсөтүүнүн зарылдыгын сезбейт. Ага дагы эмнени далилдеш керек? Ал жеңди. Ким андан даражасы жогору экенин айта алат? Ошондой эле, биздин Падышабыз – Жүйүт уруусунун Арстаны – үстөмдүк кылбайт; Ал адамдарды көтөрөт.

## БИЗДИН МИССИЯБЫЗ БИР

Арстан ургаачы арстанды өзүнүн коргоосунун көлөкөсүндө эс алууга чакырат, ал болсо анын ырайымына ээ болууга жана ага алып келген тукумуна кубанууга чакырат. Ал аны коргойт, тиги болсо, жооп катары ага мурас берет.

Бир саамга *«баш ийүү»* деген сөз жөнүндө ойлонуп көргүлө. Кандай ойлор пайда болуп атат? Балким, Эфестиктер 5:22де аялдар күйөөлөрүнө баш ийиши керек деп айтылган сөздөрбү? Кызыктуусу, көптөгөн машаякчылар бул аятты алып, аны чектен чыгарып, сөзгө чектүү маани берип жатышат. Мага *баш ийүү* деген сөз ушунчалык бурмаланып, Кудай берген түпкү маанисин жоготуп койгондой сезилет. Көптөгөн машаякчы аялдар, алардын негизги баалуулугу эркектерге кызмат кылуу

деп эсептешет. Алар жыйын менен сүйлөшүү жөндөмү, өз оюн сыйлоо менен айтуу же жоопкерчиликтүү болуу – *бул кызмат экенин түшүнүшпөйт.*

Мен бир жолу «баш ийүү» деген сөздүн (“моюн сунуу” деген сөздүн синоними) аныктамасын уктум, ал аны менен бир гана жубайлардын эмес, бардык машаякчылар үчүн Кудайдын планын чагылдырган жана дал келтирген. Мына бул жөнүндө ойлонуп көргүлө: “астында” деген бышыктоочу “бирөөнүн астында же бир нерсенин астында болуу” дегенди билдирет, ал эми “чин” уңгунун маанилеринин бири “даража” – б. а. “ээлеген орун”, кандайдыр бир иш же миссия үчүн жоопкерчилик дегенди билдирет. Бул маанилерди бириктирип туруп, «баш ийүү» деген сөз «бир эле милдет же миссиянын астында болуу» дегенди билдирет деген тыянакка келсек болот. Мисалы, Джон экөөбүз бир миссия менен бириккенбиз. Биз адилеттүү балдарды тарбиялоого жана дени сак, бактылуу үй–бүлө курууга арналганбыз. Жыйында биздин миссиябыз пасторлорду колдоо жана адамдарды бекемдөө.

Бирок, бул жөнүндө ойлонуп көргүлөчү. Биз баарыбыз Кудайдын адашкандарга жөнөтүлгөн – жарашуунун элчилери эмеспизби? Төмөнкү эки аят Кудайдын элчи эркектери жана элчи аялдары катары биздин миссиябыздын маңызын толугу менен сүрөттөйт:

> Кудай Машаяктын ичинде дүйнөнү Өзү менен элдештирди, адамдардын күнөөлөрүн эске алган жок. Бизге болсо, Кудай менен элдешүү жөнүндөгү сөздү жарыялоону тапшырды. Биз Машаяктын атынан келген элчилербиз. *Кудай бизди эркектер менен аялдардын пикир келишпестиктерин четке кагууга жана Кудайдын Өзү менен элдин ортосундагы мамилени калыбына келтирүү ишине кошулууга ынандыруу үчүн колдонуп жатат.*
>
> – 2 Корунттуктар 5:19–20,
> *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Жыйынтык: эгер бири–бирибизди сүйсөк жана кызматташсак, адамдар Ыйсанын чыныгы Кудай экенин билишет. Бул бардык эркектер менен аялдардын, бойдок же күйөөсү бар, үйлөнгөн, лидер же кадимкм жыйналыштын мүчөлөрүнүн жалпы максаты болушу керек. Күнөөнүн күчү сынган. Кудайдын кечиримдүүлүгү баарына акысыз сунуш кылынат. Айыптоолордун кереги жок, анткени Анын курмандыгы баарыбызды күнөөсүз кылды. Кудай ар бирибизге, эркектерге да, аялдарга да, *Анын эмне кылып жатканын* айтып беришибизди каалайт. Биз болсо, бири–бирибизге эмне кылууга укугубуз бар же жок экенин айтуу менен алекпиз.

Ал биздин эркектер менен аялдарды чыр–чатактарды (кандай болсо да) таштап, Анын ишине кошулууга ынандырууга жана таасир этүүгө үндөп жана көндүрүү менен бирге иштешибизди каалайт. Бул милдет – чыр–чатакты чечүү – адамдардын ортосундагы мамилелердин жана өз ара аракеттенүүнүн бардык тармагына тиешелүү болушу керек. Бул бир гана гендердик маселеге эле эмес, ошондой эле, расага же улутка, социалдык–экономикалык жана үй–бүлөлүк абалга, жыйынга жана бизнес дүйнөсүнө байланыштуу. Кудай баарыбыз үчүн элдешүүнү каалайт!

> Эми биз ичибизге карайбыз жана бул жерде биз мына муну көрүп жатабыз: Мессия менен кайра бириккен ар бир адам жаңыдан жаралуу менен жаңы старт алат. Эски жашоо өтүп кетти; жаңы жашоо гүлдөйт! Муну карасаңар! Мунун баары Өзү менен биздин ортобуздагы мамилени жөнгө салган, андан кийин бизди бири–бирибиз менен мамилебизди оңдоого чакырган Кудайдан келет!
>
> – 2 Корунттуктар 5:17–18, *Message*дин котормосу.

Бул аятта колдонулган «ким болсо» деген сөз... *«ким болбосун»* дегенди эле билдирет. Кудайга кошулган ар бир эркек, аял, бала жаңы башталышка ээ. Эски жашоо артта калды. Жогорудагы үзүндүдө *“гүлдөп жатат”* деп колдонулган сөз,

мага жазгы гүлдөр менен байланышкан элестерди калтырат. Алар карды жарып, көбөйүп, тез өсүп, мурун тоңгон, какыраган жер болгон жерде гүлдөшөт. Биздин Машаяктагы жаңы жашообуз–бирөөнү экинчисине алмаштыруунун жөнөкөй түшүнүгүнөн жогору. Бул ичинен көбөйгөн, ар бир адамга жеткиликтүү болгон жашоо.

Эркек арстандар менен ургаачы арстандар өз ара мамилени жөнгө салышкан. Ургаачы арстандар эркек арстандар менен миссиясы бир экенин түшүнүшөт. Алардын миссиясы эмнеде? Бул – мурасы жана күчү бар арстандардын жаңы муунун тарбиялап чоңойтуу. Буга жетишүү үчүн алар балдарын кылдат багып, коргоп, керектүү нерселердин бардыгы менен камсыз кылышат. Бул миссияда экөөнүн тең – эркек арстандын да, ургаачы арстандын да өз орду бар, бири экинчисинин ролуна кол салбайт.

Мен кадимки тартипте боло турган нерселердин кандайча чектен ашып кеткендигинин мисалдарын көп көрдүм. Бир жагынан аялдарды моюн сунуу деген ат менен басышат. Ал эми, кээ бир аялдар өзүнүн аялдык касиетин кудайлык даражасына чейин көтөрүшкөн. Бул тууралуу бир аздан кийин кененирээк сүйлөшөбүз. Бирок, адегенде, мен силерге моюн сунуу түшүнүгү кандайча бурмаланганын мисал келтиргим келет.

## *TWITTER*деги БУРМАЛОО

*Силер Twitter* деп аталган электрондук байланыштын өтө кыска түрүн колдонгондурсуңар же жок дегенде уккандырсыңар. Мындай байланыш, кыска маалымат алмашууга ылайыктуу жана эң жакшысы, жазгандардын жашоосу жана ой жүгүртүүсү тууралуу үзүндү түшүнүктөрдү гана берет.

Мен бир жолу «Аял болуп салгылаш» деген китебимде кененирээк талкуулаган концепция тууралуу *Twitter*де жаздым. Бул лидерлик жөнүндөгү сөз болгон: «Жыныс өзүнөн өзү эле эркекти лидерликке ылайыктуу кылбайт, бул ошондой эле, аялды лидерликке жараксыз деп таанууга негиз катары

каралбашы керек. Жакшылык кылуулчулук эркекти да, аялды да буга татыктуу кылат». Көңүл бурсаңар, мен бул сөздү жыйындын жетекчилиги жөнүндөгү маселеге колдонгон эмесмин жана анын аракетин никенин чеги менен чектеген жокмун. Мен жөн гана жакшылык – бул эркек болобу, аял болобу, ар бир жетекчиге керектүү сапат экенин баса белгиледим.

Мен муну *Twitter*де жайгаштыргам жана менин жөндөөлөрүм боюнча бул фраза менин *Facebook* баракчамда автоматтык түрдө пайда болду. Ошондон кийин, өз иштерим менен алек болдум, жазгандарым талкуу жаратат деп күткөн эмесин. Мен муну кадимкидей кабыл алдым жана менин билдирүүм кандай бороон–чапкынга алып келерин элестете да алган жокмун.

Жүздөн ашык комментарий алгандан кийин көпчүлүктү козгогонумду түшүндүм. Мен жеке иштерим менен алек болуп жүргөнчө *Facebook*та дебаттар башталды. Бир нече машаякчы аялдар ачууланышкан.

— Аял өзүн абийирдүүмүн деп эсептесе, кантип ал күйөөсүнө лидер боло алат деп айта аласың? – деп бир аял жазган.

Оой!.. Мен эмне, *ушуну* айттымбы?

Башкалар мени жыйында эркек гана аксакал боло алат деген аяттарды четке каккан деп айыпташты. Мен жыйындагы аксакалдар жөнүндө бирдеме дедим беле? Андан кийин лидерликти талкуулоо башталды. Кээ бир аялдар менин *Facebook*тагы аудиторияма аял эч качан лидер боло албайт деп түшүндүрүштү.

Чын ыкластуу жаш айым түшүнүктүү болууга аракет кылып: «Демек, сиз улук пастордун аялы жетекчи эмес деп жатасызбы?» — деп суроо узатты. «Жок, ал лидер эмес! Ал күйөөсүн колдоо артыкчылыгына гана ээ» деп күркүрөгөн жооп болду.

Мен такыр адашып калдым! Пикирлер суудай агып, сүйлөшүүлөр акырындык менен баш ийүү темасына бурулду. Кээ бирөөлөр мени жетекчи деп айтышса; башкалар – мен аял болгонум үчүн, андай эмесмин деп жатышты. Анан: "Мен күйөөмө баш ийгендиктен, анын кол алдындагы жетекчимин"

деп, мага жеңилдик кылышты.

Келгиле, токтоп, чогуу ойлонолу. Эмне үчүн гендердик маселеге келгенде, акырында эле баары аялдардын эркектерге баш ийүүсү жөнүндөгү маселеге келет? Эгер мен лидер болсом, бул мени Кудай ошондой кылганы үчүн лидермин. Бул абдан жөнөкөй: лидер – жолдоочулары бар адам. Арабызда лидерликке жазылсак да, жазылбасак да лидер болгондор да бар. Ошондуктан, Кудай бизге Өзүнүн үлгүсү менен адамдарга жол көрсөтүүгө жардам берсин. Муну түшүнүү үчүн, келгиле, Пабыл Тиметейге лидерге кандай талаптар болуу керектиги жөнүндө жазганын окуп көрөлү:

> Бирок, Жыйын башчысы кемчиликсиз, бир эле жолу үйлөнгөн адам болушу керек. Ал токтоо, акыл–эстүү, адептүү, чынчыл, меймандос, окутууга жөндөмдүү, ичкиликке жакын эмес, эч кимге кол көтөрбөгөн, көр жеме эмес, дүнүйөкор эмес, тескерисинче, кичи пейил, тынчтыкты сүйгөн, акчаны сүйбөгөн, өз үйүн жакшы башкара билген, балдарын өзүнүн кадыр–баркы менен баш ийдире алган адам болушу керек. Анткени, өз үйүн башкара албаган адам, Кудайдын Жыйыны үчүн кам көрө алабы?Текеберденип кетип, шайтан сыяктуу сотко кабылбашы үчүн, ал Кудайга жаңы кайрылгандардан болбошу керек. Жаман сөзгө калбаш үчүн, шайтандын торуна түшпөш үчүн, ал сырттагылар тарабынан жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон адам болушу керек. Диакондор да өз кадыр–баркын сактай билген, эки сүйлөбөгөн, ичкиликке жакын эмес, дүнүйөкор эмес, ишенимдин сырын таза абийир менен сактаган адамдар болуулары керек.
>
> Бирок, булар да адегенде сыналуулары керек, андан кийин, эгерде кемчиликсиз болушса, кызмат кылышсын.
>
> – 1 Тиметей 3:2–10, *Message*дин котормосу.

Бул аяттарда Пабыл эркек жетекчилерге коюлган талаптарды санайт. Анан мындай дейт:

> Аялдар да өз кадыр–баркын сактай билген, ушак сүйлөбөгөн, акыл–эстүү, бардык нерседе ишенимдүү болуулары керек. Диакон бир эле жолу үйлөнгөн, балдарын жана өз үйүн жакшы башкара билген адам болушу керек. Анткени, жакшы кызмат кылгандар жакшы даражага жетишет жана Машайак Ыйсага болгон ишеним жолунда зор кайраттуулукка ээ болушат.
>
> – 1 Тиметей 3:11–13, *Message*дин котормосу.

Эгер аялдардын жынысы аларды лидер болуу укугунан ансыз деле ажыратып койгон болсо, анда эмне үчүн Пабыл аларга коюлган талаптардын тизмесин келтирип жатат? Джон экөөбүз кеңсебизге кызматкерлерди тандап жатканда, талаптардын тизмесин түзөбүз. Эгерде талапкерлер биздин талаптарга жооп бербесе, алар эркекпи же аялбы, биз аларды жумушка албайбыз. Пабыл, эгерде ал эркек болбосо, жетекчи кызматтарга дайындай албайсың деп айткан эмес. Эгер ал эркек же аял белгилүү бир талаптарга жооп бербесе, аларды лидер кылбоо керектигин айткан. Пабыл өзүнүн талаптарынын тизмесине басым жасаган. Аялдар үчүн эч кандай өзгөчөлүк болбошу керек деди; алар бирдей стандарттарга жооп бериши керек. Балким силер: «Улуу кызматчы бир аялдын күйөөсү болушу керек деген конкреттүү көрсөтмө жөнүндө эмне айтууга болот?» – деп сурашыңар мүмкүн. Бул абдан жөнөкөй: ал кезде аялдар бир нече эркекке турмушка чыкчу эмес, эркектер бир эле учурда бир нече аялга үйлөнүшкөн, ошондуктан, бул талапты эркектерге гана коюу акылга сыярлык болгон.

1 Тиметей 3:11—13–аяттарда Пабыл Тиметейге аял лидерлерге кандай талап коюунун көрсөтмөсүн берген, андан кийин гана жыйындагы аял кызматчылар же анын астындагылар жөнүндө сөз болуп жатат. Муну мен кайдан билем? Келгиле, 1 жана 2–аяттарды окуп, эркек жетекчилерге конкреттүү талаптарды коюудан мурун Пабылдын эмне дегенин карап көрөлү.

> “Ким Жыйындын башчысы болууга умтулуп жатса, ал жакшы ишти каалап жатат. Бирок Жыйын башчысы ... болушу керек...
>
> – 1 Тиметей 3:1–2.

«Эгерде кимдир бирөө» деген сөздү көрүп жатасыңарбы? Кээ бир котормолордо «кимдир бирөө» деп айтылат, кээ бирлеринде «ким болсо да» деп да айтылат. Кандай болгон күндө да, бул аятта «эркек болсо...» деп айтылбайт.

Эмне үчүн аялдар жыйындан башка жерде гана лидер боло алышат? Эгерде Кудай аялдарды күнөөдө кулаганга чейин жана андан кийин да жетекчилик кызматтарга көтөрсө, анда эмне үчүн кундан кийин биз аларга мындай мүмкүнчүлүктү берүүнү каалабайбыз?

Кайсыл бир убакта Фейсбукта аялдардын ортосунда талаш–тартыш күчөп кеткендиктен, сүйлөшүүгө кандайдыр бир киши кирип: «Аялдар, эмне үчүн өз ара талашып жатасыңар? Бизге силердин салымыңар керек, а силер болсо, бири–бириңерди токтотуп жатасыңар!” деп айткан эле. Анын айтканы чын эле. Машаяктын иши үчүн бири–бирибизге колдоо көрсөтүүнүн жана бекемдөөнүн ордуна, биз көбүнчө бири–бирибизди кысып же басынтып отуруп, натыйжада, биз аялдар жана машайакчылар катары чакырылган адам болууга жөндөмдүү боло албай калабыз.

Социалдык тармактагы бул күтүүсүз окуя гендердик теңсиздикти үй–бүлөдө эле эмес, жыйында да көтөрүү керектигин эскертти. Биз жашап жаткан дүйнө Кудайдын уул–кыздарынын жашоосунун жана жетекчилигинин бардык тармагында Кудайдын чыныгы жүрөгүн жана Анын түпкү максатын көрүшү керек.

## ЖЫНЫСТЫК ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Америкалык жыйындардагы сексисттик тенденциялар жөнүндө сөз кылууга болбойт деп ойлогум келет. Ооба, мен бул жагынан атайылап өз өлкөмдү бөлүп жатам. Дүйнө жүзүн

кыдырып, түрдүү маданияттарды көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен, мен аялдардын катышуусусуз эле деген биздин салттуу мамилебиз башка өлкөлөрдө актуалдуу эмес экенин байкадым. Аялдар болбогондо, алардын айрымдарынын жыйындары да жок болмок.

> Кудай жараткандын баары жакшы жана шүгүрчүлүк менен кабыл алынышы керек. Эч нерсенин үстүнөн күлүүгө болбойт жана эч нерседен баш тартууга болбойт. Кудайдын Сөзү жана биздин сыйынууларыбыз ар бир жаратылганды ыйык кылат.
>
> – 1 Тиметей 4:4:5, *Message*дин котормосу.

Эгерде Кудайдын *бардык* жаратуулары жакшы жана аны колдонууга болсо, жактырылып жана ыраазычылык менен кабыл алынуу керек болсо, анда биз *бардык адамдарды* канчалык көбүрөөк кабыл алышыбыз керек? Эркектер да, аялдар да бирдей эле жакшы.

Эгер бир нерсе Кудай тарабынан жаратылган болсо, анда аны шылдыңдап, четке какпашыбыз керек. *«Мыскылдоо»* – «бир нерсени кемсинтүү, шылдыңдоо, текеберлик кылуу, же бир нерсеге күлүү» дегенди билдирет. Бул аракеттердин баары нерсенин же адамдын, ошондой эле, алардын ролунун жана салымынын баркын кетирет.

*"Таштоо"* деген сөз өзү эле айтып турат, бирок анын маанисинин кээ бир аялуу жактарына көңүл буралы. Жөнөкөй физикалык жактан «ыргытып салуу, шыпырып салуу, таштап салуу» маанисинен тышкары, «таштоо» деген сөз «баш тартуу» дегенди да билдирет. Тилекке каршы, бул нерсе жыйында аялдарга карата көп кездешет. Алар четке кагылып, кабыл алынбайт, ошондуктан, алардын үнү, баалуулугу жана салымынын ордуна жыйында боштук пайда болот. *Эки жыныстагы адамдар тең* мунун баарына моюн сунуунун атынан жол беришет.

Демек, эркектер да, аялдар да башынан өткөрө турган –

жашоого туура келген натыйжа – чоң масштабдагы жоготуу – баалуулукту жоготуу болот. Албетте, эркектер аялдарга караганда жыйындагы жогорку жетекчилик кызматтарды көп ээлейт, бирок, кээде алар аялдын акылман кеңешин кабыл ала албагандыктан, туюкка кептелип калышат. Бирок, биз эркектерди да баалайбызбы? Биз аларды Кудай көргөндөй – жакшы деп көрүп жатабызбы?

Же алардын жүрүм–турумун шылдыңдап жатабызбы? Экөөңөр чогуу күлүүгө болбойт деп айта албайм. Адамдардын тамашакөй болушуна күлбөй коюу мүмкүн эмес. Биздин бар болушубуздун өзү эле Кудайдын абдан жакшы өнүккөн юмор сезими бар экенин далилдеп турат. Бирок, бул учурда мен силерди кайсы бир жыныстагы адамдарды шылдыңдоодон жана кемсинтүүдөн сак болгула деп эскертем. Мен бул силер ойлогондон да көбүрөөк деп ишенем. Көңүл ачуу индустриясы дайыма эркектерди уят кылып, аялдарды сексуалдык объект катары көрсөтөт.

Биз сексизмге, аялдар өздөрүнүн баалуулугун жоготуп, эркектерди жек көрө баштащына жол бердик. Эми эмне кылышыбыз керек? Тилекке каршы, буга жооп кылып, кээ бир аялдар коркунучтуу чектен чыгып кетишти.

## АЯЛДЫК КАСИЕТТИН КЕРЕМЕТТҮҮЛҮГҮ

Мен бул китепти жазып жатып, Amazon сайтынан мурунку китептеримдин биринин жанында каталогдо турган эки китепти байкадым. Бул эки китеп тең “аялдык касиеттин кереметтүүлүгү” теологиясынын жактоочулары тарабынан жазылган – аялдар жынысындагы кудайлык касиетке ишенүү же аялдын өзүн кудай катары кабыл алуусу болчу. Мен Кудайдын мага шыбырап айтканын уктум: *«Ушул эки китепти сатып алып, алардын үнүн кантип жоготуп алганыбызды бил».*

Мен бул китептерди барактап, алардагы билдирүүлөрдү жана суроолорду окуп жатып, алардан азап менен жүрөктүн сыздаган

үнүн уктум. Алардын авторлору жыйында катуу жабыркап, көңүлү калган, эки авторитеттүү жана таасирдүү аялдар болгон. Мен ыйлагым келди, анткени алардын Машаяктын Денеси үчүн болгон эң сонун жөндөмдүүлүктөрү жоголуп калган.

Эмне үчүн алар Кудайдын үйүнүн сыртында, кандайдыр бир кудайга сыйынуу идеясын ойлоп табуудан башка аргасы жок деп чечишти?

Алардын суроолору жыйындын салтын талашкандай курч же түз беле? Же бул аялдар ушунчалык акылдуу болгондуктан, жыйын башчыларын кемсинткен сезимдерин пайда кылышканбы? Баш ийүү принцибинин чегинен чыгып кеткендиктен же кун эмне экенин түшүнбөгөндүктөн, жыйында алардын үнү басылдыбы?

Бул аялдар жөн гана эркектерди да, аялдарды да өз суроолору менен чоочутушканына ишенем.

Балким, силер алар башынан өткөргөн издөө жана көңүл калуу кыйынчылыктарын эч качан баштан өткөргөн эмессиңер, бирок, мен экөөнү тең өзүмдүн терим менен сезгем. Анан да, мен жалгыз эмес экенимди билем. Көбүнчө мен каттарды, электрондук почталарды жана суроолорду алып турам, аларда ыр сап сыяктуу бир нерсе кайталанып турат: «Кереметтүү Кудайдын кызы катары, мен эмне үчүн баалуу экенимди дагы бир жолу түшүндүрүп бериңизчи».

Мен бул жерде Сью Монк Киддин *«Башка көз караштагы кызынын бийи»* китебинен үзүндү келтиргим келет. Өз сөзүндө ал жакшы кабарчылардын жыйынында чоңойгон аялдын бизге тааныш тажрыйбасына жарык чачат.

> «Аял биринчи күнөө кылып, бирок экинчи жаратылган» – деди ал. Анан ал Обо эне жөнүндө, анын кантип Адам ата үчүн жаралганын, Кудайга баш ийбей, Адам атага тыюу салынган мөмө–жемишти тартуулаганы үчүн жакшылыкка татыксыз болгонун айтып берди... Жүрөгүм эзилип кетти. Сезимимди

> сөз менен айтып бере алсам, «Кудай, сен кантип
> *анттиң?*» деп айтат элем.

Андан ары, бул китептин автору анын Кудай жөнүндөгү түшүнүгүн жыйындын көз карашы менен кароо кыйынга турганын айтат.

Мен ага кошулам. Кудай эч качан эркек болобу, аял болобу, эч кимибизге карата мындай кенен, ишеничсиз соттук жалпылоолорду кылбайт.

Обо энени жана анын кыздарын оңой адаштырып салса болгондуктан, аялдарды лидерликтен четтетүү керек десек, анда Адам ата жана анын уулдарынын алдында да эшикти тарс жаап салышыбыз керек. Анткени, ал билип туруп күнөө кылып, Кудайдын аманатына кыянаттык кылган.

Адам ата менен Обо эненин кылмышынын ортосундагы айырманы кумарлануу кылмышы менен атайылап өлтүрүүнүн ортосундагы айырмага салыштырууга болот. Обо күтүлбөгөн жерден алды; Ал эми Адам ата эмне болуп жатканын жакшы түшүнгөн.

> Билбестиктен күнөө кылсаң, Кудай аны эсепке алат.
> Бирок, эмне кылып жатканыңды толук түшүнүү менен
> күнөө кылсаң, анда бул таптакыр башка маселе.
>
> – Римдиктер 12:2, *Message*дин котормосу.

Чындыкты издеген акылдуулар биздин короолорубуздан жооп таба алышпаса, биз өзүбүзгө кандай диний дүйнө жасап алдык? Алардын чакырыгын кабыл алып, суроолоруна жооп бербесек, бул суроолорду берүүгө батынган кыздарыбыздын тагдыры эмне болот? Анан да биз эгер ушинтип кете берсек, эркектерди Кудай сактасын! Аялдардын үнчукпаганы менен эркектер дени сак жана күчтүү болбойт. Биздин үнүбүз менен алардын үндөрүн айкалыштырганда эркектер күчтөнөт, анткени, кыздардын берген суроолору эркектерди жаңы деңгээлге көтөрүп, аларды эркин кылат. Аялдардын пикири эркектерди

бекемдейт жана тазалайт, ошондой эле, аялдар үчүн өнүгө турган чөйрөнү түзөт.

«Аялдык касиеттин кереметтүүлүгү» философиясынын авторлорунун суроолорунун бири да мен үчүн күтүүсүз болгон жок. Алардын жыйындан алган куру жоопторун окуп жатып, жүрөгүм эзилип жатты.

Аялдардын көз жашынын деңизи бизди бөлүп тургандай сезилет. Аларды алыскы жээктен көрүп, көңүлүм чөгөт. Бул аялдар өздөрүн диссиденттер жана кудайлар деп аташат, бирок, мен аларды Кудайдын достору жана кыздары деп сыймыктануу менен айтаар элем. Бирок, алардын айыптоолору менин кулагыма катуу угулуп жатат, анткени, аларга берилген жыйындагы жоопторго караганда, алардын наразычылыгынан алда канча көбүрөөк чындыкты таптым.

Бул китептердин барактарынан көптөгөн ачуу окуяларды окудум. Алардын бири төрөт учурундагы аялдардын күйөөсүнөн кыз төрөгөнү үчүн кечирим сураганын кайра–кайра уккан акушер–гинекологдун оозунан чыккан. Мен үчүн төрт уулдун энеси катары мындай мамиле түшүнүксүздөй сезилет. Аялды сыйлаган күйөөм аттуу байлыгым бар экенине бактылуумун. Ар бир уулубуздун төрөлгөнүнө сүйүнсө да, бир күнү кыздуу болом деп күткөн. Мен ага бул окуяларды айтып бергенде, ал таң калды. Эгер биз кыздуу болсок, ал биз үчүн сүйкүмдүү, биз каалаган кыз болмок!

Дин дубалдарынан эч кандай жооп, баалуулук же өз салымы үчүн орун таппай, бул кыздар патриархалдык тираниянын чеби катары көрүнгөн жактын тышкары тарабынан, өздөрүнө сыйынуу чөйрөсүн жана объектисин табышкан. Алар аялдын, ханышанын жана аял кудайдын жагымдуу, жумшак чөйрөсү катары кабыл алышкан токойлорго жана дарыялардын жээктерине кетишкен.

Тынчтангыла! Мен силерди алардан үлгү алууга чакырган жокмун. Мен алардын ханышасын да, дин көрсөткөн жаман падышаны да тандабайм. Мен Жаратуучубузду, Кудуреттүү Кудайыбызды тандайм.

## КУДАЙ ТАРАБЫНАН БИЗГЕ БЕРИЛГЕН МАКСАТТЫ ИЗДӨӨДӨ

«Аялдык касиеттин кереметтүүлүгү» философиясынын апологу Мэриэнн Вильямсон тарабынан жазылган *«Аялдын баалуулугу»* китебинде айтылган бул оор чакырыкты уккула:

> Мен: «Барып Марияам менен сүйлөш» деп жаткан болсом, анда мен: жыйынга бар, шам жагып, отургучка отур жана бул нерсеге өтө олуттуу мамиле кыл деп айтып жатканым болот. Ага айт: «Мария, мен аял, бийкеч, эне же кыз катары ким экенимди билгим келет. Мен боло ала тургандай аял болгум келет. Менде да сеникиндей кынтыксыздыктын, тазалыктын жана жарыктыктын бийиктигинин болушун каалайм. Менин аялдык касиетимдин маңызы сырттан көрүнүп турган менин «мен» дегениме караганда жарыгыраак болсун».

Силер боло турган аял болуу үчүн сыйынуунун эч кандай жаман жери жок. Суроо ал бизди кимге сыйынууга чакырат дегенде. Вильямсон католицизмдин алкагында өзүн ыңгайсыз сезгендер үчүн эскертүү жасады:

> Эгер сен Мариям менен сүйлөшкөндө өзүңдү ыңгайсыз сезсең, бул коркунучтуу эмес! Өзүңө таанылa турган грек кудайын же индиялык аватарды же аялдык касиеттүүлүктүн кереметинин башка символун тап жана аны менен мамиле түзө башта.

Аны менен мамиле? Дароо бул кеңештен кийин ал ачуусунун себептерин биз менен бөлүшөт:

> Дүйнө сага жана сенин аялдык касиетиңе маани бербейт. Сени алсыз жыныстагы адам катары эсептешет. Сага сексуалдык объект катары мамиле кылышат. Бала төрөгөндөн башка эч нерсеге кудуретиң

> жетпейт. Сенин жаштыгың – баркыңдын, сенин карылыгың – барксыздыгыңдын өлчөмү. Дүйнөдөн аял катары колдоону же өзүңдүн инсандыгыңды издебе, анткени сен аларды ал жактан таппайсың. Дүйнө сени жек көрөт. Кудай сени сүйөт!

Мен ага ал өз сөздөрүн Кудай бизди сүйөт деген чындык менен аяктаганы үчүн абдан ыраазымын. Бирок, анын азабын сезбей коюу мүмкүн эмес. Ал аялдык кудайлыктын кандайдыр бир символу менен байланыш идеясына таянат. Ал биздин өзүбүздүн өз ара мамилелерибизде жетишпей жаткан нерсени табамын деген үмүттө бизди өтүп кетпей турган сулуулук менен күчкө ээ аялдын кудайлык образына – грек аял кудайына кайрылуубузга кеңеш берүүгө чейин барып жатат. Мен ал өзү издеген чындыкты табышы үчүн сыйынам.

Мурдагы католик катары мен сүйлөмдүн мааниси эмнеде экенин түшүнөм. Мен эч качан Мариямга сыйынууну жактабайм, бирок, протестанттар Мариямга кудай катары (ал андай эмес!) сыйынууну жокко чыгарганда, ошону менен бирге, анын аялдарга үлгү катары ориентир болуусун да жок кылышкан.

Мариям кудай эмес, бирок, ал Кудайдагы аял болгон. Ал ага шам күйгүзө турган айкел эмес, бирок, анын үлгүсү биздин жолду жарык кылган аял болчу. Ал келечекте боло турган нерселердин — кыздардын Кудай менен кызматташып, Ыйсанын өмүрүн алып келүүсүнө жол ачкан.

Мен Ыйсанын дедимби? Кызыктуу ой! «*Аялдын баалуулугу»* китебин карап чыгып, мен андан Мариямдын уулу Ыйса жөнүндө эч кандай сөз тапкан жокмун. Ыйса болбосо, Мариям кандай баалуулукка ээ болмок? Анда бул чакырыктын чыныгы маңызы эмнеде?

Ал түз мааниде Мариямда, Афинада же Афродитада эмес. Биз өзүбүз жараткан аты жок рух жөнүндө сөз болуп жатат!

«Аялдык касиеттин кереметтүүлүгүнүн» апологеттери Кудай

жана аял кудайлар, дин жана эркектер жөнүндө көп айтышат. Бирок, кереметтүү Куткаруучу, Кудайдын Уулу Ыйса Машаяк жөнүндө өтө сейрек эстешет. Алар ханышалар, сыйкырчылар жана энелер жөнүндө айтышат, бирок, өлгөндөрдөн тирилген Кудай жөнүндө эмес. Эмне үчүн энелер Уул жөнүндөгү ачылыштан качышы керек? Алар Ыйсанын Инсандыгынын тегерегинде айланып, жадагалса Анын сөздөрүн алып жаткандай сезилет, бирок Анын ысмын айтышпайт.

Бирок, албетте, бул таң калыштуу эмес! Эгерде мен өзүмдү кудайдын деңгээлине көтөрсөм, анда мага Куткаруучунун эмне кереги бар?

Аял кудай позициясы – бул жөн гана бийлик позициясы эмес; ал табынууну камтыйт. Бирок, биз эркектерге, аялдарга же башка жандыктарга табынбашыбыз керек. Биз бир гана Кудайга табынышыбыз керек. Эгер жыйындарда аялдар жөнүндөгү чындык жана Кудайдын алардын коомдогу ролу жөнүндөгү баштапкы ой–ниети тууралуу айтылган болсо, аялдарга баалуулук берүү үчүн, эч кимдин аял кудайын жаратуусуна муктаждык болбойт.

Жер менен асмандын Кудайы, Улуу Теңир, Өзүнүн куткаруу планында аялдардын ролун жана баалуулугун ачык эле жарыялаган. Кудай Өзүнүн Уулун эркектин уругунун катышуусу жок эле жаратты. Жусупка Мариямды жана ал көтөрүп жүргөн Ыйык Баланы коргоо милдети гана жүктөлгөн.

Кудайдын Руху жаш, бир аз чоочулаган еврей кызынын курсагында жашоону жараткан. Ал ыйык мантраларды ырдачу эмес жана айланасындагыларга өзүнүн кудай экенин айткан эмес. Мариям Кудай үчүн баарына даяр болчу, бирок, ал өзүнө жүктөлгөн миссияны аткара аламбы деп бир аз күмөн санаган! Келгиле, анын сөздөрүн кайталайлы жана аларды өзүбүздүкү кылалы. *«Асмандагы Ата, бизге Сенин сөзүң боюнча болсун; Сен эмнени убада кылсаң, ошону аткарасың деп ишенебиз. Жер бетиндеги эзилгендерди көтөрүп жана биздин жашообуз аркылуу Уулуңду ачып бер».*

Ичибиздеги кудайды ачуу үмүтү менен өзүбүздү эркектерден жогору койсок, анда биздин Кудайдын максатына болгон умтулуубуз ийгиликке жетпейт. Эркектер эч качан аялдарга үстөмдүк кылуу менен чыныгы бийликке жана эркиндикке жете алышкан эмес. Ал эми, аялдар өз күчүн бурмаланган кызматтарда жана ашкере чектен ашкан окууларда колдонууга жол бергенде, натыйжалуу боло албайт. Эки жыныс тең бири–биринин союздаштары жана коргоочулары, душмандары жана кудайлары эмес.

Сыйынуу объектиси болуп калуу каалоосу ар бирибиз үчүн– сыноо. Дал ушул сыноодон Люцифер өтпөй калды. Бийликке ээ болууну каалоо адилетсиздик эмес; ар бирибизге (эркектерге да, аялдарга да) белгилүү өлчөмдө ишеним, күч жана бийлик берилген.

Адамдар абсолюттук бийликти башкарууга жөндөмдүү эмес. Мындай ролду же жоопкерчиликти периштелер да көтөрө алышпайт жана Кудайдын Уулу, Ыйсанын Өзү, Кудай менен болгон теңдигин өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга батынган эмес. Филипиликтерге жазган катында Пабыл бизге бийликке бутпарастардай мамиле кылбоого кеңеш берет:

> Анткени, силердин ой жүгүртүүңөр Машайак
> Ыйсаныкындай болушу керек.
>
> Ал Кудайдын бейнеси болгонуна карабастан, Өзүнүн
> Кудай менен теңдигин олжо деп эсептеген жок.
>
> Бирок кул кейпин кийип, *адамга* окшош болуп, сырткы
> көрүнүшү боюнча адамдай болуп, Өзүн Өзү басынтты.
>
> Өлгөнгө чейин, айкаш жыгачта өлгөнгө чейин тил
> алчаак болуп, Өзүн басынтты.
>
> Ошондуктан, Кудай Аны жогорулатып, Ага бардык
> ысымдардан жогору ысым берди.
>
> Ыйсанын ысымынын алдында асмандагылардын,
> жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары

> тизе бүгүшү үчүн, «Ыйса Машайак – Теңир, Кудай Атанын даңкы» деп, ар бир тил ачык таанышы үчүн ушундай кылды.
>
> – Филипиликтер 2:5–11,
> *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Биздин дүйнө кызматчыларга муктаж. Баарын көтөрүү үчүн ийилген менин Ыйсам, биздин кээ бирибиздей талапчыл болорун элестетүү да мен үчүн кыйын. Тилекке каршы, кээде биз Падышабызды туура эмес жагынан көрсөтүп жатабыз. Болбосо, тынчтык кыймылын жетектеген кээ бир лидерлердин: «Эгерде машаякчылар болбогондо, мен машаякчы болмокмун» же Махатма Ганди айткандай: «Мага силердин Машаягыңар жагат, бирок мага силердин машаякчыларыңар жакпайт? Алар силердин Машаягыңарга такыр окшошпойт» деген сөздөр болбос эле.

Силер бул чакырыкты жана чындыкты коркпостон издегендер катары көтөрүлүшүңөргө болгон муктаждыкты угуп жатасыңарбы? Биз жоголгондорго жана муктаж болгондорго өзүбүздүн тукумсуз караңгылыгыбыздын чегинен чыгып, атайылап сүйүү көрсөтүп, жардам берүүбүз керек.

Эгер жыйын силерге андай мүмкүнчүлүк бербесе, анда Кудайдын сүйүүсүн алып, аны бардык жолдорго алып чыккыла. Жыйындын дубалдарынын артында силердин пассивдүү бойдон калбагандыгыңарга кубана турган, жашоосу бузулган, муктаж болгондор көп. Коомуңарга, үй–жайсыздарга, кесиптештериңерге, билим берүү системасына жардам берүү үчүн кол сунгула... Жашооңор, чагылдырууга да мүмкүн болбогондой улуу жана жарык болсун!

Эл ээрчий турган, үлгү боло турган учур келди.

Азыр эмне кылуубуз керек? Кудай буга чейин эле чечип койгондору жөнүндө талаша беришибиз керекпи? Биз ой жүгүртүүбүздү баш ийдирүүнүн же «аялдык касиеттин кереметинин» чегинен кача ала тургандай иретке келтире алабызбы? Эркектерди сыйлай баштайбызбы? Келгиле,

эркек арстан менен ургаачы арстандан үлгү алып, алсыз, кул жандыктар же ачууланган аял кудайлар катары эмес, эркектер менен бирге көтөрүлөлү.

## КҮЧТҮҮ АЯЛДАРДЫН БААЛУУЛУГУ

Мен китеп жазып жатамбы, *Twitter* же *Facebookka жазамбы*, кайда болгону айырмасы жок (жыйында же интернеттеби), мен аялдарга кайрылганда–аялдардын баалуулугун жарыялоо үчүн ар бир мүмкүнчүлүктү кармаганга аракеттенем. Мен аларга дүйнө алардын үнүнө, жыйындагы, жыйындан тышкаркы, жергиликтүү жана дүйнө деңгээлиндеги салымына муктаж экенин аң–сезимдүү түрдө эскертем. Мен алардын буга ишенип, кабыл алып гана тим болбостон, ушуну менен жашаса экен деп сыйынам.

Насаатарымдан кийин “эркектерге да ушул сөздү айта аласызбы?” деген суроону тынымсыз угам. Муну алар биздин маегибизди кимдир бирөө угуп, ал тургай, бул боюнча ачык айтууга да батынганын билсе, кооптуу болуп калчудай, шыбырашып айтышат.

Мен мурда аялдарды гана кубаттоо жетиштүү деп ойлочумун. Мен аялдарга ыңгайлуу, коопсуз чөйрөдө кайрылуу мүмкүнчүлүгүн абдан баалайм. Бирок, Кудайдын кыздарынын ошол кыймылынын өнүгүшү менен, мен мындай дем–күчтү бир гана аялдарга берүү жетишсиз экенин түшүндүм, анткени тыйындын бир бети бузулуп калса, анын баасы чектелүү болот.

Акыркы эки жылдын ичинде менин мүмкүнчүлүктөрүм кеңейди жана көптөгөн жекшемби күнкү эртең мененки жолугушууларда менин үнүмдү ар кайсы жыйындарда угушту. Анан, албетте, аны эркектер да угушту. Эки жыныстын өкүлдөрү катышкан жолугушууларда үнүмдү көтөргөндө, мен аялдардын кереметтүү экенин жар салам.

Муну талашкан эркектерди сейрек көрөм. Мен аларга атайылап эркектер да кереметүү деп айтам! Акыркы бир нече жылдан бери мен эркектердин көз жашын көп көрдүм. Мен

күйөөлөр менен аялдардын атаандашууну токтотуп, бири–бирин кабыл алганын көрдүм. Алардын бири–биринен акылсыз бийлик күрөшү үчүн кечирим сурагандары мага жагат.

Урматтуу арстан эже–сиңдилерим, биздин көйгөй эркектер эмес. Маселе бир топ тереңде жатат. Биздин душманыбыз жана эки жыныстын тең кадыр–баркын кетирген алдамчы – шайтан. Эркектер көйгөйдүн бир бөлүгү болбосо да, алар жооптун бир бөлүгү болушу мүмкүн жана болушу керек. Эркектер жүктүн бир бөлүгүн өз мойнуна алып, аялдар менен бирге бүткүл адамзатка баалуулук жана күч–кубат бере баштаганда керемettүү нерселер болот.

Кээде сени уга тургандай нерсе кылуу – бул күрөштүн жарымынан көбү. Сенин чөйрөңдөгү эркектер сени уга алышы керек, ошондой эле, эркектер менен аялдарды бирге ойгонууга жана турууга үндөгөн башка адамдарды да угушу керек. Коомубузда өзгөрүүлөр башталышы үчүн, баарыбыз бир нерсени айтышыбыз керек. Келгиле, Кудайдын адамзатка болгон мамилесин кайталайлы.

Бул үчүн 1 Корунттуктардагы 11–бөлүмдү кылдаттык менен карап чыгышыбызды каалайм. Мен аны бир нече өзүнчө бөлүктөргө бөлөм, алардын ар биринде так айтылган ой бар, анан жалпы жыйынтыкты чыгарам.

> Айтмакчы, эркектер менен аялдардын ортосундагы
> айырмачылыктарды символикалык мааниден ашкан
> нерсе катары көрбөгүлө.
>
> – 10–аят, *Message*дин котормосу.

Пабылдын сөздөрү жыныстык айырмачылыктарга ашыкча маани бербөөнү чечкендердин баарына дем берет. Ооба, ортобузда айырмачылыктар бар, бирок, алар бизди ажыратпашы керек. Алар бизди бириктирүү үчүн бар.

> Эркек да, аял да муну жалгыз басып өтө албайт же
> артыкчылыктуу позицияны талап кыла албайт.
>
> – 11–аят, *Message*дин котормосу.

Бул билдирүү менен ал жыныстардын өз ара көз карандылыгын жарыялайт. Ал эми, өз ара көз карандылык болсо, анда эркекке да, аялга да биринчилик берилбейт.

> Эркек Кудайдын сулуу, көрктүү чагылышы болуп
> биринчи жаралган – бул чындык! Бирок, аялдын
> башынын сулуулугу жана көрк жагынан өзүнүн
> «башчысынын" жаркырашы болуп күйөөсүнөн ашып
> турганы анык.
>
> – 11–аят, *Message*дин котормосу.

Эркек Кудайдын чагылышы катары жаратылган – бул чындык! Бирок анда кийин бир «бирок» пайда болду. Аялдын сулуулугу күйөөсүнүн сулуулугунан ашып түшөт. Бул күйөө менен аялга гана тиешелүү экенин белгилей кетүү керек.

> Ооба, биринчи аял эркектен жаралган, бирок андан
> бери ар бир эркек аялдан жаралып атат!
>
> – 12–аят, *Message*дин котормосу.

Бул да чындык, биринчи аял Обо эне Адам атадан жаралган. Бирок, Пабыл ошондон бери бардык эркектер аялдардан тараган фактысы менен баарын тең салмактоо үчүн дагы бир жолу «бирок» союзун колдонот.

> Ал эми, баары Кудайдан болгондуктан, келгиле, «ким
> биринчи» деген бул түгөнгүс атаандаштык менен
> тегеренип жүрүүнү токтотолу.
>
> – 12–аят, *Message*дин котормосу.

Ал эми, эки тараза тең салмактуу болгондон кийин, Пабыл гендердик талаш–тартыштын деңгээлинен көтөрүлүп, Кудайдын көз карашын көрсөтөт: баары Кудайдан жаралган, ошондуктан жогорулук жөнүндө талашканды токтоткула! Бул көп суроолорду жок кылышы керек. Бир гана Кудай биринчи. Ал гана ыйыктык,

адилеттик, сүйүү, чындык, жол, өмүр, башталышы жана аягы.

Кудай биздин конфессиялардын көрсөтмөсү менен жетектелет деп эч качан ойлобогула. Ага биздин ишеним уставдарыбыз жана символдорубуз, биз уруксат берген же уруксат бербеген нерселерибиз таасир бербейт. Кудай жер үстүндө кыймыл– аракеттерин кылат жана адамдардын бири–бири менен туура мамиледе болгонун, Анын жетекчилиги астында иш–аракет кылып жатканын көргөндө, аларга батасын берет.

> Бир туугандардын ортосунда достук, тынчтык болгондо кандай жакшы, кандай сонун!.. Ооба, Кудай ошондой жерде берекетти, түбөлүк өмүрдү буйруйт.
>
> – Забур 132:1,3, *Message*дин котормосу.

Өзүнүн тарыхында жыйын бул маселе боюнча экиге бөлүнүп келген, антсе да, мен жеке өзүм мунун уланышын каалабайм. Бирок, менин ойлорум жана сезимдерим Кудайдын бул кандай болору жөнүндөгү буйругуна салыштырмалуу эч нерсе эмес. Баары өзгөрөт.

> «Акыркы күндөрдө, – дейт Кудай, – Мен Рухумду бардык адамдарга төгөм, сенин уулдарың менен кыздарың пайгамбарчылык кылышат. Сенин жаштарың аян көрүшөт, улууларыңар түш менен жарык болот; Мен кулдарыма жана алардын күңдөрүнө ошол күндөрү Рухумду төгөм, алар пайгамбарчылык кылышат. Анан мен жогорудагы асманда кереметтерди, төмөндө жерде жышаандарды көрсөтөм: кан, от жана жыпар жыт түтөтүүчү.
>
> – Элчилер 2:17:19.

Акыркы күндөрдө Кудай Өз Сөзүн айтат. Кандын, оттун жана жыттын бул сүрөтү жүйүттөр курмандык чалган байыркы курмандык чалынуучу жайга абдан окшош. Бул жер Кудуреттүү

Кудай кабыл ала турган курмандыктарды алып келүү үчүн, эл чогулган жер эле. Алардын курмандыктары отко күйүп, түтүн (жыт) менен асманга көтөрүлгөн.

Жаңы Келишим убагында боло турган окуялар курмандык чалынуучу жайда союлган кочкорлор, торпоктор же букалар жөнүндө эмес. Тескерисинче, биз Жараткандын пайгамбарчылык белеги менен жабдылган, кары–жаштын, акылман уул–кыздардын үнүн бийик чыгарып жатканын көрөбүз. Мындан ары Кудайга сыйынып курмандык чалынуучу жайда от күйбөйт. Качан Анын Руху каптап жана жетектегенде, от биздин ичибизде күйөт.

Мурда мен жыныстык көйгөйлөр жөнүндө түз айтуудан коркчумун. Бирок, азыр керек болсо, мен адаттагыдан сыртка чыгууга даярмын. Күйөөм менин күчүмдөн коркпойт – ал аны кабыл алат. Уулдарыма алсыз, үнү жок, эзилген аялдардын элеси жакпайт. Бирок, ушундай колдоонун менде бар болуп, башкаларда жок болгону туурабы? Биздин дүйнөгө баардык жерде үнүн көтөрө турган аялдар керек. Бул – биз эмне кылуу үчүн жаратылганыбыздан уялбашыбыз керек, бирок, муну бири–бирибиз менен чогуу кылабыз дегенди билдирет

Гендердик айырмачылыктарды четке кагып, бизди бийликтен ажыраткан айласыздыкка түшүп калбай турган учур келди. Ойгонуп, Кудай биздин кандай болуубузду каалагандай болууга – Анын ичинде күчтүү, эркектердин жардамчылары, бүткүл дүйнөдөгү жоголгон жана муктаж болгондор үчүн куткаруу үнү болууга убакыт келди.

# 7

# УЧУРАШУУ ЖАНА КАМКОРДУК КӨРҮҮ

Эриндин сулуулугун сактоо үчүн, жакшы сөздөрдү айткыла. Көздүн сулуулугун сактоо үчүн, адамдардын жакшы жактарын издегиле. Келбеттин сулуулугун сактап калуу үчүн, ачка адамдар менен тамакгыңарды бөлүшкүлө. Чачыңардын сулуу болушу үчүн, балаңарга күнүнө жок дегенде бир жолу чачыңарды уйпалаганга уруксат бергиле. Турпатыңардын сулуулугун сактап калуу үчүн, жалгыз эмес экениңерге ишенип, койкоё баскыла.

SAM LEVENSON

Ургаачы арстандар бири–бирин жалаганда, бул алардын саламдашуусунун бир бөлүгү сыяктуу. Сүйүүнүн мындай көрүнүшү аларда төрөлгөндөн эле башталат. Бир да бала төрөлгөндөн баштап энесинин милдеттүү жалоосунан алыстабайт. Бир дагы арстандын баласы жаланбай калбайт. Мен муну мындай элестетем: чоң арстандардын кызыктуу аңчылыгын көргөндөн кийин, бала арстандар кайрадан үйдөгү атмосферасына кайтып келишет. Бир маалда алардын бири көз ирмемдей олку–солку болуп: *«Ой, жок! Мына, жеңем келди! Ал дагы мени жалап, бүт бети–башымды шилекейи менен шыбап кетет*!» Бул жээндер конокко келгенде италиялык жеңелер толо бөлмөгө кирип барган учурду эске салып жаткандай туурабы.

Мындай учурашуу – бетти бетке тийгизген учурашуу – арстандын балдарына гана арналган эмес. Бул бир арстан

экинчисине жолукканда да болот. Бул саламдашуу ырымы алардын бири–бирин таануусуна жардам берет. Бизге ургаачы арстандардын баары бирдей көрүнөт – ургаачы арстандардын өздөрүнө да дал ушундай көрүнөт. Ошондуктан, жыт – ургаачы арстандын башка ургаачы арстан анын үй–бүлөсүнүн бир бөлүгү экенине жана алдамчы эмес экенине ынануусунун бирден–бир жолу. Сырткы келбет алдамчы болорун баарыбыз билебиз, бирок жыт адатта чындыкты айтат.

Ар бир ургаачы арстандын кашында, көзүнүн үстүндө үй–бүлөнүн жытын чыгарган бездери бар. Ургаачы арстандар топтун курамын өзгөрткөндө, алардын ортосунда абдан тыгыз байланыш пайда болот – алар жаактарын сүртүшүп, баштарын мээримдүү тийгизе эркелетишет. Бул саламдашуу, таанышуудан өйдөрөөк нерсе. Таанышуу – бул биринчи жолугушуу, бул «Мен киммин. А сен кимсиң?» дегенди түшүндүрөт. Ал эми, арстандардын саламдашуусу сүйүү түйүндөрүн бекемдеп, бирикменин бүтүмүн мөөрлөп, алдамчылардын жүзүн ачып бере алат.

Арстандар адегенде жыттап, анан таанышат. Адамдар алгач таанып, анан жытын билишет. Чыныгы жашоодон мисал: жакында мени күйөөм аэропорттон тосуп алды. Мен анын машинасынын жакындап атканын көрүп, токтоп, кол булгаладым, бирок ал машинадан түшө калып, кучагына орогонго чейин мен анын жытын сезген жокмун. «Сен жагымдуу жыттанып жатасың» дедим мен, анын атырынын жытын сезгенде.

Мен аны тескери тартипте кантип таанырымды элестете албайм: б. а, мен машинеден түшүп, мени көздөй басып келе жаткан эркекти көрүп турам. Ага жакын келип жыттап, ал менин күйөөмдөй жыттанып жатканын айтып, анан гана аны меники деп тааныймбы.

Арстандардын жыттан таануусу бир нече максаттарды аткарат. Саламдашуу жана кам көрүү ырымы аларга кимдир бирөөнүн же жагымсыз нерсенин үйүргө кошулгандыгын

табигый түрдө аныктоого мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, ургаачы арстандар учурашып, бири–бирин жалап жатканда (кам кордук көрсөтүп жатканда), алар кабыл алуу жана таандык сезимин көрсөтөт. Биз да Кудайдын кыздары катары жакындарыбызга, тааныштарыбызга ошондой мамиле кылышыбыз керек.

## БАЛДАРЫҢАР МЕНЕН УЧУРАШКЫЛА ЖАНА АЛАРГА “КАМКОР” БОЛГУЛА

Ургаачы арстан жолугушууда баласын жалап жатканда: «Сен биздин топтун мүчөсүсүң. Бул жерден коопсуздукту таап, күчтүү жактарыңды ачып, арабызда өсө аласың. Бул жерде, сыймыктануу менен, камкордукка жана коргоого ишене аласың» дейт. Ал ошондой эле, баласынын кайда болгонун аныктоо үчүн, учурашыпкам көрүүнү колдонот. Анын бетин баса жыттап, баласы кайда экенин аныктап, анан: «Эмне үчүн сенден гиена жыттанып жатат?» деп сурайт.

Өспүрүм балдарым кечинде сейилдөөгө чыкканда, кайткан маалда мага келип, мени өпкүлө деп суранам. Бул жакшы, түнкү өбүү бир нече максаттарга кызмат кылган. Биринчиден, балдарымды өпкөндү жакшы көрөм. Экинчиден, алар үйгө саат канчада келгенин билүү үчүн, мага сергек отуруунун кажети жок болчу. Үчүнчүдөн, бул мага аларды жыттоого мүмкүндүк берди.

Өз ара аракеттенишүү мындай өттү. Уулум үйгө кайтып келип, бир нерсени жашыргысы келсе, уктоочу бөлмөмдүн эшигин ачып: «Мен үйдөмүн! Апа, бейпил түн!»дечү.

Менин уктап жатканымды билгендиктен, эшикти тез жаап койчу. Бирок, мен: «Сен убакытты жакшы өткөрдүңбү? Кир, мени өп»,– дейм.

Эгерде ал тартынса, мен бир нерседен шектене баштайм.

Эгерде ал жакындап келип, мен кандайдыр бир тазалоочу нерсенин жытын сезип калсам, анын таптакыр жагымсыз бир нерсе жасап жатканын билем. Ал жакындап калганда,

мен ордумдан туруп, анын байкатпай койгусу келген жытты аныктоо үчүн өзүмө тартам. Анткени, ар бир эне баласы кандай жыттанып турарын билет.

Адегенде күнүмдүк саламдашуу үйүбүздө жашоо образы катары калыптанбаган болсо, анда уулдарыбызга мындай кечки текшерүү жүргүзүү абдан уят болмок. Күнүгө эртең менен бири–бирибизди кучактап турабыз. Күнү бою кучакташып, түнү да бири–бирибизди өөп, анан уйкуга жөнөйбүз. Биз ар дайым физикалык жактан бири–бирибиз менен байланышта болобуз, ага–инилердин ортосундагы күрөшүү болобу, ашканадагы ары–бери жүрүү болобу, үйгө келгенде же бир жакка кетердеги кучакташуу болобу, дайыма бири–бирибиз менен физикалык байланышта болобуз. Бул саламдашуу салтым уулдарым ымыркай кезинде башталып, азыр да бар. Силердин үйдө да ушундай болот го дейм: бири–бириңер менен өбүшөсүңөр, жолукканда кучакташасыңар, ийиндериңерди таптайсыңар, чачтарыңардан сылайсыңар, диванда бири–бириңерди кучактап отурасыңар...

Кийин улуу балам турмуш куруп, өзүнчө жашай баштаганда анын айла–амалдары тууралуу мурда билбеген кептерди уктум. Мен андан: «Качан мындай кылдың эле? Мен муну кантип билбей калдым?» деп сурадым. Ал уялгандай жылмайып: «Сен шаарда эмес кезиңде, кечинде болчу» же «Мен досумдун үйүндө түнөп калганда болгон» деп жооп берди.

Мен үйдө болсом, анын кылганын жыттап эле билип алмакмын! Учурашуу энелерге балдарынын каалабаган байланыштары бар болгон болсо, жыттап билип алууга мүмкүндүк берет. Бул бизге качан боорукердик менен жооп кайтарып, качан катаал жооп кайтарыш керектигин, жада калса жазалоону түшүнүүгө жардам берет. Эгер силер үй–бүлөңөрдө бири–бириңер менен саламдашпасаңар, анда мен силерге ушундай кылууну сунуштайм. Балдарыңар башында буга каршы болушу мүмкүн, бирок багынбагыла. Силердин кучагыңар балага аны сүйөөрүңөрдү гана билдирбестен, баладан чыккан,

силердин үйүңөрдө болбогон жытты да сезүүгө жардам берет. Апалар, эгер силерди мурда кучактап жүргөн балаңар эле, капысынан кучакташуудан качып калса, себебин билип алгыла. Балдарыңардын физикалык алыстыкка көнүшүнө жол бербегиле.

Качан балдарыңар чоңойгондо да аларды кучактап, өөп учурашууну уланта бергиле. Силердин физикалык сүйүүңөр аларга алар үйүңөрдүн бир бөлүгү экенин эстетип турат. Бул алардын бойго жеткенде жана өз үй–бүлөлөрүн курууда өзүн коопсуз сезүүгө жардам берет.

## БИРИ–БИРИҢЕР МЕНЕН УЧУРАШКЫЛА

Ургаачы арстандар бири–бири менен учурашканда: «Сен экөөбүз – бир үй–бүлөбүз. Сен менин эже–сиңдилеримдин тааныш жытын чыгарып жатасың. Мен сени колдогонго дайым даярмын, сен мени ар дайым колдой турганыңды билем» деп айтышат.

Бул жагынан арстан эже–сиңдилерден анча деле айырмабыз жок. Башкалардын жылуу тосуп алуусу: «Биз менен отуруңуз. Кош келиңиз, биз сизге ишенебиз!» дегенди билдирет. Расмий, анча маанилүү эмес жолугушууда төмөндөгүлөр айтылат: «Сиздин бизге карата статусуңуз дагы эле болжолдонуудa. Биз сизди жакшыраак таанымайынча, бир чечим чыгаруудан кармана турабыз». Мындай учурларда салам берген адам да, алик алган адам да, өзүн ыңгайсыз сезет. Эгерде эч кандай саламдашуу жок болсо, демек – келген адамдан, сак бол!

Элчи Пабылдын корунттуктарды бири–бири менен учурашууга кантип үйрөтөрүн окугула:

> Ыйык өбүшүү менен саламдашкыла. Бардык ыйыктар силерге салам айтып жатышат.
>
> Силерде Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы, Кудай Атанын сүйүүсү жана Ыйык Рухтун баарлашуусу болсун! Оомийин.
>
> – 2 Корунттуктар 13:12–13.

Эже–сиңдиң менен учурашканда, эже–сиңдидей кучактап ал. Эгерде сен лидер менен баарлашып жатсаң, аны баалай тургандай жол менен учурашып, кучактап кой. Кыйналып жаткан эже–сиңди менен учурашканда, аны назик камкордук менен кучактап кой. Кээде сөздүн да кереги жок. Мен көп жылдык тажрыйбамдан улам, кучактоо жөн эле “салам” деп койгонго караганда, алда канча жеңилдик алып келерин түшүндүм.

Пабыл өзүнүн көзөмөлүндөгү жыйындарга салам каттарды чеберчилик менен токуп жазган. Эгер Пабылга кат аркылуу салам жазуу абдан маанилүү болсо, анда биз үчүн аны иш жүзүндө аткаруу андан да маанилүү болушу керек.

Келгиле, анын Корунттагы жыйынга болгон саламын карап көрөлү:

> Мен муну силерди уят кылып, өзүңөрдү жийиркеничтүү сезүү үчүн жазып жаткан жокмун. *Мен силерге ата уулдарына жазгандай жазып жатам. Мен силерди жакшы көрөм жана силердин бузукулар эмес, жакшы адамдар болуп чоңоюуңарды каалайм. Айланаңарда силердин туура эмес кылганыңарды түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбай турган адамдар көп, бирок силердин чоңоюшуңарга убакыт бөлүүгө жана күч–аракет жумшоого даяр аталар анчалык деле көп эмес.*
>
> – 1 Корунттуктар 4:14–15, *Message*дин котормосу.

Пабыл корунттуктарга анын каты эмнени билдирерин жана эмнени билдирбестигин түшүндүрүү менен баштады. Ал аларды уятка калтырыш үчүн жемелебей, тескерисинче, аларга болгон өзүнүн мамилесин – алар ага ким экенин аныктады. Ал атасы, алар болсо, балдары болгон. Андан кийин Пабыл көпчүлүгү Корунттагы ишенгендерди карап жана алардын мүдүрүлүшүн күтүп турганда, ал ата катары алардын ийгилиги үчүн өзүн арнагандыгын түшүндүргөн. Анын саламдашуусу катты алуучуларга карата анын ким экендигин жана ага карата

алар ким экендигин билдирүү болгон; ал эмнени жана эмне үчүн айтат анан ошондой эле, эмне үчүн алар аны угушу керек. Мунун баары ал Каттын негизги мазмунуна келе электе эле айкын болот.

## БИРИ–БИРИҢЕРГЕ МЭЭРИМИҢЕРДИ ТӨГҮП ЖАНА "КАМКОР" БОЛГУЛА

Ургаачы арстандардын учурашуу ырымы жакшы өтсө, алар тез эле бири–бирин эркелетүү жана камкордук стадиясына өтүшөт. Бул өз ара сүйлөшүү ургаачы арстандар менен өспүрүм арстандардын ортосунда бекем байланышты жаратат, топтун ичиндеги бүтүндүктү жана тыгыз байланыштарды сактоого жардам берет.

Көбүнчө арстандар бири–биринин башын жана моюнун, башкача айтканда, жаныбардын өз алдынча жетүү кыйын болгон жерлерин жалайт. Арстандар тилинин быдыракай бети менен бири–биринин жүнүндөгү канды жана кирди тазалап, андан кенелерди жана мите курттарды тарашат. Бир нерсе сенин денеңден канды жана азык заттарттарды сорсо, ал акырындык менен, бирок сөзсүз түрдө сенин жашооңду уурдайт. Денеңден кан, кирди кетиргениң жакшы, бирок, кенелерди, мите курттарды жок кылгысы келген Кудайга жана баардык эже–сиңдилерге ырахмат!

Англис тилиндеги «камкордук көрүү» этиши «тазалоо, иреттөө, даярдоо, тароо, куралдандыруу, жабдуу», ошондой эле, «көрсөтмө берүү, үйрөтүү жана машыктыруу» дегенди билдирет. Бул аныктама боюнча, мен өзүмө жана тиштериме кам көрө алам, ашканама жана балдарыма, алардын алгебра сабагынан даярданышына кам көрө алам.

Сүйлөшүү процессин этаптарга бөлсөк, алардын биринчиси «тазалоо» деп аныкталат. Ыйсанын Петир менен маектешүүсүнүн жүрүшүндө «сүйлөшүү» тазалануу түрүндө көрүнгөн. Ыйса Петирдин бутун жуугусу келген, бирок, ал

баш тарткан. Ошондуктан, Ыйса шакиртине, эгер ал буттарын жууганга жол бербесе, анда Петир Ыйсанын ишине катыша албасын түшүндүргөн. Мурунку катасынын ордун толтургусу келип, Петир акырындык менен чыңалууну жоюп, Ыйсадан бутун эле эмес, башынан бутуна чейин бүт денесин жууп салууну суранган. Биздин укмуштуудай Ыйса андан кийин иштин маңызына кайтат:

> Ыйса: «Эгер бүгүн эртең менен жуунган болсоң, азыр бутуңду эле жууш керек, ошондо башыңдан бутуңа чейин таза болосуң... Демек, сен азыр тазасың», – деди.
>
> – Жакан 13:10, *Message*дин котормосу.

Биз Ыйсага таандык болгондуктан, тазабыз. Бирок, буга карабастан, буттарыбыз күндүз кирдеп калышы мүмкүн, кээде кайда болгонубузга, эмне кылып жүргөнүбүзгө же эмнени кийип жүргөнүбүзгө жараша, бутубуз жагымсыз жыттанып калышы мүмкүн. Өмүрдө басып баратып, биз бузулган жерлерге түшүп калышыбыз мүмкүн – жок эле дегенде менде ушундай коркунуч бар. Ал эми, күндүн аягында жолдо чогулган чаңдын баарын жууш керек. Ошондуктан, Ыйса мындай дейт:

> Мен Теңир жана Устат болуп туруп, бутуңарды жуудум. Демек, силер да бири–бириңердин бутуңарды жуушуңар керек. *Анткени, Мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла.* Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, кул өз кожоюнунан жогору эмес, жиберилген адам жиберүүчүдөн жогору эмес. Эгерде ушул билгениңерди аткарсаңар, анда бактылуусуңар.
>
> – Жакан 13:14–17, курсив автордон.

Ыйса шакирттеринин бутун жууп, бизди да бири–бирибиз үчүн ошондой кылууга үндөйт. Менимче, ал түзмө–түз алганда күйөөм мага ар бир күнү кечинде мини–педикюр жасап бериши керек дегенди айткан эмес (анткен менен, бул абдан жакшы

болмок, сүйүктүүм!). Бирок, балким, бул биз бири–бирибизди кантип жаңыртып, сергите аларыбызды символдоштураттыр, айрыкча, биз басып өтүүгө туура келген жолдордон кирдеп калган учурда.

Айрыкча, кызматка киришүү үчүн колготки кийүү милдеттүү түрдө талап кылынган учурларда, абдан ыңгайсыз болгон “бут жуугуч жолугушууларга” катыштым. Бирок, ошол кезде, Ыйсанын убагында, бут жууган азыр бизде болуп жүргөн кучакташып, өбүшүүдөй эле, үйгө киргендеги учурашуунун табигый бир бөлүгү болгон.

Мен бутту жууганды кайра жандандырууну сунуш кылбайм. Биз азыр Ыйсанын шакирттери чаң баскан жолдордо сандал кийип басып жүргөн убактагыдай эмес, жабык бут кийимдер менен асфальтталган көчөлөрдө жүргөн убакта жашап жатабыз. Мен досубуздун үйүнүн же сыйынуучу үйдүн эшигинен киргенде, күн бою чогулуп калган чаңды силкип, мамиле куруугa өзүбүздү арноого убакыт бөлүүнү сунуштайм.

Ургаачы арстандарга окшоп, биз дагы жашообуздагы кирди, кенелерди, мите курттарды тазалоо үчүн бири–бирибизге муктажбыз.

> Бир нече жумадан бери жуунбасаңар, өзүңөрдү сулуу жана сүйкүмдүүмүн деп элестетпегиле. Кабак чытып, өзүңөрдү баарынан мыктымын деп ойлобогула. Карышкырлардай ач көз, таш боор, мыкаачы болбогула, кедей–кембагалдардын мойнунан тиштеп, алардын эсебинен той берип, кедей–кембагалдарды тыткылап, анан аларды четке ыргыткандай болбогула. Сүлүктүн эки кызы бар – «Бер» жана «Келе–келе» деген эгиздер.
>
> – Накыл сөздөр 30:12:15, *Message*дин котормосу.

«Бер» жана «келе–келе» – бул биздин азыктар менен азыктанган жана жашообузду уурдаган мите курттар. Ач көздүк жана өз алдынчалык – бул кан соргуч сыяктуу. Биз бири–бирибизди «жалаган» топтун мүчөсү болгондон кийин,

жашообузду таза сактоого бири–бирибизге жардам беребиз.

Жакында эле мен лидерликке олуттуу мамиле кылган жана мен абдан сыйлаган жигиттин жашоосуна кандайдыр бир жол менен таасир эте аламбы деп такташым керек болду. Мен Кудайдын анын жашоосундагы ой–ниетин коргоого милдеттүүлүгүмдү сезем, ошондуктан мен аны жашоосуна кандайдыр бир өзгөрүүлөрдү жасоого чакыргым келди. Бирок, мен муну кылаардан мурун, ал мени угабы же жокпу, аны билиш үчүн, экөөбүздүн ортобузда кандай мамиле бар экенин аныкташым керек болчу. Ошондо мен андан: «Сен мени жыйындагы ким деп ойлойсуң?» — деп сурадым.

Ал эч ойлонбостон: «Мен сени лидер деп эсептейм» деп жооп берди.

Анын реакциясы мага анын жашоосуна таасир этүүгө укугум бар экенин жана ал менин айтканымды туура кабыл алаарын көрсөттү. Эгерде ал башкача жооп бергенде, кеңешимди ичимде сактамакмын.

Бутту жуугандын бул жолу эки тарапка тең иштейт. Биз башкаларга гана таасир этпестен, башкалардын да салым кошуусу үчүн эшиктерди ачуубуз керек. Мен үчүн эжемдей болгон абдан жакын досум бар. Ал Кудайдын кыздарын бириктирүүдө зор тажрыйбасы бар мыкты пастор. Ал менин күчтүү жана алсыз жактарымды биле тургандай, биз көптөн бери жакын достордонбуз.

Мен анын максаттуу түрдө менин жашоомдогу “кам көрүү” процессине катышуусун суранышым керектигин жакында түшүндүм. Бир чыны кофе ичип жатып, мен ага минтип айттым: «Сен мени оңдоп турушуң керек болуп жатат. Эгер менин чектен чыккан бир нерсе кылганымды көрүп же угуп калсаң, мага айтып тур. Мен рухий мааниде Олимп чокусуна көтөрүлүп калдым же оңдоп–түздөөдөн жогорумун деп ойлобойм, бирок, мага жашоомду акылмандык менен багыттап туруу үчүн жетиштүү деңгээлдеги компетенттүү адам керек”.

Ал ырайымдуулук менен менин жашоомдун көрксүз болуп

калышы мүмкүн болгон жерлерин «жалап» мен үчүн “кам көрүүгө” макул болду. Бирок, бул чындап болушу үчүн, мен аны менен жакын мамиледе болушум керек. Мен аны менен өзгөчө байланышта болуп, анын китептерин окуп, кеңештерин угуп, андан жетекчилик алам. (Ал эл алдында ачык айткан нерселерин кайра мен үчүн кайталоосунун кажети жок.) Анын мени башкарууга эч кандай каалоосу деле жок – болгону, менин бетимди булгап албаганымды карап жүрүшү керек! Биз «кам көрүүнүн» коомдук динамикасынын бир бөлүгү болуп калгандан кийин, биздин таза эместигибиз башка эже–сиңдилерде чагылдырыларын түшүнө баштайбыз.

Эгерде силер сыйынуучу жайга киргениңерде ал жактан жакшынакай учурашуу жана ынак мамиле түзүүгө мүмкүнчүлүк таппасаңар, анда мен силерге ынтымак жана өз ара жардам болгон жыйынды табууга кеңеш берер элем. Жакын байланышы жана өз ара аракеттенүүсү жок достук жана жыйындар силерди Кудайдын ой–ниеттерине даярдабайт. Бизге «жалоо» сеансы керек болгондо, бул айкын болуп калат. Мен пастор досумдан мени оңдоп коюшун сурандым, анткени мага мындай «кам көрүү» керек экенин түшүндүм. Мен өзүмдү обочолонуп калгандай жана жакшы түшүнө албай жаткандай сездим. Булар анча деле жагымдуу аксессуарлар эмес, аларды тазалап, жашоомдон алып салуу үчүн, мага көп жардам керек экенин билчүмүн.

Бул сүйлөшүү процесси биздин негизги байланыш түйүнүбүз болушу мүмкүн. Кыязы, биздин чоң мышык досторубуз инстинктивдүү түрдө биз адамдар көп чыгымга үйрөнгөн нерсени түшүнүшөт: өзүбүздү өзүбүз тазалоо коркунучтуу болушу мүмкүн.

## ТАЗАЛЫК ЭМЕС ЫЙЫКТЫК

Ыйса ага мынчалык кылдат болуунун кереги жок экенин түшүндүрмөйүнчө, Петирдин бут жууганга каршы чыкканы, анан толук тазалоо үчүн өз ыктыяры менен келгени эсиңердеби? Ыйса ага мындай деди:

> Сен Мен тазалыкка эмес, ыйыктыкка кам көрөрүмдү түшүнүшүң керек.
>
> – Жакан 13:10, *Message*дин котормосу.

Ыйсанын кам санаганы биздин кам санообуз болушу керек – тазалык эмес, ыйыктык. Акыр–аягында, так ушул нерсе – биздин милдетибиз. Качан көңүлүбүздү өзүбүзгө гана бурсак, анда ач көздүк жана өзүмчүлдүк пайда болот. Кээ бир машайакчылар ыйык көрүнүү менен гана алек болушат да, башкаларды таза эмес деп айыпташат. Ыйса так мына ушул жөнүндө айтып жатат:

> Чөйчөгүңөр менен мискейиңердин сыртын тазалайсыңар, бирок алардын ичи талап–тоноочулук менен адилетсиздикке толгон.
>
> – Матай 23:25.

Мунун баарында биз үчүн эң негизги нерсени колдон чыгарбоо маанилүү: ыйыктык гигиенанын туундусу эмес, жүрөгүбүздүн туундусу. Биздин күнүмдүк жашообуз колубузду жана буттарыбызды булгап коюшу мүмкүн, бирок бир гана Кудай тазалай турган нерсени булгай албайт. Бизди ыйыктаган – Ал гана, Кудай–Теңир!

Башаламандык биз жакшылык кылууга эмес, жамандыктан сактанууга көбүрөөк көңүл бурганда башталат. Андайда биздин бош жашообузду чакырылбаган жырткычтар, жеп–жутарлар басып алышы мүмкүн болгон коркунуч бар. Ыйса жамандыктан гана качкан эмес, жакшылык кылган. Күнөөнүн карама–каршы жагы – жакшылык.

Жамандыкты жакшылык жеңет. Жамандыкты эрежелер же андан жашырынуу аракети менен жок кылуу мүмкүн эмес. Ооба, бизде чек аралар болушу керек жана бизге акылмандык керек. Ооба, биз караңгылыктын иштерине катышпашыбыз керек. Бирок, биз жууш керек эмес болгон нерселерди жууп жаткан жокпузбу? Өзүбүздү жана башкаларды керек эмес эле нерселерден жууганга аракет кылбайлы.

Ач көздүктөн жана өз алдынчалыктан арылуу үчүн, Ыйса төмөндөгүдөй кеңеш берген:

> Ошентип, кедей–кембагалдарга садага берүү менен *ички дүйнөнү тазала,* ошондо толук таза болосуң.
>
> – Лука 11:41, курсив автордон.

Кудай биздин ички тазалыгыбызга кам көрөт. Ал мени Өзүнүн Денесине — Жыйынга — биздин өзгөчө таза үйлөрүбүздүн сыртындагы адамдарга жардам берип жатып, колубузду жана кийимдерибизди кирдетүүгө убакыт келгенин жар салууга үндөйт.

Бул фарисей Шымон үйрөнүшү керек болгон сабак болчу.

## ЭҢ ЖОГОРКУ ТАЗАЛАНУУ АКТЫСЫ

Ыйсаны фарисей Шымондун үйүнө тамактанууга чакырышкан. Бул үйгө жергиликтүү сойку басып киргенче, ал «тазалардын» жыйыны болгон. Ал Ыйсанын ошол жерде болорун уккандан кийин келген. Анын сырткы келбети эле баарын бузуш үчүн аздык кылгандай, ал өзү менен кошо бир бөтөлкө кымбат баалуу жыпар жыттуу май алып келип, Ыйсанын алдына чөгөлөп, көз жашын төгүп, Ыйсанын бутуна майды куйду! Байкуш Шымон! Анын эңсегени Ыйса жана Анын достору менен жакшы тамактануу эле — анан ушундай болуп калганын карасаңар! Мунун баарын көрүп, Шымон өзүнө: «Эгер ал пайгамбар болсо, ага ким жана кайсы аял тийгенин билмек, анткени ал күнөөкөр», – деди (Лука 7:39).

Ошондо Ыйса Шымонго суроо берди. Ал карыздын кечирилишине ким көбүрөөк ыраазы болорун билгиси келди: “Карызы азбы же карызы чоңбу?” Шымон туура жооп берди: “Кимге көбүрөөк кечирилген болсо, ал көбүрөөк ыраазы болот”.

Күтүлбөгөн жерден Ыйса сойку аялга кайрылды, баары аны көрмөксөнгө салууга аракет кылышты:

> *Анан аялга кайрылып, бирок Шымон менен сүйлөшүп,* Ал мындай деди: «Бул аялды көрүп турасыңбы? Мен сенин үйүңө келдим, сен Мага бутумду жууганга суу берген жоксуң, бирок ал менин бутумду көз жашы менен жууп, чачы менен кургатты. Силер Мени менен учурашпадыңар, мен келгенден бери ал буттарымдан тынымсыз өөп жатат. Сен мени сергиткенге эч нерсе берген жоксуң, ал Менин буттарымды жыпар жыттуу май менен жумшартты. *Таасирдүү, туурабы?* «Ага көп, көп күнөөлөрү кечирилген, ошондуктан ал абдан, абдан ыраазы. Эгер кечиримдүүлүк аз болсо, анда шүгүрчүлүк да аз.»
>
> – Лука 7:43–47,
> *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Бул аяттар – Ыйсанын диний адистердин алдында *бул аял жөнүндө* айткан сөздөрүнүн жазуусу, бирок Анын *ага* кайрылып айткан сөздөрү андан да маанилүү.

Анан ага:

> «Мен сенин күнөөңдү кечирдим», – деди. Бул түшкү тамакка келген коноктордун арасында жандуу шыбырга түрткү болду: «Күнөөлөрдү кечиргидей – Ал Өзүн ким деп ойлойт!» Аларга көңүл бурбай, ал аялга: «Сени ишенимиң куткарды, тынчтык менен бара бер», – деди.
>
> – Лука 7:48–50, *Message*дин котормосу.

Белгилей кетчү нерсе, Ыйса бул кечиримдүүлүктү тамакка чакырылбаган жалгыз адам үчүн гана жасаган. Эмнеге? Анткени, Шымондон айырмаланып, ал аял Ыйса менен учурашып, Анын бутун жууган. Ал эми, Шымон Ыйсанын алдында өзүн басынтуу үчүн, өтө эле өзүн бийик тутчу, бирок, бул аял андай эмес болчу.

Шымон да күнөөлөрүнүн кечирилишине ээ боло алмак беле? Албетте! Ар бир катышуучу кечиримди ала алат болчу. Ыйса айткан үлгү–насаат аңгемесинде ушунчалык көп нерсени түшүндүрүп берди, бирок, ошол учурда Шымон жүрөгүн

тазалоонун зарылдыгын түшүнгөн да жок, моюнга алган да жок, муну Ыйса гана бере алат эле.

Качан биз жүрөгүбүздү тазалоого караганда, өзүбүздү жогору санасак, анда башкаларды соттой баштайбыз. Биз соттогондо, башкаларды да өзүбүзгө керектүү нерселерден ажыратабыз. Шымон менен да дал ушундай болгон. Ага бут жууш керек болчу. Ал учурашууга муктаж болчу. Ал майлангандан келген айыктырууга муктаж болчу. Бирок, ал өзүн бардык муктаждыктардан жогору койгондуктан, конокторго мындай учурашуу жана кам көрүү ырым–жырымдарынын бирин да сунуштаган эмес.

## АРДАКТУУ ОРУН

Мен бул саптарды жазып жатып, Ыйса азыр башын аялдар жакка буруп, ошол эле учурда биздин замандын мыйзамдуу лидерлерине да кайрылып жатабы деп ойлоймын: «Силер моюнга алуу үчүн аялдардын күнөөсүн өтө чоң деп ойлойсуңар, ошондуктан аларга көңүл бурбай жатасыңар. Жакшы Кабарды таратуу боюнча Менин тапшырмам аларга анчалык тиешелүү эмес деп эсептейсиңерби? Бирок, бул аялдын мисалында Мен бардык аялдардан айыпты алып салдым. Силер Обо эненин күнөөсү Адам атаныкынан да чоң деп ойлойсуңар, ошондуктан, анын кыздарына Менин тоюмда болууга тыюу салып жатасыңар. Бирок унутпагыла, көбүрөөк кечирилгендер көбүрөөк ыраазы болушаарын унутпагыла. Бул кыздар бутумду жууп, майлоо жолу менен барышкан кундө да, аларга Менин тоюмда сыйлуу орундар бар».

Супсулуу арстан айымдар, биз Кудайыбызга дагы бир жолу биз менен мактанууга мүмкүнчүлүк бере турган убакыт келди. Андай болушу үчүн мен бирөөнүн бутун жууп, менин бутумду жууганга да уруксат бериш им керек. Келгиле, Ыйса биздин жолубузду карап, суктана турган болсо, бардыгын жасоого жана каалаган жерге барууга даяр бололу. Шымон бул жеңил

ойлуу аял Ыйсаны «мазактоо» менен ыңгайсыздык жаратты деп ойлоду, бирок Ыйса Өзү анын олдоксон аракетин соонун деп атаган. Силердин аракеттериңер башында ыңгайсыз болсо, кабатыр болбогула. Жөн гана баштаган нерсеңерге өзүңөрдү арнагыла. Келгиле, баарыбыз чогуу Ыйсаны таасирлентүү үчүн аракет кылалы, ошондо Ал: «Алардын мага көрсөткөн сүйүүсүнө аябай таң калдым» деп айта ала тургандай болсун.

Келгиле, Теңирибиз үчүн укмуштуудай мааниге ээ болгондой бир нерсе кылалы. Башкаларга мээримдүүлүк, кам көрүү көрсөтүү жана кабыл алуу менен, биз Ага таазим кылабыз. Келгиле, Анын кайтып келиши жана кайра тирилишибиз үчүн бири–бирибизди майлайлы. Келгиле, көз жаш менен болсо да бири–бирибиздин бутубузду жууйлу. Жыйындын буттарынан чаң менен кирди жууй тургандай деңгээлге жеткенге чейин мейли, алар ачык эле ага берсин. Келгиле, өзүбүздүн күнөөлөрүбүз жана бүткүл дүйнө жүзүндөгү аялдар менен балдарга жасалып жаткан адилетсиздик үчүн ыйлайлы. Силерге көрсөтүлгөн мээрим көз жашыңарды төгүүгө аздык кылса, анда канчалаган туткун кыздардын башына түшкөн кырсыктын трагедиясы аны кылсын б. а. көз жашыңарды төксүн. Силердин көз жашыңар башкалардын бутун жууп, Теңирибизди даңазалайт.

Ургаачы арстандардын учурашуусу жана кам көрүүсү биздин бири–бирибизди кабыл алганыбызды жана таандык экенибизди символдоштурат. Биздин учурашуу бири–бирибизди (биздин лидерлерибизди, досторубузду же студенттерибизди) кандай көргөнүбүздү чагылдырат. Башкалар сени кандай көрүшөрү, сага кандайча “кам көргөндүктөрү” аныкталат. Арстандардын мисалынан көрүнүп тургандай, биз кимдир бирөөгө кам көргөндө анын баркын билебиз. Бул таануу менен биз да кичи пейилдикти жана сый–урматты көрсөтөбүз. Биздин учурашуубуз: «Мен сени билем. Мен сени баалайм. Ал эми, ошол өрөөндөн жабышкан кирлер болсо, аны жууп–тазалаганга жардам берейин» деп айтыш керек.

«Арстан айымдар» менен эки күндүк жолугушуудан жаңы эле

келдим. Мен мындай жолугушууларга дайыма катышып турам. Жолукканыбызда кучакташып калабыз. Биз бири–бирибиздин жаныбызда болгондо өзүбүздү жайлуу жана тынч сезебиз. Биз алтообуз мейманканадан эки бөлмө алдык. Экөөбүз уктап калып, чогуу ойгондук. Биз күндүз бири–бирибизди кофе, латте жана тамак менен сыйлачубуз. Кечке жуук пижама кийип, бири–бирибиз менен учурашып, бири–бирибизге «кам көрүшүп» чогулуп калдык. Биз бири–бирибизге ачык болууга жана жан дүйнөбүздү эркин төгүүгө үйрөндүк. Мына ушул кымбаттуу достордун арасында жүрөгү жараланган энелер да бар; туруктуу үйүн таба элек саякатчы; чарчаган жоокер жана активдүү кыялкечтер да бар.

Биринчи кечибизди саламдашуулар менен өткөрдүк («Мен сени сүйөм! Мен сени сагындым!»). Ал эми, эртеси күнү эртең менен “кам көрүү” (“Кандайсың?”) процессин баштадык. Биз бири–бирибиздин күчтүү жана алсыз жактарыбызды билебиз. Кээде алар бирдей эле, окшош адамдар экенин түшүнөбүз. Бири–бирибизге оор суроолорду беребиз. Биз чогуу күлөбүз, ыйлайбыз, сыйынабыз жана коркууларыбызды, күнөөлөрүбүздү жана алсыздыктарыбызды моюнга алабыз, бири–бирибиз менен бөлүшөбүз. Бири–бирибиз үчүн, балдарыбыз үчүн, келечегибиз үчүн сыйынуу менен жолугушууну жыйынтыктайбыз. Чарчадым, бирок канааттандым: кенелер жок кылынды, кир тазаланды, буттарым жуулду.

“Кам көрүүдөн” ырахат алууну үйрөндүм, анткени, бул арстан эже–сиңдилер мени жакшы көрөрүн жана ар дайым колдоорун билем. Мен алардын мен үчүн канчалык маанилүү экенин билем, алар да менин алар үчүн канчалык маанилүү экенимди билишет. Кээде ортобузда пикир келишпестиктер болот, бирок, бул байланышты үзгөнүбүздү билдирбейт.

Сенин жашооңдо учурашууга муктаж болгон аялдар кимдер? Айланаңдагы адамдардын кимисине сенин «камкордугуң» жардам берет? Сен үчүн “кам көрүү” процессине катышууну сурана ала турган адам барбы?

8

# УРГААЧЫ АРСТАНДАР СТРАТЕГИЯЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮШӨТ ЖАНА ИШ–АРАКЕТ КЫЛЫШАТ

Адилеттиктеги шамдагайлык жана акылмандык – багыт көрсөтүп жана чечим чыгаргандар үчүн, кайтарып жана коргогондор үчүн – күч жана кайрат.

ЫШАЙА 28:6, MESSAGEДИН КОТОРМОСУ

Ургаачы арстандар саваннадагы эң күчтүү жаныбарлар эмес, бирок, алар күчү жетпегенин стратегия жана жүрөк жагынан толтурушат. Биздин бир тууган ургаачы арстандар стратегиялык командага бириккен туугандардай кызматташат. Үй–бүлө (үйүр) эжелер, жеңелер, апалар, кыздар, аталаш бир туугандардан турат. Алардын бардыгынын үй–бүлөлүк байланыштары бар, ошондуктан, бири–биринин күчтүү жана алсыз жактарын жакшы билишет. Аңчылыкта, жоголгон баласын издөөдө, же өсүп келе жаткан муундарды тарбиялап, коргоодо ар бир ургаачы арстандын ролу, салымы бар.

Келгиле, адегенде аңчылыктын динамикасын карап көрөлү. Ургаачы арстандар аңчылык кылганда үч маанилүү фактор роль ойнойт: убакыт, жашыруун болуу жана аралык. Ургаачы арстандар үчүн убакыт жөн эле ачкыч болуп эсептелбейт – ал баарын чечет. Ал баарыбыз өз ара ээ болушубуз керек болгон чеберчиликти өздөштүргөн: ал убакыттын сенин союздашың

болушуна жол берүү. Аңчылыкка ылайыктуу убакытты аныктоо үчүн, ургаачы арстандар убакыт жана жарык факторлорун айкалыштырышат. Ал айлана–чөйрөнүн абалы ал үчүн эң ыңгайлуу болгон саатта – күүгүмдө, күн батканга чейин же таң атканга чейинки үрүл–бүрүлдө аңчылык кылат. Эч ким күндүн батышын тездете албайт же күндүн чыгышын кечиктире албайт, ошондуктан арстан чыдамкайлык менен жана максаттуу түрдө күтөт. Күүгүм жашыруун болууну жеңилдетет, бул ага курмандыгына мүмкүн болушунча жакын болууга мүмкүнчүлүк берет. Күүгүм киргенде африкалык саванналардын көпчүлүк жаныбарларынын көрүүсү начарлайт, ал эми, ургаачы арстандын көрүүсү дагы эле курч бойдон болот (бул тууралуу кийинчерээк).

Жарык аңчылык үчүн ыңгайлуу болуп калганда, ал өз эсебине кол салуу үчүн керектүү учурдун факторлорун жана жайгашкан жерин кошот.

Көпчүлүк учурларда арстандар ачык жерлерге жашынышат. Алар эч нерсе болбогондой күп–күндүз эле пайда болуп, алардын олжосу тараптан келген шамалга карай жайгашышат. Өзү үчүн эң жакшы позицияны аныктаган ургаачы арстан жерге жатат.

Үйүрлөр ургаачы арстандын пайда болушуна тынчтык менен гана реакция кылбайт. Анын бар болушу өрөөндүн бардык жандыктарын титиретет, ал эми, ага эң жакын болуп туруп калганы дүрбөлөңгө түшүп, чачырап кетишет. Үрөйү учкан жаныбарлар ургаачы арстан алардын артынан кууп бараткан жокпу деп артка баш багышат. Бирок, ургаачы арстан ордунан жылган жок. Азырынча убакыт келе элек. Ал алтын чөптүн арасында кыймылсыз жана дээрлик көрүнбөйт. Күтүп жатып уктап калышы да мүмкүн, бирок, уйкусу терең эмес. Ал жөн гана күч–кубатын толтуруп, чара көрүү үчүн ылайыктуу учурду күтүп жатат.

Корккон үйүр тынчып, ургаачы арстанды баары унутуп калышат. Алар дагы баштарын жерге салып, чөптү оттой беришет. Кыймылсыз арстан пейзажга түзмө–түз кошулат жана анын болочок курмандыгы анын ошол жерде болушуна көнүп, мындай коңшулук канчалык кооптуу экенинен шектенбей эс

алат. Ургаачы арстан өзү күткөндөй, курмандыгынын камсыз абалда болуусуна жетишет. Эми ургаачы арстан аракетке өтөт.

Күүгүм киргенде арстан жерге жабышып акырын сойлоп барат. Анын чоң буттары дээрлик үнсүз кадам таштайт. Ал катып калуудан мурда, жемине чейинки аралыкты өлчөө үчүн, башын жерге түшүрөт. Ийгиликтүү секирик үчүн күтүлбөгөн натыйжалуулук жана тактыктын таасири өтө маанилүү, анткени, ал чуркоо менен ылдамдыкта бөкөндөргө атаандаша албайт.

Күтүлбөгөн жерден ургаачы арстан ылдамдык менен буктурмадан секирип чыгат. Бөкөн үрөйү учкан бойдон ордунан козголот; анын арткы буттары жемине жармашууга даяр турган ургаачы арстандын курч азууларынан кутулганга араң жетишет. Куугунтук улана берет. Күтүүсүздүккө кабыл болгон, үрөйү учуп кеткен бөкөн түз эле буктурма күтүп турган тарапка чуркап баратканынан шек санабайт. Анын жолун башка ургаачы арстан кесип салат. Бөкөн жырткычтан качуу үчүн бурулат, бирок, анын алдына дагы бир жырткыч чыгат. Өлтүрүү тез жана дээрлик гумандуулук менен жүзөгө ашырылат.

Биринчи арстан кайып кеттиби? Балким ооба, балким жок, бирок, бир нерсе анык – бул кылдат ойлонулган стратегиялык пландын бир бөлүгү гана болгон. Ургаачы арстандар – бир команда катары аңчылык кыла алган жападан жалгыз мышыктар. Жолборстор, илбирстер, пантералар, гепарддар жалгыздап аңчылык кылышат, ал эми, ургаачы арстандар гана биргеликте аңчылык кылышат. Алар – абдан чебер аңчылар. Ар бир ургаачы арстан өз позициясын ээлеп, өзүнүн аңчылык чеберчилигин эже–сиңдилери менен бирге үй–бүлөдө өркүндөтөт.

Арстандар үйүргө ойлонбостон туруп кол салып, биринчи жолукканды эле басып калуу аракети менен белгилүү. Анткени, арстан–коркунучтуу өлтүргүч. Бирок, ургаачы арстандар болсо шашышпайт... алар бийлешет. Алардын жакшы координацияланган аңчылыктары көз жоосун алат. Ошондуктан, ургаачы арстан *аңчылык эрдиктин образы* болуп эсептелет.

# ЭРДИК

Мага “эрдик” деген сөз жагат. Аны айткан кезимде, болгон сезим мага жагат. Кел, аракет кыл... Ээрдиииик!

Кайсы бир убакыттан бери эл менен сүйлөшкөндө мен *“эрдик”* деген сөздү атайылап киргизип келем. Ал эми, бул сөз дайыма таң калтырат. *“Эрдик”* – бул эскирген сөз эмес, көп сөздөргө окшоп, андан түпкү маанисин өчүрүп салууга жетише элек. Ургаачы арстанга окшоп, *эрдик* кандайдыр бир мааниде үрөйдү учурат: бул тамгалар сырдуу аура менен капталган.

Мени менен саякаттап жүргөн кыз–келиндер кээде бул сөздү башка сөздөр менен айкалыштырып колдонуп, кандай сөз айкаштары ийгиликтүүрөөк болорун көргүлөрү келишет. Алар саякатчылар үчүн зарыл болгон эрдик жөнүндө айтышат; жүгүн тапшырган ар бир адамдын көрсөткөн эрдиги; эрдик менен таңгактоо; насаат айткан адамдын жана насаатчынын кайраттуулугу (эрдиги). Биз “эрдик” деген сөздүн жаңы, модалуу сөзгө айланышын каалайбыз.

Бирок, олуттуу түрдө “эрдик” деген сөздүн маанисинин аялдар изилдеп, өз жашоосунда айта башташы керек болгон кээ бир жактары бар – жок дегенде мен алардын ушундай кылышын абдан каалайт элем. «Эрдик» жана «аңчылык» деген сөздөрдүн айкалышуусунан тышкары (ургаачы арстан аңчылыктагы эрдиктин эң сонун үлгүсү деп айткандай) мен *«токтобой турган эрдик», «стратегиялык эрдик», «новатордук эрдик», «балдарды тарбиялоодогу эрдик», «стилдеги эрдик», «байланыштагы эрдик»* деген сөз айкаштарын көбүрөөк көргүм келет.

Көптөгөн потенциалдуу варианттар бар. Бирок, ургаачы арстан эрдик жөнүндө айтпайт – ал өзү эрдик.

Эгерде эрдиктин формасы боло турган болсо, анда ал сөзсүз мышыктыкындай болмок. Мен иттерди жакшы көрсөм да, «эрдик» терминин **йоркшир терьериме** (иттин породасы) байланыштыра албайм. Эрдиктин өңү болсо, менимче, алтын

сымал болмок. Текстура? Толкундуу жүн. Эрдиктин максаттуу басыгы бар, керек болгон учурда араң эле байкалчудай жылуу. Эрдикти өзүнөн күч менен чыгаруу же сүрөттөп көрсөтүү мүмкүн эмес, бирок аны өнүктүрүүгө болот жана өнүктүрүү керек. Эгер ал сенде бар болсо, анда сен ага ээ боло аласың. Ургаачы арстанды күчтүү кылган – бул эрдик. Ал өз күчүнөн коркпойт. Тескерисинче, бул күч ага өзүнө болгон ишенимди берет.

Менин компьютериме орнотулган *Encarta* синонимдеринин сөздүгүнө ылайык, *«эрдик»* (англисче *prowess*) «эптүүлүк, чеберчилик, кайраттуулук, компетенттүүлүк, жөндөмдүүлүк» сыяктуу түшүнүктөр менен байланыштуу. Мындан тышкары, мага *prowess* деген сөздүн мындай кош аныктамасы жагат: «1) жөндөмдүүлүктүн өзгөчө деңгээли, чеберчилик же билермандык; 2) өзгөчө эрдик же кайраттуулук”.

Ургаачы арстандыкына окшогон эрдик сенде да бар. Бул сенин жашооңдо бошонууну күтүп жаткан өзгөчө жөндөм, күч же кайрат. Ал жашырылып, ачыла баштоо үчүн, дем берүүчү сөздөрдү гана күтүшү мүмкүн, бирок, анын ичиңерде экенине эч качан шектенбегиле. Кудай ар бирибиздин ичибизге таланттарды жана жөндөмдүүлүктөрдү терең катып койгон. Ал эми, биздин милдет – аларды ачып, өнүктүрүү. Эрдик: «Мен баарын билбейм жана баарын кыла албайм, бирок, мен билгенимди кемчиликсиз аткарууга аракет кылам» деп айта алат. Эрдик деген көбүнчө оюнда көрсөтүлөт – биз бир нерсе ойногондо, спорттук оюндарды ойногондо же көңүл ачуу үчүн кандайдыр бир ролдорду ойногондо. Ичиңде жарыкка чыгып, ар кимдин көзүнчө ойногусу келген бир нерсе барбы? Балким, дал ушул кайраттуулуктун үрөнү сага отургузулгандыр, ургаачы арстандардын өз максатына жетүү үчүн коркпостон аракет кылып жатканын көргөндө, коркуу сезими пайда болот. Алар аңчылык кылышабы, коргойбу, же балдарын үйрөтүшөбү, баарын жакшы кылышат.

Эмне үчүн ургаачы арстандар аңчылыктагы эрдиктин үлгүсү болуп эсептелет? Бири–бири менен наам, кызмат

үчүн жарышпай, чогуу аңчылык кылышат. Ар бир аялдын салымы жана үлүшү маанилүү. Сен жөн гана *өзүңдөй* болушуң керек! Башкалардын талантын тууроо эч кимге жакшылык алып келбейт, эң азы өзүңө. Жеке өзгөчөлүк салыштыруудан, тууроодон же атаандашуудан жаралбайт. Ар бир ургаачы арстан өзүнүн жеке өнөрүн өркүндөтөт. Андан үлгү алсак жакшы болот.

> Биз Машаяктын денесинин көркөм калыптанган, керемettүү түрдө иштеп жаткан бөлүктөрүбүз, ошондуктан алдыга арыштап жана ким болуп жаралган болсок, ошол бололу. *Келгиле,* өзүбүздү башкаларга көрө албастык же текебердик менен салыштырууга жана биз болбогон нерсе болууга аракет кылбастан, алга карай баралы жана *биз ким болуп жаратылган болсок, ошол болуп калалы.*
>
> – Рим. 12:5–6, *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Мен жогорку таланттуу баяндамачылар насаат айткан конференцияларга катышам. Алардын артынан сүйлөп жатып, өзүмдү кооптуу сезип калчумун. Сыноо жана каталар аркылуу мен эң жакшы жол – бул өзүмдүн эң жакшы версиям болуу экенин таптым. Эсиңде болсун, эч ким сени башка бирөөнүн кейпин кийүүгө чакырбайт. Аларга сен керексиң.

Жогорудагы аятта «Машаяктын денесинин көркөм калыптанган, керемettүү түрдө иштеп жаткан бөлүктөрү» жөнүндө окуганда, биздин *«эрдик»* деген терминди эстеп, силердин жаралышыңардын өзү эле урмат–сый жана керемет деген түшүнүктөр менен байланышканын эстедим. Анткени, Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн–өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген (2 Тим. 1:7). Сен укмуштуудай жаратылгансың (англисче котормолордун көбүндө – «урматтоо менен, коркуу жана титирөө менен жаратылган») жана эч кандай коркуу же үрөй учуу менен жаратылган эмессиң.

Сен, менин сулуу эжем–сиңдим, жер бетине, бардык жерде коркунуч өкүм сүрүп турганда, сен биздин Кудайыбыздын

кандай сулуу экенин көрсөтүү үчүн жаралдың. Сен “кереметтүү түрдө аракеттенген бөлүк” болууга чакырылгансың, бул менин оюмча, эрдиктин – кайраттуулуктун дагы бир көрүнүшү.

Кудай биздин ар бирибизди өз ордубузду ээлегенге чакырат, ургаачы арстандар сыяктуу – ар бирибиз өз ордубузда, ар кимибиз өз күчүбүз менен болсок.

Ургаачы арстандардын аңчылыктагы артыкчылыгы көптөгөн африкалык маданияттарда чагылдырылган. Атактуу жоокерлерге же мергенчилерге «ургаачы арстандын уулу» деген наам ыйгарылат. Көрдүңөрбү, эркек–ургаачы балдарынын баарын аңчылыкка үйрөткөн ошол ургаачы арстандар. Бул процесс Ыйык Китепте да сүрөттөлөт:

> Сенин апаң арстандардын арасында кандай арстан болгон! Ал жаш арстандардын сыймыгы болуп калган. Анын балдары чоңоюп калды. Ал өзүнүн балдарынын ичинен бир күчтүү жаш арстанды өстүргөн. Ал андан аңчылык өнөрүн үйрөнгөн.
>
> – Жезекиел 19:2:3, *Message*дин котормосу.

Бирок, ургаачы арстандардын камкордугу наристелер менен эле чектелбейт; көптөгөн жаныбарлар да ушундай кылышат. Ургаачы арстандар үй–бүлөсүндөгү улгайган жана жарадар болгон арстандарга да кам көрүүнү улантуу менен белгилүү. Алар, клей сыяктуу, үй–бүлөнү бир бүтүнгө бириктирип, анын дени сак бирдик катары иштешине мүмкүндүк берет.

Арстандар өзүн көрсөтүүдөн коркпогон, көрүнүктүү жандыктар. Ал эми, ургаачы арстандардын күчү, тескерисинче, алар дээрлик толугу менен көзгө көрүнбөй жоголуп кетүүгө жөндөмдүү экендигинде. Алар аңчылык учурунда өздөрүнүн кайда экенин билгизбейт, анткени, бул анын максаттарына каршы келет. Тукумун камсыз кылуу жөнүндө сөз болгондо, жашыруун болуу – бул белгилүү бир артыкчылык. Бирок, эгерде балдар коркунучта болсо, анда бул таптакыр башка маселе!

> Сен ургаачы арстанды олжого жетүүгө үйрөтүп, уяда бүрүшүп калган балдарынын ачкалыгын тойгуза аласыңбы?
>
> – Аюб 38:39, *Message*дин котормосу.

Бул Кудайдын Аюб менен болгон маектешүүсүнөн үзүндү, анда арстанга аңчылык кылууну, олжо күтүүнү жана анын кайтып келишин күтүп жаткан балдарын тамак–аш менен камсыз кылууну үйрөтүүчү Кудай экенин ачып берет. Кызык, бул кантип болот? Биздин даңктуу Кудайыбыз арстандын чөйрөсүнө анын жөндөмүн өркүндөтүүгө жардам бере турган кандайдыр бир кеңештерди же стимулдарды жайгаштырабы? Же Кудайдын деминен жаралган жаратуу элементтери, жаратуу керемети бизде Кудайды издеп, бири–бирибизди сүйүүгө умтулууну ойготкондой, арстанды да аңчылыкка, тамактанууга үйрөтөбү?

## ЖАПАЙЫ КУБАЛОО

Мен сенин «аңчылык» деген сөз жөнүндөгү түшүнүгүңдү, «өлтүр, анан же» деген гана маани менен чектелбестен, кеңири түшүнүшүңдү каалайм. Англис тилиндеги *«аңчылык»* деген сөз да кууганды, издөөнү, жада калса куткаруу операциясын да сүрөттөйт. «Аңчылык кылуу» этиши *«кубалоо, артынан түшүү, кармоо, этиеттенүү»* дегенди билдирет. Мага мындай этиштердин биздин Кудайды издөөнү сүрөттөө үчүн колдонулганы кызыктуу болду.

> Кудайым, Кудайым! Мен сага болгон күчүм менен чуркайм, анткени менин жашоом ошого байланыштуу; бул жапайы кубалоо.
>
> – Забур 7:2, *Message*дин котормосу.

Мындай аңчылык абдан кызыктуу! Мага «Кудайдын артынан жапайы кубалоо» түшүнүгү жагат, ал биз баарыбыз билген, эртең мененки уйкусурап «Кудай менен тынч убакыт

өткөрүүдөн» таптакыр айырмаланат. «Жапайы кубалоо» шашылыш, ылдамдык менен жана максаттуу багытта издөөнү билдирет. Бул аятты башка жагынан, жапайы жана коркунучтуу *бир нерседен* качуунун же жапайы, каршылаштын жеринен Куда*йга* качуунун мисалы катары дагы кароого болот. Мага эки вариант тең жагат. Эки вариант тең кызыктуу, бирок мен Кудайдын артынан жапайы, коркунучтуу кубалоо идеясын жактырам. Теңир мени ошол эле жапайы темп менен кууп баратат деген ой да мага да жагат. Кээде тереземе караган тоо кыркасына көз чаптырып: «Кудайым, Сен кимсиң? Мен өзүмдү Сенин күчүңдүн жана кудуретиңдин жарыгында таанығым келет!»– деп шыбырайм.

Албетте, аңчылык менен Кудайды кармайсың дегенден алысмын. Мындай нерсе жөнүндө ойлонуу да акылга сыйбаган нерсе болмок. Бирок, биз кээде Аны көрүп калууга үлгүрөбүз. Мен издегендин баары Ага жашырылган. Кымбаттуум, мен аңчылыкка карата мынчалык шашылыш чакырыкты сезген эмесмин. Азыр Кудайды тынымсыз издей турган убак.

Арстан күткөндөй эле, убактылуу күтүү да Кудайга болгон умтулуубуздун бир бөлүгү. Забурчу мындай деп жазган:

> Теңир, эртең менен менин үнүмдү ук! Ар күнү эртең менен мен Сага өтүнүчүмдү жеткирип, үмүт менен күтөм.
>
> – Забур 5:2.

«Аңчылык» дагы «издөө» дегенди билдирет. Сөздүн бул мааниси биз айтып өткөн нерселердин баарын чагылдырат.

Эң Жогорку Кудайдын кыздары катары биз жоопторду, акылмандыкты жана күчтү издейбиз. Ал бизди кармап алсын үчүн, биз Кудайдын артынан кууп баратабыз; жана Ал бизди кармаганда, биз Анын жарыгынын жана өмүрүнүн башка адамдарга чагылышы болуп калабыз.

> Сенин сулуулугуң жана сүйүүң менин жашоомдун ар бир күнүн коштоп жүрөт; Мен кайрадан үйдөмүн – Кудайдын үйүндөмүн, мен ал жерде түбөлүк калам.
>
> Забур 22:6, *Message*дин котормосу.

Өзүлөрү эле Кудайга умтулуп тим болбостон, Анын аларга болгон умтулуусун да башынан өткөргөн аялдардан акылмандык менен кеңешти табууга болот. Мындай укмуштуу ойгонууну башынан өткөргөн бул аялдардын ар бири Кудайдын сүйүүсүнөн жана мээриминен бир үзүм болсо да, башкалар менен бөлүшө алышат. Кудайдын сулуулугу жана сүйүүсү аялдар коомун каптап гана тим болбостон, кыймылга келтиргенде эмне болорун жер күтүп жатат. Сен, кымбаттуум, бул дүйнө муктаж болгон жооптор жөнүндө чындыкты жана ачылышты издегендердин бир бөлүгүсүң.

Өнөктөш эже–сиңдилерди таба ала турган, Кудай пландаштырган жолугушууларга биз Арстаныбыз – Ыйса жөнүндөгү аян менен гана сапар алабыз. Аялдар гана туура бере турган суроолор бар. Кудай дүйнөгө ачып берүүнү бизге гана буйруган жооптор бар. Бул пландын аткарылышын көрүү үчүн, биз чогуу бара жатабыз.

Арстан эже–сиңдилерибиз аңчылыкка чыга электе бирге чогулушат. Алар чогуу эс алышат, ачка болушат, созулушат, бирге көтөрүлүп турушат. Аңчылыкка ылайыктуу өз орундарын ээлешип, анан баары бүткөндө чогуу тойлошот. Анан бул цикл кайра кайталанат. Кызматтар өзгөрүшү мүмкүн, бирок, арстандар дагы эле бирге болушат!

Мыкты маданият изилдөөчү жана антрополог Маргарет Мид көп жылдар бою ар кандай маданияттарды олуттуу изилдөөдөн кийин төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: «Эже–сиңдилердин мамилеси, балким, бардык үй–бүлөлүк мамилелердин эң бир атаандашы. Бирок, эже–сиңдилер чоңоюп, бойго жеткенде, алардын мамилелери эң күчтүү болуп калат».

Бул сөздөрдү окугандан кийин мен дароо ойлонуп калдым:

«Демек, чындап эле ушундай болуп жатат! Биз өсүп, жетилип жатабыз!».

*«Аялдардын камкордугунун күчү»* деген китебим үчүн материал чогултуп жатып, мен аялдардын Кудайдын ой–ниеттерин стратегиялык түшүнүүгө негизделген жашоосун биргелешип куруу боюнча библиялык мисалдар дээрлик жок экенин байкадым.

Ал тургай, бири–бирине дос, сырдаш болгон аялдардын үлгүсүн кайдан табам деп ойлоп, бир аз көңүлүм чөгүп кетти. Мен кандай үлгүнү туурасам болорун билгим келди. Көрдүңөрбү, биз Ыйык Рух бизди белгилүү бир процесстен өткөрмөйүнчө, ургаачы арстандардай көтөрүлбөйбүз.

Ыйык Жазуудан мисал издеп жатып, мен Ыйык Рухтун шыбырап жатканын сездим: «Азыр кыздар жөнүндөгү бөлүм жазылып жатат. Менин кыздарыма айт, бул окуяны абдан жакшы жазышсын!»

Мен сенин салымың чечимдин канчалык маанилүү жана ажырагыс бөлүгү болушу мүмкүн экендиги жөнүндө сени билбестикте калтырууну каалабайм. Бул эмнени билдирерин түшүндүңбү? Ар бирибиз жекече жана баарыбыз чогуу Кудайдын кыздарынын тарыхын жазып жатабыз, алар өздөрүнүн жашоосунун эң сонун окуясын жазуу үчүн чогулуп, бир сөздү, бир иш–аракетти жана бир чечимди текке кетирбеген туугандардын тобу. Мындай чогулушта мен Кудайдын ургаачы арстандарынын токтобогон күч, ырайым жана эпчилдик менен көтөрүлүп туруп жатканын көрөм.

## АДИЛЕТТИККЕ УМТУЛУУ

Биз Кудайды жана Анын жоопторун билүү үчүн биригип гана тим болбостон, адилеттүүлүктү коргоо үчүн көтөрүлө турган убак да келди. Бул үчүн юридикалык билимдин кереги жок. Адилеттүүлүк жашоо образына айланышы керек. Биздин өлкө адилетсиздиктин кыйраткыч кесепеттеринен баш калкалоочу

жай катары негизделген. Биздин укуктук система соттордру чындыкты коргой турган ыйык жай кылып койду. Бирок, акыркы кездеги резонанстуу сот чечимдери “арамза юристтердин аракетине сахна болуп калганбы” деген ойду жаратат.

> Адилеттиктеги шамдагайлык жана акылмандык – багыт көрсөтүп жана чечим чыгаргандар үчүн, күч жана кайрат – кайтарып жана коргогондор үчүн.
>
> – Ышайа 28:6, *Message*дин котормосу.

Бул аятта кереметтүү ачылыш бар. Адилеттүүлүк – бул бир катар мыйзамдарды сактоо эмес. Ал ой жүгүртүү жана иш–аракеттерди камтыйт. Соттор да, жюрилер да элди жана алардын иш–аракеттерин адилетсиздиктен алыстатып, адилеттикти ишке ашырууга багыттай турган өкүмдөрдү чыгарышы үчүн, бизге даанышмандыктын ачылышы керек. Чыныгы адилеттүүлүктү сактоо үчүн, күчтүү жана биринчи даражадагы коргоочулар керек.

“Адилеттүүлүк” деген сөз биздин өлкөбүздүн өзгөчөлүгү катары колдонулган учур болгон. Бала кезимдеги каармандарымдын биринин урааны: “Чындык, адилеттүүлүк жана Америкалык жол” деген болчу.

> Анткени сот чындыкка кайрылат, анын артынан жүрөгү тазалардын баары ээрчишет.
>
> – Забур 93:15.

Биз адилеттүүлүктү калыбына келтиришибиз керек. Мен биздин укуктук системабыз адилеттүү сот сезимин жоготуп алды деп корком. Ак жүрөктөр адилеттүүлүккө умтулат. Жүрөгүң тартипке келгенде, адилетсиздик сени жийиркентет. Эми мен сот системасы жөнүндө гана айтып жаткан жокмун – бул жашоонун бардык тармагына тиешелүү болушу керек. Биз мамлекет, жыйын же башка бирөө дүйнөгө адилеттик орнотушун күтүп жатканыбызда, аялдар менен балдар өлүп

жатышат. Адилеттикке умтулуу, жок дегенде, балдарды аларга зыян келтирүүчү бардык нерседен куткарууну өз ичине камтыйт дегенге баарыбыз макул боло алабыз деп ойлойм.

Ургаачы арстандар өздөрүнүн чеберчилигин жана кайраттуулугун пайдаланып, үйүрдөгү балдарды коргоп, бир команда болуп аракеттенишет. Балдары коркунучта болсо, ургаачы арстан жоокер–стратегге айланат. Кобранын арстандардын үйүрүнө кантип кирип алганы тууралуу тасма көрдүм. Ал эми, алардын арасында кыргын сала турган душманы болсо да, ургаачы арстандар тынчтыкты сактап турушту. Алардын реакциясы тынч, тартиптүү жана тез арада балдарды коопсуз жайга «эвакуациялоо» болду. Ар бир ургаачы арстан өзүнө эң жакын болгон арстандын баласын мойнунан кармап, тез эле уулуу жыландын жанынан алып кетишти. Бир ургаачы арстан арстандын балдары менен калды, ал эми анын эжелери жыландын кыймылын көзөмөлдөө үчүн, баштапкы үйүрүндө калгандарга кайтып келишти.

Ургаачы арстандар балдары жанында турганда кобра менен күрөшпөй акылмандык кылышканына таң калдым. Балдар коркунучта гана болбостон, алар ыңгайсыздык жаратмак. Аларды коргоп калган арстандар, кобраны айдап же жок кылууга аракет кылышат. Алардын инстинктивдүү реакциясы тактиканы жана стратегияны терең түшүнүүнү ачып берди.

Ургаачы арстан өзүнүн үйүрүнүн *бардык* балдарын өзүнүн жанын аябастан коргоого даяр. Ал өзүнүн да, башка арстандын баласына да коркунуч келтирбейт. Ургаачылары жөн эле чогуу аңчылык кылбастан, балдарын да чогуу багышат. Ошол сыяктуу эле, биз жер жүзүндөгү бардык балдарды алардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган нерселерден коргоого өзүбүздү арнашыбыз керек. Өзүңөрдүкүнө гана кам көрүү жетишсиз. Биз үйдө да, сыртта да күрөш жүргүзүп жатабыз. Келгиле, жакындагыларды да, алыстагыларды да коргоо үчүн туралы.

Ургаачы арстандардын коргоонууга умтулуусу ушунчалык күчтүү болгондуктан, алар буга ымыркайлары боюна бүтө электе

эле даярдана башташат. Кудай берген табийгый түзүлүшүнүн аркасында, ургаачы арстандар өздөрүнүн тукум улоо циклин бири–бири менен шайкештире алышат. Ошентип, бир убакта боозуп, бир убакта төлдөшөт.

Ошентип, чындыгында, бүт үйүр бир эле учурда бооз болуп калат. Ургаачы арстандар бирдей курактагы балдар тамак–ашка жана машыгууга карата бирдей мүмкүнчүлүктө болгондуктан улам, аман калуу ыктымалдуулугу жогору экенин түшүнүшөт. Мына ушул алтындай наристелер ар жерде жуушап жатса, эмизген энелер аз эмес. Үйүр тектеш ургаачылардан тургандыктан, арстандар бири–биринин балдарын машыктырып, багышат. Арстандын баласы үйүрдө бирдей курактагы, бирдей көлөмдөгү бир туугандары менен чоңойгондугунун чоң артыкчылыгы бар. Бул күрөштүн, тамактануунун, эс алуунун жана ойноонун стилинин жана ритминин окшоштугун билдирет, бул автоматтык түрдө бири–бирин толуктап турган жөндөмдөрдүн жана эптүүлүктүн өнүгүшүнө, ошондой эле, арстандын өзүнүн гана эмес, келечектеги үйүрүнүн да аман калышына шарт түзөт.

Ургаачы арстандар ымыркайларды туура адаттарды үлгү кылып үйрөтүшөт. Жапайы жаратылышта ката кылууга укук жокко эсе. Арстандын баласы белгилүү бир өнөрдү үйрөнбөсө, ал өзүнүн өмүрүн да, үйүрдүн тагдырын да коркунучка салат.

Жаш ургаачы арстандар аңчылыкты ойноп үйрөнүшөт. Алар өтө жаш кезинде да аңчылыктын элементтерин үйрөнүшөт. Арстан эне жакын жерде балдарынын секирип ойноп жатканын көрүп жатат. Алардын оюнуна энелер да кошула алышат. Ургаачы арстандар ымыркайлар менен эле эмес, бири–бири менен да күрөшүшөт. Алар балдарга жыгылып, кармашып, кулап бараткaнда күчүн сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эгерде оюн аша чаап кетсе, арстан эне ар дайым менменсинген тукумун күркүрөп же жеңил сокку менен курчоого алат.

Бул оюн–зооктордун белгилүү бир максаты бар – үйүрдүн ар бир мүчөсүнүн күчтүү жактарын көрсөтүүгө жардам берүү.

Биз күлүп, көңүл ачуучу оюндарды ойногонубузду Кудай жакшы көрөт. Активдүү эс алуу жана ден соолукту чыңдоо үчүн колдонулган «эс алуу» деген сөздү «жаңыдан жаратуу» деп чечмелесе болот – биз кандайдыр бир мааниде жаратуу процессине катышып жатабыз.

> Сен мага ар дайым жардам бергендиктен, мен
> чуркайм жана ойнойм.
>
> – Забур 62:8, *Message*дин котормосу.

Ургаачы арстандардын балдарын чогуу багып, үйрөтүү үчүн кош бойлуу болуп, бирге төрөшөрүн биринчи жолу укканда, мен Ыйык Рухтун шыбырап жатканын уктум: “Лиза, ар бир бала аман калууга бирдей укуктуу. Ар бир балага коргоо, тоюндуруу, тарбиялоо жана камсыздоо керек.” Балдардын жыргалчылыгы – биздин милдет. Биз адилетсиздиктин көйгөйүн чечүүдө стратегдүү болушубуз керек.

## КҮЧТҮҮ ЖООП

*Homo sapiens* тукумунан чыккан эне өзүнө таандык эмес балдарга канчалык көп кам көрүшү жана сактап калышы керек!

> «Аял эмчектеги баласын унутмак беле? Өзүнүн
> курсагынан чыккан уулун аябай коймок беле? *Эгерде*
> ал унутса да, Мен сени унутпайм.
>
> – Ышайа 49:15, курсив автордон.

Эне өз баласын таштап кете алат деген ойду элестетүү ушунчалык мүмкүн эмес болгондуктан, Кудай өзү: «... бирок ал да унутуп калса да...» деп айткан. Бул аятта аял затынын табияты боюнча баласын таштай албашына, кордук көрсөтө албасына басым жасалган. Тилекке каршы, ойго келбеген нерселер чындыкка айланган заманда жашап жатабыз. Баңгизат, ичкилик же акча үчүн балдарынын ден соолугуна, жыргалчылыгына

коркунуч келтирип жаткан энелер тууралуу жаңылыктардан улам көп угуп жатабыз.

Жакында басма сөздө жубайлар уурдап кеткен эки кыз (бири–биринен көз карандысыз) тууралуу макала чыкты. Алардын бири он сегиз жыл камалып турган, ал мезгилде эки кыз төрөп, чоңойткон. Дагы бир кызды өз үйүнөн ала качып, тогуз ай жашырып жүрүшкөн. Эки кыз тең зордук–зомбулукка жана катуу кордоолорго дуушар болушкан. Эки учурда тең бул жубайлардын баласыз аялдары күйөөлөрүнүн кылмыштарына шериктеш болгон деп айыпталган.

Уулум Алек аялдардын кылмышка тиешеси бар экенин билгенде аябай таңыркады. «Эмне үчүн аялдар бул кыздарды сактап калышкан жок?” — деп таң калды ал, аялдар балдарды сактап калуудан баш тарткан дүйнөнү элестете албай.

Ага менин берген жалгыз гана жообум, “Ошол эки аялдын өзүлөрүнүн ден соолугу жайында эмес экен” деген болду. Алардын тандоосу бар болчу, бирок, алар кайдыгер болууну каалашкан. Негедир алардын биринде да энелик жүрөк ойгонгон эмес.

Биз аялдарды эркектер эзет деген ойго ыктап кетебиз, бирок, бул дайыма эле андай боло бербейт. Ал аялдар үйүндө эмне болуп жатканын билишкен, бирок, эч нерсе кылышкан эмес. Ошентип, алар кыздарга карата зордук–зомбулукка шериктеш болушкан.

Белгилей кетчү нерсе, эки зордуктоочу тең аялдар менен кыздар баш ийиш керек деген идеясын колдонуп, манипуляциялоо менен чектен чыгып, Ыйык Жазууну бурмалашкан. Аялдардын өз күйөөсүнө жагынуу үчүн, кылмышка шерик болуп калганы бүт өлкөнү таң калтырды.

Ургаачы арстан, тескерисинче, баласын ар кандай коркунучтан коргойт. Мен алардын аракеттери балдарга коркунуч туудурганда ургаачы арстандар өздөрүнүн үйүрүнүн эркектерине каршы биригишкен учурларды жакшы билем.

Ушул оор мезгилде биз Кудайдын Сөзүн «ишенимдүүлүк

менен үйрөткөн» (2 Тим. 2:15 кара:) жана ага ылайык жашаган, дени сак аялдардан болушубуз керек. Биз гендердик, баш ийүү жана никедеги шартсыз баш ийүү сыяктуу нерселерге акылмандык менен жана туура көз карашта болушубуз керек. Кудайдын планы бул принциптердин бирин да башкаларга коркунуч туудуруш үчүн колдонуу болгон эмес. Алардын максаты – ден соолук жана бакубатчылык.

Жаштарды жана аялууларды коргоо – биздин милдетибиз. Ургаачы арстандарга окшоп, биз ар дайым балдарды сактап калуунун жолдорун издешибиз керек. Ургаачы арстандар Кудай берген инстинктинин аркасында кээ бир аялдар унутуп калган нерсени түшүнүшөт: эне кан жагынан байланышы жок болсо да (өзүнүн баласы болбосо да) баланы сактап калууга милдеттүү.

Бала төрөө эле сени эне кылып коё албастыгы белгилүү. Бир нече ай мурун апасы сексуалдык кулчулукка сатып жиберген беш жашар таттуу, шайыр кыздын окуясы бүт Американын үрөйүн учурган. Кыздын жансыз денеси Түндүк Каролина штатында, жолдун жанындагы токойдон табылган. Бул китеп жарык көргөнчөктү дагы кандай жаңылыктарды угабыз деген ойдон титиреп кетем.

Кудайга миң мертебе шүгүр, көпчүлүгүбүз үчүн энелик рефлекстин мындай өчүп калышы ойго келбеген нерсе. Ыйык Жазууда чындыктан четтегендер адам болуу деген эмне экендигин унутуп коё турган коркунучтуу күндөр келери жөнүндө айтылган (Римдиктерге 1:26). Адам болуу – бул Кудайга окшош болуу жана Анын жүрөгүнө ылайыктуу абийир жана нормаларга ээ болуу дегенди билдирет. Теңир жашоонун баркын кетиргендерге, Анын бейнесиндей болуп жаратылган балдарды сексуалдык зордук–зомбулукка кабылткандарга ачууланат. Кудайдын көз карашын билип туруп, биз да көйгөйлөргө чын жүрөктөн жана сүйүү менен жооп беришибиз керек. Кээ бирибиз үйүбүздүн эшигин ачып, четке кагылган же жашоосу тобокелге кабылган балдарды багып алышыбыз керек. Биз туура эмес деп ойлогон нерсени, өкмөт оңдосун деп күтүп

отура бербей, айкөл болушубуз керек. Жакындарыбызга сүйүүнү иш жүзүндө көрсөтөлү!

Адилетсиздикке, зулумдукка унчукпай отура берсек, бир күнү биздин башыбызга да келет. Мен жыйындын адам сатууга жана сексуалдык кулчулукка каршы адилеттүүлүк үчүн күрөштө көтөрүлүп жатканын көргөндү абдан каалайм. Бул эки маселе дайыма менин оюмда, көбүнчө тилимде.

Мен жакында эле учакта жанымда отурган жаш аялга бул көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүү үчүн, бүткүл дүйнөдөгү аялдарды мобилизациялоого катышууга болгон каалоом тууралуу айттым. Ал мага кайрылып: «Анан сага бул темада сөз айтууга ким укук берди?», – деди.

Бул суроонун күчтүүлүгү мени таң калтырды. Мен таң калып, бир саамга унчукпай туруп калдым да, анан: «Унчукпай турууга мага эмне укук берет?” – дедим.

Үнүн бир аз басаңдатып, ал менин бул жаатта билимим барбы же кесиптик тажрыйбам барбы деп билгиси келгенин түшүндүрүүгө аракет кылды. Мен анын көз карашын кармап, “биринчиден, менин билишимче, адилетсиздикке каршы күрөшкө тыюу салган мыйзам жок экенин, экинчиден, өзүмдүн билгенимдин негизинде бул маселени элдин көз карашы менен же кандайдыр бир «кесип» аркылуу чечүү мүмкүн эмес деп айта алам” дедим. Бул кылмыштардын масштабы ушунчалык чоң болгондуктан, ар кандай кесиптин жана адистиктин өкүлдөрүнүн реакциясын талап кылат.

Балдарды күнөөсүздүктөн ажыратып, аларды чоңдордун кумарынын жана бузукулугунун кулу кылуу – ачыктан–ачык эле адилетсиздик! Канчалаган балдар ырайымсыздыктын үнсүз курмандыктарына айланган маалда*, кимдир бирөөбүз* кайдыгер бойдон кала алабызбы?

Кантип бул көйгөй тууралуу кыйкырбай калабыз? Буга ишенип гана тим болбостон, ушул багытта кандайдыр бир иштИ баштоо үчүн: «Жамандыктын жеңишке жетиши үчүн, жакшы адамдардын кайдыгер болушу гана жетиштүү» дегенди

дагы канча жолу угушубуз керек. Чет өлкөдө болгонумда, жакырчылык катуу болгон жерлерге барганда энелердин көзү менен карап туруп, алар эмнени ойлоп жатканын элестетем. Алар: «Кантип эле менин балам аныкынан жаман болушу мүмкүн?» деген суроону беришеби.

Кудай сактасын, андай ойлорубузга жол берилбесин. Мен Түштүк–Чыгыш Азияда жүргөндө энелер балдарын эки жолу сунушташкан. Алардын бири баласын колума салып да койгон. Мен аны кармап турганда, ал мени карап, мен түшүнбөгөн тилде жаңсап, бир нерселерди айтты. Мен дагы бир энеге баласынын сүйкүмдүү экенин айткандан кийин, ал менден котормочу аркылуу, мен ошол кызын алып кетүүмдү каалаларымды сурады. Алардын канчалык үмүтсүздүгүн элестете аласыңарбы? Өз балдарын мага, такыр тааныш эмес, ал тургай алардын тилин билбеген адамга берүүгө аракет кылышты. Алар балким, акча алууну үмүт кылышкандыр, бирок, мен ишенем, алар баарынан да көбүрөөк – балдарында үмүттүн пайда болушун каалашкан. Өз баласын сатуу биздин маданиятта акылга сыйбаган нерсе, бирок, балаңарга эч нерсе бере албасаңар эмне кылат элеңер?

Биз балдарыбызды алар дүйнөнү жана анын ресурстарын ушул аялдардын балдары менен бөлүшөрүн түшүндүрүп тарбиялай алабызбы? Кудай так ушуларды үй–бүлөбүзгө алып келүүнү бизден күтүп жаткандыгына ишенем.

## БАЛДАРДЫ КУТКАРУУ

Ооба, жакырчылык адамдын жанын жылаңачтаган өлкөлөрдө адам чыдагыс кайгы өкүм сүрөт, бирок, биз үйдө болуп жаткан окуяларга да көңүл бурушубуз керек. Бул китепти жазып жатканда бир кызык окуя болду. Эгерде биздин жергиликтүү билим берүү системабызда колдонулса, “стратегиялык түрдө ойлонгон эрдик” кандай болорун бир аз түшүндүм.

Мен бир аз деп айтып жатканымдын себеби, менин процесске катышуум бир гана сапар менен чектелди жана биздин билим берүү системасынын ишине сергек жана активдүү катышып жаткан көптөгөн адамдарга урмат–сыйымды билдиргим келет. Өтө аз бюджетте сапаттуу билим берүү үчүн талыкпай эмгектенип жаткан мугалимдер жана жетекчилер үчүн Кудайга ыраазычылык билдирем. Ошондуктан, алар кээде биздин жардамыбызга муктаж болушат.

Бир күнү кечинде кичүү уулум Арден бир китепти окугандан кийин адабият боюнча үй тапшырмасын аткарууга туура келди. Ал баскетбол боюнча машыгуудан кийин абдан чарчагандыктан, менин ага үн чыгарып окуп берүүмдү суранды. Эгерде өз алдынча кылам дей турган болсо, уктап каламбы деп коркту. Калган үй–бүлө чоң бөлмөдө футбол ойноп жаткандыктан, экөөбүз уктоочу бөлмөмө көчүп кирдик.

Мен канчалык көп окуган сайын, китептин мазмунуна ошончолук тынчсыздана баштадым. Анда өспүрүмдөрдүн суициди, вандализм, жубайына жана балдарына карата зомбулук, зордук–зомбулук, жашы жете электердин аракечтиги жана аракечтик, ата–энелик укуктан баш тартуу жана уурулук темалары козголгон эле. Биз толугу менен ачык эле сексуалдык көрүнүштөргө өткөн кезде, мен мындан да жаман болушу мүмкүн эмес деп ойлогондой эле болду.

Уулум мага кайрылып, бул китепти окугусу келбей калганын айтты. Андан кийин ал мага дагы башка адепсиз жерлер бар экенин айтты. Маселе, бул китептин тогузунчу класстар үчүн милдеттүү адабият программасына киргизилгендигинде турат эле. Эртең менен мектепке телефон чалып, Арденге башка китеп окууга уруксат берүүнү суранам деп чечтим. Эртеси эртең менен мугалим менен сүйлөшүп, баарын макулдаштык. Иш бүттү деген ой менен трубканы коюп койдум, бирок, кийинчерээк андан ары да чара көрүү керектиги аныкталды. Маалым болгондой, мектеп эрежелери боюнча, балдардын бул китепти окуусу үчүн ата–энелердин макулдугу талап кылынат экен, анткени,

мазмуну талаштуу. Башка ата–энелер бул китепте эмне бар экенин билишпегенин түшүндүм. Анткени, мен да бул тууралуу кокустан эле билип калдым. Ардендин өтүнүчү болбогондо, мен да караңгыда калмакмын.

Бул китептин мазмунунан өз уулумду гана коргоо туура болдубу? Порнография, секс, ата–эне менен болгон туура эмес мамиле, ичкилик, уурулук, зордук–зомбулук жана өзүн–өзү өлтүрүү тууралуу бул роман класстагы башка балдар үчүн кандай көз караштарды калыптандырат? Бул китептин канчалык кооптуу экенин билип туруп, кантип унчукпайм? Башка балдарды да, алардын ата–энелерин да коргоо менин милдетим эмес беле?

Өзүмдүн блогум аркылуу китептин мазмуну тууралуу коомчулукка маалымат берип, ушундай жол менен программанын мазмунун мектеп жетекчилигине жеткирүү үчүн, бир гана мен эмес, мени колдоочу топту да чогулттум. Бир суткага жетпеген убакыттын ичинде беш жүздөн ашык адам (алардын көбү мугалимдер) китептин мазмунун кабыл алынгыс деп эсептей тургандыктарын айтышты. Алардын арасында балдарын үйдө окутуу чечимин кабыл алган энелер да болду; мына так ушул себептен улам өзүлөрүнүн балдарын коомдук мектептен чыгарып алыша тургандыгын билдиришти.

Мен бул китепти жазууга карата болгон автордун укугунан шек санаган жокмун. Мени кооптондурган нерсе, китепти окуу 14 жаштагылар үчүн милдеттүү экендиги болду. Бул китеп порнографияны колдогон. Сексуалдык кулчулуктун тамыры порнографияга барып такалат. Туура эмес көрүнүштөр жаш жигиттин аялдарга болгон көз карашын ойго келбеген деңгээлде бурмалап коюшу мүмкүн. Сөз болуп жаткан китепте порнография мастурбация менен айкалышып, он төрт жаштагы балдар үчүн кадимки иш катары көрсөтүлгөн. Порнография адамдарды (эркектерди да, аялдарды да) сексуалдык максаттар үчүн кул кылуу нормага айланган менталитетти түзүүгө жөндөмдүү.

Өспүрүмдөрдүн аң–сезимине мындай кийлигишүү алардын келечектеги сексуалдык жолугушууларына аялзатын жек көрүүнү, эмоционалдык жана сексуалдык жактан чегинүүнү жана сексуалдык көз карандылыкты киргизиши мүмкүн, мына ушунун баары сексуалдык кулчулук индустриясынын гүлдөшүнө негиз түзөт.

Биздин жер–жерлердеги билим берүү тармагы улан–кыздарды турмушта жогорку моралдык позицияда тарбиялоого умтулуп жатканын билем. Бул максатка жетүү үчүн, мурунтан эле белгилүү бир эрежелер коюлган болчу, бирок, бул китепке кандайдыр бир түрдө көңүл бурулбай калган. Мектептин директору менен жолугушуу уюштуруп, учурдагы эрежелердин бузулушун анын эсине салдым. Мен адам сатуунун кесепеттерин өз көзүм менен көрүп–билгендиктен, мектеп программасында аялдардын сексуалдык объект катары берилгендиги тууралуу тынчсызданууларымды аны менен бөлүштүм.

Бир жуманын ичинде китеп программадан чыгарылды. Адабият тандоодо кетирилген катачылык оңдолуп, мындан ары мындай жагдайлар кайталанбашы үчүн, тандоо эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилгендиги үчүн мектеп жетекчилиги да кубанды.

Мамлекеттик мектептерде бүт өмүрүн балдарды окутууга арнаган адамдар иштейт. Баарыбызга окшоп, алар да ката жана байкабастык кетириши мүмкүн. Аларга чабуул койгондун ордуна, билим берүү процессинде биз аларга өнөктөш катары колдоо көрсөтүп, өзүбүздүн эле эмес, бардык балдардын жакшы келечеги үчүн алар менен иштешсек жакшы болбойт беле?

Мен тынчсызданып жатканымды айткандан кийин, бул китеп бардык тогузунчу класстардын окуу программасында бар экендиги билинди жана менин баламдын классы кокусунан тизменин башында туруп калган экен. Мен убагында коңгуроо кагып, мектеп ата–энелердин пикирин колдогондуктан, көптөгөн балдар адеп–ахлаксыз материалдарды окуудан сакталып калышты.

Бул окуянын жүрүшүндө мен машайакчы экенимди айткан жокмун. Мугалимдерге же мектеп жетекчилигине жаңжал кылган жокмун. Мен өзүлөрү койгон эрежелерге кайрылдым. Мындан тышкары, мен көйгөйдү гана көрсөтүп тим калбастан, акылга сыярлык чечимди да сунуштадым. Мен аларга бул процессти акырына чейин чыгарууга чечкиндүү түрдө даяр экенимди билдирдим. Ар бирибиз эле ушундай нерселерди кыла алабыз.

## АҢ УЛОО УБАКТЫСЫ

Кудай мени жана сени аңчылыкка катышууга чакырат. Кудайды издегенибизде жана Ага умтулганыбызда, биз акылмандыкты жана керектүү жоопторду табабыз. Ажырашуу жана эмоционалдык бөлүнүүчүлүк менен талкаланган бул дүйнөдө бизге балдарыбызды тарбиялоого жана коргоого жардам бере турган, асмандын демин сезе турган достук жана стратегиялык мамилелерге муктажбыз. Дүйнөбүздүн жоголгон жана эзилген балдарын сактап калуу үчүн, биз Кудайдан шыктанган стратегияларды жана чечимдерди ишке ашыруубуз керек болот. Бул мага тиешеси жок деп эсептеп, эч кимибиз четте калууга акыбыз жок. Бул баарыбызга тиешелүү. Бул динамикадан улам, силер кылган нерсе мага таасир этиши мүмкүн, ал эми мен кылган нерсе силерге таасир этиши мүмкүн. Биздин күч–аракеттерди бириктирүү менен, биз үй–бүлөбүздөгү, жыйындардагы жана коомдогу окуялардын көнүмүш агымын 180 градуска бурганга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Тандоо биздики – бул байланыштарды жыргалчылык үчүн колдонуу керек же колдонбоо керек.

Ургаачы арстандардын адаттарын изилдей баштаганда, мен арстандар бир коомдо жашаган мышыктардын жалгыз түрү экенин билген да эмесмин. Ургаачы арстандын бири алсыз болсо, экинчиси күчтүү. Бири мүдүрүлсө, экинчиси ийгиликке жетет жана бул алмаштыруучу жана бири–бирин бекемдеген күчтөрдүн баары күчтүү арстандын колдоосу астында ишке ашат.

Бул жагынан карасаң, өз алдынча жалгыздап баскан мышыктардын тагдыры өтө кыжаалат кылат. Пантералардын да, леопарддардын да, гепарддардын да мындай өз ара жоопкерчилиги жок. Бул жаныбарлардын ургаачылары тамак издеп ууга чыкканда, кайра бошоп калган уясына кайтып келүү коркунучу бар. Илимий–популярдуу тасманын бир эпизоду эсимде: ургаачы гепард өз уюгуна кайтып келгенде балдарынын жоголуп калганын билет. Ал улуп, түнү бою аларды чакырып, жок дегенде бирөөсү кыргындан качып кутулса деген үмүттө болот.

Сен да, мен да жалгыз болуу үчүн жаралган эмеспиз. Биздин үй–бүлөбүздүн мүчөсү болбосо да, балдарыбызды өз балдарындай багууга даяр экендиктерин билдирген адамдарды жолуктурганымдагы мага келген бейпилдик сезимин сөз менен айтып жеткире албайм. Бизде үй–бүлөбүздү Кудайдын тактысына көтөрүп, сыйынуу менен карап турган адамдар бар. Бизге мен таанybаган адамдар сыйынышчу – бул тууралуу кийин гана билдик. Көптөр Жакшы Кабарды таратуу жана эч качан жолукпаган–көрбөгөн туткундарды куткаруу үчүн, марттык менен кайрымдуулук кылышты. Башкалардын үй–бүлөсүнө кам көргөндөрдүн бардыгына асман сыйлыктарынын берекесин берсин!

## ДУШМАНДЫН ДЕМИН БУУГУЛА

Ургаачы арстан өзүнүн олжосун тапканда (ал көбүнчө ийгиликке жетет!), аны тытып же майда бөлүктөргө бөлүп салбайт. Ал анын дем алуу жолдорун жаап, аны муунтат. Анын сыңарындай, биз душмандын демин токтото турган мезгил келди деп эсептейм. Муну кыла аларыбыздын бир жолу — биринчи кезекте өз демибизди ага кызмат кылуу үчүн берип койбоо. Бири–бирибизге каршы турууну токтотуп, душмандын күчүн кетиришибиз керек. Келгиле, тескерисинче, акыл–насаат айтуу, оңдоо жана кубаттоо үчүн, сөзүбүздү чебер колдонолу.

Бул аңчылык үчүн, мага менин күчтүү жактарымды түшүнүп, алсыз болгон жеримде ийиндери менен мени жөлөй турган башка аялдарга *муктажмын,* силер да ошого муктажсыңар. Буга жетүү үчүн, мен аң–сезимдүү түрдө өзүм алсыз болгон жерде күчтүү адамдар менен курчалып турууну тандадым. Досторумдун алсыз жеринде колдоо көрсөтүүнү чын жүрөктөн тилейм. Дени сак, тең салмактуу мамилелер – бул ар бир адам өз салымын кошо ала турган жана жасай турган мамилелер.

Эч кимибиз өзүбүздүн гана балдарыбыздын коопсуздугу менен канааттанып калбай, аң–сезимибизде жер жүзүндөгү бардык балдар үчүн жооптуу экендигибиз жөнүндөгү түшүнүк өссүн. Биз сергек болуп, балдарыбызды өз убагында кооптуу аймактан алып чыгып кетишибиз керек. Жергиликтүү деңгээлде гана анча–мынча таасир тийгизгендей сезилген жерлерде деле көрүнүктүү натыйжалар жаралат. Эч ким анын ролун кичинекей жана маанисиз деп ойлобойлу. Ылайым, эч кимибиз алданбайлы – дүйнөнү эч кимибиз жалгыз жеңе албайбыз.

> Адамдардын биздин кабарыбызга — Жакшы Кабарга — ишениши үчүн күрөшүп жатып, биргеликте тургула, көрүнүштө биримдикте болгула — каршылыктарга карабай, артка чегинбегиле же бир кадам да качпагыла. Силердин эрдигиңер жана биримдигиңер эмнеге каршы чыкканын аларга көрсөтөт: аларды жеңилүү, силерди жеңиш күтөт, экөө тең Теңирден келет.
>
> – Фил. 1:27.28, *Message*дин котормосу.

Биз биргеликте стратегиялык иш–аракет кылууга жөндөмдүүбүз.

9

# УРГААЧЫ АРСТАНДАР ЖАРЫКТА ЖАШАП, БИРОК, КАРАҢГЫДА АҢЧЫЛЫК КЫЛЫШАТ

Ыймансыздар күнөөлүү сезимден өздөрүнө тынчтык таба алышпайт жана алар эч ким кубалабаса да, ар кандай учурда качууга даяр; чынчыл адамдар арстандай токтоо, кебелбес жана тайманбас болушат.

НАКЫЛ СӨЗДӨР 28:1,
*MESSAGE*ДИН КОТОРМОСУ.

Ургаачы арстандар өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн жана чеберчилигин тубаса түшүнүү менен гана чектелбестен, бир топ жөнөкөй жашоо өткөрүшөт. Чарчаганда эс алышат, ачка болгондо аңчылык кылып, тамактанышат. Калган убакта алар көбүнчө ойношот!

Кээ бириңер үргүлөп, жарым–жартылай уктап – эс алып жаткан арстандарды көргөн болушуңар мүмкүн. Кээде ал тургай, алар келечекке энергия топтогон күн батареялары сыяктуу чалкасынан жатып, күндүн алтын нурунун астында эс алышат. Жада калса, ары–бери секирген арстандын балдары да эс алып жаткан энелердин көңүлүн бура албай калышат. Кээде эркелеп кеткен наристе арстан эң жакын жаткан ургаачы арстандан шапат (жеңил гана чаап коюу) жеп калышы мүмкүн. Бирок, алардын эч кимиси стресске кабылгандай көрүнбөйт — орточо эсеп менен алар күнүнө жыйырма сааттан укташат.

Эс алгандан кийин арстандар чоюлуп, жалпы оюнга кошулушат, бул экинчи маанилүү позицияга – толук күжүрмөн даярдыкка өтүү баскычы. Бирок, согушка даяр болгон учурда да, жаныбарлар бир гана багытка көңүл бурушат, бирок чыңалган – тынчы кеткен абалда болушпайт.

Бул белгилүү багытка көңүл бурулган, бирок, жайбаракат позиция – арстандын кайраттуулугунун дагы бир маанилүү элементи, биз кыздар муну үйрөнүшүбүз керек. Ыйык Жазуунун кийинки үзүндүсү бул бейпилдик эмнеге негизделгенин тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

> Ыймансыздар күнөөлүү сезимден өздөрүнө тынчтык
> таба алышпайт жана аларды эч ким кубалабаса да,
> ар кандай учурда качууга даяр; чынчыл адамдар
> арстандай токтоо, кебелбес жана тайманбас болушат.
>
> – Накыл сөздөр 28:1, *Message*дин котормосу.

Сүрөттөмө тим эле түп–түз көрсөтөт – токтоо, өзүнө ишенген жана кайраттуу. Адамдар, адатта, сабырдуулукту жана өзүнө болгон ишенимди кайраттуулук менен байланыштырышпайт, бирок, Кудай муну кылат. Мен аны ургаачы арстандан көрөм. Ал өзүнүн бардык көз карашы менен мындай дейт: «Мен ким болсом, ошолмун. Мен күчтүүмүн жана абдан эпчилмин, ойноок жана абдан коркунучтуу, токтоо, көңүлүн бир жерге топтогон жана камкормун».

Ар бир аял сыяктуу эле, ургаачы арстан да – карама–каршылыктардын жыйындысы. Бул аятта арстандар жөнүндө сөз болгону менен, бул жерде эки жыныс тең айтылган. Бардык арстандар – эркек жана ургаачы – дал ушундай жашоо позициясына ээ. Менин оюмча, бул бизде да болуш керек деп ойлойм.

Ургаачы арстан ууга чыкпаса, ага көлөкөдө болуунун кереги жок. Ал жарыкты жакшы көрөт. Ал эже–сиңдилери менен ачык асман алдында, Африка түздүгүнүн күн тийген мейкиндигинде

жашайт. Көлөкөсүз жерлерде жаныбарлар жашынбай эс алышат, ойношот, бири–бирине кам көрүшөт, багышат, балдарын машыктырып, жада калса жупташат. Анан да, *эмне үчүн* ургаачы арстандар уялып же жашыныштары керек?

Саваннадагы согушта аларга ачык каршы чыга тургандай эр жүрөк же күчтүү бир дагы душман жок. Алар эч кимден артка чегинишпейт (өз жерлерин аралап чуркап өткөндө бир үйүр пилге гана жол бергенден башка). Ургаачы арстан аңчылыкка чыкпаганда, аларга жашынуунун эч кандай кажети жок. Арстандар өз аймактарынын талашсыз падышалары жана ханышалары болуп саналат жана алардын диапазонундагы азык–түлүк чынжырынын башында турат. Өтө ысык күндөрү гана ургаачы арстан көлөкөдө эс алат, бирок жашынуу үчүн эмес. Жалгыз жашап, аңчылык кылган илбирстер менен гепарддардан айырмаланып, арстанга даракка чыгуунун же бадалдын арасына жашынуунун кереги жок, бирок, ал бул экөөнү тең жасай алат. Жок, биздин ургаачы арстан апасынын, жеңелеринин, бир туугандарынын жана жакындарынын, балдарынын жана албетте, өз арстанынын курчоосунда, күндүн нурлары астында коркпой эс алат.

Азыр мен муну жазып жатып, ушундай жашоону кыялданам: апалардын, кыздардын, бир туугандарынын жана жеңелердин, эже–сиңдилердин арасында күн астында эс алып, алар менен бирге балдарга күлүп карап, ыраазы болуп, биздин чөйрөбүздө–жашоодо бизди жеңе турган коркунучтуу эч нерсе жок экенин толук түшүнүү кандай жакшы.

Мен бул көрүнүштү Джон менен сафариде жүргөндө көрдүм жана ургаачы арстандын апасына, баласына жана бойго жеткен эки арстан кызына байкоо жүргүздүм. Үй–бүлө күзгү бийик чөптөрдү аралап, максатсыз эле тентип жүрүштү. Алардын курсактары ток экен – мурдундагы канды да байкабай калдым. Алар жакында эле түшкү тамакты жешкендей жана бир аз алсырагандай көрүнүшкөн. Алыстан бир топ бак–дарактарды байкап, алар ошол тарапка жылат деп чечтим. Бирок, жок!

Айбанаттар жолдун боюнда (биздин машинеден үч метр алыс эмес жерде) түз жерге суналып, бир аз «жуулуп», жаркыраган күндөн кутулуу үчүн алтын көздөрүн жымшыйтышып, анан беш мүнөткө жетпеген убакыттан кийин баары тынч уктап жатышты.

Биз, куралданган адамдар (дагы жакшы, рейнджерлерде гана мылтык бар болчу!) эбегейсиз чоң «ДЖИП» унаасында жүрүп, аларды коркутмак тургай, арстандарга кымындай да таасир калтыра алган жокпуз. Таңкы уйкуга убакыт келди – калганынын баары аларды тынчсыздандырган жок!

## ЖАРЫКТАГЫ ЖАШОО

Менин оюм ошол замат жарыктагы жашоо биз үчүн эмнени билдире тургандыгы жөнүндөгү идеяларга жана элестерге толуп кетти. Биринчиден, бул толук ачыктыкты билдирет. Силердин терезелериңер жана эшиктериңер жарыкка, үй–бүлөңөргө жана досторуңарга ачык. Биздин үйдө эркектер көп болгондуктан, ашкананын эшиги дайыма ачык, демек бирөөнүн оозу дайыма ачык. Бирок, биздин ден соолугубуз жана жашообуз үчүн ачык жана жаркыраган жүрөктөн маанилүү эч нерсе жок.

> Жашооңорду ачкыла. Чегиңерди кеңейтүү менен, ачык жашагыла!
>
> – 2 Корунттуктар 6:13, *Message*дин котормосу.

Бул билдирүү абдан жөнөкөй, ушунчалык эркиндикке жеткирүүчү, бирок, ошол эле учурда абдан коркунучтуу. Жашообузду ачык кылууга карата болгон бийлик өзүбүздө гана бар. Биринчиден, биз өзүбүздү ачабыз, анан ачык жашай баштайбыз – ошондо биздин горизонттор кеңейет. Өз жашооңорду ачып, ачык жашоо – бул эки кадамдан турган процесс. Сен *өз жашооңду ачып,* ошол эле учурда *ачык жашабашың да* мүмкүн. Мен жашоонун белгилүү бир тармактарында жана белгилүү бир мамилелерде өзү жөнүндө көп нерселерди ачып берген адамдарды билем, бирок алар

ачык жашаса, мурда жашырылган көп нерселер ачыкка чыкмак. Кээ бир адамдар башка жагын жабуу үчүн, башка чөйрөнү ачып беришет.

Бирок, менин оюм кайра–кайра Пабылдын сөздөрүнө кайтып келгенде, анын чакырыгы мен үчүн дээрлик туруштук бере алгыс болуп көрүнөт. Ал мени өз жашоомду Теңирибизге бериле турган белек катары кароого үндөйт.

Пабылдын сөздөрү бизге Кудайдан болгон аяндын жана жогорудан берилген нерселердин бардыгын алуу үчүн ачылган жашоонун сүрөтүн көрсөтөт. Ачык жашаган адам, өзүнүн чектерин тынымсыз кеңейтип жашайт.

Мен сенин жашооңдун динамикасын элестетүүнү каалайм – сен курчап турган дүйнөнүн бардык аймагы менен байланышта болгонуңда өсүп, чыңдалып жана кеңейе турган жашоо.

> Эми силер ачык жердесиңер. Машаяктын жаркыраган
> жарыгы силердин жолуңарды жарык кылат,
> ошондуктан силер мүдүрүлүүгө эркинсиңер. Алга!
> Жакшылык, адилеттик, акыйкаттык – мына ушуларга
> негизделген иш–аракет гана күн нуруна татыктуу.
> Машайакка эмне жагарын билип алгыла – анан аны
> жасагыла.
>
> – Эфестиктер 5:8–10, *Message*дин котормосу.

Сен муну угуп жатасыңбы? Ургаачы арстанга окшоп, сен азыр ачык жерде жашайсың. Сен үчүн коркунучту чагылдырган көлөкө чөйрөсү жок. Сенин жашооңо үстөмдүк кыла турган уят, караңгы жер жок. Мен бул аракетке чакырууну абдан жакшы көрөм! Жол ачык – биринчи кадамды ташта!

Ошентип, көптөгөн адамдар эмне кылууга чакырылганын билгиси келет. Бирок келгиле, Кудай ушунчалык жөнөкөй кылып жараткан нерсени татаалдаштырбайлы. Ал бизди жакшылыкка, адилдикке жана чындыкка чакырат. Бул күндүн жарыгына алып келсе, биз уялбай турган иш–аракеттердин тизмеси. Биз жарыктын балдарыбыз жана жарыкка татыктуу иштерди

кылуучга чакырылганбыз. Биз көмүскөдө жасалып жаткан көп иштерден алыс болушубуз керек. Биз эмнелер Кудайга жагарын аныкташыбыз керек, анан аны жасашыбыз керек!

Биздин Машаяктагы жашообуз, Анын жарыгы биздин жашообуздагы караңгылыктын пардасын айрып салган ошол таң калыштуу учурдан тартып кеңейип, улам барган сайын кеңейген нурлар сыяктуу. Ар бир жебе биз үчүн кайра санак башталган учурда жарылган күн нуру жана жылуулук шооласы сыяктуу.

Терезелерди ачып, үйдү желдетүү үчүн, сыртта абанын таза жана жылуу болгону мага абдан жагат. Анда үйдө жумшак жел согуп, булганган абаны түртүп, аны менин үйүмдүн бардык булуң–бурчуна айланып турган сергектик агымдары менен алмаштырууда толкундатуучу нерсе бар.

Жел жапайы жаратылыштын жагымдуу жытын алып келип, үйүбүздөгү абанын көлөмү кеңейип, абанын өзү жашоого жана кыймылга толуп, жаратылыштын жытына аралашкандай сезилет. Жаңы чабылган чөптүн жыты, гүлдөп жаткан сирень гүлдөрү, карагай чайыры жана жамгыр жууган жердин жыты – мунун баары адам жашаган жердеги бир гүлдестеге айкалышат.

Бул жапайы табияттын белгилерин цивилизациянын атмосферасына киргизүү, менин ургаачы арстанга эмне үчүн мынчалык көңүл буруп жатканымды түшүндүрөт: ал жеңилдик менен күчтүн, оюн–зоок менен кайраттуулуктун, жапайылык менен бейпилдиктин укмуштуудай биримдигинин өтө асыл образы. Ошол эле биримдикти мен Ыйык Жазуунун төмөнкү үзүндүсүнөн көрөм:

> Силер чарчадыңарбы? Силер чаалыктыңарбы?
> Күчүңөрдү дин менен колдоого аракет
> кылып, күйүп кеттиңерби? Мага келгиле.
> *Кыйынчылыктарыңардан Мага качкыла, ошондо*
> *жашооңорду кайтарып аласыңар. Мен силерге*
> *кантип чындап эс алууну көрсөтөм. Мени менен*
> *жүргүлө, Мени менен эмгектенгиле — муну*
> *кантип кылганымды карагыла.* Мен силерге оор

> же көтөрө албай турган эч нерсе жүктөбөйм. Мени менен баарлаша бергиле, ошондо эркин жана оңой жашоого үйрөнөсүңөр.
>
> – Матай 11:28:30,
> *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Биз диндин кыздары болуп чоңойгондор дагы Кудай менен бийлегенди үйрөнүшүбүз керек. Балдарыбызда Джон экөөбүз жоготуп койгондой болгон табигый ритм сезими бар. Алардын музыкага болгон реакциясы биздикине караганда табигыйраак, анткени, бизди жыйындагыдан башка ар кандай музыкага болгон реакцияны басууга үйрөтүшкөн. Бул бизди кээде ийкемсиз жана «жайбаракат ритмдерге» жооп бере албай тургандай кылат — бул биздин рухубуздагы Кудайдын табияттан тышкаркы ишине табигый жооп.

Урматтууларым, Теңир үчүн иштеп жатып, ашыкча иштеп, чарчабадыңарбы? Балким, силер Аны менен бирге жашоонун мааниси эмнеде экенинин жоготуп койдуңар? Кээде баарыбызга ушундай эскертүү керек болот. Мага да ал керек. Бир жылга жетпеген убакыт мурун мен чарчап турган кезим болчу. Капысынан ушундай өтө кооптуу абалга туш болгон, жыгылып, стресстин туңгуюгуна түшүп кете тургандай сезилген учуруңар болду беле? Балким, бул сенин башыңдан эч качан өткөн эмес, бирок мен бул сезим менен таанышмын. Мен али алдыда үч ай калган жолугушуу үчүн да тынчсызданчумун.

Тажрыйбамды досума ачык айтып бердим, ал акылман кеңеши менен мени тынчтандырды. Ал, мени бир аз гана наным менен балыктарымды алып келишим керектигин, ал эми түшүмдүн даңктуу Теңири болгон Теирибиз аны сындырып, көп эсе көбөйтүп берерин айтып мени кубаттады. Ал аз болсо да, көптөргө жетиштүү боло тургандай кылып тарата аларын бир нече жолу далилдегенин эстеп да, жеңил дем алдым.

Келгиле, эркин жана оңой жашоону кайра үйрөнөлү. Күнөө жерге түшкөндөн кийин, ашыкча иштөө жана стресс биздин

тагдырыбызга айланды, бирок, куткарылгандан кийинки башталгыч чекитибиз ички тынчтык, башкача айтканда, эс алуу болушу керек.

> Бул дагы баары эмес: биз Кудайга эшигибизди ачабыз жана ошол эле учурда Анын бизге эшигин ачып койгонун байкайбыз. Биз өзүбүздү ар дайым кыялданган жерде, Кудайдын ырайымы менен даңкынын кең мейкиндигинде табабыз. Ал жерде биз Аны даңктап, толук бийиктикке көтөрүлөбүз.
>
> – Римдиктер 5:2, *Message*дин котормосу.

Мага бул ачык чакыруу жагат. Өтө көп эшик–терезелерди биз бекитип жана бизге бекитип коюшкан. Жашооңдун эшик–терезелерин ачууга же жабууга кымбаттуум сен, бир гана сенин акың бар. Сен кайсы эшикти ачып, кайсынысын жабууну чечүүчү дарбазачысың. Чек араңарды кайтаруу маанилүү, бирок, Кудайды жүрөгүңөргө чакыруу менен сен толук коопсуздукка кепилдик алдың. Жашооңдун дарбазаларын Ага ачуу менен, сен өзүңдү үмүттүн ордунда табасың... эркин жана Кудайдын ырайымы менен Анын даңкынын төгүлүшү үчүн ачык болосуң. Ыйык Жазуунун кийинки үзүндүсү да бизди ачык болууга үндөйт.

> Биз сыр сактабайбыз – алар жөнүндө айтабыз; биз эч нерсени жашырбайбыз – тескерисинче, биз бардыгын эл алдына коюп жатабыз.
>
> – Римдиктер 5:2, *Message*дин котормосу.

Силер буга катышууга укугуңар бар. Кудай ырайымдуу деген кабарды эч ким жашырбайт. Ал силерди түбөлүктүү сүйүү менен сүйдү жана ырайымы менен Өзүнө чакырды. Кудай силерге Өз сырларын ачкандай эле, силер да Ага өз сырыңарды ачык айта аласыңар. Бир да жашыруун күнөө жок экенин, уялууга эч кандай себеп жок, кармай турган диний тыюулар жок экенин

билгенде, ал силерди чындап эркиндикке чыгарат. Кудай сенин эң терең сырларыңарды жана бардык каталарыңарды билип туруп, сага болгон сүйүүсүн дагы эле ачык айтып жатканын түшүнгөндө, кучтүү болосуң.

Жооп катары Ал бизден да ушундай кылууну суранат. Кудайдын бизге ишенип тапшырган кабары бул: Кудай Ата – сүйүү жана Анын жалгыз Уулу Ыйса бизди Аны менен элдештирүү үчүн өлгөн. Бул билдирүү өтө чоң жана берешен, ал жөнүндө унчукпай коюуга болбойт. Жакшы Кабар сыр эмес, бирок, анын сүйүү жөнүндөгү кабарынын артында турган сыр солкулдата турган сыр.

Асмандагы Атабыз бизге мынчалык көңүл буруп, ушундай сонун белек бергендей биз кимбиз? Ал бизге Өзүнүн сүйүү планын ачып берди жана биз аны алууга мүмкүнчүлүгүбүз кандай эркин болсо, ошондой эле кылып, башкалар менен да аны эркин бөлүшүүбүздү суранды. Ар бир адам Кудайдын сүйүүсү жөнүндөгү кабарды угууга татыктуу.

Силер Кудайдын бардык сырларды ачууга чакыруусун окуп жатып, жашооңордо жабык жерлер бар экенин түшүнгөн чыгарсыңар. Бул коркунучтун же терең уяттын жашыруун жери болушу мүмкүн. Бул ачуудан корккон эшик же терезе болушу мүмкүн. Мен силерди түшүнөм.

Бүт үй–бүлөбүз менен саякатка чыкканда биз көбүнчө кошуна бөлмөлөрдү брондойбуз. Бул эки эшик менен байланышкан чектеш бөлмөлөр. Бул бөлмөлөрдү туташтыруу мүмкүн болсо да, эки эшик ачык болмоюнча өтүү мүмкүн эмес. Джон экөөбүз көбүнчө эшигибизди дароо ачабыз, бир аздан кийин балдарыбыз чемодандарын бошотуп, кийимдерин алмаштыргандан кийин эшиктерин ачышат. Эки эшик тең ачык болгондо, биз аларга, алар бизге эркин өтө алабыз. Анан да, баарыбыз ушул эки бөлмөнүн каалаганыбызга оңой эле кире алабыз.

Кымбаттуум, эшикти ач. Экинчи тарапта жарыкка толгон бөлмө бар, анда үй–бүлөңөр силерди күтүп жатат. Коркпогула! Кудай силерге деген эшигин жапкан жок. Ал эми, мурда ачылган

эшик да силердин алдыңарда тарс жабылып калбайт. Анын эшиги ачык. Жөн гана өз тарабыңарды ачкыла.

Мен силерди жашооңордун бардык тармагын Ага карата ачууга чакырам. Анын өмүрү жана жарыгы караңгылыктын ар бир жытын кууп жиберүүсүнө уруксат бергиле.

Жан дүйнөңөрдүн душманы силердин көмүскөдө калышыңарды каалайт. Караңгылык жарыкта жөнөкөй жана айкын болгон нерсени татаалдаштырып, чаташтырат. Кудай биздин жарыкта жашашыбызды гана каалабайт; Ал биздин жарык болушубузду каалайт. Силер жашооңордо түйшүктөрүңөрдөн арылып алып, жолуңарды уланта аласыңар жана аны азыр жасай аласыңар. Сыйнуунун көркү жана күчү мына ушунда камтылат.

Мен силерге эшикти түртүп жана ачууга жардам бере турган бир нече сөздөрдү жаздым, бирок, бул сыйынууда сени чындап жүрөгүң жетектесин.

Урматтуу Асмандагы Ата,

Мен Сага Ыйса Машаяктын атынан келдим. Сенден жашынганым үчүн, мени кечир. Мен жарыкка чыккым келет. Мен ар бир жабык эшикти ачып, Сенин сүйүүңдүн нуруна жана ырайымыңа кадам таштайм. Мен ыраазычылык менен кечирилүүгө укугумду кабыл алам жана чындыкта жашоону тандайм, анткени, ушул гана мени эркиндикке орното алат. Мен Сеникимин. Мен өзүмдү Сенин сүйүүңө арнайм жана мындан ары Сенин жолуң менен жүрөм. Менин алдымда жолду жарык кыл. Оомийин!

## КАРАҢГЫДА КӨРӨ БИЛҮҮ

Эми ыйык бир тууганым, ургаачы арстандын дагы бир касиетин силерге айта кетейин. Белгилүү болгондой, ургаачы арстандар жарыкта жашап, караңгыда аңчылык кылышат.

Бирок, алар бул түнкү аңчылыкты кантип ишке ашырышат? Курч жыт сезүү же тымызын угуу үчүнбү? Жок!

Чындыгында биздин арстан айымдар – эже–сиңдилерибиз *караңгыда көрө алышат*.

Кантип?

Көрсө, ургаачы арстандар мышыктардын башка өкүлдөрү сыяктуу эле жарыкты кармап, сындырып, анан чагылткан өзгөчө жөндөмгө ээ экен. Алар көрүү үчүн, эң минималдуу жарыкты да колдоно алышат. Толук караңгылыкта ургаачы арстан сен экөөбүздөй эле сокур болуп калат. Ал эми, караңгылыкты бир аз гана жаркыраган кесип өтсө да, ал тартылып кармалып, көрүү жөндөмүнө айланат. Атүгүл, айдын жарыгы же жылдыздардын алыскы чагылышы да ургаачы арстандарга түндө көрүүнү тартуулайт.

Алардын көзгө жарык кирген каректери биздикинен айырмаланат. Бул аларга башкалар эч нерсе көрө албаган учурда өз көз карашын бурууга мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, алар көрүү үчүн колдонгон жарык чөйрөсүнөн эмес, көздөрүнөн келет. Ошондуктан, мышыктардын көздөрү кээде караңгыда жаркырап турат. Алар өздөрүнө жеткиликтүү болгон жарыкты чогултуп, анан чыгарышат.

Чын эле бул жагынан ургаачы арстандардан артта калдыкпы? Дүйнөбүздүн караңгылыгы тереңдеген сайын, бизде сырткы жарыкты колдонуу азыраак болот. Биздин ичибиздеги жарык булагын иштеп чыгууга жана көңүл бурууга убакыт келди.

> Эгер мен: “Мүмкүн, мени караңгылык жашырып калар,
> менин тегерегимдеги жарык караңгы болуп калар”,–
> десем да, караңгылык мени Сенден жашыра албайт,
> түн да күндөй жарык: жарык кандай болсо, караңгы да
> ошондой.
>
> – Забур 139:11–12.

Эгерде качандыр бир кезде ургаачы арстандын бул чеберчилигин колго алышыбыз керек болсо, анда ошол убакыт

азыр. Күндүз көбүбүз көрөбүз, бирок, караңгыда көрүү жөндөмүн өнүктүрүүнү сунуштайм. Ургаачы арстандар көргөн жарык – бул чындыгында алардын көздөрүнөн чыккан жарык. Жүрөгүбүздө от жалындап турса, анда биз айланабызда өкүм сүргөн караңгылыктын кулчулугунда болбойбуз. Бул бизге кененирээк көз карашты берет жана биздин баштапкы көз карашыбыз Кудайдыкы менен дал келет.

Кудай – бул жарык. Анда караңгылык жок.

Биздин акылыбыз чындап эле ушуну кабыл ала алабы деп ойлоп жатам. Жарык бар жерде, көрүү да бар. Көрүү бар жерде, үмүт жана көрүнүштүн кайра жаралышы бар. Көрүнүш бар жерде, аян бар.

Мага аян катары берилген Ыйык Жазуунун эң биринчи аяты эсимде.

> КУДАЙ ЛОГИКАЛЫК ТҮШҮНДҮРМӨДӨН АЛЫНГАН БОЖОМОЛ ЭМЕС, БИРОК, АЛ ЖАРЫК СЫЯКТУУ ТАК ЖАНА ДААНА КӨРҮНҮП ТУРГАН ТААНЫП– БИЛҮҮ. АЛ АКЫЛДУУ ОЙЛОНУУНУН ЖАРЫГЫ МЕНЕН КАРАҢГЫЛЫКТАН ИЗДЕЙ ТУРГАН НЕРСЕ ЭМЕС. АЛ ӨЗҮ ЖАРЫК.
>
> – ABRAHAM JOSHUA HESCHEL

> Теңирибиз Машайактын Кудайы, даңктуу Ата Аны таанып билишиңер үчүн силерге акылмандык берүүчү жана түшүндүрүүчү Рухун берсин деп; Ал чакырып алганда ээ болгон үмүтүңөр эмне экендигин жана Анын ыйыктарга бере турган даңктуу мурасынын молдугу кандай экендигин, ошондой эле Анын бийлиги бар күчүнүн таасири астында ишенген биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин таанып билишиңер үчүн, *жүрөгүңөрдүн көздөрүн ачсын деп* сыйынып жатам...
>
> – Эфестиктер 1:17–18, курсив автордон.

Бул сөз менин күнүмдүк сыйынуума айланды. Аны күнүгө кечинде уктаар алдында шыбырап, көзүмдү жумуп, түшүмө Кудайды чакырчумун. Күндүн жарыгында мен Ыйык Жазууну

окуур алдында Анын убадасы менен дем алдым. Менин жеримде чагылып турган асманды көрө ала турган ачык көздөргө мен таң калып, сүңгүп турдум.

Силер эмнени карасаңар, ошол болосуңар. Силер эмнени көрсөңөр, ошону билдиресиңер. Теңир биз үчүн даярдап койгон укмуштуудай керемет жөнүндөгү түшүнүктү жоготуп алдык деп корком. *Кудайым, бизге көрүүгө көз бер!*

Бул өтүнүчтө баладай күнөөсүз, таза, пайгамбарчылык чакырыкта жүргөн адамдардай болгон нерсе чагылдырылган.

> Эйлинин Шемуелге берген кеңешинде мунун жаңырыктарын угабыз. ... кайра барып жат, сени [Чакыруучу] чакырганда: “Сүйлө, Теңирим кулуң угуп жатат”, – дегин” –деди...
>
> – 1 Шемуел 3:9.

Кудайдын үнү уктап жаткан Шемуелди чакырып, аны уйкудан ойготту. Биздин жообубуз анын жообундай болушу керек: “Сүйлө, Теңир, кулуң угуп жатат”.

Шемуел жооп берип, Кудайдан сүйлөсүн деп сураганга чейин, анын атын атаганын гана уккан. Ал Теңирдин атынан пайгамбарчылык кыла алганга чейин, белгилүү бир убакыт өтүшү керек болчу.

Канчаларыбыз Кудай бизди ысмыбыз менен чакырганын баштан кечирдик? Мага ишенгиле, мен бул тажрыйбаны жокко чыгарбайм, бирок бул башталышы гана. Келгиле, ар бирибиз каалаган *дагы бир чоңураак нерсеге* өтөлү. Биз Кудайдын планын билип, Аны менен иштешүүнү каалайбыз, бул Анын биз аркылуу сүйлөшүнө уруксат берүү дегенди билдирет.

> Кудай Шемуелге: «Көңүл бур! Мен Ысрайылда бардыгын силкип, баарынын көңүлүн бура турган бир нерсе кылууга даярданып жатам», деди.
>
> – 1 Шемуел 3:11, *Message*дин котормосу.

Азыр да Кудай бизге: «Кыздарым, кунт коюп уккула! Мен жер бетинде бардыгын жана баарын аң–таң кылып, бүткүл дүйнөнүн көңүлүн бура турган бир нерсе кылам» деп айтып жатканынан эч күмөнүм жок. Кудай дүйнөнүн көңүлүн өзүнө бура турган балдарга ээ болууну каалайт.

Шемуелдин убагында Кудай адамдар менен сейрек сүйлөшчү жана Кудайдын элинин курмандык чалынуучу жайы жана Ага сыйынууга тийиш болгон ийбадаткананын улуулугу булганган. Сексуалдык ырахаттануу жайларынын бири ... Ыйбадаткананын өзү болуп калган эле! Эйли уулдарын ооздуктоого кудурети жеткен эмес же каалабаган, анткени ал акыр–аягында алардын чындыктан чегингендигинен пайда көргөн.

Натыйжада, Кудай Эйлинин үйүнөн баш тартып, Өзү ишене ала турган, берилген жаш жигитти ойготкон. Биздин замандын күнөөлөрү ошол убактагы күнөөлөрдөн анча деле айырмаланбайт, азыр да Кудайдын ойгонуп жаткан балдары бар.

> Ал эми, Шемуел деген жигит өмүргө толуп, Кудайдын батасына, элдин урмат–сыйына ээ болгон.
>
> – 1 Шемуел 2:26, *Message*дин котормосу.

Мен дал ушундай жаштарды кезиктирдим – *өмүргө толгон,* Кудай батасын берген жана элдин көз алдында да жакшы пикирлерге ээ болгон. Баарыбыз Анын ишин чогуу аткарышыбыз үчүн, Кудай аларды биздин жаныбызга койгусу келет.

Бул үчүн көзүбүзгө Кудайдын эмне кылып жатканын көрүүгө, кулагыбызга Анын айтканын угууга жана Анын Сөзүн ушунчалык жандуу жана толук ачып бере тургандай адамдын жүрөгүндө бир пайгамбарчылык ойгонуу болушу керек.

Айтылгандардын бардыгын эске алуу менен, мен бул барактарды пайгамбарчылык көз караш катары кабыл алышыңарды жана аларга жүрөгүңөрдүн Кудайдын кереметин күтүү оту күйүп турган бурчтарына кайрылууга уруксат

берүүңөрдү каалайм. Бул жерде берилген аяттарды, сүрөттөрдү жана сүрөттөмөлөрдү окуп жатканыңарда, алар силердин ичиңердеги Кудайдын белегин ойготуп же жандандыра аларын билгиле.

Бул силердин жашооңордун ичин кеңейтип, угуу, көрүү жана түшүнүү жөндөмүңөрдү арттырган Ыйык Рух.

Мен насаат айтып бүткөндөн бир күн өткөндөн кийин, жашоосунда Кудайдын күчтүү майлоосу бар кереметтүү жаш аял мага келип, мындай окуяны айтып берди: «Сенин насаат айтканыңды уккан сайын ичимдеги бала кыймылдай баштайт».

Ал бала күтүп жаткан эмес эле – жок эле дегенде мен бул жөнүндө эч нерсе билген эмесмин. Ал өзүнүн ичиндеги Кудайдын бир нерсесинин кыймылын билдирген жана аны башка кантип сүрөттөөрдү билген эмес.

Балким, кайсы бир учурда сен өзүңдүн ичиңде ушундай кыймылды сезгендирсиң. Бирок, сен дагы эле отуруп алып: *«Мен кандайдыр бир пайгамбар эмесмин!»* Мен үйдө отурган апамын, же мен жашмын, же мен бош эмес – иштеген аялмын, же чоң энемин деп жаткандырсың. Мүмкүн, *«пайгамбар»* деген сөздү укканда оюңа Жеремиянын түрмөдө отурганы, сөөктөрүндө от болуп жатканы же киттин курсагындагы Жунус эсиңе келеттир.

Ооба, сенин жашооң алардыкынан такыр башкача экенине кошулам. Сен пайгамбар аял эмес болушуң мүмкүн, бирок, бул сен пайгамбарчылык жөндөмдүүлүктө кыймылдай албайсың дегенди билдирбейт.

Пайгамбарлык белекке өтүү – бул көрөгөчтүк жана алдын ала билүү, бул силерге алдын ала айтууга стратегиялык жөндөм берет. Атүгүл, биздин сыйынууларыбыз кээде пайгамбарчылык түрүндө болот. Биз Анын угарын билебиз, ошондуктан, Анын жооп берип жатканын жана бизге мурда биз билбеген кереметтүү жана улуу нерселерди көрсөтөөрүн билебиз. Биз келечекке үмүт менен карап сыйынабыз.

Ыйса жер бетинде басып жүргөндө эле, фарисейлердин

көзү көрбөй калган. Ыйсанын жашоосу жана сөздөрү алардын сокурдугуна дайыма каршы болгон, бул алардын ачуусун келтирген. Жакан 5 те Ыйса аларды кантип кайра ачуулантканы, бул жолу ишемби күнү айыктырганы сүрөттөлөт. Бул алардын мыйзамына каршы келген. Бирок, Ыйсанын иш–аракети Кудайдын элин ишемби күндү урматтоого, ишемби күндү эстеп, аны ыйык сактоого чакырган Кудайдын буйругуна ылайык болгонун түшүнүү маанилүү.

Аксак адамдын айыгуусунан өткөн ыйык эмне бар эле? Алардын көз карашы боюнча, ыйыктыктын бийиктиги эч нерсе кылбоо, же Ыйса айыктырууну жактырса, жуманын башка күндөрүндө кылыш керек эле. Мыйзамдар менен эрежелерден сокур болгон фарисейлер мүдүрүлүп жыгылышты.

> Ыйса өзүн коргоп: "Атам ушул күнгө чейин иш кылып жатат, ошондуктан Мен да иш кылып жатам" –деди. Ал ишемби күнүн гана бузбастан, Кудайды "Атам" деп, Өзүн Кудайга теңеди», – деп, жүйүттөр Ыйсаны *өлтүрүү* үчүн, мурдагыдан да көбүрөөк аракет кыла башташты. Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, *Атасынын кылганын көрбөсө,* Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт. *Анткени Уулу Атасы кылганды кылат. Анткени Атасы Уулун жакшы көргөндүктөн, Өзү кылгандарынын баарын Ага көрсөтөт*".
>
> – Жакан 5:17–20, *Message*дин котормосу.

Ишемби күнкү буйрук биздин ишибиз үчүн эмес, Кудай аткарып жаткан жумушта эс алышыбыз керек экенин эске алуу менен берилген. Ыйсанын сүйлөгөнү бизге жооп беришибиз үчүн кээ бир суроолорду жаратат:

- Силер Кудайдын кызысыңарбы?
- Атаңар эмне кылып жатканын көргүңөр келеби?
- Силер анын бир бөлүгү болгуңар келеби?

• Жарыкты алып келген адам болгуңар келеби же бирөөнүн караңгылыгын көрсөткөн адам болгуңар келеби?

• Башкалардан обочолонуп, машаякчы катары жашап жатканыңарга бактылуусуңарбы?

• Анын кереметтерин кыйналган, капаланган, өлүп жаткан, талкаланган дүйнөгө көрсөткүңөр келеби?

Ыйса эч качан кызыктай болгон эмес, бирок Ал кайда барбасын, Кудайдын кереметтерин көрсөткөн.

Эгерде Ыйса, Кудайдын Уулу, Өзү эч нерсе кыла албаса, анда биз Ыйык Рухтан түшүнүктү албай туруп, эч нерсе кыла албайбыз. Биз Анын кылганын кылышыбыз керек. Бизде Анын жардамы тууралуу убадасы бар. Муну баса белгилөө үчүн, Элчилер китебин дагы бир ирет карап көрөлү.

> “Акыркы күндөрдө мындай болот, – дейт
> Кудай, – Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду
> төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар
> пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар
> көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт. Ошол
> күндөрдө Мен кулдарымдын үстүнө да, күңдөрүмдүн
> үстүнө да Өзүмдүн Рухумду төгөм, ошондо алар
> пайгамбарчылык кылышат. Асманда кереметтерди,
> жер үстүндө жышаандарды көрсөтөм, алар: кан, от
> жана түтүн. Теңирдин улуу жана коркунучтуу күнү
> келердин алдында күн караңгылайт, ай кандын
> өңүндөй болуп кызарат. Ошондо мындай болот:
> Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат”.
>
> – Элчилер 2:17–21.

Ушул акыркы күндөрдө дагы эле Рухтун шамалы алып жүргөн сөздөрдүн убадасы бар. Ишенесизби, адегенде мен өзүм эмне үчүн Кудай бизди тандап алганына таң калдым. Мен дүйнө жүзүн кыдырып, эмне болуп жатканын көрүп жатканда, өзүмдүн рухумду төгө турган адамдар булар эмес,

же бул мезгил эместей сезилет. Мен жакшыраак, тазараак, коопсузураак убакытты тандамакмын.

Мен эң жакшы чечим деп машаякчыларды куугунтуктоо башталганга чейин, б.з. 50–жылын тандамакмын. Бирок, анда биз бул сүрөттүн кайсы жеринде болмокпуз? Же силер Рухтун төгүлүшүн каалабайм же Ага муктаж эмесмин деп ойлойсуңарбы? Балким силердин жыйыныңарда буга ишенбейт. Бирок, менин эмне дегеним, силер эмнени кааларыңар мааниге ээ эмес. «Бул акыркы күндөрдө болот, – дейт Кудай, – Мен ар кандай адамдардын үстүнө Өзүмдүн Рухумду төгөм».

Менин оюмча, акыры Ал Өз элин да алат жана баарын Өзү айткандай кылат. Бирок, ошондой болсо да, бул эмнени билдирет? Анын Рухунун төгүлүшү кандай болушу мүмкүн? Келгиле, Рухтун төгүлүшүнүн динамикасын изилдеп, тагыраак аныктайлы.

Болжол менен эки миң жыл мурун Ыйык Рух Ыйсаны ачып берүү жана ишенгендердин жүрөгүн жаңыртуу үчүн, жерге жиберилген. Ошентип, бизде Анын Денесинде башкача айтканда, жыйында аракеттерин кылган Ыйык Рух бар. Бирок, азыр болуп жаткандарды агып–төгүлүү деп атабайт элем.

Агып–төгүлүү кандай болушу мүмкүн?

Муну иликтөө үчүн алгач *«рух»* деген сөздүн маанисин билишибиз керек. *«Рух»* деген сөздүн өзгөчө төрт мааниси бар. Биринчиси бул– «күч». Бул түшүнүккө *«эрдик», «мүнөз», «эрк», «кыймылдаткыч күч», «кайраттуулук», «моралдык туруктуулук», «акылмандуулук», «максаттуулук», «эрдик», «жүрөк»* жана *«жалындуулук»* сыяктуу түшүнүктөр кирет. Ыйык Жазуунун төмөнкү саптары Рухтун кайраттуулук жана физикалык күч түрүндө төгүлгөнүнүн мисалын берет.

> Үстүнө Теңирдин Руху түштү, колунда эч нерсе жок болсо да, ал [арстанды] улактай тытып салды...
>
> – Башкаруучулар 14:6.

Ооба, бул катаал мисал, көгүчкөн формасында түшкөн Рухтун образына анча ылайык келбейт.

Бул жерде акылмандык жана адеп–ахлактык туруктуулук катары Рухтун мисалы:

> ...Анын үстүнө Теңирдин Руху, даанышмандык менен акылмандык руху, кеңеш менен күч руху, билим менен Теңирден коркуу руху түшөт...
>
> – Ышайа 11:2.

Же:

> Кудайым, таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла.
>
> – Забур 50:12.

Ошондой эле, түшүнүк катары төгүлгөн Рух бар:

> ... Мен аны Кудайдын Рухуна толтурдум, ага даанышмандык, түшүнүк, билгичтик жана ар кандай өнөр бердим ...
>
> – Мисирден Чыгуу 31:3.

Акыр–аягында, бул жерде Рухту жүрөк катары тартуулаган аят бул:

> Аларга бир жүрөк берем, алардын ичине жаңы рух салам, алардын денесинен таш жүрөгүн алып, аларга эт жүрөк берем...
>
> – Жезекиел 11:19.

*Ошондой эле, «рух»* деген сөздүн экинчи негизги мааниси да бар – аны *«жан»* деген сөз менен сүрөттөсө болот. Бул концепция *«ички мен»*, *«жашоо күчү»* жана *«маңыз»* сыяктуу түшүнүктөрдү бириктирет.

Адамдын руху адамдын алсыздыгын көтөрөт, ал эми жараланган рухту ким сакайта алат?

– Накыл Сөздөр 18:14.

Жүрөктөгү кубаныч жүздү жайдары кылат, ал эми, жүрөктөгү кайгы *көңүлдү чөгөрөт.*

– Накыл Сөздөр 15:13, курсив автордон.

“Рух” сөзүнүн кийинки мааниси – “арбак, элес, арбап азгыруу”. (Мен бул түшүнүктү майда–чүйдөсүнө чейин изилдөөнүн кереги жок деп ишенем.)

Акыр–аягы, рух «жалпы сезим, мамиле, маанай, тенденция, атмосфера» дегенди билдирет. Кээ бир жерде адамдар өзүн жакшы сезип – «бул жакта жакшы рух бар» деп айтканын уккандырсыңар. Алар арбак же көгүчкөн жөнүндө айтып жаткан жок. Алар атмосфера жөнүндө же бардыгын каптаган сезим жөнүндө айтып жатышат (мисалы, күтүүлөр). Сыягы, биринчи төгүлгөнгө чейин, ошол чатырда, баары бир жерде биримдикте турганда, кандайдыр бир атмосфера, маанай же рух – Кудай каалаган нерсенин бардыгын кабыл алуу жана урматтоо руху болгон.

… Теңирдин Руху бар жерде эркиндик.

– 2 Корунттуктар 3:17.

Ошентип, бул жерде биз Рухтун эркиндик атмосферасын Кудайдан кантип алып келерин көрөбүз.

*«Рухту»* тилдерде сүйлөө жөндөмү катары мүнөздөбөгөнүмдү байкасаңар керек. Тилдер Ыйык Рухтун катышуусунун бир көрүнүшү же далили, бирок тилдер Ыйык Рухтун толук көрүнүшү эмес.

Биз Ыйык Китептен Ыйык Рухтун өзүн ар кандай жолдор менен кантип көрсөтөрүн көрдүк. Рух ыйбадатжканы пелиштиликтердин үстүнөн талкалаш үчүн, Шимшонго табияттан

тышкаркы күч берген. Илияс падышанын арабасын кууп жетти. Кудайдын кайраты Гидонго келгенде, ал куралсыз аскерлерди чогултуп, душманды талкалайт. Рухтун күчү менен чөлдө жашаган жалгыз аял Дебора Ысрайылдын душмандарына каршы чоң күчтү көтөргөн. Рухтун күчү менен Ыйса кайда барбасын, жолдо Ага жолуккандардын баарына күбө катары Кудайдын мүнөзүн көрсөткөн.

Мына, эми биз. Ыйык Китепте айтылгандай, биздин күндөрдө адамдар коркунучтан алсырашат. Бул шал кылган коркунучту кантип жеңсе болот? Менин оюмча, бул жооп Кудайдын кайраттуулугунун төгүлүшү.

Биз пайгамбарлык кайра жаралуу доорунда жашап жаткандыктан, кээде адамдар горизонтто эмне болгонун көрө алышат, бирок, аны кайталоо ойдон чыгарылган же жасалып коюлган нерседей сезилет. Силердин кээ бириңер мүмкүн мурда бир аз кызыктай көрүнгөн же ачык эле жалган көрүнгөн пайгамбарчылык кыймылдарга туш болгондурсуңар.

Келгиле, айкындык киргизели. Кудайга адамдын денесиндеги же кандайдыр бир наамы бар адамдардын тобундагы орун эмес, рух көбүрөөк керек. Ага Анын жүрөгүндөгү адамдар керек. Биз пайгамбарчылык жөндөмгө ээ боло ала турган убакытта баратабыз. Биз кандайдыр бир семинарга катышканыбыз үчүн эмес, Шемуелге окшоп, Кудайыбызга кызмат кылгандыгыбыз үчүн. Семинарлардын эч кандай жаман жагы жок; жөн гана бул дагы бир чоңураак нерсе жөнүндө.

Кудай эч качан пайгамбарчылык белектерди өзгөчө, элиталык, адамдардын тар чөйрөсүнө гана жеткиликтүү нерсе катары ойлогон эмес. Ал адамзатка пайгамбарчылык көрүнүштөрдү көрүү үчүн көзүбүздү ачып: угуу үчүн кулактарды, сүйлөө үчүн ооздорду жана боорукердик сезим үчүн жүрөктөрдү берген.

Пайгамбарчылык жөндөмдүүлүк жөнүндөгү теманы өтө жөнөкөйлөштүрүү тобокелчилиги менен, мен силерге сүйүктүү пайгамбарым Ышаяны изилдөөдөн үйрөнгөн бир нече

принциптерди сунуштагым келет. Анын ыйык рухтун жетеги менен жазылган пайгамбарчылык кабарынын башынан эле биз төмөнкүлөрдү билебиз:

> Ал бизге Өз жолдорун үйрөтөт, ошондо биз да Анын жолдору менен жүрөбүз, биз ошол үчүн жаралганбыз.
>
> – Ышайа 2:3, *Message*дин котормосу.

Мага бул жагат: Кудай бизге биз өзүбүз эмне үчүн жаралсак, ошондой жашай башташыбыз үчүн, Өзүнүн иш–аракеттеринин көрүнүшүн ачып берет. Биз Теңирибиздин соккон жүрөгүнүн согушу боюнча жашоо үчүн жаралганбыз. Ал бизге Өзүнүн жолдорун жана Өз иштерин көрсөткүсү келет. Айтылгандардын негизинде мен Ышайа 49–бөлүмдөн келечекти ойлогон адамдарга багытталган бир нече көрсөтмөлөрдү таптым; Элчи Пабыл Римдиктерге жазган катынын 9–бөлүмүндө Ышайадан цитата келтиргенде да ушул эле ойлорду кайталайт.

1. Жогоруну карагыла.
2. Айланаңарга карагыла.
3. Жакшылап карагыла.
4. Алдыга карагыла.
5. Чындыкты айткыла.

Биринчиден, *жогоруну карагыла.* Эгер силер асманга көзүңөрдү кантип көтөрүүнү билбесеңер, анда Аян китеби дүйнөгө Асман көз карашынан кароонун эң жакшы жолу. Сураныч, бул китепти акыр замандын коркунучтуу, пайгамбарчылык көрүнүшү деп ойлобогула. Бул аян Ким бар, Ким болгон жана Ким келе тургандыгы жөнүндө. Кудай убакыттан көз каранды эмес; Ал түбөлүктүү жана бизге көп учурда түбөлүктүүлүк позициясынан кайрылат. Мен колледжде бир семестр бою Аян китебин изилдеп чыктым жана адамдардын аны биздин убакыт алкагыбыз менен чектөөгө жасаган аракеттерине дагы эле таң калам. Теолог Жакан өзү

да жазгандарынын баарын түшүнгөнүнөн күмөнүм бар. Кээде баарын билүүнүн кереги жок, жөн гана көшөгө артында биз ойлогондон да чоң драма болуп жатканына ишениш керек.

Жогору кароонун муктаждыгы абдан курч. Биз дагы деле Галилеяны кыдырып, карапайым эл менен чогуу убакыт өткөргөн, Өзүнүн Кудайлык артыкчылыктарын таштап, Адам Уулу болгон Ыйса жөнүндө кабар айтабыз. Жаканга Өзүн көрсөткөн Ыйса жөнүндө эмне айтууга болот? Мүмкүн болсо, муну элестетсеңер:

> Адам Уулуна окшогон бирөө туруптур. Ал узун кийим
> кийип, көкүрөгүн алтын кемер менен курчап алыптыр.
> Анын башы менен чачы ак жүндөй жана кардай аппак,
> көздөрү оттун жалынындай, буттары меште кызып
> жаркыраган жездей, үнү суулардын шаркыраган
> үнүндөй эле. Анын оң колунда жети жылдыз бар экен,
> Анын оозунан эки миздүү кылыч чыгып туруптур.
> Анын жүзү болсо жаркырап тийип турган күндөй эле.
> Мен Аны көргөндө, Анын бут алдына өлүк сыяктуу
> жыгылдым. Ошондо Ал менин үстүмө оң колун коюп,
> мындай деди: «Коркпо! Мен биринчимин жана
> акыркымын. Мен тирүүмүн. Өлгөн элем, азыр болсо
> түбөлүккө тирүүмүн, оомийин. Өлгөндөр жаткан
> жай менен өлүмдүн ачкычтары Менде. Ошондуктан
> эмнени көрсөң, азыр эмне болуп жатса, мындан кийин
> эмне боло турган болсо, ошонун баарын жаз
>
> – Аян 1:13:19.

Келгиле, бул жерде чынында эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнөлү. Жакан, балким, он экинин эң даражалуусу болгондур. Кыязы, ал Ыйсанын сүйүктүү шакирти болгон. Анткени, акыркы кечки тамакта Ыйса Ага ким чыккынчылык кыларын ачып берген. Жакан Ыйсаны асманда, Кудайдын Уулунун даңкында көргөндө, Анын бут алдында эси ооп калды! Бул Ыйсанын козу кармап же балык бышырып жатканынан алда канча көп. Бул Өзүнүн колунда жылдыздарды кармап турган Эң

Жогорку Кудайдын Уулу. Бул куралдуу, күчтүү Падыша жоокери. Эгер биз Ыйса жөнүндөгү бул укмуштуудай аянды жарыялай баштасакчы? Келгиле, Аян китебин карап көрөлү.

> Бул – Ыйса Машайактын аяны. Жакында эмне болорун Өзүнүн кулдарына көрсөтүү үчүн, Кудай Ага ушул аянды берди. Кудай бул аянды Өзүнүн периштеси аркылуу Өзүнүн кулу Жаканга көрсөттү. Жакан болсо Кудайдын сөзүн, Ыйса Машайактын күбөлөндүрүүсүн жана өзүнүн көргөндөрүн күбөлөндүрдү. Ушул пайгамбарчылыктарды окугандар жана уккандар, ошондой эле аянда жазылганды кармангандар бактылуу, анткени убакыт жакындап калды.
>
> – Аян 1:1:3.

Биринчиден, бул китеп Ыйсанын чыныгы табиятын ачып берет. Бул аянды окуган, уккан жана сактаган ар бир адамга бата жарыяланат, ошондуктан, ал биздин көңүл буруубузга татыктуу. Дегеле, бул ачылыш эмне үчүн зарыл болгон? Ыйсанын жерде кантип жашаганы тууралуу бизде эмне маалымат азбы?

Менин оюмча, бул биздин жеңүүчү Куткаруучубуздун, биздин Машаяктын чындыгында Ким экендигинин үзүндүсү гана. Биз өзүбүздөн баш тартып, Ага окшош болуп калышыбыз үчүн, Ал Кудайлык артыкчылыктардан баш тартты жана биздин өзүбүзгө окшош болуп калды. Ал кудуреттүү, Ал ыйык, Ал кереметтүү... ошондуктан *өйдө карагыла!*

Кийинки кадам – *айланага көз сал.* Келечекке асмандын бийиктигинен көз чаптырып, биз өзүбүзгө, айлана–чөйрөбүзгө жана жердин тургундарына башкача, жарыгыраак көз караш менен карай баштайбыз. Ышайа муну Кудайдын аянынан жан дүйнөсүнүн түпкүрүнө чейин солкулдаганда башынан өткөргөн (Ыш, 6–бөлүмдү кара). Алгач анын оозу таза эмес экенин сезди. Андан кийин ага ал арасында жашаган элдин бардык арамдыгы ачылды. Курмандык чалынуучу жайдагы көмүр менен Ышайа күнөөдөн жана уяттан тазаланып, кайраттуулук менен:

«Мени жибер»,– деп сунуштады. Ал таза, жүрөгү ачык, Кудай эскерткендей, аны укпаган адамдарга барууга даяр болчу.

Биз ыйык, адил Кудайды өзүбүзгө жана бизди курчап турган дүйнөгө салыштырганда көргөн карама–каршылыктар жана контрасттар биздин жүрөгүбүздү жаралайт. Айланаңа кара. Жаңылыктарды же комедиялык сериалдарды болсо да жандыр. Сен эмнени көрүп жатасың? Мен күнөө менен адилетсиздикти көрүп турам, бирок, ошондой эле, жарыктын балдары жарыкта жашынганча коюуланып кеткен караңгылыкты, жарыктагылардын коркунучтуу караңгылык менен жолугушуу үчүн жашынган жеринен кантип чыга баштаганын дагы көрүп турам.

Андан кийин биз *жакшылап көңүл буруп карашыбыз* керек? Менин оюмча, бул демек, биздин жаман, оорулуу дүйнөбүзгө боорукердик жана ден соолук алып келүүнүн жолдорун табуу дегенди билдирет. Караңгыны өз жарыгы менен таркатып, айласы кеткендерге үмүт берүү, жамандыктан кайтарып, жакшылык кылуу дегенди билдирет.

Ооруганга жана бузулганга ден соолук жана күч–кубат бер. Биздин иш–аракеттерибиздин диапазону экономикалык жана билим берүү маселелерин чечүүдөн инсандар аралык көйгөйлөрдү чечүүгө чейин ар кандай болушу мүмкүн.

Айланабызда калыбына келтирүүгө муктаж үй–бүлөлөр көп. Көптөгөн адамдар дары–дармекке, таза сууга жана тамак–ашка абдан муктаж.

Үй–бүлөгө муктаж жалгыз адамдар көп; багып алууга муктаж болгон жетим балдар жана боштондукка чыгууга муктаж болгон туткундар бар. Колдоого муктаж эзилгендер жана четте калгандар бар, *жакшылап көңүл буруп карагыла!*

*Алдыга кароо үчүн* биз бүгүн кабыл алган чечимдерибиздин келечекте уландысы бар экенин түшүнүшүбүз керек, ошондуктан биз кылдаттык менен карап гана тим болбостон, кыраакылык менен да карашыбыз керек. Жашоонун кесилишине жакындоо менен, биз баштаган бардык нерсени аягына чыгарууга умтулушубуз керек.

Менде *Ninja* деген мотоцикл бар. Бул дүйнөдөгү технологиялык жактан эң бир өнүккөн же эң коопсуз нерсе эмес, ошондуктан, Джон аялы ишенимсиз бир нерсени минип жатат деп тынчсызданбашы үчүн, биз мотоциклдин коопсуздугу боюнча курстан өттүк. (Ал жерде мен жалгыз аял болчумун.) Бул курстан биз кырсыктардын көбү кесилиштерде болорун түшүндүк — мотоцикл айдагандар эреже бузгандыктан эмес, айдоочулар аларды көрө албагандыктан болот экен көбүнчө. Биз кырсыкты болтурбоо үчүн активдүү кадамдарды жасоону эскерткен терминди үйрөндүк: ИБАдан (кеңири айтканда ал «Издөө, Баалоо, Аткаруу» дегенди билдирет) өттүк.

Мен *Ninja* менен кесилишке келгенде, ал унаалардын айдоочулары мага караганына караганда, унааларга көбүрөөк көңүл бурам. Автоунаа айдоочулары байкабаса да, бардык мүмкүн болуучу коркунучтарды байкап калуу менин кызыкчылыгым болгондуктан, мен аларды издей баштайм. Ким телефон менен сүйлөшүп, ким бурулуп, ким мени байкап, ким байкабаганын баамдап, кошуна машиналарды карайм. Жолдун абалын да изилдейм. Мен шагыл, кум менен дос эмесмин. Ар бир кесилиште мүмкүн болуучу коркунучтарды жана аны кесип өтүүнүн эң жакшы жолун изилдейм.

Жерди сканерлөө аяктагандан кийин, мен эң жакшы ыкманы тандап, кырдаалга баа берем. Кээде Джон экөөбүз чогуу минсек, ал алдыда барат, анткени анын мотоцикли меникинен бир топ катуураак жана айдоочулар анын келе жатканын угат. Бирок, артыбызда машиналар калып калса, артымды ал жаап кала алсын деп, мен биринчи барам.

План түзүлгөндөн кийин, биз аны аткарабыз. Биз машиналарга жалган сигналдарды жибербейбиз: айталы, солго бурулбайбыз, ошондон кийин түз кетебиз. Биз ниеттерибизди мүмкүн болушунча ачык айтууга аракет кылабыз.

*Ninja*мды минип жүрүп, мен дагы бир маанилүү сабак алдым: мотоцикл айдап баратканда, ылдый караба, антпесе жыгылып калуу коркунучу бар. Мотоциклде да жашоодогудай

эле, бурулгандан кийин өйдө жана алды жакка көз салуу керек. Мурунку же азыр турган жериңди эмес, алдыга, кыймылдын жүрүшү тарапка карасаң, туура буруласың. Бара турган жериңе, алдыга карагын.

Биз азыр турган жерибиз – бул кайда бараткан жагыбыз эмес. Алдыда дагы көп нерсе бар: көбүрөөк кубаныч, көбүрөөк коркунуч, көбүрөөк Кудай, дагы көп сыноолор, көбүрөөк адилеттик, көбүрөөк эркиндик, көбүрөөк күч, көбүрөөк жарык, көбүрөөк үмүт.

Биз чынында эле азыркы абал менен кандай болушу керек болгон жолдун кесилишинде турабыз. Бул демек, жашоосунда бизди байкабаган көптөгөн айдоочулар бар экендигин билдирет. Биздин коопсуздугубузга кам көрүү үчүн, бардык нерсеге көңүл буруу – алардын милдети эмес; келгиле, өзүбүздүн да, алардын коопсуздугу үчүн, өзүбүз айланабызды карайлы.

Акырында – *чындыкты сүйлө.* Пабыл Ышайанын алдыга карап, чындыкты айтканын айткан. Ышайанын көзү тирүү кезинде анын сөздөрү дайыма эле чындык катары кабыл алынган эмес. Кээ бир тарыхчылар аны элге чындыкты жеткиргени үчүн, жарымынан араалашкан деп айтышат. Бул популярдуу, жагымдуу же ыңгайлуу болгон жок, бирок, ал аны жар салып гана тим болбостон, келечекке багытталган бул чындык менен жашаган.

> Кудайды сенин ким экениң жана кандай жашап жатканың кызыктырат. Сенин табынууң сенин рухуңду чындыкты издөөгө түртүшү керек. Так ушундай адамдар – Ал издеген адамдар.
>
> Ал: чынчылдардын, сыйынууда Анын алдында *өзүлөрү менен өзүлөрү* калгандардын Атасы.
>
> – Жакан 4:23,
> *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Мына Ыйсанын биз жөнүндө сыйынуусу:

> Аларды ыйык – жарык – чындык кыл; Сенин сөзүң – бул жарык кылган чындык. Сен Мени бул дүйнөгө миссия менен жибергендей эле, мен да аларды бул дүйнөгө миссия менен жөнөтөм. Алар өздөрүнүн миссиясын аткарып, чындыкка арналышы үчүн, Мен Өзүмдү алар үчүн арнадым.
>
> – Жакан 17:17:19, *Message*дин котормосу.

Эгер биз чындык эмне экенин билбесек, анда бизде чындык болгон Ыйсаны түшүнүүгө жолду жарык кылган Кудайдын Сөзү бар.

Жогоруну караган, бирок, тегерегин карабаган адамдар бар, ошондуктан жашынып калышкан. Айлана–тегерегин карап, көргөн нерсесине таң калган адамдар бар, анткени, алар эч качан башын көтөрбөгөндүктөн, эч нерсе кылбайт. Алдыга карап, чындыкты айтпай, калп жашагандар бар. Чындыкты айткан, бирок, эч качан айланага карабаган адамдар бар, ошондуктан бул чындык башкаларды айыктырган эмес.

Ошондуктан, биз жоготкон күчүбүзгө кайрадан ээ болушубуз үчүн, кийинки бөлүмдө кайрадан планканы ого бетер жогору көтөрүүнү көздөп жатам, мен бул жерде айланамды карап көргөнүмдөгү (бир жагынан жапайы, экинчи жагынан укмуштуудай) кээ бир нерселерди сүрөттөп бергим келет. Төгүү аркылуу эмес, жөн гана – карап көрүү менен кармануу.

Сураныч, бул баракчаларда бөлүшкөндөрүм силерге табышмактуу жана кызыктай көрүнүш үчүн деп ойлобогула. Андай эмес! Бул мага аян катары, кереметтин ачылышы катары берилген. Эми мен, силер менен менин чектелүү сөздөрүмдү алда канча чоңураак кылып сүрөттөп бере ала тургандай ачылыш менен бөлүшүү адамдык аракетимди көрүп жатам.

Жарыктагы түшүнүү караңгы бейкапар дүйнөдө абдан маанилүү. Эмнени карасаң, ошондой болосуң деген, бул чындык. Биз ички аяныбыз менен жарыктын көрүнүшүнө

бизди курчап турган дүйнөнүн көрүнүшүнөн артыкчылыктуу болушуна жол беришибиз керек. Ансыз да ачык–айкын болгон нерселердин чегинен чыгууга жана бул айласыздыктын ортосунда Кудай эмне кылып жатканын кароого убакыт келди.

Биз караңгылыкты көрүп турсак да, жарыкты жар салышыбыз керек.

Качан көзүбүз жарык болгондо, биз Кудайыбыздын канчалык улуу экенин түшүнө алабыз. Кудайым, мага көрүүгө көз бере көр!

Кудайдын жарыгы көбөйгөн сайын, мен кудайлык пайгамбарчылык ойгонуу болоруна ишенем. Кудай бизге көрүүгө көз, угууга кулак жана Анын Сөзүн бийлик менен кабарлап айтууга кайрат берет. Бул ойгонуу учурунда адамдын жүрөгүндөгү тосмолор талкаланат.

Кудайды күт жана Ал сенин жүрөгүңө Анын кереметинин сезимин жана жаңырыктарын пайда кылуу менен сүйлөсүн. Кудайдын планынын бир бөлүгүн көрүүнүн пайгамбарчылык жөндөмү – Ал жасай турган кереметтерди көрүү жана келечекте эмне болорун түшүнүү. Жашоодо бул көрүнүш болбосо, бери эле дегенде караңгыда тентип жүрүүгө туура келет.

> Эгер адамдар Кудайдын эмне кылып жатканын көрбөсө, алар кадам сайын мүдүрүлүп, жыгыла беришет. Бирок, алар Кудайдын аларга ачып бергендерин карап чыгышса, бул алардын жашоосунда чоң бир жакшылыкка айланат.
>
> – Накыл сөздөр 29:18, *Message*дин котормосу.

Ыйса эч качан кызыктай болгон эмес, бирок Ал кайда барбасын, Кудайдын кереметтерин көрсөткөн. Эмнеге? Ал Атасынын кылганын гана кылган. Ал ошол эле учурда адамзаттын кыйналганын жана ага карата Анын Ыйык Атасынын жообун көргөн. Ал Кудайдын балдарынын көзүн булуттаган жана аларды Тирүү Кудайдан ажыраткан диндин караңгылыгын жана

калптарын жок кылуу үчүн, жарыкты жана чындыкты жар салган.

*«Пайгамбар»* деген сөздүн синоними *«көрөгөч»* деген сөз. Башкалар көрбөгөндү Ыйса көрдү. Ал муктаждарды, куугунтукка алынгандарды байкап, таза эместерге колун тийгизди. Ал жөн гана адамдардын тобун көргөн эмес; Ал адамдарды көрдү. Ал эркектер менен аялдардан көптү көрдү, Алардын кулк–мүнөзүн көрдү, жүрөктөрүн көрдү. Ыйса караңгылыктын ортосунда жарыкты көрүп, жарык катары көрүнгөн караңгылыкты ачып берген. Ал дүйнөнүн жарыгы болчу, эми сен бул жарыктын алып жүрүүчүсү болушуң керек.

> Бул дүйнөгө чыккыла – бул жийиркеничтүү жана
> ыплас коомдогу бир жутум таза аба болгула. Адил
> жашоо жана тирүү Кудайды көрсөтүү деген кандай
> экендиги менен элге үлгү болгула. Түн ичинде жарыкты
> күйгүзгөн Кабарды алып жүргүлө.
>
> Филипиликтер 2:15, *Message*дин котормосу.

Кымбаттуулар, караңгыда аңчылык кылганыбыз мына ушундай. Биздин жашообуздагы Кудайдын жарыгы караңгылыкта жаркырайт. Биз жоголгондорго жана муктаж болгондорго жашообуздун өзгөргөнүн көрүүгө мүмкүнчүлүк беребиз. Биз караңгылыктан жашынбайбыз, тескерисинче, аны жок кылабыз. Караңгылык биздин бар болгондугубуздан жок болот. Жарык көлөкөнүн четине жакындаган сайын, караңгылык артында эмнелерди калтырып жатканын билебиз. Караңгыга жашынып, бошонуу жарыгын күтүп жүргөндөр көп.

Аңчылыкты баштоого жана дагы эле туткунда жүргөндөрдүн жана үмүт кабарын күтүп жаткандардын баарын куткарууга убакыт келди.

## КАРАҢГЫЛЫКТАГЫ АҢЧЫЛЫК

Жакында эле Индиянын караңгы райондорунуну биринде менде «караңгыда аңчылык кылуу» мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Караңгыда көргөндөрүм мени таң калтырды. Мен Мумбайга *Life Outreach* тин коногу катары бардым. Алар аялдарды жана балдарды жергиликтүү сойкуканалардын кир жана ыплас тузактарынан алып чыгуучу айрым жергиликтүү уюмдар менен кызматташат.

Индиялыктар сонун адамдар, алар сылык да, меймандос да болушу мүмкүн, бирок, караңгы конуштардагы шарттар укмуштуудай. Мен “Караңгы конуштагы миллионер” тасмасында көргөн кирлер, такыр эле кир эмес экенин түшүндүм. Көчөлөрдү каптаган адамдардын тиричилигинен чыккан жана жаныбарлардын жаба булгаган таштандыларынын арасынан кичинекей мышыктай болгон келемиштер чуркап жүрүштү.

Мумбайдын жиндидей көчөлөрү аркылуу мени көздөгөн жериме аман–эсен жеткирген кондиционери бар унаадан түшүп, өзүмдү такыр башка дүйнөдөн таптым. Бул экзотикалык маанидеги бөтөндүк эмес, бирок, кандайдыр бир адамгерчиликсиз микромаданият болгондуктан ошентип сездим.

Жаан–чачындуу мезгил болгондуктан, нымдуулук ысыкка кошулуп булганган аба муунтуп жибергидей болуп турду. Ошол замат менин жыт сезүү сезимиме караңгы жерлердин жыттары таасир этти. Калдыктар менен заараны ачуу айкалышы, чириген тамак–аш, кир алачыктар жана тердеген адамдардын жыттары аралашкан. Аба өзү оор жана кандайдыр бир кара күчтөрдүн таасири астында болуп көрүндү.

Мен көргөн нерселеримден эки элементти байкадым: сулуу индейлер жана аларды туткунга алган жийиркеничтүү рух. Караңгы конуштарда анын көрүнүшүн же таасирин жашыруу мүмкүн эмес эле. Жокчулук, паракордук жана бузукулук бардык нерсеге оор колун койгондуктан, аялдар менен эркектер анын жүгүнөн тайгаланып, мүдүрүлүшүп жаткандай эле.

Өздөрүнө көңүл бурдурбоо аракетинде биздин команда Индиянын улуттук кийимдерин кийип чыгышты. Бирок, ал ишке ашат деген иллюзия тез эле жок болуп кетти, анткени, биздин жаныбыздан өткөндөрдүн баары бизди байкашты.

Биздин пастор жана миссионердик гиддер бизди дароо эле өзүлөрүнүн клиникасына алып барышты. Бул клиника жергиликтүү элдин ишенимине кирип, эл сүйгөн, элди тейлеген жай катары кадыр–баркка ээ болгон эле. Мен жупуну кабыл алуу бөлмөсүнө кирдим, ал жерде бейтаптар унчукпай, дарыгердин текшерүүсүн күтүп жатышты. Сойкуканалардын мурдагы ээлеринен турган кызматчылар тобу биздин келишибизди күтүп жатышкан. Биз капталдагы бөлмөгө кирип кеттик, ал жерде менин милдетим сойкуканадагы аялдарга “бата берүү” гана экенин айтышты.

Күтүлбөгөн жерден мен рюкзакта турган насаатымдын тексти бул жерде мага кереги жок экенин түшүндүм. Мен өзүмдү бейтааныш аймакта жүргөндөй сездим жана Лиза автор жана насаатчы катары эмес, бул жерде бир аз башкача иштей турганын жакшы түшүндүм. Биз жашыруун иштегенибизден улам, мен Ыйык Китепти колдоно албадым. Котормочум англис тилин өтө чектелүү сүйлөдү, мен хинди тилин такыр билчү эмесмин. Бул адамдар менен жалпы тил табышуу Кудайдын Рухунун жардамы менен гана мүмкүн болгон.

Бул адамдардын жок дегенде кээ бир окуяларын чагылдыруу үчүн шымымдын ичине микрофон жабыштырып, анын жибин белиме өткөрүп, жаздыруучу аппараттын өзүн шымыма жабыштырып алгам. Жашыруун камера башка аялдын мойнундагы кара жоолуктун бүктөмдөрүндө жашырылган. Биз кол кармашып, сыйынып, сасыган көчөлөргө чыктык.

Мен дароо эле бирөө мени карап тургандай сездим. Бирок, бул көрүнүш душмандыкка караганда, көбүрөөк жакшы ниеттен болуп көрүндү. Мен башымды көтөрүп, жолдун аркы өйүзүндөгү экинчи кабаттын терезесин карасам, андан азиат улутундагы сулуу кыздын жүзү көрүнүп турат. Ал он беш жаштан ашпагандай болуп көрүндү. Анын жаш жүзү азап менен үмүтсүздүктү чагылдырып турду. Ошондо гана анын темир тор артында, сойкуканага камалганын билдим.

Мындай көз карашка кандай жооп берүү керек?

Жылмайып коюу мүмкүн эмес эле. Мен башымды чайкай алган жокмун, анткени муну *ага карата* айыптоо же жек көрүү катары кабыл алышы мүмкүн эле. Ал башка жакка бурулганча көзүнө карадым. Төмөндү карасам, ылдыйкы тепкичте бир топ ачуулуу кишилердин тобу отурганын көрдүм. Алар, менин оюмча: «Сен өзүңдү ким деп ойлойсуң? Кеткин! Сен бул жерде эч ким мессиң!»дегендей эле.

Мындай болгондугунда шек жок. Бул жерде Кудайдын бейнеси жана окшоштугунда жаратылган бир дагы адамга орун жок болчу – бул жерден качуу гана керек болчу.

Аялдардын бири менин тынчсызданганымды сезип, белимден кучактап калды. «Кеттик! Мен сага жолду кесип өтүүгө жардам берем!» Ал мени эч кандай эрежелерди сактабай, жада калса белгилерди да байкабай, ылайлуу жолдор менен жылып бараткан адамдардын агымы, велосипеддер жана машиналар аркылуу алып барды.

Караңгы конуштагы бир күн мага жөө жүргүнчүлөр үчүн бирден–бир эреже – бул кесип өткөндөн кийин басууну улантуу экенин үйрөттү. Канча велосипед, мотоцикл жана машинелер түз эле сени көздөй бара жатса да, коркпостон жүрө беришиң керек. Бир күнү жолдун ортосунда олку–солку болуп калдым, эки жагымда мурунку эки сойкукана ээлери туруп, баштарын чайкап, «Токтобогула! Биз сени коргойбуз» деп алдыга түртүштү. Анан алар чындап эле коргошту.

Биз биринчи барган сойкукананын кире бериш бөлмөсү бир жарым метрден, эки жарым метрден ашпайт болчу. Ал жерде кардарлар кыздардын тейлешин күтүп турушкан эле. Аялдар да ошол жерге чогулуп, тамак жасап, баарлашып, балдарына кам көрүшчү. Караңгылатылган бөлмөдөн алар эшиктин сыртындагы көчөдөгү шылуундуктарга байкоо жүргүзүп турушчу. Бул тар жерге Кудайдын сүйүүсүн угуу үчүн көптөгөн аялдар чогулушту.

Киргенде, дагы бир эшикти байкабай коё албадым. Ал жеңил капталган жана ажатканага окшош катар–катар кабиналар тизилген кууш коридорго алып барчу. Кийин билсем, кыздар

ошол жерде уктап, кардарларын тейлешет экен. Коридорду карап чыгып, мен бир нече жабык эшиктерди байкадым, бул кыздын эс алып жатканын же иштеп жатканын билдирет эле.

Мен алдымдагы отурган аялдарды карадым. Алар бүт полду жана дубалдарды бойлото турган отургучтарды ээлешкен. Аялдар бири–бирине ыктап, паранжыларын жаап, коридорго кирип баратканыбызда бизди күмөндүү карашты.

Котормочу алар менен хинди тилинде учурашты. Алар кунт коюп угушуп, өздөрүнүн индиялык өзгөчө мүнөзү менен, сый–урмат менен баш ийкешти.

Көп өтпөй бейтааныш сөздөрдүн агымынын арасынан өз атымды угуп калдым. Бардык жүздөр мен тарапка бурулду. Мен айласыз пасторду карадым. Жооп иретинде ал эки колун көтөрүп, мурунку көрсөтмөсүн кайталады: «Аларга бата бергиле... Алар силерди... бул жерде, ушундай шартта, эки сааттан бери күтүп жатышат!».

Мен өзүмдү тааныштырып, кайдан экенимди айттым. Менин төрт уулум, бир неберем бар экенин айттым. Менин сөздөрүм өзүмө бош жана маанисиз угулду. Менин «координат системам» бул аялдар үчүн эмнени билдире алат? Анан да, алар билген жашоо менин америкалык «нормалдуу» түшүнүгүмө таптакыр каршы болчу. Бирок, алар сылык баш ийкөө менен жооп кайтарышты.

Мен аларга алар жалгыз эмес экенин айтуу үчүн, көп жолду басып өткөнүбүздү айттым. Бүткүл дүйнө жүзүндөгү аялдар аларды жүрөгүндө көтөрүп, кайгысы үчүн ыйлап турушту.

Бул эмне? Алар жалгыз эмес беле? Алардын айласы кеткени тууралуу кабар караңгы райондордон ашып кеттиби? Башкалар үмүтсүздүктөн ыйладыбы? Мен көптөгөн аялдар Индиянын кыздарын Кудайдын тактысынын алдына алып келип сыйынышаарын айтып бердим. Алардын жүздөрү унчукпаган ый менен нурдана баштады.

Кээде өз ара байланыштын, биримдиктин күчүн чындап түшүнөбүзбү деп ойлоп кетем. Биз кыйынчылыкта жалгыз

эмеспиз. Биз үмүтүбүздө жалгыз эмеспиз. Ыйса ар дайым биз менен болорун убада кылган.

Мен аларга менин өткөн күндөрүмдө азыр өкүнгөн нерселер болгонун мойнума алдым. Мен өзүм жаш кезимде алардан күч менен тартылып алынган абийирдүүлүктү, кадыр–баркты кантип тоготподум, баалабадым. Мен бузукулуктун жолун тандадым, бирок, кийинчерээк Кудайга эшик ачылды жана Анын сүйүүсү мени жууп, кыйроодон сактап калды. Алар кунт коюп уга башташты.

Мен Ыйык Рухту угууга аракет кылдым, Ал менин оюмда ар бир аялды өзүнчө бөлүп турган. Алар бети жок масса болгон эмес; алар инсандар, кыздар эле. Мен алардын ар биринин бетине кезеги менен кол тийгизип, Кудай да Өзүнүн колун сунуп, менин адамдык сөздөрүмдү Рухунун жардамы менен колдойт деп ишендим. Мен аларга тийип жатып, акырын: «Кудайдын сенин жашооң үчүн планы бар» деп айттым.

Кулчулуктун караңгылыгынан аларды таап алган Кудай жөнүндөгү бул сөздөр алардын көзүнө жаш алдырды. Алар эзүүдө жана кулчулукта жашоо деген эмне экенин угушкан эмес, өз көзү менен көрүп, билишкен. Мен баарлашкан ар бир кыз башка бирөө тарабынан уурдалган же алдоо жолу менен сексуалдык кулчулукка сатылган эле. Алар мен азыр аларга сунуш кылып жаткан сыяктуу эле нерсе менен – үмүт менен туткунга алынышкан.

Алардын ар бири дагы көбүрөөк нерсеге – жакшыраак жумушка, билимге же жөн гана сүйүктүү болууга үмүттөнүүгө батынышкан. Кээ бирлери туулуп–өскөн айылдарынын коркунучтуу жакырчылыгынан кутулууга үмүттөнүшкөн. Бул аялдар бир кезде өзүлөрү ишенген эркектер менен аялдар тарабынан сатылышкан. Алар өзүлөрүн сатып жиберген таякелер, күйөөлөр, бир туугандар, жеңелер, эжелер, жада калса, аларды саткан достору жөнүндө айтышты. Алардын жакшы жашоо жөнүндөгү кыялын аларга чыккынчылык кылуу үчүн колдонушкан. Мен алардан кайрадан үмүттөнүүнү

сураныл, калп айта албаган Кудайдын Уулу Ыйсага ишенүүнү сурандым.

Мен аларга башка нерселерди айттым – так эмне экени эсимде жок – кээ бир фразалар жана сөздөр, эгер бул беттерде кайталанса, биздин батыштык окурманыбызга кызыктай жана жөнөкөй эле жубатарлык сөз болуп сезилиши мүмкүн. Бирок, ошол учурда мен бул сөздөр Асмандан шыктанлырылганын сездим.

Эч кандай формалдуулуктун көлөкөсү да жок, бул тар мейкиндик Асман атмосферасына толгон эле. Алардын ар бирине үмүт берген Тирүү Кудайга ачылышкан учурда, башкача бир байланыш түзүлдү.

Аялдардын маанайынын мындай өзгөргөнүн жана аларга сөз менен андан ары эч нерсе жеткире албасымды сезип, мен пасторго кайрылдым. Ал бул аялдар менен жана бул аялдар үчүн сыйынды.

Ал Асманга жалбарып кайрылганда, биздин топтун аялдары бул асыл кыздардын жанына барып, ар бирин кучактап, тегеректеп сыйынышты. Ошол учурда дубалдар жарылып жаткандай сезилди.

Мен кабинадан коридорго чыгып, шымын топчуланып жаткан кардардын, ийнинин үстүнөн өзү чыккан жакка жийиркеничтүү карап турганын байкадым. Биз адаттан тышкары коноктор болдук.

## КӨҢҮЛ БУРУЛГАН ЖАНА КОРКУНУЧСУЗ

Ыйык Жазуунун төмөнкү үзүндүсүн карап көрөлү:

> Бактысыз болгондор бир күнү өз бактысын Сенден табаарына ишенем. Сен аларды жок кылбайсың – жетимдер түбөлүк жетим бойдон калбайт. Жамандын оң колун, шумшуктун сол колун сындыр. Кылмыштын кандай белгилерин тапсаң, аларды жок кыл. Кудайдын ырайымы жана Анын жолу жеңет; мыйзамсыздык

> жеңилет. Качан Сен алардын жалбарууларына кулак салганыңда, жабырлануучунун алсыз тамыры тездеп согуп; үмүтүн үзгөндөрдүн тамырларына кайра кан жүгүрө баштайт. Жетимдер ата–эне, кароосуз калгандар үй табышат. Баскынчынын падышачылыгы кетти, зулумдардын бийлиги бүттү.
>
> – Забур 9:35–39, *Message*дин котормосу.

Угуп жатасыңарбы? Караңгылыкта аңчылык кылуу үчүн зарыл болгон ар бир ингредиент бул жерде айтылган: ишеним, адилеттик, салтанат, айыктыруу, үмүт, кабыл алуу, калыбына келтирүү, адилдик, жаңы башталышы жана аягы! Эми бул сөздөр менен сыйынууга убакыт келди жана биз Кудайдын Сөзүн алып жүрсөк, Теңир анын аткарылышын камсыз кылат.

Бул эң акыркы сыйынуу, сүрмө стилиндеги сыйынуу. Жеке мен коопсуз, унчукпай, акырын сыйынуулардан чарчадым. Бирок, «Алардын колдорун сындырып, иштен чыгар, Кудайым» деген коркунучтуу сыйынуу. Бул күчтүү арачылык. Анан кантип унчукпай же пассивдүү түрдө мындай сыйынуу менен сыйынаарды элестете албайм. 9–забур чындыгында, мен жакында Түштүк–Чыгыш Азияга саякатка барганда кылыч кылып алып алган Кудайдын убадасы. Адилетсиздикти көргөн сайын, мен ушул кылычты сууруп алчумун.

Сыйынууга көңүлүңдү бур жана чын ыкластан сыйын. Ансыз деле айкын болгон нерсени кароону токтот жана калыбына келтирүү менен адилеттүүлүктүн көрүнүшүн көргүлө. Бул Кудай жерге алып келүүнү каалаган нерсе. Сыйынуу учурунда сен көзүңдү жумуп, көрүшүң керек болгон адамдар бар. Мен чындап сыйынып, Асманга жете турган жана оозуңдан чыкканда сени да коркута турган тынымсыз сыйынууларды айтып жатам.

Пассивдүү жыйын жашай албайт. Тынчтыктын Ханзадасы келип, бул жамандыктын үстөмдүгүн токтотмоюнча, Жыйын үчүн эң жакшы үмүт – биздин караңгылыкта аңчылык кылганыбыз. Бул үчүн биз жекече да, чогуу да азыр катылып

жаткан нерсени издеп, изилдеп, калыбына келтиришибиз керек.

Мага ишен, караңгылыкта камалган, айласы кеткен адамдарды табуу үчүн, Индияга баруунун кереги жок. Шайтандын туткунуна түшкөн эркектер, аялдар, балдар бардык жерде бар. Алар биздин ыңгайлуулуктун зонасынан чыгып, чара көрүшүбүздү күтүп жатышат. Эркиндиктин эшигин ачып, аларды жарыктын Падышачылыгына алып баруу үчүн, ар кандай жеке караңгылыктан баш тарталы.

Биз Кудайдын жарыгына толгондо, чындыгында эле жоголгондорду караңгылыктан алып чыга алабыз. Азыр доктрина жөнүндө талашып же ким мыкты кызмат же жыйын статусуна ээ экенин талаша турган учур эмес. Биз өзүбүздү бири–бирибиз менен салыштырып, даражалар менен алектенбей, кызмат кылышыбыз керек.

Ойгон! Жетим балдар асырап алууну жана кароону күтүп жатышат. Миңдеген жалгыз, обочолонгон адамдар сыйынышып, бардык терс далилдерге карабастан, алар өзүлөрүн жалгыз эмес деп үмүттөнүшөт.

Бул баракчаларда Индиядагы азаптар жана адам сатуу окуялары менен бөлүшүү аркылуу мен эл аралык масштабда «караңгыдагы аңчылык» идеясын сүрөттөп бердим, бирок, бул сенин горизонтуңду кеңейтсин. Муну билип туруп да, өзүңдүн же жакыныңдын азап–кайгысы аз деп ойлобо. Кудай кыйналгандардын баарына жакын. Кулчулуктун, жалгыздыктын, чыккынчылыктын, зордук–зомбулуктун, кордуктун, үмүтсүздүктүн азабы ар бир өлкөнүн элинин башында бар. Бардык жерде адамдардын муктаждыктары бирдей, бирок аларды канааттандырууга ар кимдин эле мүмкүнчүлүгү боло бербейт.

Келгиле, ишенимдүү кызматчылар катары, туура ниет менен жыргалчылыгыбызды арттыралы. Башкаларга бата бергениң үчүн бактылуусуң. Көптөгөн адамдар сен алып келе турган батага муктаж. Колуңарда бар нерсени бөлүшүү үчүн алыска баруунун кереги жок. Үмүтсүздүктү иштеген жериңерден же дүкөндөрдөн да табууга болот. Үй–бүлөлүк зомбулук досуңдун

үй–бүлөсүндө болушу да мүмкүн. Сен жыйынга чогуу барган адамдар жалгыздыкка чөгүп кетиши мүмкүн. Атүгүл, силердин балдарыңар да, мисалы, мектептен чыккынчылыкка дуушар болушу мүмкүн, эми бул сезим аларга үстөмдүк кылып жаткандыр.

Көбүнчө, биз башкаларга үмүт тартуулоо үчүн, биринчи кадамды жасаганда эле өзүбүз айыгып калабыз. Бүткүл дүйнө жүзүндөгү адамдар Ыйса Машаяктын адамдын жан дүйнөсүнө берген сүйүүсүнө жана ар–намысына муктаж. Бул адамдардын жашаган жери кандай болбосун – аянычтуу алачык, пилдин сөөгүнөн жасалган мунара же карточкалык үйбү – иш–аракеттердин алдыңкы жагы аныкталган жана чек аралары так. Жашоо бар, өлүм бар, кыйроо бар. Үмүт бар, үмүтсүздүк бар. Жарык бар, караңгылык бар. Бул чөйрөлөр мурда эч качан мынчалык так аныкталган эмес жана коюмдар мынчалык жогору болгон эмес.

Арстандар жарыкта жашап, караңгылыкта аңчылык кылышат. Ошондуктан, менин кымбаттуу эр жүрөк кыздарым, биз өзүбүздү кандай алып жүрүүбүз керектиги боюнча мындан жакшы үлгү таба албайм. Бул китепти колуңа кармап турганыңа ишенем, анткени сен убаданын кызысың. Сен эшикти кенен ачтың. Эми анын даңктуу жарыгында жашоону жана эс алууну үйрөн. Келгиле, чогуу тынч жана оңой жашоону үйрөнөлү; түйшүк же толкундануу сени башкалардан ажыратпасын же өз жүгүнүн астына көмүп салбасын.

Келгиле, көзүбүздү чоң ачып, караңгыда көргөндү үйрөнөлү – арыраакты карап, жүрөктөрдү жана дагы деле жашырылган нерселерди көрөлү. Келгиле, караңгыда бирге аңчылык кылалы жана башкаларды да Кудайдын жарыгына алып келели. Ургаачы арстандар сыяктуу тең салмактуулукту таап, токтоо жана ачык, өжөр жана каардуу бололу. Теңир менен эс алгыла, бири–бириңер менен эс алгыла жана биргеликте караңгылыкка карата ырайымсыз болгула.

# 10

# АРСТАН МЕНЕН СЕЙИЛДӨӨ

... ыйлаба, мына, Жүйүт уруусунан, Дөөттүн тукумунан чыккан Арстан жеңип чыкты.

АЯН 5:5.

Өз кыйынчылыктарыңды өзүң жеке башыңан өткөрүп жатканыңда сезүү – бул өтө кеңири таралган нерсе. Анткен менен, чындыгында, көзгө көрүнбөгөн, бирок, күчтүү бир нерсе алдыңда, сени жетелеп басып баратат. Бул бөлүмдү окуп жатып, сен көп учурда өмүр жолуңду өзүң байкабай туруп эле, биздин Арстаныбыз – Ыйса Машаяк менен басып өткөнүңдү түшүнөсүң.

Кээде бирөөнүн артынан түшүү коркунучтуу болушу мүмкүн. Кыйынчылык Кудай бизге эмне кылууну буйруганын түшүнүүдө эмес, аны кантип кылууда. Көп адамдар Кудай менен бир жолдо басууну абдан каалашат, бирок, ал жакка кантип жетүүнү билишпейт.

Ыйса бизге башында жөнөкөй көрсөтмө сыяктуу көрүнгөн бир нерсени берди. Матай 16:24түн бул эки башка котормосун карап көргүлө:

> Ошондо Ыйса шакирттерине мындай деди: «Ким Мени ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана өз айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин.
>
> Андан да көбүрөөк түшүнүктүү болушу үчүн ...
>
> Ким Мени менен жүрүүнү каалаcа, аны жетектешиме уруксат бериши керек. Айдоочунун ордунда сен эмес, Мен олтурам. Азаптан качпа; аны жолдун бир бөлүгү катары кабыл ал. Мени ээрчи, Мен сага бул жолду кантип басуу керектигин көрсөтөм.
>
> – *Message*дин котормосу.

Көрсөтмө толук түшүнүктүү: өзүңдөн баш тарт, өз айкаш жыгачыңды алып жана Ыйсанын артынан ээрчи.

Кыйынчылык аны кантип жасоодо турат.

Өзүңдөн кантип баш тартууң керек?

Өз айкаш жыгачыңды алып деген эмнени билдирет?

Көрүнбөгөндү кантип ээрчиш керек?

Жооп жөнөкөй: Ыйса жетелейт... биз ээрчийбиз.

## ИШЕНИМ МЕНЕН ЖҮРҮҮ

Мен көбүнчө суроо–жооп сессияларында кыздар менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болом. Бир суроого жооп берип жатып, башкасын алганым таң калыштуу: «Кантип?».

Кудай сени менен сүйлөшүп жатканын кайдан билесиң?

Өз атаңды кантип кечирүүгө болот?

Силер анорексиядан кантип арылдыңар?

Бул жигиттин жалгыз экенин кантип билүүгө болот?

Коркуу, уялуу, күнөөлү сезимди кантип жеңдиңер?

Кыздар менден сураган кыйынчылыктарга туш болгондо, мен жөн гана Кудайдын Сөзү чындык экенине ишенип, анан ал мени жетектеген жакка барчумун. Ыйса — денеге айланган Сөз. Биз Кудайдын Сөзүн окуганда, Ыйсанын кандай жүргөнүн жана

бизди кайда алып бара жатканын көрөбүз. Кыйынчылыктын жолунда Аны ээрчиген көптөгөн адамдар адегенде өздөрүн буга жөндөмдүү деп эсептешкен эмес. Бирок, алар бардык кайраттуулугун чогултуп, Ыйсаны ишенимдүү түрдө ээрчишкен.

> Алар ишенимдери менен падышалыктарды жеңишкен, адилеттикти орнотушкан, убадаланганды алышкан...
>
> Эврейлер 11:33.

Адамдар ишеним менен иш–аракет кылгандыктан, бузулган падышачылыктар талкаланган, жамандык адилет жазасын алган жана Кудайдын убадалары аткарылган. Биз Кудайдын планына жана жашообуз үчүн берилген убадага ишеним аркылуу киребиз. Арстан жетелеген жерге баруу үчүн, ишеним керек.

Ишеним күмөндү жеңет. Биз Кудайдан минтип сурайбыз: «Сен барсыңбы? Мен Сени сезбей жатам». Ишеним аркылуу биз Арстаныбыздын: «Мен сени эч качан калтырбайм жана таштабайм» деген жообун угабыз (Эврейлер 13:5).

Биз сыйынганда, ишеним бизге күтө турган күч берет. Ишеним менен сыйынуу оорулууларды айыктырат жана Теңир сени калыбыңа келтирет. Эгерде күнөө кылган болсоң, анда кечирилесиң (Жакып 5:15ти карагыла).

Ишеним кадамы деген эмне?

Ишенимдеги атабыз Ыбрайым үчүн бул, акыры аны кайда алып бararын билбей туруп эле Кудайды чөл аркылуу ээрчүү дегенди билдирген. Ыбрайым менен Сааранын саякаттарын окуп жатып, Кудай аларга өз көзү менен көргөн жерди гана эмес, алар басып өткөн жерлерди да берүүнү убада кылганын байкадым.

> Ишеними аркылуу Ыбрайым мураска ала турган өлкөгө кетүү жөнүндөгү чакырыкка баш ийип, кайда барарын билбесе да, жолго чыккан.
>
> – Эврейлер 11:8.

Эгер Ыбрайым менен Саара баары ыңгайлуу жана тааныш болгон Ур шаарында калышса, ал жерде Кудайдын убадасын мурасташмак эмес.

Оо, ишеним менен жүрүү бизге кандай гана кыйын! Биз картага ээ болгубуз келет, бирок, анын ордуна Кудай сырдын жиптерин биз басышыбыз керек болгон түшүнүксүз жолго токуйт.

Бул ишеним сапары бизде кайраттуулукту өөрчүтөт. Ар бирибиздин алдыбызда тоскоолдуктарга, укмуштуу окуяларга толгон жол, ошондой эле, Арстаныбыз бизди Өзү басып өтпөгөн жол менен алып барбайт деген ишеним турат. Качан Кудай бизди мурда көрбөгөн же жасабаган нерсеге чакырса, бул коркунучтуу туюлат. Кээде Кудайдын жетекчилиги бизди буга чейин эч ким батынбаган жерге алып барат. Бизде болгону булар – Кудайдын чакырыгы жана чакыруусу: «Кызым, ал тургай сага коркунучтуу болсо дагы... сен Мени ээрчийсиңби?».

Жакында эле менин бир досум мага телефон чалып, ага эмне кылууну сунушташканын айтып берди, бул бир жагынан аны чоочутса, экинчи жагынан ага кызыктуу стратегиялык мүмкүнчүлүктөрдү ачмак. Абдан таасирдүү эркек лидерлер катыша турган жолугушууда, андан эркек спикерлердин тобу менен бирге сөз сүйлөөсүн суранышкан. Атүгүл, анын катышуусуна күйөөсү да күмөн санаганын билдирген: ал аялына мындай сунуш менен кайрылгандарына таң калган.

Ал мага телефон чалды, анткени, ал конференциянын китепчесин жаңы эле алып, анын сүрөтүндө өзүн жалгыз аял спикер экенин көрүп, бул кырдаалдан татыктуу чыга албай турган абалда калганына таң калып, коркуп кетти.

Мен эмне деп айтып жатканымды түшүнө электе эле: «Сен өмүр бою ушул учурга даярдандың. Сен муну чындап эле кыла аласың — жана муну жакшы кыласың. Сен муну кызыктуу, Кудайга жаккан, кайталангыс акылмандык менен жасайсың»– деп айтып салдым.

Мен анын жеңилдеп үшкүргөнүн угуп, башын ийкегенин

сездим. Мен анын бул сыноодон өзү өтө албаарын билчүмүн. Анын жанында Арстан турган болот. Ал Анын артынан ээрчийт жана ушул жолдо калат, балким, тизелери титирейттир, бирок, ал жалгыз эмес экенин билген түшүнүк менен.

Ыйсаны ээрчигендер Арстан менен бирге болгон болот. Ыйса — биздин Козубуз, ал өлтүрүлгөн, бирок, азыр Жүйүт уруусунан Арстан болуп кайра тирилген.

> ... Жүйүт уруусунан, Дөөттүн тукумунан чыккан Арстан жеңип чыкты....
>
> – Аян 5:5.

## АЛАКСЫБА!

Рухий жашооңо кандайдыр бир деңгээлде коркуу жана титирөө алып келүү үчүн, мен сага арстандардын арасында жүргөнүңдү элестетүүнү сунуштайм. Ким билет? Балким, Кудай сенден коркута турган нерсе кылууну суранат.

Билесиңби, Ыйсанын Галилея деңизин бойлоп бараткан же тоонун боорунда адамдарды окутуп жаткан сүрөтү, Анын азыр ким экендиги жөнүндө түшүнүк берүүгө жетишсиз. Кудайдын Уулу бул жерге өзүнүн Кудайлык касиеттеринен ажыраган, адам кейпинде келген. Бирок, Ал, балким, Өзүнүн уулдары менен кыздарында жаралгандан башка, жер бетинде адам кейпинде жүрбөйт. Ал күч менен көрктүн чагылдырылышы катары, асмандагы тактыда укмуштуудай салтанаттын катышуучусу катары отурат!

Көзүңдү көтөрүп, Андан улуулуктун жана күчтүн нурунда Жүйүттүн Арстанын көр. Ал сени эрежелердин жана милдеттенмелердин кысымы астында эмес, кереметтүүлүк жана суктануу менен жашашыңды каалайт. Анын үнүнө сенин түпкү тамырыңда кажыбас жана абдан жапайы бир нерсени ойготуусуна уруксат бер! Кудайдын жаш Жеремияга берген убадалары сага да – Анын тайманбас кызына таандык Ал ал

аркылуу да пайгамбарчылык кылууну каалайт.

> ... «Мен сени энеңдин ичинде Өзүм жаратканга чейин эле билчүмүн, сен төрөлгөнгө чейин эле Мен сени ыйыктагам: сени элдерге пайгамбар кылып койгом».
>
> Бирок мен: «Оо Кудай–Теңир! Мен сөз сүйлөгөндү билбейм, анткени өтө эле жашмын», – дедим.
>
> Бирок Теңир мага мындай деди: "Жашмын", – дебе, анткени Мен сени кимге жиберсем, ошолордун бардыгына барасың, Мен сага эмнени буйрусам, ошону айтасың.
>
> Алардан коркпо. Сени куткаруу үчүн, Мен сени мененмин, – деди Теңир».
>
> – Жеремия 1:5–8.

Кыла турган ишиңде натыйжалуу болушуң үчүн, Жеремияга окшоп, сен Кудай сени менен экенине чындап ишенишиң керек. Бул башкалар эмне десе, эмне кылса дагы коркпоого кайрат берет.

Жашооңдо ар кандай үндөр сен менен сүйлөшүп жана сен тарапка ар кандай таасирлер болушу мүмкүн. Кээ бирөөлөр иш–аракетиңде сени бекемдейт жана колдойт; башкалары адаштырууга жана тоскоол болууга аракет кылышат. Кээ бир үндөр сени белгисиз жерлерге барууга үндөйт, кээ бирлери сени токтотуп калууга аракет кылат. Сенин мурунку жашооңдогу үндөрүң бар: үй–бүлөңдүн үнү, көңүл калуунун үнү, коркуунун үнү – алар мезгил–мезгили менен: «Четке чык! Артка кайт. Ийгиликке жетпей калышың мүмкүн. Өзүңө зыян келтиришиң мүмкүн»–деп кыйкырып же шыбырашы мүмкүн. Бул үндөр сени өзүңө кам көрүүгө чакырат.

Жашоону соруп жаткан бул терс үндөрдүн арасында күчтүү жана өмүр берүүчү үндөрдүн чакырыгы да бар. Алар ар дайым бар, бирок, сен аларды укпоону чечсең, аларды өткөрүп жиберишиң мүмкүн. Алдыңда көптөгөн татаал жолдорду басып өткөн асман кошуунунун үнү Ыйык Жазуунун бардык

барактарынан сени чакырып, мындан ары да токтоп калбоого үндөп жатат: «Өзүңдүн коркунучуңду же айланаңардагылардын коркунучтарын укпа! Ансыз да каргышка калган, өз каргышында кыйналган душманыңдын калпына кулак салба. Алаксып кетпе! Сен бизге керексиң! Өзүңдүн жолуңда кал жана өзүңдүн аралыгыңды чурка!”.

Эсиңде болсун, арстандын алдында бардык майда жаныбарлар титирейт. Шайтан кимди жутуп жиберсем деп, айкырган арстан *сыяктуу* тегеренип жүрөт деп жазылганы менен (1 Петир 5:8 кара), ал өзү арстан эмес. Ал жөн гана аны туурайт. Шайтан биздин чыныгы Арстанга тең келе албайт. Караңгы башкаруучу жана анын когорталары өзүлөрүнүн үнүн Кудайдан шыктандырылгандай кылып көргөзөт, бирок, анын жардамчылары Кудайдын жарыгын жана жаратуучу талантын карызга алууга аргасыз болгон жөн гана көлөкөлөр.

## АРСТАН МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫҢА ИШЕН

Кичинекей кезимде мага Рождество (Белек майрамына) майрамына карата *«Нарниянын хроникалары»* китептеринин толук жыйнагы белекке берилген. Ар бир китеп катылган кенч сыяктуу эле. Жыйнактарды толугу менен окуп бүткөнүмдө мен ыйладым. Окуялар аяктаганы үчүн гана эмес, мен бул дүйнөдөн эмес болгон кереметтүү чөйрө менен болгон байланышымды жоготконум үчүн. Мен Аслан Ыйсанын прототиби экенин түшүнгөм, бирок, мен мага тартууланган жапайы, майтарылбас, бирок, ошол эле учурда ага жакындап, колун тийгизсе боло турган, *«Хроникаларды»* окуп жатканда аны жөн эле сүйүп калган арстан менен Ыйсанын образын айкалыштыра албадым.

Ал балдардын арасында сейилдеп жүрдү. «Ыйыктардын» баштарынын айланасындагы “ореолдордон” улам абдан алыста көрүнгөн үнсүз иконаларга, муздак «ыйык сууга» кайра баргым келген жок. Мен тирүү, дем алып жаткан арстан менен баарлашууга кайтууну кааладым. Мен ушунчалык терең

акылмандыкка толгон, боорукер жана тирүү Анын бар экени талашсыз болгон Кудайды жолуктурууну эңсеп жүрдүм. Мени коркуткан күчтүү сүйүүнү эңсеп, күттүм. Мен дем ала албай кала тургандай таза адилеттикти кааладым.

Жаныбарлар менен дарактар  сүйлөшкөн, жакшылык менен чындык сыйланган, каталар жазасыз кечирилген дүйнөдөгү Люси болгум келди.

Кудай бизди Ага балдардын чын ыкластуу бейкүнөөлүгү менен, дүйнөгө чоң ачылган көздөрү менен карап, Анын сүйүүсүнүн жана куткаруусунун даңкын кабыл алууга чакырат. Бирок, диндин эрежелери жана убакыттын өтүшү көбүбүздү адаштырды. Ал эми, биз бала кезибиздеги Арстанды жоготуп алдык.

Эми, айтылгандардын баарын эске алып, Люсиге конокко барып “Нарния хроникалары”, “Принц Каспий” бөлүгүндөгү төртүнчү китептин беттерине көз чаптырып көрөлү. Биз балдарга кошулган эпизоддо алар чарчап, адашып, кайра туура эмес жолго бурула жаздашат, бирок, күтүлбөгөн жерден Люси өзүнүн Арстаны Асланды көрөт.

– Карагылачы! Карагылачы! Карагылачы! – деп Люси кыйкырды.

– Кайда? Эмне? – деп сурады баары.

– Арстан, – деди Люси. – Аслан. Эмне, көрбөй жатасыңарбы?

Анын жүзү өзгөрүлүп, көздөрү жаркырап турду. «Чын эле айтып жатасыңбы?» – деп баштады Петир.

– Сен аны кайдан көрдүң деп ойлойсуң?» — деп сурады Сюзан.

– Чоңдордой сүйлөбөчү, – деди Люси бутун таптап. – Мен аны *көргөнсүдүм* деген жокмун. Мен аны көрдүм.

– Кайда, Лу? — деп сурады Петир.

– Так ошол жерде, роуэн дарактарынын ортосунда. Жок, капчыгайдын бул тарабында. Төмөндө эмес, жогоруда. Баргыңар келген жерден карама–каршы багытта. Анан да ал биздин өйдө жакка барышыбызды каалап жатат.

— Ал так ушул нерсени каалаганын кайдан билесиң? – деп сурады Эдмунд.

— Ал... мен... мен... жөн гана билем, — деп жооп берди Люси. – Анын көз карашынан.

Калгандары унчукпай таң калуу менен бири–бирин карап калышты.

Качан арстан пайда болгондо, ал сенин жүзүңөн көрүнүп турат. Көрүнүш менен билим да келет.

Бул *билимди*, ал мага Жулианна анын болочок колуктусу болот деп ойлорун айтканда уулум Аддисондун жүзүнөн көргөнүм эсимде. Киевдеги аялдардын конференциясынан үйгө жаңы эле кайтып келгем, мен алысты болгон (алты күн) кыска убакыттын ичинде уулум өзүнүн сүйүүсү менен таанышыптыр. Ал мени ошол эле күнү түшкү тамакта аларга кошулууга чакырды. Биз террасада отурдук, мен анын мага “ошол жалгыз адам” мына ушул кыз экенин айтканын уктум.

Ал муну кайдан билет деп сурасам, ал менин көзүмө карап, «Мен жөн эле *билем*» деп түшүндүрдү. Ошондон баштап мен да билдим. Мен уулум бул кыздан дагы бир нерсени көргөнүн билчүмүн — бул кыз ал түшүндүрө албаган жолдо алдыга жүрүүгө ага күч берет эле. Анын апасы катары мен аны бул жолдо колдоп турушум керек болчу. Жулианна менен таанышканга чейин эле мен бир нерсени түшүнбөсөм да, ал менин балам үчүн жазылганына ишенчүмүн.

Бизде Арстан менен ушундай жолугушуулар болгондо, биз үчүн ачык–айкын болгон нерсени башкалар өткөрүп жиберип жатса деле, биз бул билимге ишенишибиз керек. Башка балдардын скептицизмине карабастан, Люси көргөн нерселерине жана анын чындык экенине ишенген.

Люси Аслан кайсы тарапка барыш керек деп ойлогондугун айткандан кийин, башка балдар ага макул болушкан жок. Алар анын Асланды көргөндүгүнөн шектенишкен жок; алар анын эмне үчүн ага көрүнгөнүнө таң калышты.

Алар Люси менен анын Арстанын ээрчиш керекпи, же түз

жолду тандайбызбы деп добуш берүүнү чечишти. Люси утулуп калып, балдар артка бурулуп, башка тарапка кетишти. Ал көзүнө жаш алып, туура эмес жолго түшкөн топтун артынан жөнөдү.

Мен анын сезимдерин баарыбыз түшүнө алабыз деп ойлойм.

Башкалар көрбөгөн арстанды, башкача айтканда, Кудайдын белгисин көргөнүңдө суроолор жаралат. Адамдар эмне үчүн алар көрө албаган нерсе сага көрүнгөндүгүн билгиси келет. Мындай суроого бир гана Кудай жооп бере аларын түшүндүм. Ал каалаганын кылууга акысы бар. Кудай ар кандай адамдарга Өзүн ар кандай жолдор менен ачып берет. Мындай динамика Машаяктын Денесин биздин бири–бирибизден көз каранды экенибизди түшүнүүгө алып келиши керек жана суроолорду жаратпашы керек. Эгерде биздин ар бирибиздин ишибиздин өз бөлүкчөсү болсо, лидерлер бири–бирин колдоп, бири–бирине чакырык ташташат. Түшүнбөй калып, анан туура эмес жолго түшүү коркунучтуу. Айланаңдагы адамдар Кудайдын сага берген аянын баалабаса, бул абдан коркунучтуу! Бирок, мындай кырдаалда да Кудай ар кандай жагдайды жогорку максат үчүн колдонуп, иштеп жатканын унутпаш керек. Четке кагуу жана ачуулануу (сени түшүнүшпөгөн кезде) жан дүйнөңө каралоону же ачууну себишине жол бербе. Аны менен баарын тартипке келтирип алып, андан ары бара бер.

Бирок, келгиле, “Принц Каспийге” кайрылалы. Узакка созулган жемишсиз кыдыруулардан кийин, бул дээрлик өлүмгө алып барчу кесепеттерге алып келген, балдар кайрадан сапарын баштаган жерге келип калышты. Чарчап, ачка болгон алар уктоого жатышат. Аслан Люси тынчсызданып жатканын билет жана кырдаал курчуп кетпеш үчүн, ага келет.

Алардын лагерин курчап турган күүгүмдөн Аслан Люсини чакырды, таң калыштуусу ал, мындай чарчаган күндөн кийин уктай элек болот. Аслpoints үнүн укканда толкунданган кыз кубанып, ага шашат. Өткөн күндөгү окуяларды сүрөттөп жатып, Люси бир туугандарын анын кеңешин укпаганы үчүн сындайт. Арстандын ичинен “күрүлдөөгө (ырылдоого) ишарат” угулат. Таң

калган Люси андан туура эмес бир нерсе кылган жокмунбу деп сурайт.

– Бирок, баары бир мен күнөөлүү эмесмин, туурабы?

Арстан анын көзүнө тике карады.

– О Аслан, – деди Люси... – Мен башкаларды таштап, сени жалгыз ээрчий албадым, кантип мен ошентет элем?..

Аслан эч нерсе деп жооп берген жок.

*Арстан анын көзүнө тике карады.* Биздин бурмаланган адамдык көз карашыбызга мынчалык айкындыкты алып келген Кудайдын катышуусунда эмне бар? Мен көп учурда Анын алдына келип, өзүмдү түшүнбөстүктүн жана жалаанын курмандыгымын деп эсептеп, тандоо толугу менен менин колумда экенин түшүндүм. Ошентсе дагы, Арстаныбыздын алдында мен уялбайм. Мен өзүмдү күчтөнүп, туура позициядамын жана алдыга умтулууга даярмын деп сезем.

Маал–маалы менен баарыбыз ушундай оор кырдаалга туш болобуз. Сенде, бир жагынан, Кудайдан болгон каалоо бар эле, ал эми экинчи жагынан, досторуң же үй–бүлөң башка жолго барууга кысым көрсөттү. Балким, сенин алдыңда ишенимде же адеп–ахлакта компромисске барып, жөн гана элдин артынан барып унчукпай коюу тандоосу тургандыр. Канчалык кысымга кабылсаң дагы, Арстанга келгенде актануудан эч кандай майнап чыкпасын эми байкасаң керек. Аларга жооп – унчукпай коюу. Мен мындай кеңешти көп уктум: эгер Кудай унчукпаса, акыркы сүйлөшүүдө эмне кыл деп айтканын эсте. Сен кабыл алдыңбы, аткардыңбы, айттыңбы, аны бердиңби? Болбосо, Ал дагы эле сенин жообуңду күтүп жатат.

## «СЕН УРГААЧЫ АРСТАНСЫҢ...»

Адамдар башка нерсеге добуш бергени же Аны менен макул болбогону үчүн Кудай Өзүнүн көрсөтмөлөрүн өзгөртпөйт. Ошондой эле, Ал биздин сүйүктүү “күнөөлүүлөрдү табуу” оюнуна катышпайт. Ал биз айыптоодон чындыкка өткөнүбүздү

күтөт. Момундуктун мындай маанайы туруп, аны менен жапайы саваннага барууга бизге күч берет.

C. S. Lewis Люси менен Асландын кийинки маегинде бул терең чындыкты ушунчалык так сүрөттөгөн. Кыз башкалары кошулбаганына карабай, Асланды ээрчиш керек болчу экенин түшүндү. Бул ачылыш менен жаңы жоопкерчилик келет. Аслан ага экинчи мүмкүнчүлүк берип, бир туугандарын ойготуп, аны кайра көргөнүн жана анын көрсөтмөлөрүн аткарууга убакыт келгенин билдиришин суранат.

– Бирок, алар мага ишенишпейт! – деди Люси.

– Айырмасы жок, – деп жооп берди Аслан.

– Кандайча? – деди Люси. – А мен сени кайра тапканыма абдан сүйүндүм... Сен келип, кайра душмандардын баарын дүркүрөтүп үркүтөт деп ойлогом – өткөндөгүдөй. Эми баары коркунучтуу болот!

– Ооба, сага оор болуп жатат, кичинекейим, – деди Аслан. – Бирок, эч нерсе эки жолу кайталанбайт.

Келгиле, бир мүнөткө токтойлу. Кудайдын чакырыгына болгон адамдын реакциясынын бул сүрөттөөлүүсү мага жагат. Ал бизди сапарга узатып жатат, бизге болсо, бул нерсе «коркунучтуу ийгиликсиздик» сыяктуу сезилет. Бир мүнөт мурун үмүт менен толгон Люси, азыр бир жерге жашынгысы келип турат. Келгиле, уланталы:

Люси анын көз карашынан жашынуу үчүн, анын жалынын ичине кирип кетти. Бирок, анын жалында кандайдыр бир сыйкырдуу нерсе болсо керек. Ал арстандын күчү ага куюлуп жатканын сезди. Күтүлбөгөн жерден ал ордунан тура калды.

– Кечир, Аслан, – деди ал. – Эми мен даярмын.

– Эми сен, ургаачы арстансың, – деп жооп берди Аслан. – Эми азыр, Нарниянын баары кайра жаралат.

Мен бул жарыяны окуганда таң калдым. «Эми сен ургаачы арстансың...» Биз ордубуздан турганыбызда, ыйлаганыбызды токтотуп, даяр болгонубузда, Кудай ар бир кызынын

жашоосунда ушул эле нерсени жар салгысы келет деп ишенем. Ошондо Кудай: «Эми сен кайраттуусуң. Эми сенде Менин көз карашым бар. Эми сен өзүңдүн күчтүүлүгүңдү түшүнүп атасың. Эми сен салгылашууга даярсың», – деп айта алат. Силер чечүүчү салгылашууга катышып жаткан армиянын бир бөлүгү экениңер эсиңерде болсун.

## АЛЫП ЖҮРҮҮЧҮСҮ БОЛУУДАН КОРКПО!

Биздин күрөш жөнүндө эмне айтууга болот? Караңгылык күчөп, жарыгыбыз араң күйүп тургандай.

Бардыгына биздин арабызда Арстан бар экенин жарыялоого убакыт жетти. Балким, кээ бир майда–чүйдө нерселерди талашып–тартышып атып, биз Аны байкабай калгандырбыз. Караңгылыктын күчтөрү биз кам көрүшүбүз керек болгон жерди талкалап жатканда, биздин катарлар бөлүнүп, көңүлүбүз башкага бурулду. Айланабызда салгылашуулар жүрүп жатат, биз болсо өзүбүздүн лагерибизде ич ара салгылашуу менен алекпиз.

> Түбөлүктүү Падыша, өлбөс, көрүнбөс, жалгыз акылман
> Кудай түбөлүккө урматталып, даңктала берсин!
> Оомийин.
>
> Уулум Тиметей, мен сага өзүң жөнүндө айтылган
> пайгамбарчылыктарга ылайык жакшы аскер сыяктуу
> согушуп, ишенимиңди жана абийириңди таза
> сактагын деп кеңеш берем. Кээ бирөөлөр абийирин
> таза сакташкан жок, ошондуктан алардын ишеними
> кыйроого учурады...
>
> – 1 Тиметей 1:17–19.

Биздин келечегибизге ансыз да убада бекемделген. Биз жарыктын жана үмүттүн куралы менен күрөшөбүз. Ыйса кайрадан өлүмгө каршы чыкпайт. Анткени, Ал аны жеңип койгон. Башкаларды бизден үлгү алууга үндөп, ошол жеңиште жүрүүбүзгө убакыт жетти.

Азыр да өлкөбүз моралдык, экономикалык жана руханий кыйроонун алдында турат. Биз дүйнө жүзү боюнча да, өзүбүздүн чек араларыбызда да душмандар менен террористтердин курчоосундабыз. Коркуу жана чыккынчылык бардык фронттордо чыр–чатакка алып келип жатат жана арабызда өзүбүздү өзүбүз коргой албайбыз деп ойлогондор бар.

Менин оюмча, азыркы абалыбыз бир нече жүз жыл мурунку Англиянын абалына окшош. Жаш аял ургаачы арстанын ойготкондо, кыйраган, талкаланган өлкөдөн империя пайда болуп, Британия эли кайра жаралган.

Каржылык жана адеп–ахлактыктын короп калган абалына туш болгон өлкөнүн тактысына жыйырма беш жашында Ханыша–Элизабет Ічи отурду. Англияга католицизм менен бириккен күчтүү өлкөлөр ар тараптан коркунуч туудуруп турган. Англия өзүнүн ички чек араларында жүрүп жаткан каардуу диний согуштар менен бөлүнгөн. Король Генрих VIIIдин жана ханыша Мариянын бороонду башкаруусунун натыйжасында, өлкө өтө алсыз абалда болгон.

Бирок, Элизабеттин өзүнүн такка отуруу аземинин салтанатында сүйлөгөн сөзүн уккула: “Менин желкеме түшкөн жүк мени таң калтырат”. Бир кылым кийин, анын сөздөрү мага актуалдуу жана чакырык таштагандай болуп сезилет. Ушунчалык оор жүктү *таң калуу* менен кабыл алуу үчүн, аял кандай болушу керек?

Бул ханыша өзү үчүн шылтоолорду издебегенине кубанычтамын, арык, жаш, өтө эле морт жана эркек да эмес. Анын тактыга болгон укугу ар дайым шек туудурчу. Бирок, аны Генрих VIIIдин мыйзамсыз кызы деп аташканда дагы, ал артка чегинбеди. Тескерисинче, ал таң калуусунан баш тарткан жок. Терең урматтоого, коркунучка толгон жана Кудайдан болгон көз карандылыкты моюнга алуудагы атмосферада анын таң калуусу, анын жашоосунун негизи болуп калды.

Элизабет кичине кезинен сөздөрдү кылдаттык менен тандап сүйлөгөндү үйрөнгөн. Эгер ал муну жасабаса, анда ал

жыйырма беш жашка чейин жашай албайт эле! Төрөлгөндөн өлгөнгө чейин, ага жамандык каалаган адамдар курчап турушкан. Сарайда жана анын тышында да, аны сөз менен кармоого кубанычта болгон бийлик сүйүүчүлөр жетишээрлик болгон. Анын өгөй бир тууганы, мурдагы ханыша Мария, бийликте болгон убагында көптөгөн адамдарды өлүм жазасы менен жазалагандыгы үчүн, кандуу Мария деп аталган. Мария Элизабетти өлтүрүү мүмкүнчүлүгүн издеген, ал тургай, аны Лондондогу мунарага камаган, ал мунарада Элизабеттин энеси Анна Болейн да башы алынганга чейин олтурган эле. Элизабетке каршы чабуулдар жана каршылыктар Мариянын өлүмү менен гана аяктаган.

Элизабет ханыша болгондон кийин көп өтпөй эле, анын Шотландиянын ханышасы болгон бөлөсү, католик чиркөөсүнүн колдоосу менен Британияга кайтып келип, англиялык тактыны уурдоого бир нече жолу аракет кылган. Акыры, Элизабет ханышанын өмүрүнө кол салууда анын да катышуусу бар болгондуктан, аны өлүм жазасына тартууну буйруган. Элизабетке чыккынчылык кылынган, четке кагылган, ага ишеним көрсөтүшкөн эмес, бирок, ал кыйынчылыктар ага Англия мурда көрбөгөн башкаруучуну жаратууга жол берген.

Күйөөгө чыгып, балалуу болуп, мураскор калтыргандын ордуна, Элизабет I ханыша, өз өлкөсүнүн колуктусу да, энеси да болууга убада берген. Бул арналуунун укмуштуудай деңгээли анын стратегиялык чечимдерге көңүл буруусуна эркиндик берген, ал болсо, анын Падышалыгынын күчүн бекемдеген. Мындан тышкары, ал өзүнүн үстүнөн окууну, иштөөнү токтоткон эмес, ал акылдуу кеңешчилер менен өзүн курчап, эл арасындагы маанайды жана абалды жакындан, ынтаалуулук менен көзөмөлдөп турган.

Элизабет ханышанын тушунда:

- Протестанттык диний топтор Англикандык жыйынга биригишкен;
- Англиянын экономикасы бир катмардуу болгондуктан, көз

каранды өлкөдөн, башка өлкөлөрдөн диверсификацияланган жана көз карандысыз өлкөгө айланды:

- Илим жана искусство гүлдөдү;
- Англия күчтүү деңиз державасы болуп калды;
- Америкага жайгашуу жана изилдөө бир топ активдүү болуп калды.

Элизабет ханышанын тушундагы башкаруу убактысы анын өлкөсү үчүн кичинекей падышачылыктан күчтүү империяга айланган «алтын доор» болуп калды.

Аны ургаачы арстан деп аташканы таң калыштуу эмес. Бирок, анын жетишкендиктерине карабастан, башчынын ролу ага эч качан жеңил болгон эмес. Ал минтип айткан:

> Падыша болуу жана таажы кийип жүрүү – бул чынында эле аны кийип жүргөндөргө караганда, аны көрүп жүргөндөр үчүн жагымдуураак нерсе.

Тарыхты окуу китептерине ылайык, ал таажы кийип жүргөндөн да көптү жасады: ал инновацияларга, соодага жана изилдөө иштерине жандануу берген. Ал бөлүнбөөгө арналган күчтү түшүнүп, Франция сыяктуу башка өлкөлөр революция менен бөлүнүп–жарылуу, кыйроонун алдында турганда, Англияны тынчтык жолу менен, камкордук жана чыдамкайлык менен өнүктүрүүгө аракеттер кылган.

Элизабет коркпогон жоокер болгон. Мына, анын согуш талаасына өз армиясы менен кетерден мурун, сүйлөгөн сөздөрүнүн бир үзүндүсү:

Зулумдар корксун, Кудай көрүп турат, мен өзүмдү букараларым берилген жүрөктөрү жана сонун эрктери менен менин таянычым жана коопсуздугумдун кепилдиги боло тургандай алып жүрдүм. Ошондуктан, азыр силер көрүп тургандай, эс алуу үчүн эмес, көңүл ачуу үчүн эмес, бул салгылашта силер менен чогуу же өлүп же тирүү калуу үчүн, толук чечим чыгаруу менен, араңардамын. Мен Кудайым

үчүн, падышачылыгым үчүн жана элим үчүн каным менен намысымды, топуракка кайтарууга даярмын...

Менин денем алсыз жана бир аялдын денеси экендигин билем, бирок, менде ханышанын жүрөгү бар, жөн гана ханыша эмес, Англиянын ханышасы. Ошондой эле, Парма же Испания, же Европанын башка бир монархтары менин Падышачылыгымдын чек арасына келүүгө батынса, менин өзүмө жаман мамиле кыла электе эле, ага жооп кылып, колума курал алам... Биз көп өтпөй эле Кудайдын душмандарынын, менин элимдин, менин Падышачылыгымдын душмандарынын үстүнөн даңктуу жеңишке ээ болобуз!

Анан алар бул жеңишке жетишти.

Бир аял коркууну эмес, таң калууну чечкенде, эмне болорун көрдүңбү? Элизабет тайманбастык менен Кудайды ээрчип, өзүнүн тагдырынын чакырыгына сергек болду. Ал Кудайдын жетекчилигин издеп, үч тилде сыйынуу күндөлүгүн жүргүзгөн. Натыйжаны тайманбастан туруп эле укмуштуу деп атаса болот. Балким, Кудай сени кандайдыр бир чектен чыккан же үрөй учурарлык нерсеге чакырып жаткандай сезип жаткандырсың. Андай болсо, Люси менен ханыша Элизабеттин мисалдары аркылуу сени алдыга барууга шыктандырам.

Башкалар сага кандай роль караштырып койгону маанилүү эмес. Эгер Кудай айткан болсо, Ага ишен. Ал сени жиберген жерге бар; Анын айткандарын ук. Арстанды ээрчип, Ал сени жетектеген жакка бар, ал эми, башкалар сени түшүнбөсө дагы, «аянга» ишен.

Таң калууга даярсыңарбы?

11

# ШЫБЫРАГАНДАН КҮРҮЛДӨГӨНГӨ

Арстан мен эмес элем – мен арстандын күрүлдөгөнүн чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө гана ээ болгом.

WINSTON CHURCHILL

Арстандар күрүлдөшөт.

Албетте, сиз бул тууралуу билесиз. Бирок, ургаачы арстан да күрүлдөөрүн билесизби?

Арстандар же ургаачы арстандар угуучуга таасир эте тургандай күрүлдөшү үчүн, биринчи кезекте денесинин абалын өзгөртүүсү керек. Мындай алгачкы күчтүү жарыялоочу үндү чыгаруу үчүн, ийилүү талап кылынат. Алардын күчтүү баштары ийилип, көкүрөгүн чоңойтуп, өпкөлөрүн абага толтурушат. Кызык, алар бул жарыялоочу үнүн чыгарганда, ал үндөн өзүм чачырап кетем деп ойлобойбу, бул үндүн толкунуна кабылган адамдардын жана жаныбарлардын жүрөктөрү титиреп кетет, анткени, түнкү тынчтыкта ал үн сегиз километрге чейинки аралыкта угулат дешет. Арстандын күрүлдөгөнү сени курчап, өзүнүн угулушу менен сени катып калууга алып келет.

Анын сыңарындай, биз Кудайдын ургаачы арстандары катары, ушул даражадагы күчтүн үнүн чыгаргыбыз келсе,

позициябызды өзгөртүүгө туура келет. Күрүлдөө үчүн бийик көтөрүлүп турган башыбызды ийип, таазим кылышыбыз керек. Бул сыйынуу менен момундуктун позициясы бизди Ыйык Рухтун жаңы төгүлүшү менен толтурулуу үчүн, туура абалга келтирет. Биз кабыл алган Ыйык Рухтун «үлүшү» биздин ичибизде Анын жашоосунун толуктугун кармоо жөндөмүбүздөн ашып кеткенде, мындай күрүлдөө мүмкүн деп ишенем. Анын чындыгын, сүйүүсүн жана жакшылыгын мындан ары ичибизде кармай албай калганыбызда, биз Кудайыбыздын кандай экендиги жөнүндө толкундатуучу жар салууну сыртка чыгарабыз.

Бирок, ургаачы арстандын күрүлдөгөнүнөн айырмаланып, биздин күрүлдөгөн үнүбүз жөн гана үн болбойт. Биздин жарыялообуз Кудайга аралашкан кызыктуу сөздөрдүн, иш–аракеттердин жана ишенимдин кадамдары болот. Ишенимдин, үмүттүн жана сүйүүнүн көзгө көрүнбөгөн факторлору жеке адамдардын жашоосунда сезилип, дүйнөнүн муктаждыктарына жана Кудайдын сүйүүсүнө болгон жалпы жообубузда чагылдырылганда, дүйнө биздин күрүлдөгөнүбүздү угат. Ал эми, биздин жашообуз Арстаныбыздын инсандыгын ишенимдүү чагылдырса, дүйнө Анын күрүлдөгөнүн угат. Ошондо кудаймын, кожоюнмун дегендердин баары жыгылып, ызы–чуу басаңдап, «Жалгыз гана Кудайга баш ийгиле!» деген жарыялоочу үн чыгат.

Биздин дүйнө ар кандай күрүлдөөлөргө толгон. Мен “күрүлдөө” деген сөздү изилдегенимде, көп нерсе күрүлдөшү мүмкүн экенин байкадым. Океандар күрүлдөй алышат. Жапайы, токтобогон шамал күрүлдөй алат. Шаркыратмалар күрүлдөп, баш айланткан бийиктиктен чоң толкундарды таштайт. Стадиондордо толкунданган күйөрмандар күрүлдөп турушат.

Асмандагы тактынын алдындагы төрт жандык «Ыйык, Ыйык, Ыйык» деп күрүлдөп – алардын катуу үнүнөн дарбазалардын кашектери титирейт (Ышайа 6:4тү кара). Жер бетинде биз бул сөздөрдү ыр түрүндө кайталайбыз, бирок, бул Ыйык Кудайды жарыялоонун баштапкы формасы күрүлдөө же күркүрөө. Асман менен жердин Теңири болгон биздин Жараткан Кудайыбыз да... күрүлдөйт.

> Кудай асман бийиктигинен арстандай күрүлдөйт; Анын ыйык турагынан күн күркүрөгөнү угулуп жатат.
>
> – Жеремия 25:30, *Message*дин котормосу.

Анан кайра:

> Адамдар акыры Кудайды ээрчишет. Арстандай күркүрөйм – о, ушундай күрүлдөйм! Балдарым коркушуп батыштан Мага чуркап келишет.
>
> – Ошуя 11:9–10, *Message*дин котормосу.

Кандайдыр бир үн ушунчалык күчөгөндүктөн, аны шыбыр, ызы–чуу, кыйкырык же катуу үн **–** деп атоого болбойт. Чынында эле, үндүн көлөмү аны өзүнүн күчү менен күрүлдөө кылып таң калтыра алабы?

## БААРЫ ШЫБЫРООДОН БАШТАЛАТ

Бул суроого жооп берүү үчүн, келгиле, адегенде шыбыроонун динамикасын карап көрөлү.

Забурчу мындай дейт:

> Мен бул шыбырды, Кимди мени менен эч качан сүйлөшпөйт деп ойлосом, Ошонун ушунчалык таттуу шыбырын угуп жатам.
>
> – Забур 80:6, *Message*дин котормосу.

Бул жерде забурчу Кудайдан уккан шыбырына таң калганын сүрөттөйт. Ал чын эле мурда Кудайга болгон берилгендигин сүрөттөп, ырдаган эмес беле? Балким, бул Забурда ал Кудай менен болгон биринчи жолугушууда болгон таң калуу сезимин эстеп жатат. Биз мурда укпаган нерсени тааный албайбыз. Мисалы, Дөөт жаш койчу кезинде биринчи жолу Кудайдын шыбырын угуп, кийин бардык убакта, бардык жерде Теңирдин үнүн тааныган. Кудайдын үнү жөнүндө: «... ушундай назик шыбыр» деп айтылат. Улуу Кудай назик үн менен сүйлөйт – адам

жашоосунун катаал чындыгына кандай карама–каршы келет.

Ошондуктан, Кудай бизди Өзү менен тынчтыкта сүйлөшүүгө чакырат: «Токтогула, Менин Кудай экенимди таанып билгиле...» (Забур 45:11).

Кудуреттүү Кудай жана бардык тирүү жандыктардын Жаратуучусу Өзүнүн балдары таң кала турганын, бирок, ошол эле учурда Анын шыбыры менен сооронo турганын билгенине ишенем.

Жеке мен үчүн Кудайдын шыбырашынын элеси, Кудайдын кыйкырган элесине караганда укмуштуудай таң калыштуу. Ушундай улуу Кудайдан кулак тундуруучу кыйкырыкты күтүүгө болот, бирок, шыбыроону эмес, бул – күтүүсүз нерсе. Бул жумшак үн менен Кудай биздин көңүлүбүздү өзүнө тарта алат. Туңгуюк туңгуюкту чакыргандай эле, Кудайдын шыбыры да бул Жараткандын Өзү жараткан балдарынын тереңиндеги жаңырыгы.

Илияс шамалдан, жер титирөөдөн, өрттөн Кудайды табууга аракет кылган, бирок, ал Анын шыбыраганын гана уккан (1 Падышалар 19:12ни кара). Пайгамбар тынч, назик үндү укканда, жашынган жеринен чыгып, Кудайдын ага эмне деп жатканын укту.

Мен Кудайдын сөзү ар дайым шыбыроо менен башталат деп ишенем. Катуу үн менен айтылгандын баардыгы, бир убакта шыбырап айтылган. Кош бойлуу кезимде менин ичимде жашоо кандайча өсүп, күчтөнүп жатканын сезгенде, бул жарык дүйнөгө келген наристенин шыбыры эле. Кыйкыруу ички шыбыроо менен башталат. Балким, силер биринчи жолу жан дүйнөңөрдөн чыккан ыйга жооп катары Кудайдын шыбырын уккандырсыңар! – “Кудайым, мен ачкамын, коркууда жана жалгызмын”.

Ал: «Коркпо, мен жаныңдамын, балам» деп жооп кайтарды.

Кээде мен аялдарды шыбырдын бир түрү катары көрөм. Корккон баласын уктатып жаткан эне кыйкырбайт – ал шыбырайт. Мен көп жылдар бою Кудайдын кыздарынын ичтеринен жаралган умтулуулар жөнүндө бири–бирине шыбырашканын уккам. Отуз жылга жакын убакыттан бери төшөктө жатып, күйөөмө шыбырап келем. Жылуу төшөктө түн жамынып турганда, катуу сүйлөшүү эмнегедир орунсуз. Бул шыбырашуунун, эс алуунун жана жакындыктын орду.

Жыйын кызматында жанымда отурган үй–бүлө мүчөлөрүмдүн кулагына шыбыраган убактарым болгон. Катуу же чындыкка дал келбеген бир нерсени укканда мен бүдөмүк үнүм менен сүйлөгөм. «Бул туура эмес» деп шыбырачумун мен. Джон менен уулдарым унчукпай башын ийкеп, кээде: «Эмнеге тынчсызданып жатканыңды түшүнөбүз. Үн чыгарып айтыштын кереги жок. Биз сени угабыз» дегендей колумдан сылап коюшчу.

Мен шыбырайм, анткени, мен өзүмдү ушундай кылууга аргасыз сезем. Мага өтө майда же өтө элиталык, бурмаланган же жөн эле терс нерсеге каршы унчукпай калуу туура эмес сезилет. Мунун баары мен иштеп жаткан кызматка байланыштуу болушу мүмкүн, бирок, бул үрөндөр тамыр жайганга чейин жерден казып алуу үчүн, чындыкты ачыкка чыгарышым керек. Менин шыбырым катуу айтылгандарды жокко чыгарат.

Мен уккан сөздөр Кудай мага шыбыраган, менин жашоомдо баса белгилеген нерселерге дал келбесе, мен шыбырайм. Албетте, силерде да ушундай сезимдер болгон учурлар болот. Эгер силер Кудайдын шыбырын уккан болсоңор, анда анын ыйык жана көңүл бурууга татыктуу экенин билесиңер. Көбүнчө, биз окутуп жатканыбызда же насаат айтканыбызда жөн гана башкалардын үйрөткөндөрүн кайталайбыз. Бирок, Кудай сүйлөп жатканда, бул таптакыр башка маселе. Кудайдын шыбыры майда–чүйдө нерсе эмес, ага урмат менен мамиле кылуу керек.

Кудай уулдарына жана кыздарына шыбырайт. Жашооңдо өзүң шыбырай турган жана Кудайдын шыбырын угушуң керек болгон мезгил башталды деп ойлойсуңбу? Балким, азыр да Аны угуп атасың. Шыбыроо – бул сырдын жана көзү ачылуунун тили.

Миңдеген жылдар бою адамдар Кудайдын шыбырын издеп келишкен, бирок, көп учурда жооп тынчтык болгон.

> Силер көргөндү көрүш үчүн, укканыңарды угуу үчүн,
> оң колун бергенге даяр болгон көптөгөн пайгамбарлар
> жана падышалар бар, бирок алар бир элес да көргөн
> жок; бирок шыбырды да уккан жок.
>
> – Лука 10:24, *Message*дин котормосу.

Байыркы пайгамбарлар менен падышалар кулактарын салып кунт коюшту, бирок, Кудай үн чыгарган эмес. Алар жок дегенде элести эңсеп, келечекке көз чаптырышты, бирок, алардын алдында эч нерсе жок болчу. Алар досторунан: «Уктуңарбы?» – деп сураштары үчүн эч кандай үн, эч кандай көрүнүш, эч кандай сүрөттөлүш болгон эмес.

Анан шыбыр эмес, адам кейпинде кабар келген учур келди. Шыбырап айтылган Сөз денеге айланып, катуу сүйлөп, адамдар менен баарлашып, аларга тийип, окутуп, айыктырып, өлгөндөрдү тирилте баштады. Өкүнүчтүүсү, угууга аракет кылгандардын уга турган кулагы жок болуп чыкты. Алар Аны өткөрүп жиберишти, анткени, Кудай алар күткөндөй көрүнүп, сүйлөгөн жок. Ыйса салык жыйноочулар менен балыкчыларга «шыбыраган», фарисейлердин дүлөй кулактарына кыйкырган.

Ыйса Өзүнүн ким экенин жана кайдан келгенин сөз менен түшүндүрүүнүн ордуна, Өзүнүн жашоосу аркылуу Өзүнүн маңызын ачып берген. Анын кылык–жоруктары бардык үндөрдөн катуураак сүйлөгөн.

## ШЫБЫРДАН ҮН ЧЫГАРЫП СҮЙЛӨӨГӨ

Көптөрүбүздөй эле, менин досум Бобби Хьюстон Асмандын үнүн угуп, Эң Жогорку Кудайдын Рухунун кыздары үчүн тапшырма даярдап жатканын күтүп турат. Ал төмөнкү поэтикалык сөздөрдөн көбүбүз көргөн нерсени чагылдырды:

Кудайдын шыбыры угулган үнгө айланды.

Дүйнө жүзүндөгү аялдар бул сөздөргө жооп берип жатышат.

Анын шыбырын угуп жаткан кыздардын саны барган сайын көбөйүүдө. Кудайдын шыбыры деген эмне? Анан да эмне үчүн анын угулушунун көлөмү көбөйүп жатат? Адилеттик жөнүндө куюлушкан көптөгөн үндөрдүн чакырыгына жооп катары биздин үмүтүбүздүн жарыялоосу көтөрүлүп жатат. Ыйсанын энеси Мариям Кудайдын Өз элин куткаруу жөнүндөгү убадасын кабыл алганда, аны жүрөгүндө сактаган. Бүгүнкү күндө Кудайдын көп

кыздары жүрөктөрүнө Ал отургузган өмүрдү жана эркиндикти жарыялоодо. Натыйжада, инсандардын жүрөгүндө шыбырап башталган нерсе, бирдиктүү үнгө айланды. Кабар көптөн бери камоочу жымжырттык өкүм сүргөн жерде көтөрүлөт.

> Силерге караңгылыкта айтканымды силер жарыкта айткыла. Акырын айтканымды там үстүнөн жарыялагыла.
>
> – Матай 10:27.

Ыйса адегенде шыбырады, анан шакирттерине кыйкырууну буйруду. Ал адамдардын тар чөйрөсүнө түшүнүк жана акылмандык берди, андан кийин шакирттерин мурда сыр болгон нерселерди ачык айтууга чакырды.

Мен ишенем, биз Кудайдын кечээки шыбыры, эртеңки угулган үнгө айланып бараткан заманда жашап жатабыз. Биз мунун потенциалдуу масштабын чындап түшүнөбүзбү билбейм, бирок, мен азыр көбүбүз жакындап, кунт коюп угуп жатканыбызды сезем. Жакындаган сайын, силер бир аз шыбырт – умтулуу, толкундануу, ичиңердеги кыймылды угасыңар.

Кудайдын шыбыры ушунчалык кызыктыруучу, коркунучтуу да болушу мүмкүн.

Ушунчалык күтүүсүз болгондуктан, кээде анын артынан ээрчип, бир азга жалгыз каласың.

Ал ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал бир жолу кыймылга келтирилгенде, аны токтотуу мүмкүн эмес.

> Асманда күн күркүрөп, күркүрөйт. Уккула! Бул Кудайдын үнү! Ал Өз күчү менен деңиз бороон–чапкынын тынчтандырат, Өзүнүн акылмандыгы менен деңиз желмогуздарын талкалады. Бир деми менен асманды тазалайт, бир манжасы менен деңиз жыланын жанча алат. *Булар кичинекей гана көрүнүштөр, Анын башкаруусунун шыбыры гана. Ал чындап эле* үнүн бийик чыгарса, эмне кылмакпыз!
>
> – Аюб 26:11–14,
> *Message*дин котормосу, курсив автордон.

Ооба да. Биз эмне кылмакпыз? Коркконубуздан титиреп калмакпыз, бирок, Анын шыбырын билип, ага ишенгендерге Ал үнү менен келе турган болсо, ага туруштук бере алышмак эмес. Ичибиздеги терең бир нерсе Ал үнүн көтөргөнүн коркуу менен угууга аракет кылат. Жогоруда сүрөттөлгөн үндүн бул күчү жана өкүмдарлыгы – бир шыбыр гана. Анын бир гана деми асмандагы бардык булуттарды тазалап кетет!

Кудай менин жүрөгүмө Өзүнүн жашоосу, эркиндиги, үмүтү, күчү, жеңилбестиги, баалуулугу, жада калса сулуулугу жөнүндө шыбырап баштаганда, бул мен үчүн кандайдыр бир тартылуу болду. Ал мени кеңейтүүгө жана өсүүгө чакырды, мага көрүнгөндөй, ал жерде кеңейүүгө жана өсүүгө орун жок болчу.

Ошол убакта менин жан дүйнөмдө өкүм сүргөн тынчсызданган депрессияны төмөнкүчө сүрөттөсө болот: “жашооңордо буга чейин билгениңерден да көп нерсе болушу мүмкүн” деген шыбырды уктуңар деп элестетсеңер. Ал шыбыр мындай дейт: силер жашооңордун чегине жеттим деген ойго келдиңер, кандайдыр бир өтпөс жогорку чектин бар экенин факт катары кабыл алдыңар, бирок, бул чындык эмес жана эч качан чындык болгон эмес. Бул шыбыроолор көптөгөн адамдардан уккан нерселерге карама–каршы келет.

Бирок, шыбыр силерди кандайдыр бир сырдуу, терең жерге чакырат жана силерде азырынча айтылбай турган бүдөмүк умтулуулар ойгонот. Бул силер сыналгыдан укканыңарга, китептерден же журналдардан окуганыңарга караганда ишенимдүү угулат. Мындай ачылыш шыбырды кулагыңар укан кезде силер өзгөрүлөсүңөр. Бир ай, бир жума же бир күн мурун силер өзүңөрдү суудагы балыктай сезген жерлерде, мамилелерде жана сүйлөшүүлөрдө күтүлбөгөн жерден ыңгайсыздыкты сезе баштайсыңар.

Мен Кудайдын шыбырын биринчи жолу укканда, так ошондой болгом. Кандайдыр бир деңгээлде мен мурда билген нерселерден ажырап калгандай сезилдим, бирок, бул чыккынчылык эмес болчу. Мен өзүмдү ачык деңизде кайыкта

бараткандай сездим, ал жакка кантип жеткенимди жана кийинки токтоочу жайды кайдан издешимди билбей калдым. Буга чейин туруктуу көрүнгөн нерселердин баары азыр туруксуз, белгисиз жана ыңгайсыз болуп калды. Мен бир гана нерсеге ишенип турдум: бир нерсе ордунан жылды жана мен эч качан эски жашоомо кайтпайм.

Ооба, бул шыбыр бизди ушул убакка чейин так ушундай жол менен билген нерселерибизден ушунчалык тез ажырата турган күчкө ээ. Кээ бирөөлөр муну көздүн ачылышы (хе түшүнүк) деп атаса, башкалары парадигмалардын жылышы деп аташат.

Мен Кудайды издеген сайын, Ал мага шыбырап жооп берет.

> Жакын кел, мага жообуңду шыбырап айт. Сен мага абдан керексиң!
>
> – Забур 54:2, *Message*дин котормосу.

Анын жооптору силер менен мурунку жашооңордун ортосунда ажырымды пайда кылып, бир канча убакытка чейин ыңгайсыздык жаратышы мүмкүн. Ошондуктан, Кудайдын шыбырын уккандан кийин, тынчтанып, акырын болуп угуп, бул шыбырды бекемдөөгө аракет кылуу абдан маанилүү.

Людвиг ван Бетховен мындай деп жазган: «Үндөр жаңырып, шыңгырап, мен аларды нота түрүндө жазып алганга чейин мени айланып турушат». Ал ичинен укканын жазбаса эмне болот эле? Биз анын музыкасынан гана эмес, ал жаздырган үндөрдүн симфониясынан, жаралган ойлорунан, сүйүүсүнөн, кыялдарынан, илхамдарынан да куру калмакпыз.

Кудайдын шыбыры менин ичимде бороон–чапкын же ойлордун күрүлдөшүн козгогондо, мен аны жазып алмайынча тынчыбайм. Асмандын демин кармап жана ал шыбырга бир форма берүүнүн көптөгөн жолдору бар. Кээ бирөөлөр сөзгө айлантса, башкалары обон чыгарат. Дагы бирөөлөр аны насааттарда, актёрдук оюндарда же адабий чыгармаларда билдириши мүмкүн, аларга ошол шыбыр менен келген кабар

катуу угулат. Бул шыбырды живописте же архитектурада сүрөттөп, ага түс жана форма берип тургандар да табылат.

Билдирүүнүн формасы анчалык деле маанилүү эмес. Эң негизгиси, аны билдир!

## ШЫБЫРДЫ УРГААЛДУУ ЖАШООҢ МЕНЕН КӨРСӨТ

Силер: «Ургалдуу жаша (толук ачылууда, толук күч–кубатта) « деген сөздү уккандырсңар, бирок, мен ага бир нерсе кошкум келет. Ичиңерде эмне бар экенин айтып, ургаалдуу жашагыла.

Ральф Уолдо Эмерсон мындай деген: «Эгерде, ал жалгыз гана уга ала турган шыбырды укпасак, эч кимибиз эч качан өзгөчө же укмуштуудай эч нерсе кыла албайбыз.»

Өзүңдү угууну үйрөн. Сен гана уга ала турган нерселерди башкалардан сураба. Муну менен сен ичиңдеги Кудайдын шыбырларына караганда, жүрөгүңдүн үстүнөн болгон бийликти башкаларга берип жатасың. Кудайдын шыбырап айткандарын урматта жана сага өзгөчө бир нерсени жасоого жөндөмдүүлүк берип, Анын сага эмне салып жатканын угууга убакыт бөл.

Жалгыз калганда Кудайдын шыбырын көп угабыз. Бирок, бизде гана угуучу кулак бар эмес. Кудай угуш үчүн жетиштүү түрдө тынчтангандардын бардыгына кайрылууга даяр. Биз Ыйык Рухту айкын угуп жана Анын күчтөгү сөздөрүн жазып алганга жетээрлик узак паузаны кармай алабызбы, маселе мына ушунда. Бул билдирүүнүн өзүбүзгө ылайык бөлүгүн аныктап жана бекемдеп, бул шыбырды башкалардан да тааный алабыз. Унчукпай угуу мезгили биз үчүн ыңгайсыз сезилиши мүмкүн, бирок, биз кандайдыр бир нерсе менен байланышып, коопсуз портко багыт алышыбыз үчүн, бул процесстен өтүшүбүз керек.

Жалгыз угуу мезгилим 2006–жылы Филиппинде Хелен, Бобби, Лиза жана Дебора аттуу күчтүү жана боорукер аялдардын арасында жүргөндө аяктады. Биз баарыбыз дүйнө жүзүндөгү аялдардын баалуулугун жана күчүн ырастоо болгон окуу курсунун бет ачарына катышуу үчүн, ар кайсы өлкөлөрдөн келдик.

Бул конференциядан кийин менин сүйлөгөн сөздөрүмдүн стили түп–тамырынан бери өзгөрөт деп күткөн эмесмин. Бул жолугушуу менин насаатарымдын мазмунун эле эмес, алардын айтылышын да өзгөрттү. 2006–жылдын аягына чейин менин сөздөрүмдө сурай берүү жана кечирим маселелеринин көлөкөсү азайды деп айта алам.

Конференциядан кийин өзүмдү Кудайдын шыбырына жакынырак жана ага көбүрөөк байланышта болгонумду сезип калдым, анан да ага көбүрөөк ишенимдүү болуп калдым. Ага чейин мен ички күрөштөн, обочолонуу жана жалгыздыктан кыйналып жүргөм.

Пландоочулардын каалоосу боюнча, мен биринчи насаат айтышым керек болчу. Өзүмдүн бөлүгүмдү бүтүргөндөн кийин, башка аялдар айтып аткан кабарларды сиңире баштадым. Сессиядан сесияга, менин суроолор менен чарчаган жана талыккан жаныма жан кире башады. Ар бир насаатчы даана, күчтүү, майлоо, боорукердик менен сүйлөп, менин жеке шыбырымды, сырымды сөз менен айтып бергендей болду. Жүзүмдөн ылдый аккан жашымды тыя албай, жан дүйнөмдүн куураган топурагын сугаргандай болдум. Суусаганымды кандырып, суроолоруma жооп алдым.

Семинарлар бүткөндөн кийин мен кээ бир кызматчылар менен мейманканага кайтып келдим. Мен, ичимде эмне болуп жатканын сөз менен сүрөттөөгө аракет кылып, сүйлөгөндөн сүйлөп жаттым (сөздөрүм байланышсыз болуп жатты!). «Бирок, сен дал ушул нерсе жөнүндө жазып, насаат айтып жатасың го», – деп коментарий берди Бобби.

Ал туура айтты, бирок, ага чейин ойлору мага ушунчалык жакын болгон башка бирөөнүн катуу жана так айтканын угуу мен үчүн мүмкүн болгон эмес.

Жылдар бою жалгыз калганымды сезип, сөзүм жабык мейкиндиктин дубалдарынан ашпагандай сезгем. Мен сыртка карасам болмок, бирок, кимдир бирөө капысынан торлуу эшиктерди ыргыта ачып, жарык жана кубанычка толгон чоң,

ачык мейкиндикке чыгууга чакырмайынча, бул дубалдардан чыга албадым.

Бобби колун сунуп, тиземди таптап: «Сен эми жалгыз эмессиң» – деди.

Мен башымды ийкеп, ыйлап жибердим, өзүмдүн жаш баладай болуп атканымды сездим, бирок, мага баары бир болду. Ошол түн менин жашоомдогу маанилүү этап болду. Мен бир нерсеге кошулганга чейин жалгыздыгымды толук түшүнгөнүмдү билбейм. Мен бир туугандардын катарын толуктап, алар менен бирге дүйнөнү өзгөртүүгө аракет кыла турган эже–сиңдилеримдин бири экенимди түшүндүм. Ошол эле шыбырды уккандар менен байланышта болууну сезүү күч берет, эркиндикке бөлөйт, бул ушунчалык кереметтүү!..

Балким, сен да ушундай абалга туш болгондурсуң. Кандайдыр бир нерсени четтен карап туруп, күтүлбөгөн жерден кабыл алынып, болуп жаткан окуялардын бир бөлүгү болуп калганыңды байкадың беле? Кызым, эжем, сиңдим, апам жана досум, билгин, сен Кудайдын үй–бүлөсүнөнсүң, сен биздин бир бөлүгүбүзсүң. Сен жалгыз эмессиң жана эч качан жалгыз болгон эмессиң. Ичиңде Кудайдын шыбырын алып жүргөн бардык адамдар сени көрүп жана сени кабыл алганына кубанычта.

Силерди чакырылбаганыңарды байкап калып, чакырууга милдеттүүбүз деп сезип аткан үчүн, өзүнүн тобуна кошуп аткан жок. Эч андай эмес! Силер бүт жер жүзү боюнча көтөрүлүп жаткан Кудайдын аялдарынын жана эркектеринин жамаатына таандык болгонуңар үчүн кабыл алындыңар.

> Бирок, силер биздин бир бөлүгүбүзсүңөр. Ыйык Кудай силерди майлады, муну баарыңар билесиңер. Мен муну чындыкты билбегениңер үчүн эмес, чындыкты билгениңер үчүн, ошондой эле, ар бир жалган нерсенин чындыктан эмес экенин билгениңер үчүн жаздым.
>
> – 1 Жакан 2:20–21, *Message*дин котормосу.

Менден чоңураак бир нерсеге таандык экенимди билүү, мен үчүн кандай мааниге ээ болгонун айта албайм. Мен жума сайын саякаттап, жүздөгөн аялдарга насаат айтып жүрсөм да, өзүмдү көп учурда коноктой сезчүмүн. Конок болуп жана өзүңдү бөтөн сезген – бул абдан өкүнүчтүү! Андыктан келгиле, азыр бардык нерсени ордуна коюп коёлу, кымбаттууларым: силер конок эмессиңер – силер Кудайдын үй–бүлөсүнүн бир бөлүгүсүңөр. Көпчүлүк бир болгондо, ар биринин сөзү жаңырып, мамилеси чыңдалып, үнү жогорулайт.

Мындай шыбыр бизди кошулууга чакырат! Ал эми, кыйкыруу жөнүндө эмне айтууга болот?

> Кыйкырбагыла. Ал тургай, бири–бириңер менен
> сүйлөшпөгүлө жана шыбырашпагыла. Мен «Кыйкыр!»
> деп буйруганымды укканыңарда, болгон күчүңөр
> менен кыйкыргыла!
>
> – Жашыя 6:10, *Message*дин котормосу.

Биз сүйлөп же шыбырдан кыйкырууга өтүү жөнүндө ойлонгон кезде да, туура тандалган убакыт маселеси абдан маанилүү. Көрүп турганыңардай, биз тарыхтын стратегиялык маанилүү жана кооптуу мезгилинде жашап жатабыз. Кудай Жерихонду кандай кылса, ошондой эле, Ал кээ бир нерселерди жашыруун курчап, анан керектүү учурда аларды бирдиктүү кыйкырык менен жок кылат.

> ... Анткени буйрук берилгенде, башкы периштенин
> жана Кудайдын сурнайынын үнү чыкканда, Теңир Өзү
> асмандан түшүп келет....
>
> – 1 Тесалоникалыктар 4:16.

Анын добушунун үнүнөн өлүм менен кыяматтын бийлиги талкаланат.

Катуу үндү укканга чейин, ысрайылдыктарга Жерихону жети

жолу айланып өтүүгө туура келген. Анын сыңарындай, акылдуу ургаачы арстандар да буктурмалары ийгиликтүү болоруна көзү жетмейинче, күрүлдөшпөйт. Кеп катуу үн чыгарып, көп ызы–чуу чыгарууда эмес, стратегиялык учурда аракеттене баштоодо. Эгерде биз муну аткарууну бул үчүн зарыл болгон бардык күч менен өзүбүзгө албасак, эч кимибиз эч нерсени жарыя кылбашыбыз керек.

Ар бир шыбырды катуу үн деңгээлине көтөрүүнүн кереги жок.

> Кош бойлуу аял толгоо тартканда кандай кыйналып кыйкырса, Теңир, Сенин алдыңда биз да ошондой кыйналдык.
>
> – Ышайа, 26:17.

Жылдар бою ар бирибиз жекече жана жамааттык түрдө оорубуз жөнүндө кыйкырдык, бирок оорубуз жөнүндө кыйкырганыбыз – бул жооп эмес. Жооп – бул оору, төрөт азабы сыяктуу, өмүрдү пайда кылганында. Келгиле, ушул эмгектерге жооп катары, бейкалыстыкка, ал тургай, ооруу аркылуу болгон кун төлөп куткарууга жооп катары, жаңы муундарга күчтүү жана энергиялуу кыздарын берели.

## КЫЙКЫРУУ КҮРҮЛДӨӨГӨ АЙЛАНГАНДА

Ким кааласа, кыйкырса болот. Бирок, убагы келгенге чейин ар ким эле күрүлдөй албайт.

Ошентип, күрүлдөө деген эмне? Күрүлдөө бул жөн гана катуу үндөр эмес. Бул, баарыдан мурда коркпогон жарлык. Күрүлдөө – бул байыркы бир нерсени бошотуу, токтоосуз жана эч бир түшүнүксүз нерсени бошотуу. Ар бирибиздин күрүлдөгөнгө мүмкүнчүлүгүбүз бар, бирок, жекече эмес. Менин оюмча, адамдардагы күркүрөө – көп үндөрдүн жыйындысы эмес; бул адамдардын ишенимин катуу жашоосу менен билдирип, үмүтү жана Кудайдын сүйүүсү менен бөлүшүү үнү.

1970–жылдардагы Хелен Реддинин ыры силердин кээ

бириңердин эсиңерде болушу мүмкүн, анын сөздөрүндө: «Мен аялмын, менин күркүрөгөнүмдү уккула!» – деген сөздөрү бар. Суранам, түшүнгүлө, мен аялдар гана күрүлдөш керек дегенден алысмын. Анын үстүнө, мен аялдарды эркектерге, эркектерди аялдарга күрүлдөөгө чакырбайм. Мен ишенем, азыр биз үнүбүздү көтөрүп, чогуу күркүрөй турган мезгил келди!

Азыр да рухум менен угуп жатам: «Даяр болгула, кыздар, силердин бириккен үндөрүңөр жерден көтөрүлүп, Асмандан ырыскысын бошотууну камсыздай турган күркүрөгөн үнгө айланат». Уинстон Черчилл айткандай: «Мен арстан болгон эмесмин – мен арстандын күркүрөгөнүн жарыялоо сыймыгына гана ээ болгом».

Биз да арстан эмеспиз, бирок, Арстаныбыздын күрүлдөгөнүнө үнүбүздү кошуу сыймыгына ээ болдук. Ыйса гана Машаяк жана Жүйүт уруусунун Арстаны. Биз – Анын күркүрөгөнүнө жаңырык болуп кайталаган шакирттерибиз. Биздин Арстан Теңирибизди эмне күрүлдөтө алат? Бул суроого жапайы арстандар менен ургаачы арстандардын күрүлдөгөнүнүн себебин билүү менен жооп алса болот деп ойлойм.

Ал эми, мышыктардын тукумунун бул эки өкүлдөрү тең күрүлдөгөнү менен, алардын күрүлдөгөнүнүн себептери ар башка. Арстандын күрүлдөшүнүн негизги максаты – аймакка болгон укукту жарыялоо жана аны коргоо. Караңгылыктын башталышы менен альфа арстан (же арстандар) ордунан туруп, башын ийип, түнкү абадан бүт көкүрөгү менен дем алат, анан күркүрөйт. Бул үн анын бардык аймактарында жаңырып, ачык–айкын билдирүүдө: «Мен сергек жана күчтүүмүн. Мен ордумдамын жана өз аймагымды жана үй–бүлөмдү мага каршы чыгууга батынгандардын баарынан коргоого даярмын. Кимдир бирөө менин ургаачы арстанымды же балдарымды уурдоого аракет кылып жатканына жөн эле карап турбайм. Биздин олжобузду үй–бүлөбүзгө тиешелүү шылуундар ээлеп алыша албайт».

Арстандын күрүлдөгөнү чөөлөрдү коркутат. Анын күчү үңкүрдө да, андан тышкары жерлерде да сезилип, саваннанын күүгүмүндө жашынып жүргөндөрдүн баарына кол салууга эч

ким батына албасын эскертип жатат. Күрүлдөө потенциалдуу каршылаштарынын үрөйүн учурат жана чек араларды так аныктайт.

Арстандар алардын үй–бүлөсү кайда жүргөнүн билүү үчүн да күрүлдөшөт. Бул учурда күрүлдөө: «Мен бул жактамын, силер кайдасыңар?» – дегенди түшүндүрөт. Анын ургаачы арстандары жана арстан балдары жооп кайтарышат.

Күрүлдөөнүн күчтүүлүгү арстан жөнүндө көп нерсени айтып турат. Күрүлдөөсүнөн, анын көлөмүн, жашын жана физикалык абалын аныктоого болот. Негизинен анын күрүлдөгөнү: «Мен билем, сен мени көрбөйсүң, бирок муну угуп, сезип атасыңбы? Мени менен байланышпа!» – деп айтып турат. Акыркы, бирок, мааниси кем эмес нерсе арстандар ачууланганда күрүлдөшөт.

Бул саптарды жазып жатып, биздин Ыйсанын Кудайдын үйү үчүн болгон ынталуулугун канчалык күчтүү көрсөткөн бир окуяны эстебей коё албайм. Биз ынталуулугубуздун деңгээлинде Ага окшошпузбу — башыбызды ийип, терең дем алып, Аны менен кандай мамиледе экенибизди жарыялоого даярбызбы? Ургаачы арстандын күрүлдөөсүнө эмне түрткү болот?

Арстанга окшоп, ургаачы арстан да аймакка жана аны коргоого болгон укугун ырастоо үчүн жана үй–бүлөнүн мүчөлөрү менен болгон мамилесин билдирүү үчүн күрүлдөйт. Ал ошондой эле, душмандардын чабуулунун мизин кайтаруу үчүн, башка ургаачы арстандарды жардамга чакырыш үчүн күрүлдөйт. Бирок, ургаачы арстандын күрүлдөгөнүнүн бирден бир себеби – балдарын коргоо.

Муну түшүндүрүү үчүн, мен арстандардын адаттары боюнча эки жылдык изилдөөдөн үзүндү алдым.

Биригүү менен ургаачы арстандар балдарын өлтүрүүгө ыктагандар менен түздөн–түз жолукканда, эркектер менен бирге балдарын коргоо оңой экендигинен гана эмес, ошондой эле, биргелешип күрүлдөп, мындай коркунучтун болуусун азайткандыктан да пайда алышат.

Негизинен, жалгыз ургаачы арстандын күрүлдөгөнүн

үй–бүлөгө кирбеген арстан аны менен жупташуу чакырыгы катары туура эмес чечмелеп алышы мүмкүн болгондуктан, чогуу ырылдашат. Ургаачы арстандын эң акыркы каалаганы – балдарын өлтүрүп, үй–бүлөгө ээ боло турган арстанды кокусунан өзүнө тартып алуу. Адашкан арстандар ургаачы арстандар аны менен тезирээк жупташсын деп, ургаачы арстандын балдарын өлтүрүп коюшат, (ургаачы арстандар тукум өстүрүп жатканда жупташпайт). Бул ага өзүнүн тукумун тезирээк баштоого мүмкүнчүлүк берет.

Жүрүм–турум боюнча талдоочулар ургаачы арстандардын топ болуп жүргөнүнүн фактору аңчылыктын сапатын жакшыртуу деп ойлошчу. Эми алар буга чейинки изилдөөлөрдүн мындай тыянактарынан күмөн санап, ургаачы арстандардын үй–бүлөлүк топко кошулушунун себебин биринчиден, балдарды коргоо, андан кийин, алардын аңчылык аракеттерин координациялоодо деп эсептешет.

Ургаачы арстандардын биригип күрүлдөгөнүнүн максаты – балдарын өлүмгө жана зыянга учуратпоо экенин окуп калып, ыйлап жибере жаздадым. Бул изилдөөлөрдүн аркасында үч ургаачы арстандын чогуу күрүлдөгөнү да алардын балдарын өлүмдөн сактап калуу үчүн жетиштүү экени белгилүү болду. Бул бизге эмнени айтып берет?

> Жалгыз болсок – биз коргоосузбуз. Досуңар
> жаныңарда болсо – силер коркунучка тике карай
> аласыңар. Үчүнчүнү таба аласыңарбы? Үч катталган
> жип да оңой менен үзүлбөйт.
>
> – Насаатчы 4:12, *Message*дин котормосу.

Эгерде ургаачы арстандар обочолонуу өлүмгө алып келерин билишсе, анда биз эмне үчүн эгемендүүлүккө мынчалык умтулабыз? Биз биргелешип урпактарыбызды өлүмдөн жана майыптыктан коргой алабыз. Бизде бири–бирибизден обочолонуп, муну жасоого эч кандай мүмкүнчүлүк жок.

Эгер бул чындык болсо, эмне үчүн бири–бирибизге муктаж экенибизди моюнга алуудан коркобуз? Бизге эбегейсиз көп адамдар менен байланыш түзүүнүн кереги жок – бул эбегейсиз көп адамдар үчүн дүйнөнү өзгөртүүдө, бизге бир нече гана камкор, боорукер адамдар керек.

## СЫЙЫНУУ КҮРҮЛДӨӨСҮ

Туугандык байланыштар менен байланышкан ургаачы арстандар гана коркпостон күрүлдөөгө батынышат. Алар үнгө гана эмес, эже–сиңдилеринин да коргоосуна муктаж экенин билишет.

Анда эмесе, биз, Кудайдын арстан айымдары, эмне үчүн күрүлдөшүбүз керек?

Биз Анын күчтүү бийлигин жана Ага берилгендигибизди жарыялоо үчүн, үнүбүздү бийик көтөрөбүз. Адашкандарды чакырыш үчүн күрүлдөйбүз. Биздин күрүлдөгөнүбүз жаштарды жана жоголгондорду үйгө, биздин коргообузга алып келет. Чабуулчулардын, душмандардын жана уурулардын жакындашына жол бербөө үчүн, абаны солкулдатабыз. Биз биргелешип, урпактарыбызды өлүмдөн жана майыптыктан коргоо үчүн күрүлдөйбүз. Караңгылыкка жолукканда унчукпай койбойбуз.

> БИР НЕЧЕ КАЙДЫГЕР ЭМЕС АДАМ ДҮЙНӨНҮ ӨЗГӨРТӨ АЛААРЫНА ЭЧ КАЧАН ШЕКТЕНБЕГИЛЕ. ЧЫНЫНДА, АНЫ ДАЙЫМ ЭЛЕ ОШОЛОР ӨЗГӨРТҮП КЕЛГЕН.
>
> – MARGARET MEAD

Мен жогоруда саналып өткөндөрдөн жакшыраак себеп таба албайм. Ушунча убакыт унчукпай жүргөнүбүзгө азыр да кыжырым келип турат. Үнсүздөр үчүн үнүбүздү көтөрүү милдети бизге берилгенде унчукпай коюуга акыбыз жок болчу. Кеч болуп калды. Биз уктап жатканда караңгылык тоскоолдуксуз тарады. Эми ойгонгонубуздан кийин, Кудайдан Анын жарыгын жайылтуу аракетибизди көбөйтүшүн сурап

сыйынышыбыз керек. Сыйынуу биздин жолугушуубуз үчүн эң маанилүү себеп. Бул согушта күрөшүү үчүн бизге Асмандагы коргоо, акылмандык жана туура стратегия керек болот.

Ыйса айткан: «Кудай–Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан дилиң менен, бүт акылың менен сүй» деп (Матай 22:37, *Message*дин котормосу).

Бул жерде үнүбүздү күрүлдөгөн деңгээлге көтөрүүнүн үч практикалык жолу бар: кызганчаактык, сыйынуу жана акылдуулук. Жашообуздун ушул үч чөйрөсүн ыйыктаганыбызда, алар акырындык менен биригип, акыры Кудайга болгон сүйүүбүз жалындуу жана ошол эле учурда акылга сыярлык сынуулардан көрүнүп баштайт.

Биз кичинеден баштайбыз, көбүрөөк нерсеге ишенебиз. Кудай Анын атынан эки же андан көп адам чогулган жерде болоорун убада кылат. Сыйынуу, максаттарды туура тандоого жана пландарды стратегиялык ишке ашырууга жол ачат. Арстан айым, эжем (сиңдим), мен сени менен бирге жок дегенде телефон аркылуу сыйына турган, эки аялды таба албайсыңбы деген оюмду айткым келет.

Биз көтөрүлүп, чогулуп, үнүбүздү көтөргөн сайын, ылайым Кудай үчтөн турган топторду тез арада отуздан турган топторго айлантсын. Анан отуз эже–сиңдиден турган топтор он эсе көбөйүп, үч жүздөн турган топ болушсун. Анан үч жүз үч миң болот, андан кийин отуз миң болот жана ошентип, биз сыйынуусу жерден асманга көтөрүлүп, күчтүү күркүрөгөн аскер тобуна айланмайынча, ошондой боло берет. Арстаныбыздын күркүрөгөнүн жаңыртып кайталаганга убакыт жетти.

> Арстандардай болуп, уйкудан тургула
> Силер, чөптүн сабагындай көпсүңөр,
> Кара кыялдардын сыйкырын сындыргыла,
> Кишениңердин эзүүсүн талкалагыла,
> Силер көпсүңөр – душмандардын саны аз!
>
> – Percy Bysshe Shelley

# КЫЛЫЧЧАН КЫЗДАР

*Кантип өз айкашын баатырдык менен көтөрүп жүрүүгө болот*





Кудайдын Сөзү – бул кылыч. Аны колдонуудан көрө, үйрөнүү бизге ыңгайлуураак. Кыздарга кылыч берип, асманды жерге кантип тартаарын байкап көрүүгө убакыт келди. Дүйнө жүзү боюнча аялдар бейкалыс, сексуалдык кулчулук, зордук-зомбулук, ал тургай, гендердик кыргынга дуушар болушат. Лиза Бивер бул кол салуулар аялдардын мурункуга караганда, келечекте ким болору тууралуу көбүрөөк айтып жатканын жазат. «Кылыччан кыздарда» ал, руханий душман аларды ар кандай деңгээлде куралсыздандыруу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү издеп жатканын түшүндүрөт. Аялдар кайраттуу, акылман, кыраакы жана кечиримдүү болуш үчүн, Кудай аларды жараткан каармандарга айланууга учур келди. Өз кылычын колго алып, баатыр болууга убакыт келди.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# MessengerX


*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **120 дан ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртчилик жолуңарды аңдагыла



Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.




## MessengerX.com

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

## *Ойгонгула.*

Ургаачы арстандын уйкудан ойгонуусу - күчтүн, кумарлануунун жана сулуулуктун кереметтүү образы. Анын чыныгы табияты - аны курчап турган дүйнөгө буйрук берүү, тукумун коргоо жана аны арстандын күчү менен толтуруу. Курчап турган бүт дүйнөгө таасир этиш үчүн, ургаачы арстандар бир жамаатта бир бүтүндүк катары аракеттенишет.

## *Силер дагы - ургаачы арстансыңар.*

"Ургаачы арстандардын ойгонуусу" китебинде Лиза Бивер катуу (күчтүү), бирок ошол эле учурда назик аялдын образы катары ургаачы арстандардын жашоосун жана көрүнүшүн сунуштайт. Бул кереметтүү жаратуунун күтүлбөгөн өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен, Лиза аялдарды максатка, умтулууга жана кайраттуулукка үндөйт.

Бул кабар аркылуу силер төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү ачасыңар:

- күч менен кудуреттин укмуштуудай үлгүсү болуу
- жетиле электерди аянбай коргоо
- үнсүздөргө добуш болуу
- жарыкта жашап, караңгыда аңчылык кылуу
- айланадагылардын баарын өзгөрткөн жалпы күркүрөөнү көтөрүү

Жапайы жаратылыш дүйнөсүнүн укмуштуудай окшоштуктарга жана арстандар жөнүндөгү библиялык тексттердин тереңдигине толгон «Ургаачы арстандардын ойгонуусу» – аялдарды биригүүгө жана бул жер жүзүндө түбөлүктүү күчкө ээ болууга чакырат.

## *Биз - Анын ойгонгон арстандарыбыз.*



Кумарлуу табият. Чектөөлөргө ийкемдүү. Элге жакын. Күчтүү. Кереметтүү. Бул сөздөр дүйнөгө белгилүү спикер, популярдуу автор жана дүйнөнүн 216дан ашык өлкөсүндө көрсөтүлүүчү «The Messenger» телепрограммасынын негиздөөчүсү Лиза Биверди мүнөздөйт.

Лиза адамдардын жүрөгүн эркиндикке жана өзгөрүүгө толтуруу үчүн, Кудайдын сөзүн да, жеке тажрыйбасын да уникалдуу, кыраакы стилде бөлүшөт. Адилеттиктин жактоочусу катары ал башкаларды бардык жердеги көйгөйлөргө жана кыйынчылыктарга жооп берүүгө багыттайт.

MessengerX

Бул жана башка материалдарды MessengerX.com сайтынан жүктөп алууга болот.

Көпту каалайсызбы? Сканироват этип алыңыз.

Messenger INTERNATIONAL

Бул китеп - автордон белек, сатууга болбойт.